

Нарын 150

# ТЕҢИР-ТОО КОЙНУНДАГЫ ШААР

*кечээ, бүгүн жана эртең*

26.891
Т 33

Нарын 150

# ТЕҢИР-ТОО КОЙНУНДАГЫ ШААР

## *кечээ, бүгүн жана эртең*

Китеп Нарын шаардык мэриясынын
тапшырмасы боюнча даярдалып, жарыкка чыкты.
Нарын шаарынын 150 жылдык маарекесине арналат.

Бишкек 2018

Нарын облустук
китепканасы
№ 57865 сбо



*Сооронбай ЖЭЭНБЕКОВ,*
*Кыргыз Республикасынын*
*Президенти*

# УРМАТТУУ МЕКЕНДЕШТЕРИМ!

Быйыл уюткулуу Теңир-Тоо жергесинин борбору – Нарын шаарынын негизделгенине 150 жыл толду. Бул жалпы кыргыз журтчулугу үчүн терең мааниси бар тарыхый окуя. Археологиялык изилдөөлөр далилдеп тургандай, таш доорунан бери эле касиеттүү Теңир-Тоо жергесинде адамдар жашап келгени маалым.

Андан берки кайсы доордогу, кайсы мезгилдеги тарыхый маалыматтарды албайлы, Теңир-Тоо жергеси стратегиялык мааниси бар өзгөчө аймак болгондугу жана аны кыргыз эли мекендеп келгендиги айтылат. Теңир-Тоонун, анын ичинде Нарын шаарынын басып өткөн тарыхый жолу менен жалпы Кыргызстандын тарыхы ажырымсыз. Мына ушундай даңктуу шаардын тарыхый жолун баян кылып атайын китеп арнаганыңыздарга терең ыраазычылык билдирем.

Нарын шаарынын 150 жылдык маарекесине карата жарыкка чыгып жаткан тарыхый китеп муундарды байланыштырган баалуу маданий мүлк боло оруна терең ишенем. Бул тарыхый китеп элибиздин руханий өнүгүүсүнө өзөк болуп, келечекке жол көрсөтүүчү асыл нарктарды жайылтууга көмөкчү болот.

Нарын шаары түптөлгөндөн берки бир жарым кылымдык мезгил аралыгында бир катар тарыхый окуяларды башынан кечирип, туш тарабынан өсүп-өнүп көрктүү шаарга айланды.

Касиеттүү Теңир-Тоонун калың журтун, шаар тургундарын Нарын шаарынын 150 жылдык маарекеси менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм!

Эл-журтубузда тынчтык, ынтымак жылоологон бакубат жашоо уланып, Нарын шаары келечекке карай дүркүрөп өнүгө берсин!



***Дастанбек ЖУМАБЕКОВ,***
*Кыргыз Республикасынын*
*Жогорку Кеңешинин Төрагасы*

# БАР БОЛ ТЕҢИРДИН БЕЛЕГИ ТЕҢИР-ТООМ, БАР БОЛ НАРКТУУ ЭЛДИН НАРЫНЫ!

Дайыма бийиктикке умтулуп, көккө жакын ак карлуу Ала-Тоолорду байырлаган бабалабыз жаратылышка шерик болуп, табиятка таттуу мамиле кылган. Сөздөн мунара тургузуп, кептин кенин казып "Манас" дастанын жараткан. Тарыхын таш бетине калтырып, баскан жолун муундан-муунга айта жүргөн. Анткени, кыргыздын башкы касиети да материалдык байлыктан руханий байлыкка басым жасагандыгында. Ошондуктан, ушул куттуу Улуу тоонун коюнунан Жусуп Баласагындай даанышман ойчулдар, Чыңгыз Айтматовдой адабият алптары чыккан.

Мындан ары да уучубуз куру эмес, көчүбүз уланарына шек жок. Айрыкча, дүйнө бир айылга айланып, азыркы заманбап технологиялар өнүккөн ааламдашуу доорунда да кыргыз элинин жалпы адамзатка берери арбын. Бул колуңуздагы китеп мунун анык далили. Себеби, Нарын жергеси тоолук элдин турагы эле эмес, тоо суусунун булагы да болуп эсептелет. Аскасы ай чапчыган тоо боорундагы ырыстуу шаар, андагы тоодой максаттарга ээлик кылган ток пейил эл жөнүндө жазылган эмгек азыркы муун үчүн эле эмес, келечек урпактар үчүн да өтө керек. Табияттын катаал шартына карабай такшалып келе жаткан шаар

турмушу, күндөн-күнгө көркүнө көрк кошулуп, өсүп жаткан калаадагы жашоо тууралуу билүү көпчүлүккө кызык.

Ой-тилектердин жана үмүттөрдүн чеги жок. Буйруса, Нарын шаары дүйнө эли суктанган, көргөндөрдүн көзүн кубанткан ири шаарга айланат. Бул үчүн биз тынымсыз эмгек кылышыбыз зарыл. Анткени, өлкөбүздүн өнүгүшү аймактардагы жетишкендиктерге көз каранды. Касиеттүү Нарын шаарын гүлдөгөн калаага айлантуу менен инфраструктурасын жакшыртуу башкы максатыбыз. Эзелтен эл аралык байланыштардын жана улуттук маданиятыбыздын очогу болгон бул шаардын мындан аркы келечеги кең.

*Жерим кооз, абам таза, суум мүрөк,*
*Дем берип, демөөр болуп кайрап,*
*бүлөп*
*Теңир-Тоом тулку боюм,*
*денем болсо*
*Нарыным каккан тамыр,*
*соккон жүрөк,* -деп

Нарын шаарынын гимнинде айтылгандай, куттуу жайдын касиеттүү жүрөгү түбөлүккө соготберет.

Учурдан пайдаланып, бардык мекендештеримди жана жалпы окурмандарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана жеке өзүмдүн атымдан касиеттүү Нарын шаарынын 150 жылдык маарекеси менен чын дилимден куттуктайм! Кереметтүү шаардын баскан жолу Нарын дайрасындай узун болсун! Ток пейил элдин тоодой максаттары ишке ашып, ырыс байырлаган калаага айлансын!

Ушул уруунтуу учурду утурлай чыгарылган бул китеп улуу мурас катары муундан-муунга сакталарына ишенимим чоң. Анткени, тогуз жолдун тоомунда орун алган Нарын шаары тууралуу жазылган эмгек көчмөн элдин баскан жолун баян кылып, келечегине жол чырак болуп берет. Бар бол теңирдин белеги Теңир-Тоом, бар бол нарктуу элдин Нарыны!





***Мухаммедкалый АБЫЛГАЗИЕВ,***
*Кыргыз Республикасынын*
*Премьер-министри*

# БИЙИК ТООЛУУ ЭЛДИН ОЙ-ТИЛЕГИ ДАГЫ БИЙИК

Жогорку технологиялардын өнүккөндүгүнө карабастан, окурмандардын колуна китеп кармап окуусу ар дайым артык. Анткени китеп гана адамдын эс-акылын жана сабаттуулугун артырат. Александр Македонский кай жакка жүрүштөргө чыкпасын, жүздөгөн төөлөргө китептерди жүктөп өзү менен кошо ала жүрчү экен. Демек, китеп – бай тажрыйбаны топтоп, кийинки урпактарга берүүчү уникалдуу көпүрө.

Учурдан пайдаланып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жеке өзүмдүн атыман Теңир-Тоонун койнунда Нарын дайрасын бойлой жайгашкан Нарын шаарынын ток пейил, жан дүйнөсү таза, бабалардын салтын бузбай сактаган кадырман элин шаардын 150 жылдык мааракеси менен чын жүрөгүмдөн куттуктайм! Бийик тоолордо чоңойгон элдин кыялы да, ойтилеги да бийик. Ошол бийик максаттардын ишке ашышына тилектешмин.

Нарын шаарынын мааракесине арналып чыгарылган китеп бизге тоолук шаардыктардын жашоо маңызын, дүйнө таанымын, нарк-дөөлөттөрүн, тарыхын, коомдук түзүлүшүн ачып берүүгө жардам берет.

Нарын шаарынын тарыхы батыш менен чыгышты байланыштырып, эл менен маданияттарды байыткан Улуу Жибек жолунда жатат. Анткени нечендеген кылымдар бою ашуусу бийик тоолорду ашып, арып келаткан кербендер үчүн социалдык багыттагы өтө маанилүү звено болгон.

Бүгүн да стратегиялык аймакта турган шаардын келечеги кең. Мамлекеттин социалдык-экономикалык саясаты “Бир дүйнө – бир алкак” идеялары менен тыгыз байланышкандыктан, Нарын шаарынын өнүгүшүнө бардык шарттар түзүлүп, статусу бийиктейт деп толук ишенемин.

Тарыхты тартуулап, келечекке багыт алдырган бул китеп тоолуктардын колунан түшпөгөн мурас китеп болсун.



***Чыныбай ТУРСУНБЕКОВ,***
*Кыргыз Республикасынын*
*Жогорку Кеңешинин депутаты*

# ГҮЛДӨЙ БЕР НАРЫН КЫЛААСЫ, ГҮЛДӨЙ БЕР НАРЫН КАЛААСЫ!

***Кымбаттуу мекендештер!***
***Ардактуу окурмандар!***

Адамзаттын баскан жолу тарых болсо, койгон максат, ой-тилеги келечек. Анын сыңарындай, бабаларыбыздын тарыхына сересеп салып, басып өткөн жолун баян кылсак, руханий көрөңгөсү терең эл экенин байкайбыз. Айрыкча, Ала-Тоо алтын бешиги, көк асман касиеттүү түнөгү болгон көчмөн элибиз дайыма жаратылыш менен эриш-аркак турмуш өткөргөнүн баамдайбыз. Төрт мезгили кезектешип, төрт тарабы төп келген мекенибиз ыйык жана кымбат. Жетиген жылдызындай жети облусубуздун өзгөчөлүктөрү биринен-бири өтүп керемет.

Айрыкча, мал чарбачылыгына ыңгайлуу Нарын жергеси ай чапчыган тоолордун жана Борбор Азиянын күрө тамыры болгон Нарын дайрасынын булагы. Мына ушул касиеттүү жерде жайгашкан Нарын шаары ток пейил тоолук элдин турагы. Албетте, заманбап доордо не бир укмуш техникалык жетишкендиктер, түрдүү ачылыштар болбосун, адамзат түбөлүккө жаратылыш менен киндиктеш экени ар убак ачык далилденип келет. Андыктан, тоо коюнундагы бул шаар табият менен адамзаттын айкалыша турмуш кечирген жайы болуп кала берет. Келечекте улуттук маданиятыбыздын очогу болуу менен жаңы ийгиликтердин борборуна айланарына ишенимим чоң. Уучубуз куру эмес. Жылдан-жылга инфраструктура жакшырып, ири долбоорлор ишке ашууда. Борбор Азиядагы эң мыкты эл аралык жогорку окуу жай курулуп, анда мыкты адистер билим алып, тарбияланып чыгууда. Буйруса, Нарын шаа-

ры жаңы заманбап технологиялардын борбору болуп, дүркүрөп өнүккөн, силикон өрөөнү катары калыптанарына шегим жок.

***Урматтуу окурмандар!***

Китеп – билим булагы дегендей, Нарын шаарынын 150 жылдыгына карата чыгарылган бул эмгектен касиеттүү калаа тууралуу толук маалымат аларыңарга ишенем. Айрыкча, шаардын даңазалуу тарыхы, тоолук элдин турмушу, андагы жашоо-жагдай, түзүлгөн шарт жана келечектеги максаттар тууралуу айтылган ар бир маалымат эч кимди кайдигер калтырбас. Албетте, Бишкек шаары менен тарыхташ бул калааны бир китепке батыруу мүмкүн эмес. Дагы далай кептер айтылып, дагы далай китептер жазылар. Бул китеп жакшылыкка жарчы, бай тарыхка тамчы болсун!

Учурдан пайдаланып, бардык мекендештеримди жана Нарын шаарынын тургундарын аталган калаанын 150 жылдык маарекеси менен чын дилимден куттуктайм! Ырыс-кут менен ынтымактын ордосуна айланып, илим менен билим, улуттук маданият менен заманбап ачылыштар айкашкан шаарлардын катарына кошулсун! Көчөсүндө майрам-шаңдын күүсү жаңырып, жылдан-жылга гүлдөп-өнүгө берсин! Бул үчүн баарыбыз бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруубуз кажет. Биримдик менен бийиктикти багынтып, Теңир-Тоодо теңдешсиз турмуш жаратуу баарыбыздын колубузда!





***Аманбай КАЙЫПОВ,***
*Кыргыз Республикасынын*
*Өкмөтүнүн Нарын облусундагы*
*ыйгарым укуктуу өкүлү*

# НАРЫН ШААРЫ - ОБЛУСТУН ОРДОСУ

Тарыхый булактарды терең изилдөө менен окумуштуулардын талыкпас эмгеги аркылуу тарыхый казынабыздын жаңы барактары ачылып, тоо койнундагы калаа 150 жыл мурда негизделгени далилденди. Ушул жылдар аралыгында бир нече саясий системалардын катаал мезгилдерин басып өткөн шаар, бүгүнкү күнү жарык келечекке жаңы кадамдарын таштады.

Нарын шаары - тоолуу облустун борбору, күзгүсү. Теңир-Тоого келген мейман облустун административдик борборуна карап, жалпы аймактарына баа бериши мүмкүн. Андыктан, ар бир нарындык жаран чакан шаарыбызды алаканга салып аздектеп, руханий баалуулуктарыбызды арттыруу менен коомдогу терс көрүнүштөрдөн коргоп, ар тараптуу колдообуз зарыл.

Көпчүлүк масштабдуу иш-чаралар Нарын шаарында уюштурулганы менен калаанын өздүк майрамы өткөрүлүп келген эмес. Бул кенемтени толтуруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан колдоо көрсөтүлүп, 2012-жылдын 18-декабрындагы Нарын облустук коллегиясынын атайын чечими менен ар жылы 17-сентябрда Нарын шаарынын күнү белгиленүүдө. Жыл сайын шаар күнүнө жакшы жаңылыктар жана жаңылануу менен кирүүгө аракетибиз күч.

Шаарыбызга келген ар бир мейман өзүнүн оң баасын берет деген ишенимдемин. Анткени, мындан бир нече жыл мурунку шаар менен азыркы шаардын айырмасы айдан ачык көрүнүп турат. Жергиликтүү бийлик тиешелүү иш-аракеттери менен чоң секириктерди жасоодо. Облус башчысы катары менин ишмердүүлүгүм дагы аймактардын өсүп-өнүгүүсүнө жана ар бир жергиликтүү тургундун жашоо-шартынын жакшыруусуна арналат.

Мамлекеттин гана ишине көз салып турбастан, ички инвесторлорду жалпы ишибизге үн кошууга чакырып келебиз. Анын аркасында ондогон долбоорлор ишке ашты. Эл аралык уюмдар, фонддор жана мекенчил азаматтарыбыз сунушубузду четке какпай, биргеликте иш алып барып, чоң колдоо көрсөтүп жатканы үчүн терең ыраазычылык билдиремин.

Учурда шаарыбыздын инфратүзүмүн жакшыртуу багытында алгылыктуу иштер жасалууда. Көркүнө көрк кошуп, ирettүү болушуна болгон мүмкүнчүлүктү пайдаланыуудабыз. Бир мисалы катары айтсам, Совет мезгилинен кийин жерге жайгаштыруу боюнча көзөмөл өз деңгээлинде жүрбөгөндүктөн, учурда көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болуудабыз. Жаңы турак-жайлардын, социалдык объектилердин курулушу жүрчү аянтты аныктоо – негизги көйгөйлөрдөн болуп келүүдө.

Шаардагы имараттардын, коомдук жайлардын ирettүү болушуна генералдык план керектелет. Ал үчүн Ага Хан өнүктүрүү фондунун өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, колдоо таптык. Дүйнөдөгү алдыңкы кесипкөй адистердин жардамы менен генералык план иштелип чыгууда. Мындан кийинки шаар куруу иши алгылыктуу жүрөт деген чоң ишеним бар.

Эл аралык уюмдар, ишкерлер менен кызматташуунун негизинде заманбап диагностикалык борбор, парктар, муз аянттары, футбол талаалары жана башка объектилер пайдаланууга берилип, учурда эл кызматында.

Өлкөнүн башка аймактары менен алаканы чыңдап, маданий, моралдык дагы, материалдык-техникалык колдоо таптык. Тазалыкты дайым көзөмөлгө алуу үчүн жана шаарлыктар менен меймандардын шаар ичинде жол жүрүүсүн жеңилдетүү үчүн Бишкек мэриясынын көмөгү менен шаарга троллейбус, «Таза-Нарын» ишканасына атайын техникалар алынып келинген. Туристтик потенциалды арттыруу максатында көрктөндүрүү, жашылдандыруу иштерин колго алып, буюрса, жыйынтыктар жакшы. Тазалыкты сактоо, албетте, ар бир жаранабыздын милдети болушу зарыл.

Чакан шаарыбызды алаканга салып, көркүн арттыруу биздин максатыбыз. Анткен менен, бир күндө же бир жылда баарын жасап бүткөрүү мүмкүн эмес. Себеби, убакыт ордунда турбайт эмеспи. Коомдо өсүү, жаңылануу жүрүп жатат. Улам барган сайын илим, техниканын өнүгүшү менен дүйнө таанымыбыз кеңейип, элдин талабы дагы өсүүдө. Ошол талапка дал келгидей шарт түзүп берүүгө аракеттерди көрүүдөбүз.

Ал эми тарыхый-маданий казыналарга бай Нарын шаары бүгүнкү күндө облустун борбору катары Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын райондорунун уул-кыздарын кучагына алып, ынтымакта, бирге жашоо кечирүүгө шарт түзүп келет.

Облус калкы бир муштумдай биримдиктүү, ынтымакта жашап, элибизде молчулук болуусуна тилектешмин. Касиеттүү Теңир-Тоо жергебизди көздүн карегиндей сактап, ордубузду басчу уул-кыздарыбызга шаарыбызды келечекте татыктуу өткөрүп берели.



*Эмилбек АЛЫМКУЛОВ,*
*Нарын шаарынын мэри,*
*Кыргыз Республикасынын*
*Жергиликтүү өз алдынча*
*башкаруусунун эмгек сиңирген*
*кызматкери*

# МАКСАТТУУ АРАКЕТИБИЗДИ ЭЛИБИЗ ЖАНА МЕЗГИЛ ТАРАЗАЛАЙТ

Урматтуу окурман, колуңуздагы Нарын шаарынын 150 жылдыгына карата жарык көргөн китеп шаарыбыздын түптөлгөндөн берки тарыхы, басып өткөн жолу тууралуу маалыматтарды камтыды. Кут конгон кутман калаабыздын бир жарым кылымдык тарыхындагы социалдык–экономикалык өнүгүү жолу, шаардагы ар бир мекеме-ишкананын жаралуу, калыптануу, өнүгүү тарыхы, ага салым кошкон инсандар тууралуу материалдар жергиликтүү тарыхчылар, окумуштуулар, журналисттер тарабынан кеңири иликтенип, тарыхый маалыматтар мүмкүнчүлүктүн жетишинче такталып, топтолуп, киргизилди.

«Тарыхы болбой, эл болбойт» дегендей, тарыхты үйрөнүү тарыхый түшүнүктөр менен ой жүгүртүүгө, коомду тынымсыз өнүгүүдө кароого, учурдагы коомдук турмушту өткөн доор менен салыштырып баалоого, келечекке илимий негизде көз жүгүртүүгө мүмкүнчүлүктөрдү ачаары белгилүү.

Бул китепти жазуудагы башкы максатыбыз – катардагы энциклопедиялык китептердей кылбай, тарыхый маалыматтардын негизинде жазылган, бүгүнкү жана келечек муун кызыгуу менен окуй турган маалымат булагын жаратуу болду.

Максаттуу аракетибиз канчалык деңгээлде жүзөгө ашканын окурмандар жана мезгил таразалайт деген ойдомун. Антсе да бул тарыхый китеп коомчулук үчүн баалуу маалымат булагы болуп калаарына терең ишенем.

**«Китеп – адамдардын руханий байланышындагы көөнөрбөс көрөңгөнүн бири. Ал адамды өз башатына баш багууга, жан дүйнөсүнүн сырдуу түйүндөрүн чечүүгө, учурдагы, өткөндөгү жана келечектеги турмушка сереп**

**салып, байкоо жүргүзүүгө түрткү берет. Китеп-адамдарды байланыштырат»,- деп улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов эскертип кеткен эмеспи. Анын сыңарындай, Нарын шаарынын 150 жылдык маарекесине карата жарыкка чыгып жаткан тарыхый китеп муундарды байланыштырган баалуу маданий мүлк болуп, мындагы маалыматтар аркылуу кийинки муун Нарын шаарынын басып өткөн жолун, кантип жаралып, өнүгүп, бүгүнкү келбетине келгенин түшүнө алат, китеп шаардын мындан аркы тарыхын улантып жазып кетүүчүлөр үчүн дагы баалуу маалымат азыгы болуп берет десем жаңылышпайм.**

Улуу Теңир-Тоодон орун алган Нарын облусунун борбору Нарын шаарыбыз 1868-жылы негизделип, бир жарым кылымга созулган мезгил мерчеминде көп кырдуу тарыхый жолду басып өткөнү анык.

Тарыхый маалыматтар боюнча, шаарыбыз жайгашкан жер алгач Жети-Суудан Кашкарга кетүүчү соода жолундагы кыргыздардын аскер чеби катары негизделген. Мезгилдин өтүшү менен чептин жанына элдер отурукташып, чакан айыл пайда болуп, алар соода сатык жана мал чарбачылыгы менен алектенип отуруп, жыйынтыгында Нарын шаарынын пайдубалын түптөшкөн. Акырындык менен Нарын дарыясынын жээгине алгачкы турак-жайлар түшүп, калктуу конуштар пайда болгон.

1939-жылы Нарын шаарына Нарын облусунун борбору статусу берилип, буга чейин планы жок түзүлүп келген шаарчанын негизги план-схемасы иштелип чыгып, шаар аймактарга бөлүнүп, жаңы типтеги турак үйлөр, дүкөндөр, мекеме-уюмдар, өндүрүш ишканалары, ооруканалар салынган.

2004-жылга чейин Нарын шаары облустун гана эмес Тянь-Шань районунун да борбору катары эсептелип, административдик башкаруучу мамлекеттик функцияны аткарган.

Ал эми 2004-жылы Нарын шаарына мыйзамдын негизинде облустук маанидеги шаар статусу ыйгарылгандан тартып шаарга өз алдынча башкаруу укугу берилип, бул жылдар аралыгында замандын талаптарына ылайык калктын жашоо шартынын жакшырышына, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө, шаарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө аракеттер көрүлүп, тийиштүү салымдар кошулуп, Нарын шаарынын азыркы келбети жаралып олтурат.

Шаарыбыз жыл өткөн сайын жаңыланып, социалдык жана экономикалык жактан туруктуу өнүгүп келе жатат.

Жаңы имараттар, көп кабаттуу үйлөр курулуп, элибиз эс алуучу сейил бактар пайда болуп, жолдор оңдолуп, социалдык-маданий обьектилердин заманбап курулуштары бүткөрүлүп, шаардын инфратүзүмүн жакшыртуу багытындагы долбоорлор ишке ашып, чакан шаарыбызды өнүктүрүү боюнча алгылыктуу аракеттер көрүлүүдө.

Шаарыбызда Борбордук Азия университетинин пайда болушу чөйчөктөй чакан калаабыздын келечекте эл аралык деңгээлдеги билим жана маданият очогу болуп калаарынан кабар берет.

Нарын дарыясынын боюнан орун алып, даңазалуу Теңир-Тоонун борбору болгон меймандос, ырыскылуу, кутман шаарыбыз келечекте туш тарабынан өнүгүп-өскөн шаар болоорунда шек жок.



***Жыргалбек БОТОКАНОВ,***
*Нарын шаардык Кеңешинин төрагасы*

# КӨП ЖЫЛДЫК АРАКЕТТИН НАТЫЙЖАСЫНДАГЫ ИЙГИЛИКТЕР

Касиеттүү Теңир-Тоо жергесинин ордолуу Нарын шаары эзелтеден Улуу Жибек жолунун таманында жайгашкан санжыралуу тарыхы менен белгилүү.

Кыргыз мамлекети эгемендикке ээ болгон күндөн тартып, бийик тоолуу аймагыбыздын борбору болгон шаарыбыздын тарыхында социалдык-экономикалык жактан динамикалуу өнүккөн, калктын жашоо-турмуш шарты бир кыйла жогорулаган жылдар болду десем жаңылышпайм.

Бул жылдар аралыгында алгылыктуу иштер жүргүзүлүп, шаарыбыз жаңыланып, элге кызмат көрсөтүүнүн сапаты көтөрүлүп, муниципалдык кызматтардын түрү көбөйүп, Нарын шаары жалпы тоолуу аймагыбыздын маданий, илимий, соода борбору болуп калды.

Шаарыбызда орун алган Борбордук Азия Университети, Бишкек-Нарын-Торугарт жолу сыяктуу стратегиялык жана башка көптөгөн социалдык объектилердин курулушу бүгүнкү күндө Нарын шаарын өлкөбүздүн келечектүү шаарларынын бирине айландырды.

Климаттын оор шартына карабастан талыкпаган эмгектин үзүрү кайтып, шаарыбыздын көркүнө көрк кошулуп, күндөн күнгө жашарып, кооз, жашыл, заманбап шаар болуп бараткандыгына баарыбыз күбө болуудабыз.

Албетте, бул ийгиликтер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шаарда жайгашкан мекеме-ишканалардын эмгек жамааттарынын жана шаар тургундарынын биргелешкен көп жылдык аракеттеринин натыйжасы деп билебиз.

Мындан ары дагы шаардын коомчулугунун кеңири катышуусу менен 150 жылдык тарыхы бар кичи мекенибиздин эффективдүү өнүгүүсү, жашоочулардын социалдык-экономикалык деңгээлин жакшыртуу, шаардын архитектуралык-эстетикалык көркүн ачуу багытындагы жигердүү аракеттерди жергиликтүү бийлик, депутаттар жана кызмат адамдары уланта беребиз деген ишеничтемин.

Нарын шаарынын тургундарына, ар бир эмгек жамаатка жана үй-бүлөгө бакыт-таалайды, чың ден-соолукту, бакубат-бай турмушту каалаймын.


Тоо койнундагы сүйүктүү Нарын шаарыбыз кылымдарга бар болсун!





Нарын облустук китепканасы
№ 57865 обо

# ТАРЫХЫЙ ТҮПТӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕР


ПОСТАНОВЛЕНИЕ
...ИУМА ВСЕРОССИЙСКОГО ЦЕНТРАЛЬНОГО ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО КОМИТЕТА

"Об утверждении списка городов Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики"

Президиум Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета постановляет:

1. Утвердить следующий список городов Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики: Фрунзе, Ош, Джалал-Абад, Каракол, Токмак, Узген и Нарын.

2. Селение Кызыл-Кия отнести к категории рабочих посел...

3. Селение Александровское оставить сельским поселением.

4. Поручить ЭКОСО РСФСР применительно к настоящему пост...ению внести изменения в список поселений, включенных в "таб...вок основной ренты".

ПРЕДСЕДАТЕЛЬ ВСЕРОССИЙСКОГО ЦЕНТРАЛЬНОГО ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО КОМИТЕТА – М. КАЛИНИН

СЕКРЕТАРЬ ВСЕРОССИЙСКОГО ЦЕНТРАЛЬНОГО ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО КОМИТЕТА

## ПОСТАНОВЛЕНИЕ

Президиума Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета «Об утверждении списка городов Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики»

Президиум Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета

ПОСТАНОВЛЯЕТ:

Утвердить следующий список городов Киргизской Автономной Советской Социалистической Республики: Фрунзе, Ош, Жалал-Абад, Каракол, Токмок, Узген, Нарын.

Селение Кызыл-Кия отнести к категории рабочих поселков.

Селение Александровское оставить сельским поселением.

Поручить ЭКОСО РСФСР применительно к настоящему Постановлению внести изменения в список поселений, включённых в табель ставок основной ренты.

**Председатель Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета** **М.КАЛИНИН**

**Секретарь Всероссийского Центрального Исполнительного Комитета** **(подпись)**

**Москва, Кремль.**
**28 января 1927 года**

**Кыргыз Республикасынын**
**Президентинин**
**ЖАРЛЫГЫ**

**Кыргыз Республикасынын районго баш ийген шаарларында жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу жөнүндө**

1. Кыргыз Республикасынын районго баш ийген Кант, Кара-Балта, Кара-Суу, Өзгөн, Чолпон-Ата жана Шопоков шаарларына жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптеринде жергиликтүү (шаардык) маанидеги иштерди башкаруу укугу берилсин.

2. Районго баш ийген шаарлардын шаардык кеңештеринин алдында жергиликтүү (шаардык) маанидеги өз алдынча башкаруунун аткаруучу – тескөөчү органдары – шаар башкармалары түзүлсүн.

3. Районго баш ийген шаарлардын иштерин башкаруу чөйрөсүндө иш-аракеттердин биримдигин камсыз кылуу максатында төмөнкүлөр белгиленсин:

- Шаарларына өз алдынча башкаруунун жогорку кызмат адамы болуп шаар башчысы саналат, ал бир эле учурда шаардык кеңештин төрагасынын жана шаар башкармасынын жетекчисинин милдеттерин аткарат.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча шаар башкармасы жана шаар башчысы – шаардык кеңешке жана шаардык жамааттын өкүлдөрүнүн курултайына, ал эми берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча райондук мамлекеттик бийлик органдарына отчёт берет.
- Шаар башчысы кызматка шаардык кеңештин депутаттарынын ичинен райондук мамлекеттик администрация башчысынын сунуш кылуусунун негизинде жана шаардык кеңештин курамындагы депутаттардын көпчүлүгүнүн макулдугу менен областтык мамлекеттик администрация башчысы – губернатор тарабынан дайындалат.
- Областка баш ийген Нарын шаарынын административдик-аймактык өзгөчөлүгүн жана андагы бийликтин уюштурулушунун өзгөчөлүгүн эске алып, ага жергиликтүү (шаардык) маанидеги иштерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптеринде башкаруу укугу берилсин. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштурууда Нарын областынын жергиликтүү бийлик органдарына областка баш ийген шаарлардын өзгөчөлүгүн эске алып, ушул Жарлыктын жана Кыргыз Республикасынын районго баш ийген шаарларында жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун негиздери жөнүндө жобонун нормаларын жетекчиликке алуу сунуш кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Акаев**

**Бишкек шаары, Өкмөт үйү**
1998-жылдын 23-июну

**Кыргыз Республикасынын**
**Президентинин**
**ЖАРЛЫГЫ**

**Кыргыз Республикасынын Нарын областынын**
**Нарын шаарынын башкаруу органдары жөнүндө**

«Нарын областынын Тянь-Шань районун Нарын району деп кайра атоо жөнүндөгү жана Нарын шаарын Кыргыз Республикасынын Нарын областынын курамынан чыгаруу жана ага областтык маанидеги шаардын статусун берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде Нарын областынын Нарын шаарына областтык маанидеги шаардын статусун берүүгө байланыштуу жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык токтом кылам:

Нарын областынын Нарын районунун Нарын шаарынын шаардык башкармасы Нарын областынын Нарын шаарынын мэриясына кайра түзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эки айлык мөөнөттө:

-Нарын шаарынын мэриясынын структурасын жана штаттык санын, ошондой эле, Нарын шаарында мамлекеттик башкаруу функцияларын жүргүзгөн мамлекеттик бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрүн белгилесин.

- Областтык маанидеги шаарга жүктөлгөн функциялар менен ыйгарым укуктардын көлөмүн эске алуу менен Нарын областтык жана Нарын областынын Нарын райондук мамлекеттик администрацияларынын, Нарын областтык Кеңешинин, Нарын шаарынын жана Нарын районунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен ушул Жарлыктан келип чыккан уюштуруу, финансылык жана башка маселелерди чечсин.

3. Бул Жарлыктын аткарылышына контролдук кылуу милдети Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын уюштуруу иштер жана мамлекеттик башкаруу саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Акаев**

**Бишкек шаары, Өкмөт үйү**

**2004-жылдын 6-июлу, ПЖ №218**



# НАРЫНЫМ - АЛТЫН БЕШИГИМ, АЙ МЕНЕН КҮНДӨН КУТ ТАМГАН

Нарын шаары - Нарын облусунун административдик, саясий-экономикалык, өнөр жай жана маданий борбору жана Кыргызстандагы чакан шаарлардын бири. Нарын шаары тоолордун толтосунда, Сыр-Дарыя дарыясына башат болгон Нарын дарыясынын жээгинде жайгашкан. Нарын шаарынын аймагында тээ байыркы таш доорунан бери эле адамзат жашап келгендиги жөнүндө тарыхый булактарда эскерилет. Нарын шаары 1868-жылы түптөлүп, 1927-жылы шаар катары статус алган. 1939-жылы Нарын шаарына Нарын (Тянь-Шань) облусунун борбору статусу берилген.

Шаар функционалдык ар түрдүүлүгү, географиялык өзгөчө орун алуусу жана климаттык шарты менен айырмаланып, анын мүнөзүн аныктап турат. Ал ички Теңир-Тоо аймагындагы жол тоому, ортоңку Нарын өрөөнүнүн чыгыш жагында Нарын дарыясынын сол жээгинде, Ала-Мышык жана Нарын тоо кыркаларынын түндүк этегинде, Бишкек-Торугарт автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңгээлинен 2020- 2040 метр бийиктикте Нарын дарыясынын сол жагындагы тектирлерде жайгашкан.

Шаардын Москва жана Жаңы-Жол аймактары дарыянын оң жээгиндеги кызыл зоолордун этегиндеги жантайыңкы конустук түзөңчөлөрдөн орун алган. Бишкек шаарынан 365 чакырым, Балыкчы темир жол станциясынан 180 чакырым, «Торугарт» контролдук-текшерүү пунктунан 186 чакырым алыстыкта турат.

Нарын топониминин (аталыштын) келип чыгышында бир канча талаш-тартыштар бар. Булардын көбү эл оозундагы уламыштарга айланган. «Нарын» деп теңиртоолуктардын өзгөчө тамагы болуп саналган майда тууралып жасалган тамак аталат. Ушуга карата коюлган дегендер да бар. Бирок, бул чындыкка көп коошпойт. Белгилүү окумуштуулар Э.М.Мурзаевдин жана С.Өмүрзаковдордун белгилөөсүндө, «Нарын» тарыхый топоним. Алып айтсак, грек-рим авторлору Силис, байыркы түрктөр (7-8 к.е.) – Йенчу-Угуз («Берметтүү суу»), кытайлар – Йоша (7-кылым), Чжень-чжухе (7-10-к.к.), Нарингол (18-19-к.), араб-фарс авторлору Хатлам (Хайлам, 10-12-к.к.), монголдордун үстөмдүгүнүн убагында Нарим, Наримгол, Нарын деп аташкан. Азыркы мезгилдердеги эң так карталарда топоним: И.Г.Ренат (Швеция, 1738) – Нарим; И.И.Исленьев (Петербург, 1777) – Нарын; Петербург депосунун картасы (1816)- Нарин; Ю.Клапрот (Париж, 1833, 1836) – Нарин деп берилген. Революцияга чейинки орус маалыматтарында, кыргыздын оозеки чыгармаларында жана улуу «Манас» эпосунда «Нарын» деп аталып:

«Нарын бою узун тоо,
Кашкардын чети кызыл зоо» – деген саптар айтылат.

Дарыянын аты менен шаар, область, район ж.б. аталган. Нарынга байланыштуу аттар Монголия, Казакстан, Орто Азия, Кавказ ж.б. жерлерде кезигет.

Топонимдин этимологиясы жөнүндө негиздүү эки пикирдин биринчиси, Нарийин (тар, кууш) деген моңгол сөзүнөн, экинчиси, монголдордун Нарин деген уруусунун атынан келип чыккан (16-кылым). Бул эки ой көбүрөөк ынандырат. Себеби, дарыя көбүнчө кууш капчыгайлар аркылуу агат. Ошондой эле, 15-16-кылымдарда Кыргызстандын аймагындагы монголдордун ичинде Нарин уруусу болгон.

Нарын шаары КРнын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 12-майындагы №325 токтому менен Тянь-Шань районуна бириктирилип, Нарын району болуп түзүлүп, Кыргызстандагы ошол кездеги алты облустун бир облусунун борбору болуп эсептелгендигине карабастан, Нарындын шаар катары статусу жоюлуп, райондук баш ийүүдөгү калк жашаган элдик пункт болуп калган. Нарын шаарынын районго бириктирилип калуусу шаардын экономикалык, социалдык өнүгүшүнө терс таасирин тийгизген, шаарга жеткиликтүү көңүл бурулбай, коммуналдык жана көрктөндүрүү иштери солгундаган.

КРнын Президентинин 1998-жылдын 23-июнундагы «Кыргыз Республикасынын районго баш ийген шаарларында жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу жөнүндөгү» №200 Указынын 8-пунктуна ылайык, облуска баш ийген Нарын шаарынын административдик-аймактык өзгөчөлүгүн жана андагы бийликтик өзгөчөлүгүн эске алып, ага жергиликтүү (шаардык) маанидеги иштерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптеринде башкаруу укугу берилген.

Жогоруда аталган указга ылайык, 1998-жылдын 29-июлунда жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы Нарын шаар башкармасы түзүлгөн.

Нарын шаарынын өнүгүшү, келечеги, тазалыгы, шаардын аймагында жайгашкан мекеме-ишканалар, шаарда жашаган атуулдардын укуктары жана милдеттерин камтыган шаардын Уставынын долбоору даярдалып, эки ай убакытка жалпы элдин талкуусуна коюлган. Бул боюнча курамына 25 адам кирген комиссия иштеп, талкуунун жүрүшүндө айтылган сунуш-пикирлерди корутундулап, облустук юстиция башкармасынын эксперттик комиссиясына сунуш кылган. Эксперттик комиссия да Нарын шаарын облуска баш ийген жергиликтүү өз алдынча башкаруу принцибиндеги шаар деп тапкандан кийин Уставга киргизилип, шаардын I курултайынын кароосуна коюлган.

1998-жылдын 26-сентябрында Нарын шаарынын жергиликтүү жамаатынын I курултайы өткөрүлүп, анда шаардын уставы кабыл алынган.

Нарын шаар башкармасы юстициялык каттоодон (196-3304 У-Е 1999-жылдын 9-февралы, №003296) өткөн юридикалык жак болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин №200 Жарлыгына, ушул Жарлык менен бекиген Жобого ылайык, Нарын облустук мамлекеттик администрациясы 1998-жылдын 22-сен-

тябрында №186-б буйругу менен Нарын шаар башкармасын, анын ыйгарым укуктарын бекиткен.

Нарын шаарынын 1998-жыл үчүн 19053,0 миң сом бюджети өзүнчө бөлүнүп, шаардык Кеңештин сессиясында бекитилип, шаар башкармасынын өзүнүн структурасы түзүлгөн. Финансы, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, социалдык жактан коргоо бөлүмдөрү, жашылдандыруу чарбасы, жылуулук берүү, суу чарба башкармалары, соода, коммуналдык, транспорт департаменттери өз иштерин жүргүзүп жатышат.

1999-жылдын 16-августунда №189-б буйругу менен Нарын облустук мамлекеттик администрациясы Нарын шаарына облуска административдик жактан баш ийүүдөгү шаар катары статусун берген.

Нарын шаар башкармасынын алдында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү максатында шаарда алты чөлкөм өкмөттөрүн (Чыгыш, М.Сыдыков атындагы, Б.Сооданбеков атындагы, Борбор, Көтөрмө, Батыш) түзүлгөн. Ар бир чөлкөмдө аксакалдар соту, аялдар, жаштар уюмдары уюшулган.

1999-2000-жылдардагы шаардын бюджети жалпы элдик талкуудан өткөрүлгөн.

**Нарын шаарынын калкы**

Алгачкы маалыматтарга караганда, 1913-жылы Нарында 1500 киши жашаган. 1939-жылы - 4500 киши, 1959-жылы 14 730 адам жашаса, мунун ичинен эркектер – 7296, аялдар – 7434 түзгөн. 1970-жылы - 21100, 1990-жылы – 32 000 киши жашаган. 2001-жылы 40 974 адам болгон, мунун ичинен эркектер 19327, аялдар 21622 же эркектер 48%, аялдар 52% түзгөн. 2017-жылы калктын саны 38861 адамды түзсө, 2018-жылдын 1-январына карата Нарын шаарындагы туруктуу калктын саны 39338 адам болду.

Эмгекке жарамдуу калктын 85% негизинен өнөр жай, курулуш, соода-сатыкта, райондук, облустук мекемелерде, үй кызматында, көмөкчү чарбаларда ж.б. иштешет.

Нарын шаары көп улуттуу. Статистикалык маалыматтарга караганда, 1999-жылы кыргыз улуту – 88%, орустар 6,5%, өзбектер 1,2%, уйгурлар 0,7%, дунгандар 0,6%, украиндер 0,3 % түзгөн.

Нарында көп жылдар бою жашап, кыргыздар менен карым-катнашта болгон улуттардын өкүлдөрүнүн ичинен Альберт Яковлевич Шуллер немис улутунан болгон. Ал көп жылдар бою облустук ооруканага жетекчилик кылып, калктын саламаттыгын сактоого баа жеткис салым кошкон. А.Я.Шуллер дүйнөдөн кайтканда нарындык кыргыздардан көп киши барып, акыркы сапарга узатуу зыйнатына катышкан. Ошондой эле Лямзина, Пересыпкиндер менен Вандыштар өздөрүн нарындыкпыз деп эсептеп келишкен. В.П.Чкалов атындагы орто мектебинин мурдагы деректири В.Ф.Унгефукт жана анын үй-бүлөсү Нарын шаарында узак жылдар бою жашап, жүздөгөн жаш муундардын татыктуу өсүшүнө зор салым кошушкан. 1994-жылы ардагер Күмүш Сурановaнын 70 жылдыгына карата Унгефукттардын үй-бүлөсүнүн атынан үч тилде: кыргызча, орусча, немисче кат келип, анда жылуу тилектер айтылып, каттын соңунда: «Балдар айтыш-

ты: «Папа, жүрү кайта кетебиз» деп. Ыйлаган күндөр да болду. Невозможно забыть Родину, друзей, кыргыз элди» – деп жазылган.

Нарындан байыр алып, кыргыздар менен аралашып, куда-сөөк күтүп, агарып-көгөргөн өзбектердин, дунгандардын, татарлардын ж.б. улуттардын үй-бүлөлөрү бар.

### Туруктуу жашаган калктын саны, эл каттоолордун жыйынтыктары менен

| | 1959 | 1970 | 1979 | 1989 | 1999 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Нарын шаары | 14730 | 20836 | 29833 | 42210 | 40050 | 34822 |
| эркектер | 7296 | 10109 | 14475 | 20745 | 19253 | 16935 |
| Аялдар | 7434 | 10727 | 15358 | 21465 | 20797 | 17887 |

### 1999-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы менен (1999-жылдын 24-мартына карата)

| Улуттар | Калктын саны | | |
|---|---|---|---|
| | Баардыгы | эркектер | аялдар |
| | 40050 | 19253 | 20797 |
| кыргыздар | 38732 | 18563 | 20169 |
| орустар | 348 | 195 | 153 |
| өзбектер | 312 | 155 | 157 |
| дунгандар | 176 | 91 | 85 |
| уйгурлар | 232 | 135 | 97 |
| казактар | 87 | 31 | 56 |
| башка улуттар | 163 | 83 | 80 |

### 2009-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы менен (2009-жылдын 24-мартына карата)

| | Калктын саны | | |
|---|---|---|---|
| | баардыгы | эркек-тер | аял-дар |
| | 34822 | 16935 | 17887 |
| кыргыздар | 34300 | 16664 | 17636 |
| өзбектер | 148 | 89 | 59 |
| дунгандар | 121 | 63 | 58 |
| уйгурлар | 108 | 63 | 45 |
| башка улутар | 145 | 56 | 89 |

### Нарын шаарында туруктуу жашаган калктын саны

| | 1990 | 1991 | 1992 | 1993 |
|---|---|---|---|---|
| баардыгы | 42306 | 42387 | 42418 | 42499 |
| эркектер | 20745 | 20794 | 20782 | 20276 |
| аялдар | 21561 | 21593 | 21636 | 22223 |
| | 1994 | 1995 | 1996 | 1997 |
| баардыгы | 41661 | 41352 | 42218 | 41381 |
| эркектер | 19811 | 19667 | 20432 | 20012 |
| аялдар | 21850 | 21685 | 21786 | 21369 |
| | 1998 | 1999 | 2000 | 2001 |
| баардыгы | 40505 | 39942 | 40405 | 40974 |
| эркектер | 19557 | 19205 | 19404 | 19652 |
| аялдар | 20948 | 20737 | 21001 | 21322 |
| | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 |
| баардыгы | 41341 | 41715 | 42088 | 42269 |
| эркектер | 19867 | 20072 | 20312 | 20425 |
| аялдар | 21474 | 21643 | 21776 | 21844 |
| | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
| баардыгы | 42263 | 42216 | 41933 | 42025 |
| эркектер | 20518 | 20546 | 20476 | 20547 |
| аялдар | 21745 | 21670 | 21457 | 21478 |
| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
| баардыгы | 34978 | 35373 | 35949 | 36495 |
| эркектер | 17052 | 17285 | 17549 | 17811 |
| аялдар | 17926 | 18088 | 18400 | 18684 |
| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| баардыгы | 37047 | 37720 | 38205 | 38861 |
| эркектер | 18126 | 18457 | 18701 | 19068 |
| аялдар | 18921 | 19263 | 19504 | 19793 |
| | 2018 | | | |
| баардыгы | 39338 | | | |
| эркектер | 19358 | | | |
| аялдар | 19980 | | | |

## Нарын шаарында туруктуу жашаган калктын саны

| | 2000 | 2001 | 2002 | 2003 |
|---|---|---|---|---|
| Баардыгы | 40405 | 40974 | 41341 | 41715 |
| кыргыздар | 39209 | 39795 | 40178 | 40566 |
| орустар | 251 | 237 | 219 | 185 |
| өзбектер | 304 | 301 | 298 | 290 |
| дунгандар | 174 | 179 | 180 | 184 |
| уйгурлар | 231 | 228 | 225 | 224 |
| казактар | 81 | 79 | 79 | 75 |
| башка улуттар | 155 | 155 | 162 | 191 |
| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 |
| Баардыгы | 42088 | 42269 | 42263 | 42216 |
| кыргыздар | 40939 | 41127 | 41127 | 41108 |
| орустар | 174 | 158 | 144 | 135 |
| өзбектер | 285 | 275 | 270 | 265 |
| дунгандар | 187 | 184 | 182 | 179 |
| уйгурлар | 224 | 223 | 222 | 221 |
| казактар | 70 | 71 | 70 | 65 |
| башка улуттар | 209 | 231 | 248 | 243 |

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 |
|---|---|---|---|---|
| Баардыгы | 41933 | 42025 | 34978 | 35373 |
| кыргыздар | 40830 | 40923 | 34463 | 34849 |
| орустар | 130 | 124 | 30 | 29 |
| өзбектер | 258 | 253 | 148 | 150 |
| дунгандар | 174 | 179 | 111 | 106 |
| уйгурлар | 217 | 217 | 110 | 110 |
| казактар | 64 | 64 | 41 | 40 |
| башка улуттар | 260 | 265 | 75 | 89 |
| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
| Баардыгы | 35949 | 36495 | 37047 | 37720 |
| кыргыздар | 35421 | 35947 | 36519 | 37178 |
| орустар | 25 | 21 | 20 | 21 |
| өзбектер | 148 | 148 | 148 | 148 |
| дунгандар | 110 | 105 | 105 | 103 |
| уйгурлар | 110 | 109 | 109 | 111 |
| казактар | 38 | 38 | 34 | 34 |
| башка улуттар | 97 | 127 | 112 | 125 |
| | 2016 | 2017 | 2018 | |
| Баардыгы | 38205 | 38861 | 39338 | |
| кыргыздар | 37655 | 38300 | 38776 | |
| орустар | 21 | 23 | 15 | |
| өзбектер | 147 | 147 | 153 | |
| дунгандар | 103 | 102 | 99 | |
| уйгурлар | 113 | 113 | 113 | |
| казактар | 35 | 36 | 37 | |
| башка улуттар | 131 | 140 | 145 | |

# НАРЫН ШААРЫ ЖАЙГАШКАН АЙМАКТЫН ЖАРАТЫЛЫШЫ

## Рельефи

Нарын шаары жайгашкан аймактын орографиялык түзүлүшү татаал рельефтүү Ички Теңир-Тоонун Ортоңку Нарын өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндөгү тоолордун арасындагы өлкө болуп саналат. Жеринин бети батышты карай жантайыңкы, түштүк жагы тектирлүү. Шаардын өзүндагы эңкейиштеп кетет.

Шаарды түштүгүнөн Ала-Мышык (эң бийик жери – 3379 м, орточо бийиктиги 3200 м) жана Нарын-Тоо (эң бийик жери - 4499 м, орточо бийиктиги 4200 м) тоолору курчап турат. Алардын шаарды караган түндүк капталдары тике аскалуу келип, майда колоттор менен тилкеленген. Кырлары өрөөндүн таманынан 1200 м бийик. Тоо беттериндеги аска таштарда сүрөттүү чиймелер, акиташтуу жерлеринде үңкүрлөр бар. Анын 3100 метр бийиктеги чокусуна 1967 – жылы телекөрсөтүүчү станция курулган.

Ал эми шаардын түндүк жагында кемер жарлуу тектири жатат. Шаар суунун деңгээлинен 5-6 м бийик жаткан биринчи эле тектирде жайгашкан. Шаар турган өрөөндүн жазылыгы 300-500 метрдей.



*Ала-Мышык тоосу*




Шаардын чыгыш жагы Теке-Секирик-Аэропорт деп аталган борчук аскалуу, тике тумшуктан башталып, батышты көздөй дээрлик 15 км созулуп, Ак-Кыя деп аталган пасыраак келген ашууга чейин жетет. Нарын суусунун оң жээгин бойлото палеоген, неоген мезгилдеринен калган "кызыл зоо" деп аталган аска-жарлуу бийик жалама чап рельефи бар. Суунун сол жээгинде шаардын башынан аягына чейин үзгүлкесил болуп бийиктиги 20-30 м болгон Айгыр-Жал деп аталган байыркы Нарын суунун аралчалары жайгашкан. Булар рельефтин тектоникалык - аккумулятивдик типтерине кире турган формалары болуп саналат.

Ала-Мышык деген аталыштын келип чыгышы жөнүндө бир нече талаш варианттар бар. Алардын айрымдары ушул тоодо ала-була болгон карала мышык жашаптыр дешсе, кээ бирлери "жок, мында илбирс жашаган. Ошондуктан ушундай аталган" дешет. Андай болсо, ата-бабалар илбирсти тергебей эле Илбирс-Тоо деп койбойт беле деген ой туулат. Бул топонимдин чыгышына төмөнкү версия абдан жакын. Ала-Мышык тоосу алыстан (Оттук, Эмгекчил жактан) караганда күн чыгышты баштанып бөгүп жаткан таргыл ала мышыкка өтө түспөлдөш. Ошонун негизинде эле ата-бабалар таргыл ала мышыкка окшоштуруп, бул тоого Ала-Мышык деген аталышты ыйгарып коюшкан өңдүү. Ушул жоромол чындыкка абдан жакын.

## Геологиялык түзүлүшү

Шаарыбыз жайгашкан чөлкөмдүн геологиялык кыскача тарыхына кайрылсак, ал Палеозой эрасынын экинчи жарымында Герциндик (тоо пайда кылуу) орогендик процесстин негизинде байыркы Тетис океанын алдынан Түндүк


Теңир-Тоо массивдеринен кийин жалпы Түштүк Теңир-Тоо кыркалары менен кошо көтөрүлүп чыккан. Ала-Мышык, Нарын тоолорунун негизги акиташ тоо тектеринен түзүлгөн Нарын шаарынын аймагынын рельефи геологиялык генезиси боюнча тектоникалык-аккумулятивдик типке кирет да, негизинен неогенде жана төртүнчүлүк мезгилдин башы ченде калыптанган. Нарын дарыясынын жээгинен баштап Ала-Мышык жана Нарын-Тоолорунун дал ортосуна чейин классикалык типтеги тектирлер (террассалар) жайгашкан. Нарын дарыясынын өйүзүндөгү Кызыл-Зоолор неотектоникалык процесстерден пайда болгон. Алар чап (бедленд) формасын алып турат. Тоолор негизинен акиташ тоо тектеринен түзүлгөн. Шаар жээктери ар кандай курулуш материалдарынан: кум, шагыл, чопо, акиташ, гранит ж.б турат. Дарыянын жээгиндеги, нугундагы кум-шагыл агындылардан алтындын, темирдин жана башка баалуу минералдардын дагы агындыларын кездештирсе болот. Андан тышкары, агынды түрүндөгү гранит, мрамор, диорит, сиенит, кварцит, оникс, нефелиндерди дагы тапса болот. Нарындын айлана-тегерегинде кен байлыктар бир кыйла көп кездешет. Күрөң көмүр, темир кендери, курулушка керектүү акиташ, мрамор, гранит, чопо гипс бар.

Тектоникалык-денудациялык-аккумулятивдик тип Теке-Секирик, Жайлоо-Бак, Шаркыратма, Чыргайлуу, Ак-Кыя участкаларында таралып ураган аска-зоолор, куюлма шагыл таштар, шилендилер түрүндө таралган. Шилендилердин арасында тоолордон урап түшкөн ири жана майда тоо тектери шыркырап жатат.

Ал эми тектоникалык-денудациялык тип тоолордун кыр жагындагы бийик жондор, тик аска-зоолуу беттер, урчуктуу таштар, корум-шагылдар түрүндө таралган.

## Климаттык өзгөчөлүгү

Нарын шаарынын климаты анын географиялык абалынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу, материктин борборунда жайгашканы, бардык тарабынан тоолор менен курчалып тургандыгы, деңиз деңгээлинен 2000 метрден бийик жаткандыгы, океан жана деңиздерден алыстыгы климаттын кескин континенттүү жана кургакчыл мелүүн климат болуп калыптанышына шарт түзөт. Рельефтин түзүлүшү дагы абанын жергиликтүү циркуляциясына, температуралык жана нымдуулук режими-





не олуттуу таасир этет. Кышында жалпы аймак сыяктуу эле жогорку басымдагы аба массасы Сибирь антициклону аркылуу келип турат. Бул тоо арасындагы жалпы туюк өрөөндөр сыяктуу эле Нарын шаарынын чөлкөмүнө дагы муздак абанын тунуп туруп калышына себеп болот. Кышкы мезгилде катуу суук болгондуктан, жер кыртышынын тоңушу – 120 см, ал эми түшкөн кардын калыңдыгы 60 – 80 смге жетет. Түшкөн орточо кардын калыңдыгы – 21 см.

Жогорудагыдай кескин континенталдуу мелүүн климатта Нарын шаарындагы метеостанциянын маалыматы боюнча, январдын орточо температурасы -17,1°С, төмөнкү температура -38°-40°С түзөт. Июлдун орточо температурасы +17,2°С, эң жогорку температура +37°С. Кышы кургакчыл, ызгаардуу, узактыгы 145-165 күн. Жайы негизинен мелүүн, кургакчыл. Жылдык жаан-чачыны 250-300 мм., анын 70% апрель – октябрь айларына түшөт.

Шаарда негизинен тоо-өрөөн шамалы жана чыгыш менен батыштан соккон шамалдар көп кайталанат. Орточо жылдык температура +25 болсо, июль айында температура +35Сга чейин жеткен учурлар болот. Температуранын кескин жогорулашы апрель айынын экинчи жарымында башталып, негизги жылуулук 10-15-октябрга чейин сакталат. Октябрь айынын 2-жарымында суткалык температура кескин төмөндөп, апрель айына чейин сакталат. Февраль айында температура -38Сга чейин жетет. Абанын нымдуулугу 60% болуп, өзгөчө январь, февраль, март жана декабрь айларында нымдуулук бир кыйла жогорулап, 72-76% жетет. Сентябрь айларында нымдуулук төмөндөп, 4-49% түзөт.

Негизинен апрель-июль айларында жаан-чачын көбүрөөк болуп, август – ноябрь айларында жалпысынан алганда ачык күн басымдуулук кылат.

## Нарын дарыясы

Нарын шаарынын негизги суу артериясы – Нарын дарыясы. Ал Кыргызстандагы мөңгү, кар, жер алдындагы (булак) суулардан куралган эң ири жана суусу мол дарыя, Сыр-Дарыянын оң курамы. Узундугу - 534 км (Чоң-Нарынды кошкондо – 807 км), алабынын аянты – 58370 чарчы километр. Алабы түндүктөн Тескей, Кыргыз, Талас Ала-Тоолору, түштүктөн Какшаал, Чыгыштан Ак-Шыйрак, батыштан Фергана кырка тоолору менен чектешет.

Ак-Шыйрак кырка тоосунун түндүк-батыш капталындагы Петров мөң-



гүсүнүн этегинде 3730 метр бийиктикте жайгашкан көлдөн Кум-Төр деген ат менен башталат да, Ара-Бел суусу менен кошулуп, Тарагайды (Жак-Таш) түзөт. Тарагай менен Кара-Сай кошулгандан кийин Чоң-Нарын деп аталып, тектирчелүү жайык өрөөн менен батышты карай агат. Жогорку Нарын өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө салааланып, нугу кеңейип, батышында кайра кууштайт. Бул бөлүгүндө дарыяга Каракол (чыгыш) жана Улан суулары кошулат. Улан суусунун чатынан Айры-Суусунун (оң куймасы) кошулушуна чейин өтө кууш капчыгай менен агат. Кичи-Нарын менен кошулат да, Нарынды түзөт. Мында дарыя Нарын өрөөнүнүн сол жак чети менен кеңдик багытта агат. Бул бөлүгүндө өрөөн кенен, тектирчелүү. Сол куймасы Теке-Секирик кошулган жерде гана Нарындын сол жээгиндеги карбондун акиташ теги менен оң жээгиндеги палеоген-неогендин кызыл түстүү тектери жакындашып, кууш өрөөндү пайда кылат. Аралдар жана дарыя жээктери майда токой менен капталган. Бул бөлүгүндө Нарынга Ата-Башы жана Ала-Буга суулары кошулат. Ала-Буганын чатынан батышты карай 50 чакырым аралыкта Молдо-Тоо менен Ак-Шыйрак (Чаар-Таш) кырка тоолорун бөлүп туруучу кууш (нугунун туурасы 40-50 метр) капчыгай аркылуу агып, Тогуз-Торо ойдуңуна чыгат. Өрөөндүн борбордук бөлүгүндө жумуру шагыл таштуу аралдар жана сайроондор менен бөлүнгөн бир нече салаа бар. Тогуз-Торо депрессиясынын батыш бөлүгүндө Нарынга Көк-Ирим (сол куймасы) суусу кошулуп, Молдо-Тоо менен Көк-Ирим тоосун бөлүп жаткан кууш капчыгай (узундугу 40 чакырым) менен түндүктү көздөй агат. Батышты карай өрөөн улам кеңейип, Кетмен-Төбө өрөөнүнө чыгат. Мында Нарынга Чычкан жана Узун-Акмат суулары кошулат. Нарын Кетмен-Төбө өрөөнүнөн кийин түндүк-батышты карай 100 километр аралыкта Ат-Ойнок жана Фергана өрөөнүн бөлүп, антецеденттик өрөөн менен агат. Капчыгайдан чыккандан кийин түштүккө карай бурулуп, өрөөнү кеңейип, Нарынга Кара-Суу кошулат. Фергана

өрөөнүнө чыкканда Кара-Дарыя менен кошулуп, Сыр-Дарыяны түзөт.

Нарындын алабында жалпы аянты 1357,8 чарчы километр болгон 2074 мөңгү бар. Көбү (70 пайызга жакыны) Ак-Шыйрак, Тескей Ала-Тоо, Жетим, Борколдой жана башка кырка тоолордо жайгашкан. Ири мөңгүлөрү: Петров (аянты 70,6 чарчы метр), Түндүк Кара-Сай (49,0 чарчы метр) ж.б. Нарындын узундугу 10 чакырымдан ашык 330 жана андан кичине 500 куймасы бар. Ири куймалары: Кичи-Нарын, Он-Арча, Кажырты, Көкөмерен, Чычкан, Узун-Акмат, Кара-Суу, Ат-Башы, Ала-Буга, Кара-Суу ж.б.

Нарын дарыясынын суусу апрелде кирип, сентябрда тартыла баштайт. Башталышындагы бир аз бөлүгү кышында тоңот, кышкысын Нарындын көп бөлүгүнө шыргалаң жана жээк муздары мүнөздүү.

Нарын дарыясынын Нарын шаарынын тушундагы жылдык (агымы) чыгымы 88,4 $м^3$\ сек. Суу кирген мезгилде 232 $м^3$\ сек (июль), тартылганда (январда) 25,2 $м^3$\ сек. Фергана өрөөнүндө (Үч-Коргон шаарынын тушунда) орточо чыгымы 432 $м^3$\ сек., эң көп чыгымы 963 $м^3$\ сек. (июнь), эң азы 161 $м^3$ \ сек. (февраль), сугатка негизинен Фергана өрөөнүндө кеңири пайдаланылат. Нарындан Чоң-Фергана каналы башталат. Ал эми Нарын шаарында жашылдандырууу, сугат жана башка чарбалык иштерди жүргүзүүгө жылдын жылуу мезгилинде Нарын дарыясынан Теке-Секирик аймагынан алынып чыккан Нарын каналынын суусу менен ишке ашырылат. Нарын каналы Жан-Булактын сугат талааларын суу менен камсыздап, мындан 33 км батыш жактагы Ат-Башы ГЭСи курулган Достук шаарчасынын чөйрөсүнө чейин барат. Андан тышкары, Теке-Секирик, Шаркыратма, Төш-Булак, Муздак-Булак сыяктуу майда суулар кошулат. Алар негизинен жер алдынан чыккан суулар – булактар.

Нарын гидроэнергетика ресурстарына өтө бай. Советтер Союзунун тушунда энергиясынын кубаттуулугу боюнча 7-орунда турган, потенциалдык ресурсу боюнча Волгадан кийинки 2-орунда. Жалпы кубаттуулугу 6956,3 миң кВт. Негизги план боюнча Нарындын алабына 22 гидроэлектр станциясын курууга болот. Учурда Нарын алабында Ат-Башы, Токтогул, Үч-Коргон, Таш-Көмүр ГЭСтери иштейт.

Нарын шаары электр энергиясын Достук поселкасындагы Ат-Башы ГЭСинен жана Орто-Азия бирдиктүү энергосистемасынан алат.

Мурдагы карыялардын эскерүүсүндө, Нарын дайрасы жана Шаркыратма суусу ичүүчү таза суу катары пайдала-



нылып келген. Аккан суулардан чакалап, апкөчтөп ташып ичүү ар бир үй-бүлө үчүн адат болгон. Суу түтүгүнөн пайдалануу ойго да келген эмес.

Нарын шаарында дарыяга салынган төрт көпүрө бар. Алардын экөө автомобиль транспортторун каттоо үчүн салынган. Эң биринчи ирет 1868-жылы Орус империясынын адистери тарабынан курулган.

## Топурагы, өсүмдүктөрү жана жаныбарлары

Топурагы негизинен ачык кубакүрөң жана кара коңур. Шаардын тушундагы сайдын жээгиндеги жайылмада терек, тал, чычырканак, жылгын, ит мурун, бөрү карагат, шилби, ыргай сыяктуу бадал өсүмдүктөрү өсөт. Ал эми тектирчелердин түзөң жерлеринде эфемер өсүмдүктөрү, чийлер, шыбактар, терискен, төө куйрук, сооган, бетеге, жылтыркан, кылкан баш, тулаң чөп, мандалак, адырашман жана башкалар бар. Тоо таянганда кургагыраак талаа шалбааларынан жогорураакта акырындап токой зонасына өтөт. Анда Тянь-Шань карагайлары, четин, тал, карагат ж. б. таралган.

2000-жылдан бери жерлердин дээрлик көпчүлүгү антропогендик ландшафтка айланууда. Шаар ичиндеги жана шаар айланасындагы ландшафтка аяр мамиле жасоо, камкордук көрүү боюнча иштер жергиликтүү бийлик тарабынан үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Суу боюндагы жана тоо боорундагы токойлордун тазалыгын сактабай, кайдыгерлик менен мамиле кылгандарга, көп өсүмдүктөрдү мыйзамсыз кыйган ээнбаштарга карата административдик чаралар колдонулат.

Шаардын тоо таянган токойлуу, шалбаалуу аймактарында суур, кашкулак, элик, зоокаларында тоо теке, тоо эчкилер кездешет. Канаттуулардан кузгун, таан, көгүчкөндөр, карга, таранчы, жылкычы чымчык, сагызган, короолу, күйкө, кулаалы байырлашат. Жергиликтүү калк шаардын аймагындагы жан-жаныбарларга аяр мамиле жасоо боюнча аракеттерди жасап, аңчылык жүргүзгөндөргө каршы иш алып барат.

***Шаршенбек АЛТЫБАЕВ,***
*СССРдин жана КРнын*
*География коомунун анык мүчөсү*



# НАРЫН ШААРЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮНҮН ТАРЫХЫЙ ӨБӨЛГӨЛӨРҮ (1868-1917-жылдар)

Теңир-Тоо чөлкөмүн каратып алууга Орусия империясынын төбөлдөрү кызыгып, Теңир-Тоо аркылуу Кашкарга түз жол ачууну көздөшкөн. Ушул максатты орундатуу үчүн 1863-жылы 3-майда генштабдын капитаны Проценко баштаган «Кашкар отряды» Теңир-Тоону көздөй аскердик жүрүшкө аттанган. Проценконун кошууну эч каршылыксыз эле Кызарт ашуусун ашып, Жумгал өрөөнүнө чейин келет. Жумгалдагы коргондон элүүгө жетпеген кокон сарбаздары каршылык көрсөтпөй чегинишет. Жумгалды ээлеген орус аскерлери Соң-Көл аркылуу Куртка чебине жүрүшүн уюштурган. Май айынын аягында эч согушсуз эле Проценконун кошууну Куртка чебин ээлешкен. Орус кошуунуна каршы Үмөтаалы Ормон уулу баш *болгон кыргыздар турушуп, 19-июнда* алар Эки-Чат деген жерде подпоручик Зубаревдун кошуунуна кол салышат. Аларды эки күндөн соң гана курчоодон Проценконун кошууну куткарган. Буга чейин 2-3 миң жигиттен турган Үмөтаалынын колу Нарын дарыясындагы көпүрөнү да бузуп салышкан. Эки-Чаттагы кыргыздардын чабуулунан Зубарев баш болгон жети солдат жарадар болуп, алардын экөө көз жумган. Үмөтаалынын катуу каршылыгы капитан Проценкону артка кайтууга аргасыз кылган. Бирок, бул аскердик жүрүштөн соң Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү Черик уруусунун башчылары 1863-жылы 13-октябрда Омбу шаарына барып, Орусияга баш ийгендиги тууралуу ант кабыл алышкан. Бул ант кабыл алуу шарттуу түрдө гана болуп, чериктер 1868-жылы Нарын чеби курулганга чейин көз карандысыз жашашкан. 1864-1865-жылдары Ички Теңир-Тоону мекендеген Бугу-Тынымсейит уруусу, Саяк уруусунун Кочкор, Жумгал, Кетмен-Төбөнү жердеген уруктарынын бир бөлүгү Орусияга баш ийдирилген. Үмөтаалынын карамагындагы Сарыбагыштар менен Осмон датка башкарган тогузторолук жана акталаалык Саяк уруусу Орусияга баш ийүүгө макул болбой, эркиндик үчүн күрөшүн уланта беришкен.

1860-жылдары Нарын шаарынын *негизги түзүлүшү майда соодагерлер*дин, ат такалачу усталардын, манты жана нан бышырган наабайчылардын жер үйлөрдү салуусунан башталган. Бул жерде башка жердегидей кыргын-сүргүн жок, жол ортосу болгондуктан кедей-кембагалдар үчүн ыңгайлуу эле. Алар өздөрүн эркин сезишчү. Кабар жеке эле Кыргызстандын аймагы эмес, Наманган, Анжиян тарабындагы өзбектин көпөстөрүнө дагы жеткен. Буга чейин азыркы Нарын шаарынын көпүрөсү жок болчу. Көпөс байлар кедейлерди жалдап иштетүү менен узун

жана чымыр карагайлардан кыйдырып келишкен. Аларды улаштырып, атчан киши өтүүгө ылайыкташтырып, көпүрө тургузушкан.

Ал эми 1867-жылы жайында Теңир-Тоого полковник Полторацкий кайрадан аскердик жүрүш жасайт. Ушул жүрүштө Кара-Кужурдан тартып, Ак-Сай, Чатыр-Көлгө чейинки аймакта 5-6 миң түтүн эли менен көчүп-конуп жүргөн Үмөтаалы орус бийлигине аргасыз багынып берген. Ал эми Осмон Тайлак уулу багынып берүүдөн баш тартып, Чыгыш Түркстанга өтүп кеткен. Орусиянын бийлиги полковник Полторацкийдин жүрүшүнөн соң Ички Теңир-Тоого биротоло орногон. Генерал-губернатор А.Колпаковский башында турган орус аскерлери азыркы Нарын шаарындагы №2025 чек ара аскер бөлүгү орун алган жерге жайгашып, 1868-жылы Куртка чебинин ордуна Нарын аскер чеби (казарма), аскердик лазарет курулган. Ошондой эле, Нарын суусуна падыша өкмөтү тарабынан көпүрө салынып, кайтарууга алынган. Нарын аскер чебинин, Нарын аскер бейтапканасынын ачылыш салтанаттарына, кадырлуу бийлер башында турган кыргыздар катышкан.

Нарын чеби стратегиялык жактан ыңгайлуу шартта орун алган. Анын гарнизону (жүз казак орустан жана эки атчандар ротасынан турган) маанилүү Пишпек – Нарын – Торугарт соода жолундагы Нарын дарыясына салынган көпүрөнү жана Пишпек-Токмок-Нарын маанилүү соода магистралын (кара жолду) кайтарып турган. 1871-жылы чепте болгон С.Янчевский: «Бул жерге бөтөн адамдын келиши өзүнчө бир зор окуя, ошондон баштап убакытты эсептей башташчу» деп эскерген. Чептегилердин зеригишинин себеби жергиликтүү тилди жана кыргыздардын салтын билбегендигинен улам болчу. Кыштакта жашаган адамдардын турмушу такыр башкача болчу. Алар эл арасындагы ырчыларды жана манасчыларды өтө баркташкан. Кыштакка ырчы-манасчылар келгенде жергиликтүү эл үчүн майрам сыяктуу болуп, буга кыштакта жашагандардын баары чогулушкан.

Ичкерки жактан башка улуттардын келишине, соода байланышынын күч алышына Нарын дарыясындагы көпүрөнүн жана Пишпек-Нарын кара жолунун курулушу чоң роль ойногон. Ошол кезде суунун боюндагы Айгыр-Жалдын күн чыгыш тарабында 7-8 жер там болгон. Бул кезде Шаркыратмадагы тегирменден башка эч нерсе жок болчу.

Казарманын айланасында соода жасаган уйгурлар, өзбектер, ногойлор, татарлар сокмо тамдарды салып, жергиликтүү калк менен аралаша башташат. Чептин жанында чет жакаларда көчүп-конуп жашаган кыргыздар адегенде боз үйлөрдө жашап, бара-бара жер кепелерди салышат.

Ошентип, тарыхта белгиленгендей, Нарын шаарынын түптөлүү процесси 1860-жылдары башталып, 1867-жылы тургузулган Нарын чебинен кийин өсүш алган. Орустун атактуу окумуштуусу В.В.Бартольд «Кыргыздар» деген эмгегинде «Нарын крайынын Россиянын карамагына биротоло өтүшү, 1867-жылы Нарынга аскердик чыңдоо салынышынан кийин гана болду» деп так белгилеген. 1867-жылы Россия империясы Нарынга аткычтардын эки

ротасынан турган 100гө жакын казак орустарды жайгаштырат. 1868-жылы казарма курулуп, жергиликтүү күчтөрдү пайдаланып, Нарын дарыясына көпүрө салынат. В.В.Бартольд кыргыз тарыхы боюнча тандалма эмгектеринде, «Нарын чебин жергиликтүү эл «Куп-рюк» «Көпүрө» деп аташат, мааниси шар аккан, кечип өтүүгө кыйын дарыяга көпүрө салууга ыңгайлуу жерлердин бири катары белгилүү болгондугуна негизделген» – деп белгилейт.

Орусия империясы жаңы каратып алган жерлерине жаңы башкаруу тартибин киргизген. Административдик-аймактык жаңы бөлүнүүлөрдү уюштурган. 1867-1868-жылдары чөлкөмдү башкаруунун жаңы жоболорун иштеп чыгышкан. Ички Теңир-Тоо чөлкөмүнүн айрым баш ийдирилген аймактары 1865-1867-жылдары Түркстан облусуна карап турган. 1867-жылы облус Түркстан генерал-губернаторлугу болуп түзүлүп, Теңир-Тоо чөлкөмү Ысык-Көл (кийин Пржевал) жана Токмок (кийин Пишпек) уезддерине караштуу болгон. Атайын иштелип чыккан жобого ылайык уезддер болуштуктарга, алар айылдарга бөлүнгөн. Баштагы уруу башчылардын, манаптардын кадыр-баркын эл алдында төмөндөтүү үчүн, чоң урууларды болуштуктарга бөлүп, аларды башкаруу үчүн болуштарды шайлоону киргизген. Натыйжада Кочкор, Жумгал эли Пишпек уездине, Ички Теңир-Тоонун калган бөлүктөрү Пржевал уездине караштуу болгон. 1910-жылы Пржевал уездинин Ат-Башы бөлүгүнө караштуу аймак төмөнкү 10 болуштуктан турган: Нарын (6 айыл, 851 түтүн), Шаркыратма (9 айыл, 1738 түтүн), Шатен (7 айыл, 824 түтүн). Жумгал, Кочкор өрөөнү да ушул сыяктуу майда-майда болуштуктарга бөлүнгөн. Ар бир үч жылда болуштар, старчындар, бийлер шайланып, шайлоо мезгилинде урук-урукка бөлүнүүлөр, араздашуулар күчөгөн. Империялык «бөлүп жар да, башкара бер» саясаты элдин, бирдиктүү уруулардын ынтымагын ыдыраткан. Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү көчмөн калктын ата-бабасынан берки жерлери жалпы мамлекеттин менчиги деп жарыя кылынып, ал жерлер кыргыздарга убактылуу пайдаланууга берилген. Салыктын түрлөрү Кокон хандыгынын мезгилинен да оор болгон. Улуттук, диндик басмырлоолор күчөгөн, эл колониялык зордук-зомбулуктун запкысын баштарынан кечиришкен.

Теңир-Тоо чөлкөмүнө чек ара чыңдоолорунун, аскер сепилдеринин курулушунун, соода-сатыктын жакшырганынын натыйжасында кыштактар пайда боло баштаган. Нарын, Ат-Башы, Казарман, Самсоновка (Кочкор), кийинчерээк Жумгал сыяктуу кыштактар түптөлүп, айрым кыргыздар да отурукташа баштаган. 1877-жылы декабрда Кытайдан дунган качкындары Нарынга келишип, алардын орун-очок алуусу үчүн кыргыздар жардамдарын аяшкан эмес.

Нарын чебинин жанында жайгашкан кыштак жайбаракаттык менен өстү. 1880-жылы Нарынга орустар көчүп келе баштащат. Алардын келиши менен жергиликтүү эл Европа үлгүсүндөгү алгачкы курулган үйлөрдү көрүшөт. Жергиликтүү эл акырындык менен алардан жер айдоону, үй курууну жана башка чарбачылыктын тармактарын үйрөнө башташат.

кылуу Нарын-Жалал-Абад соода жолу курулган. Нарында Кытай менен соода кылуу чоң роль ойногон. Бул пункт аркылуу Кашкардан товарларды алып келип - жөнөтүү ыңгайлуу болгон жана коңшу көчмөн кыргыздар менен соода-сатык жүргүзүүчү борбор катары пайдаланылган. Фергана өрөөнүнөн келишкен өзбек соодагерлери, Орусиядан келишкен соодагерлер да соода-сатык жүргүзүп турушкан. Соодагерлик менен алектенгендер Чыгыш Түркстан, Анжиян тарапка, Фергана өрөөнүнө мал айдап барышкан, ал жактан мата, кымкап, шуру, темирден жасалган идиш-аяк, үй буюмдарын алып келип, кымбат баада сатышса, жергиликтүү элден жүн, тери, кийиз, ээр токум сатып алып же товарларга айырбаштап соодалашкан. Жергиликтүү карыялардан оордон оозго айтылып калган эскерүүлөрүнө караганда бир кагаз ийне үчүн соодагерлер бир кой алган учурлары болгон.

Ат-Башыда бажыкана иштеп, 1883-жылдан баштап жарманке базарлар уюштурула баштаган. XIX кылымдын акыркы чейрегине чейин Теңир-Тоо чөлкөмүндө атчан жүргөнгө, мал айдаганга гана жарактуу жолдор болсо, сооданын өнүгүшүнөн, Кытай менен Орусиянын мамилелеринен улам жолдор салынып, араба жүрүүгө ыңгайлаштырылган. Он-Арча, Нарын сыяктуу сууларга араба жүргүдөй көпүрө салынган.

Архивдик маалыматтарга таянсак, 1899-жылы Нарын шаарынан Торугарт ашуусу аркылуу Кашкар тарапка 2614 төөгө, 44 атка, 15 эшекке 288,7 миң сомдук 30871 пуд товар жүктөлгөн кербенчилер өтүшкөн. Мындан тышкары, шаар аркылуу он миңге жакын кой, жүздөгөн уйлар айдалып өткөрүлгөн. Нарын бажыканасы аркылуу жылына эки багытка беш миңге жакын жүргүнчүлөр өтүп турушкан.

Нарын дарыясынын жээгиндеги шаркыратмада жалгыз тегирмен болгон. Нарында 70тен ашуун күркө мануфактурасы жайгашкан. 1913-жылы Нарын шаарында соода жайлардын саны 139га жеткен. Антсе дагы Кыргызстандын башка шаарларына караганда бул жерде турмуш кыйла оор болгон. Нан, өнөр жай товарлары, жашылчалар Верный, Пржевальск шаарларынан, жүзүм, шабдалы, өрүк өңдүү жемиштер Кашкардан алынып келинген. Карыялардын айтуусунда Нарында Шүкүрбек деген чала казак жашаган. Мурдагы үй башкармасы, «Кыял» бирикмеси жайгашкан кварталда үй-жайы, короосу, дүкөндөрү болгон. Көчөнүн өйүзүндө Абдымомун деген иниси жашап, ошондой эле чарба күткөн. Шүкүрбектин 20 төөсү, 7-8 жандоочу-жумушчусу болуптур. Кытайга чейин барып, соода-сатык жасап, Улуу Жибек Жолуна Нарындан чыйыр салгандыгын айтышат. Ар жолу соодагер сапарынан кайтканда «Керектүүңөрдү алгыла» - деп жигиттерин эркинче коё берүүчү дешет. Калганын дүкөнгө түшүрүп, бирок сатып алгандагы баасынан бир тыйын дагы ашырчу эмес экен. Мурзакмат деген дүкөнчү анын шакирти болгон.

Жергиликтүү эл мал чарба продукциялары менен өзүн толук кандуу камсыз кылган. 1913-жылдагы маалымат боюнча шаарда 160 түтүн, же 1500 чамалуу адам жашаган, ага жалпы соода-сатыгы 300 миң сом болгон 139 соо-

да пункттары туура келген. Ошондой эле, элүүгө чамалуу казак, жүздөгөн солдаттар жашап турушкан. Сырттан келген соодагерлер менен алардын кызматчыларын тейлөөчү үч кербен сарай, бажыкана, бир нече чайхана жайгашкан. Шаарда бут кийимди, кийимдерди, шаймандарды оңдоочу беш устакана иштеген. Мындан сырткары, орустардын бир чиркөөсү, бир мечит, беш устакана, бир фельдшер иштеген аскердик оорукана, он чакты бала окуган башталгыч орус мектеп болгон. Нарын алыскы түпкүрдөгү түнт, караңгы шаар болгондуктан бул жерге сүргүнгө айдалган адамдар келишкендиги маалымат булактарында жазылат.

Жол байланыштарынын өнүгүшү менен Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыздар ат арабаны пайдаланышып, почта ж. б. жол кызматтарына тартылышкан. Ар кандай максат менен Теңир-Тоо чөлкөмүнө Орусиядан саякатчылар келишип, айрым изилдөөлөрүн жүргүзүшкөн. Алардын Теңир-Тоо тууралуу жазгандары илимий журналдарга, Түркстан чөлкөмүндө чыгуучу гезиттерге басылган. Н.А.Северцов, В.В.Радлов, Н.Н.Пантусов, Н.А.Аристов сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде Ички Теңир-Тоо чөлкөмү тууралуу маалыматтар арбын. Мисалы, орустун географиялык коомунун экспедициясынын бир партиясы атактуу окумуштуу Николай Алексеевич Северцовдун жетекчилиги менен Пишпек жана Балыкчы өрөөндөрүнөн чыгып, айтылуу Долонду басып, Нарын, Сарт-Кечүү жана Ак-Сай өрөөндөрүндө илимий иштерди жүргүзүшкөн. Окумуштуунун эскерүүсүндө, азыркы Нарын шаары турган жерде эч кандай үйлөр жок экендигин, бири-биринен алыс коктуколотто көчүп жүрүшкөн чачкын кыргыздардын айылын гана учуратканын жазган. «1865-жылдары суунун боюнда кичинеден тилкелерге арпа, таруу айдашкан боз үйлүү кыргыздардан башка эч ким болгон эмес» – деп жазылган эскерүүдө. Ал эми Нарында болгон В.Сазанов: «Ким Нарынды курса, ал анын маанисин жакшы түшүнгөн. Нарын бийик тоолордун ортосунда жайгашып, андан үч жол: бири Кашгарга, экинчиси Ферганага, үчүнчүсү Ысык-Көл өрөөнүнө кете турганын билген» деп айткан.

Андан кийин ушул эле Тянь-Шань тоолорунда жашаган элдин үрп-адатын, жаратылыш байлыктарын изилдөө үчүн 1900-жылы география коомунун ботаниги В.И.Липский жаратылышы кооз, келечекте шаар курула турган жерлерди элестетүү менен жылдын төрт мезгилиндеги табигаттын сулуулугун сүрөттөгөн.

Орустун саякатчысы Семенов-Тянь-Шаньский 1913-жылы Тибет тооломуна чейин Нарын аркылуу өткөн.

XIX кылымдын экинчи жарымында Нарын тарапта сабаттуу адамдар ар бир айылда бирин-серин гана болсо, XX кылымдын башынан тартып алардын саны көбөйө баштаган. Билим берүү көбүнчө атайын даярдалган кыргыз үйлөрдө жүргүзүлгөн, жаңы усулдук мектептер Теңир-Тоо чөлкөмүндө XX кылымдын башында ачыла баштаган. Нарында 1913-жылы 12 окуучусу бар бир диний окуу жайы болгон. Көп өтпөй коммуна-мектеби уюшулуп, мектепте кыркка чамалуу бала окутулган. Мындай мектептер Октябрь төңкөрү-

шүнө чейин Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү айыл-кыштактарда ачыла баштаганына карабастан, кыргыз элинин билимге болгон кызыгуусун падышалык төбөлдөр этибарга алышкан эмес. Жер-жерлерге мектептерди ачууга аракеттер көрүлгөн эмес.

XIX кылымга чейин Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыздардын ден-соолугуна элдик табыптар кам көрүп келишсе, XIX кылымдын экинчи жарымында (1868-жылы) Нарында аскер бейтапканасынын ачылышы менен айрым орус дарыгерлери да келе баштаган. Нарындагы аскер бейтапканасында иштешкен Павлюц, эпидемиолог Лауренти сыяктуу дарыгерлер жергиликтүү элди да кабыл алып, айыл кыдырышып, сыркоо адамдарды дарылап турушкан.

XX кылымдын башынан тарта Нарын тарапта Орусиядан келишкен мал догдурлар да эмгектенишкен. Бирок, кыргыздардын мал багуудагы, дарылоодогу мол тажрыйбасынан улам, мал догдурларга болгон муктаждык жокко эсе болгон. XX кылымдын башында падышачылыктын колониялык саясаты Ички Теңир-Тоодо да күчөгөн. Элди бөлүп-жарып, болуштарды шайлоодо эки тарапты каршылаштырып коюп, падышалык төбөлдөр империялык саясатты тымызын ишке ашыра беришкен. Жергиликтүү элдин өздөштүрүлгөн мыкты жерлерин тартып алып, көчүп келген орус дыйкандарын отурукташтыруу саясаты Ички Теңир-Тоодо да көрүнгөн. Көчүп келишкен орус келгиндери сугат жерлерди, жолдун бойлорун ээлешип, мал айдаган кыргыздардын жол акысын доолап турушкан



Кыргыздардын жерлерин тартып алуу, өзүлөрүн тоо арасына сүрүп чыгаруу иш чаралары 1916-жылкы улуттук-боштондук көтөрүлүшкө чейин эле тымызын ишке ашырыла берген. Дыйканчылыкка ыңгайлуу Кочкор өрөөнүнүн көпчүлүк бөлүгү «ашыкча жерге» айланып, өз жерлерине кыргыздар ээ боло албай калышкан. 1914-жылы

башталган биринчи дүйнөлүк согушту шылтоолоп, кыргыздардан алынуучу салыктар, фронт үчүн милдеттүү жардам берүүнүн өлчөмү көбөйтүлгөн. Жерлери тартылып алынган, салыктан башы арылбаган кыргыздардын нааразылыктары, каршылык көрсөтүүлөрү күчөй баштаган. 1915-жылы күзүндө Шаркыратма болуштугунун эли көтөрүлгөн. Анын башында М.Суранчиев деген кыргыз туруп, тартылып алынган жерлерин кайрып берүү талабын коюшкан. Бирок алардын мындай талабы аткарылбаган соң, алар падышалык төбөлдөрдүн бирин өлтүрүшкөн. Бул үчүн Шаркыратма болуштугунан тогуз адам сүргүнгө Сибирге айдалган. 1916-жылы акталаалык кыргыздар салык төлөөдөн баш тартышкан. Аларды жазалоо үчүн нарындык аскерлер Ак-Талаага жөнөтүлгөн. Аларга Т.Едилбеков башында турган эл каршы туруп, бирок алардын күрөшү ийгиликсиз аяктаган. Ички Теңир-Тоонун жер-жерлеринде мындай нааразылыктар тез-тез чыгып турган.

1916-жылдын 25-июнунда падышанын 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектерди согуштун кара жумушуна чакырган жарлыгы чыдамы кетип, араң турган элдин социалдык жарылуусуна алып келген. Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү эл колуна курал алып, өз эркиндиги, улуттук боштондугу үчүн күрөшкө чыккан. Ысык-Көл, Чүй, Кемин өрөөнүндө көтөрүлгөн эл менен байланышып, боштондук күрөштүн башынан аягына чейин жигердүү аралашкан.

1917-жылы февраль айындагы төңкөрүштө падыша бийликтен кулаганы менен коомдук түзүлүш түп тамырынан бери өзгөргөн эмес. Түркстан чөлкөмүндө Орусия империясынын колониялык саясаты сакталуу боюнча калган.

***Сыдык Иманалиев,***
*С.Нааматов атындагы*
*НМУда окутуучу, доцент*



# СОВЕТ ДООРУ: ЖАҢЫ ОБЛУС БОРБОРУ

1917-жылдын 25-октябрында (7-ноябрда) Петроград шаарында большевиктер партиясы төңкөрүш жасап, пролетариат диктатурасынын орногонун жар салат. Ошол эле күнү ачылган Советтердин Бүткүл Россиялык 2-сьезди бийликтин Советтерге өткөнүн жарыялап, В.И.Ленин башында турган Эл Комиссарлар Кеңешин шайлаган. Съездде "Жер жөнүндө", "Тынчтык жөнүндө" декреттер кабыл алынган. Ал эми Орусияда жашаган бардык улуттарга өз тагдырын өзү чечүүнүн чыныгы укугун камсыз кылаарын билдирген убадасын элге жарыялаган.

1917-жылдын март айынын экинчи жарымында Нарын шаарында Солдат депутаттарынын совети түзүлгөн. Советтин курамында, президиумунда монархиялык түзүлүштү жактаган офицерлер, шаарда жашаган кулактар турган. Жергиликтүү элдин өкүлдөрү бул Советке кире алган эмес. Алгачкы түзүлгөн Кеңеш Нарындагы аскер гарнизонунан сыртка чыкпаган. Бийлик Убактылуу өкмөттүн жергиликтүү органдарына тиешелүү болгон. Убактылуу өкмөттү колдоо иретинде март айында Нарында Коомдук коопсуздук комитети уюму түзүлүп, анын курамына бай соодагерлер, кулактар, офицерлер кирип, башында эсерлер партиясы турган. Жергиликтүү дин адамдары, айрым кадыр-барктуу кыргыздар уюмга тартылган. Анткени менен уюмдун максат, милдетине жергиликтүү элдин абалын жакшыртуу кирбеген. Эмгекчилердин оор абалы өзгөргөн жок. Алар кулак жана жергиликтүү феодал жана бай-манаптар тарабынан колониялык жана улуттук эзүүгө туш болушкан. 1917-жылдын 21-майында Нарынга Ташкендеги Солдаттар депутаттар советинин өкүлдөрү келишип, демократиялык багыттагы айрым түзөтүүлөрдү киргизүүгө аракет жасашкан.

1917-жылдын 25-майында Нарынга командировкага жиберилген Түркестан крайлык советинин депутаттар тобу Үркүнгө барып келишкен калктын атынан ачка калышкандарга жардам көрсөтүү жөнүндөгү өтүнүчү менен Орусиянын жумушчу-солдат депутаттарына кайрылышкан. Алардын докладдык катында тоолуу крайдагы калктын коомдук-саясий турмушунун каардуу картинасы сүрөттөлгөн. Арызда: «Кытай жеринен 200 түтүн эл малжандан ажырашып, кайра келишкенине толук эки ай болду, дан менен мал болбогондуктан алар өздөрүнүн үй-бүлөлөрүн багууда кыйынчылыктарга дуушар болууда. Ошондуктан, дан жагынан жардам берүүсүн депутаттардан көптөн көп суранабыз» деп жазылган. Нарын шаарынын эли Кытайга үркүп барган эмес. Бирок, ошол кезде Кытайга үркүп барган кыргыздар кайра келе жатканда Нарынга токтоп өтүп турушкан. Ачкачылыкка дуушар болушкан кыргыздарга азык-түлүк берилүүчү пункт ачылып, материалдык жана медициналык жардам көрсөтүлгөн.

Депутаттар тобунун демилгеси менен Нарын шаарында өткөрүлгөн көп киши катышкан митингде гарнизондогу большевиктик көз караштагы солдаттар сүйлөп, убактылуу өкмөттүн органдарынан падышачылык чиновниктердин четтетилишин жана эмгекчил элге чыныгы эркиндик берилишин талап кылышкан. Митингде кабыл алынган резолюцияда ачкачылыкта калган эл үчүн акча жана азык-түлүк чогултуу жүргүзүлгөн. Бирок, буржуазиялык убактылуу өкмөттүн жергиликтүү органдары эл массасынын эрки менен эсептешпестен, падышачылыктын мурдагы колониялык саясатын жүргүзүүнү уланта берген.

1917-жылдын аягында жана 1918-жылдын башында Нарында большевиктер Хаким Мусабаев, Сулайман Орозбеков башчылык кылган жергиликтүү кыргыздардан чыккан большевиктерден турган өзүнчө топ пайда болуп, алар жергиликтүү калктын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн.

1918-1919-жылдарда Совет өкмөтүнө тилектеш болгон коммунисттер менен шаардыктар совет бийлигин чыңдоого активдүү катышышкан. Петрограддагы Октябрь төңкөрүшүнүн таасири Нарынга 1918-жылдын февраль айында гана араң жетип, көп өтпөй Нарындагы аскер гарнизонунда митинг өтөт. Митингге аскер адамдарынан сырткары аз сандагы жергиликтүү эл да катышкан. Большевик Хаким Мусабаев бул митингде сүйлөп, элге бийлик кимдин колуна тийгендигин түшүндүрүүгө аракет жасайт. Февраль, март айларында ал бир нече жолу жашыруун түрдө Шаркыратма суусунун жээгиндеги үйүндө элди жыйнап, аларды кеңеш өкмөтүн түзүү үчүн үндөгөн. Большевиктер тууралуу сөз кылганда кыргыздын тунгуч революционери Таабалды Жукеев-Пудовкиндин ысы-



мын эскербей коюуга болбойт. Ал ушул жылдын февралында жумушчулар тарабынан камактан бошотулган.

1918-жылдын 2-апрелинде Нарында Кеңеш бийлигин орнотуп, революциялык көз караштагы топту чыңдоо үчүн Верный шаарынан Дубовицский башчылык кылып, 200 кызыл гвардиячыдан турган куралдуу отряд келет. Алардын демилгеси менен 8-апрелде Нарын участкасындагы Солдаттар менен дыйкандар депутаттарынын Кеңешинин участкалык съезди чакырылып, Нарындагы Убактылуу өкмөттүн жоюлганын жарыялайт, анда революциялык аткаруу комитети шайланат. Жалаңдаган кызыл гвардиячылардын ишараатын көрүп, эч ким каршылык көргөзүүгө даай алышкан эмес.

1918-жылдын март айында Теңир-Тоо чөлкөмүндөгү Ат-Башы, Он-Арча, Саяк, Жуван-Арык, Ажы, Шаркыратма, Борукчу, Черикчи, Чеч-Дөбө болуштуктарында Кеңештер түзүлөт. Бирок, элдин ыркы бузулуп, кедейлер менен колунда бар байлар каршылашат. Манаптардын таасирин чектөөгө аракеттер жасалат. Нарындагы аскер гарнизонунда турушкан айрым аскер адамдары да айылдарды кыдырышып, элди совет өкмөтүнө тартууга үндөшкөн. Бирок, жаңы өкмөттүн саясатын түшүнө бербеген жергиликтүү эл дароо эле көнө коюшкан эмес. Апрель айынан августка чейин революциялык аткаруу комитети советтерди түзөт. 1918-жылдын экинчи жарымында Ат-Башы, Он-Арча, Эсенгул, Чоро, Шаркыратма жер-суу комитеттери негизделет. Теңир-Тоо чөлкөмүндө негизделген Кеңештерди коргоо максатында 1918-жылдын биринчи жарымында эле Нарында Кызыл Армия курала баштаган. Алар Кеңеш өкмөтүнө кирүүдөн баш тарткан адамдарды жазалап турган.

1918-жылы 13-майда Нарын шаардык-уезддик эл агартуу бөлүмү түзүлгөн. Бирок, Теңир-Тоо чөлкөмүндө Кеңеш өкмөтү орноп, анын таасири жер-жерлерге жеткени менен, жалпы эл Кеңеш бийлигин кабыл алууга ашыкпаган. Теңир-Тоо чөлкөмүндө негизги бийлик орундарында жергиликтүү элдин өкүлдөрү отурган эмес. Июнь айында Советтердин уезддик съезди болуп, анда уезддеги партиялык, советтик, чарбалык иштердин жыйынтыгы чыгарылат, революциялык уезддик комитеттин отчету талкууланат. Нарында жергиликтүү эл үчүн улут иштери боюнча 1918-жылдын аягында атайын бөлүм түзүлүп, бул бөлүм 1925-жылга чейин кыргыздар менен иш алып барган. Жергиликтүү элдин абалы оор бойдон кала берген. 1919-жылы биринчи жолу октябрь майрамы салтанаттуу белгиленет.

1920-жылдын 5-ноябрында мурдагы падышалык офицер, токмоктук кулак Д. Кирьянов жана нарындык кулак К. Бондарев жетектеген отряд Ат-Башыдан Нарынды көздөй аттанып, козголоң уюштурган. Д. Кирьянов чек ара полкун жетектегендиктен, аларды Нарында «Октябрь төңкөрүшүнүн 3 жылдыгын майрамдаганы барасыңар» деп алдап, жолдон «Кеңеш бийлиги кулады» деген ушак таратып, полктун саясий жетекчилерин, большевик комиссарларды туткундаган. Нарындагы аз сандагы 23-полктун батальонун куралсыздандырган. Ал жердеги кызыл

аскерлердин командирлерин, саясий кызматкерлерди камакка алып, уезддик-шаардык партия комитетинин төрагасы Х. Мусабаевди, уезддик саясий бюронун (ЧКнын) төрагасы С. Орозбековду өлтүрөт. 11-ноябрда Нарын уездиндеги бардык бийлик козголоңчулардын колуна өткөн. Андан кийин алар Токмок жана Пишпек шаарларындагы Кеңеш бийлигин жок кылууга аттанышкан. Ошол учурда Нарындагы козголоңду басууга 13-ноябрда Токмок шаарынан чыккан 2-өзгөчө полк менен 4-түркмөн полку чыгып, 14-15-ноябрда Шамшы ашуусунун жанында, Кочкор өрөөнүнүн чыга беришинде козголоңчулар менен катуу салгылашат. Ушул кармашта козголончулар жеңилип, Д. Кирьянов туткунга алынат. 18-ноябрда Долон ашуусунда козголоңчуларга дагы бир сокку урулуп, жеңилген козголоңчулардын калдыктары Чыгыш Түркстандын аймагына кире качышат. Шаар ошол эле күнү бошотулуп, Теңир-Тоо чөлкөмүндө Совет бийлиги, элдин тынчтык эмгеги калыбына келтирилет.

Мурдагы он жети болуштуктагы революциялык комитеттер кайра түзүлөт. Жер-жерлерде элдер бай-манап, кедейлерге бөлүнүп, элдин ынтымагы ыдырай берген. Колунда бар үй-бүлөлөрдүн байлыктарын күч менен тартып алуу саясаты Нарындагы элдин да кыжырын келтирет. 1921-жылы Согуштук коммунизм саясаты Жаңы экономикалык саясат менен алмаштырылган соң май-июнь айларында элден эпсиз салык жыйноо токтоит.

1921-жылдын 28-октябрында Нарын уездинин Кеңештеринин 1-съезди өткөрүлгөн. Уездден съездге 54 делегат катышкан. Съезд уезддин шайлоо комиссиясы үйлөмө аспаптардын аткаруусунда үчүнчү коммунисттик интернационалдык добушу астында ачылган. Уезддин шайлоо комиссиясынын атынан Советтердин 1-съездин куттуктап, К.Худайбергенов: «Азыр граждандык согуш бүткөндөн кийин биз эркин жана тынчтык мүнөздө чогулууга жана өзүбүздүн зарылчылыкты талкуулоого, уезддин экономикалык муктаждыктарын ылайыкташтырууга мүмкүнчүлүк алып олтурабыз» – деген. Съезддин күн тартибинде Кеңештердин алдыдагы милдеттери, азык-түлүк салыгы жана кооперация жөнүндө, дыйканчылыкты, мал чарбачылыгын жана кустардык өндүрүштү калыбына келтирүү, жакырлардын орус-тузем союзу тууралуу маселелер каралып, тийиштүү чечимдер кабыл алынган.

Кытайдан келген качкын кыргыздарга да айрым жеңилдиктер каралып, 1921-жылы 5 миңге жакын качкын кыргыздар салыктан бошотулган. 50 теше жерге качкындар үчүн эгин эгилген.

1920-1921-жылдары Нарын уездинде бир клуб, төрт китепкана, үч чакан окуу залы, төрт боз үйдө окуу бөлмөсү, бир киноаппарат, кыргыздардан турган бир чакан элдик театр, сабатсыздыкты жоюу үчүн үндөгөн мектептер болгон. 1920-жылы Нарында каросуз калган өспүрүмдөр үчүн балдар үйү ачылып, анда 99 бала окуган.

1921-1922-жылдары Жети-Суу чөлкөмүнүн башка аймактарындай эле Теңир-Тоо аймагында да жер-суу реформасы жүргүзүлгөн. Анын негизги максаты жерди теңдеп бөлүштүрүү болгон. Жер-

суу реформасын ишке ашыруу уезддеги 1200 коммунистке, анын 27 баштапкы уюмуна жүктөлгөн. 1921-жылдын апрелинде Нарын уездинде 2800 адамдын башын бириктирген, кедей-кембагалдардын жана жалчылардын он уюму түзүлөт. Жер-суу реформасынын натыйжасында Нарын уездинде 8 миң чарба отурукташтырылат.

1924-жылы Кыргызстан өзүнчө автономиялык облус болуп түзүлүп, анын курамында Каракол, Нарын, Пишпек, Жалал-Абад, Ош округдары болгон.

1924-жылы 7-декабрда Кара Кыргыз автономиялуу областынын 1924-1925-жылдардагы жергиликтүү бюджетин бекиткен. Анын ичинде Нарын шаарынын бюджети үчүн 38982 сом 44 тыйын каралган.

Теңир-Тоо чөлкөмүндө элди жерге биротоло жайгаштыруу иштери 1925-1926-жылдарга чейин уланган. Кыргыздар жерге жайгашууда уруктук, туугандык белгилери менен пайдалануу принциптерин тандап алышкан.

1929-жылы "Жарды-жалчы уюму" кайрадан түзүлгөн. Бул уюм 1921-жылы негизделип, "Кошчу" уюму деп аталган. Уюмдун аты көрсөтүп тургандай, Теңир-Тоо аймагындагы социалисттик кайра түзүүлөр Кыргызстандын башка чөлкөмдөрүндөгүдөй эле кедей-кембагалдардын кызыкчылыгын коргогон. Ошондуктан, социалисттик кайра түзүүлөрдө, ар кандай реформаларды ишке ашырууда колунда бар үй-бүлөлөр жабыр тартышып, алардын укуктары тепселген. Бул кыргыз эли үчүн кайгылуу көрүнүштөрдүн бири болгон.

1929-жылы Жайлоо кеңештери түзүлгөн, бирок алар да жайлоолорду мурдагы ээлеринен тартып алып, жарды-жалчыларга бөлүштүрүүгө аракеттенишкен. Теңир-Тоо чөлкөмүндө Жайлоо кеңештери Ак-Сай, Арпа, Кара-Кужур, Соң-Көл, Солтон-Сары жайлоолорунда негизделип, иш алып барышкан. Жайлоолорду мурдагы ээлери сарамжалдуу пайдаланып келишсе, кийин туш келди пайдалануудан жайлоонун куту кете баштаган.

1926-жылы 6-декабрда Бүткүл союздук борбордук комитетинин Президиумунун чечими менен «Кыргыз автономиялуу областынын администрациясынын бөлүнүшү жөнүндө» декрет кабыл алынат. Анын ичинде Нарын өзүнчө кантон болуп, Караколдон ажыратылып, өз алдынча административдик бирдикке ээ болуп, Нарын кантонунун борбору болуп Нарын шаары аталган.

1927-жылдын 25-январында Нарын болушунун Советтеринин съезди өткөрүлгөн.

1927-жылы 28-январда Бүткүл Россиялык Комитетинин Президиумунун атайын токтому чыгып, анын негизинде Нарын шаарына «шаар» статусу ыйгарылган. Ага М.И.Калинин кол койгон.

1927-жылдын декабрындагы ВКП(б)нын 15-съезди, 1929-жылдын январындагы Кыргыз облустук партконференция Нарын дубанында да колхоздоштурууну ишке ашырууну милдеттендирген. Айыл чарбасын коллективдештирүү жогортодон келген көргөзмө менен аткарылгандыктан, жергиликтүү шарт эске алынган эмес. Анткени менен ушул 1927-жылдан тартып өнөр жайды өнүктүрүү үчүн алгачкы кадамдар жасалган. 23-июлдагы Нарын кантондук аткаруу коми-

тетинин президиумунун кеңешмесинин №20 протоколунда шаарда нан жабуучу жана эт сатуучу күркөлөрдү уюштуруу жөнүндө чечим кабыл алынгандыгы жазылган. Кантондук аткаруу комитетинин отчёттук докладында Нарын кантону курулуш боюнча эң артта калгандыгы, бул ишти тезинен колго алуу, мектеп жана мугалимдер үчүн үй, ошондой эле клуб салуу керектиги белгиленген.

Ошондой эле, 1929-жылдагы ВКП (б)нын Пленумунун, 1930-жылдын 5-январындагы, 20-февралындагы партиялык жыйындарынын токтомдору колхоздоштурууну күч менен ишке ашырууга жол берген. Борбордон айыл чарбасы менен тааныштыгы жок 25 миң жумушчуну 1929-жылдын аягында колхоздоштурууга көзөмөл кылуу үчүн жер-жерлерге жиберген. Алардын айрымдары Кыргызстанга, анын ичинде Нарын дубанына да келишкен. 1927-жылы Нарын дубанында 21008 дыйкан чарбасы болсо, алардын 20673 кыргыздарга, 90 - орустарга, 89 – өзбектерге, 156 башка улуттарга тиешелүү болгон.

1928-жылдан баштап Кыргызстанда райондоштуруу реформасы башталган. 1930-жылдын 23-июлунда Нарын району түзүлгөн.

1935-жылы октябрь айында Чехословакиянын эрдик баатыры, жазуучу жана журналист Юлиус Фучик Нарынга келген. Ал «Нарын очерктери» деген эмгегинде «Тянь-Шанда Швейцариянын ажайып кооз өрөөндөрүндөгүдөй ажайып шаарлар өсүп чыгат. Аны менен катар азыркы кезде кайберен гана өтө алуучу жалгыз аяк жолдордун ордуна трассалар курулуп, санаторийлер, мектептер, клубдар, театрлар салынат» – деп жазган.

Шаардык Совет жана аткаруу комитети партиялык уюмдардын жетекчилиги астында шаардын экономикасы менен маданиятын жогорулатууга тереңдеп кийлигише баштайт. Отузунчу жылдарда жергиликтүү өнөр жайды өнүктүрүүгө көңүл бурулат. 1936-жылы 13 адам иштеген наабайкана ачылып, жылына 382 тонна нан бышырып чыгарган. Токой чарбачылыгында курулуш үчүн карагайлар даярдалып, кол күчү менен тактай тилинген.

Майыптардын «Тянь-Шань» артелинде квас суусундугун даярдоочу цехте 7 адам иштеп, шаардыктарга жайкы сезондо 111 миң литр квас берип



*Нарындагы бул үйдө 1935-жылы Ю. Фучик жашап кеткен*

турушкан. Адегенде майыптар артели болуп түзүлгөн ишкана өндүрүш артелине айландырылат. Анда кийим, бут кийим тигүү, акиташ бышыруу цехтери иштейт. Нарында ошол кезде 6 адам эмгектенген басмакана болгон. Ошол эле жылдарда шаарда «Кыргызгосстройдун» участкасы ачылып, анда отуз алты жумушчу коммуналдык үйлөрдү ремонттоп, акиташ бышырып, кыш куюшкан. Айыл чарба шаймандарын ремонттоочу устаканада он эки адам иштеген. 1940-жылы мамлекеттик тегирмен иштей баштаган. Ага чейин ун суу тегирмендеринде тартылган.

Нарын шаарынын калыптанышына жана өнүгүшүнө бир катар тоскоолдуктар болуп турган. Мисалы, шаардын темир жолдон алыстыгы шаардын жакшы өнүкпөгөндүгүнүн бирден бир себеби болчу.


1937-жылы жылына 150 миң киловатт-саат электр энергиясын иштеп чыгаруучу кичинекей ТЭЦ, 1940-жылы Он-Арча ГЭСИ жана мамлекеттик тегирмен пайдаланууга берилген. ТЭЦ шаарды жарык менен толук камсыз кыла алган эмес.

1938-жылы Нарын дубанында 58 айыл кеңеши 19 райондун борбору менен телефон аркылуу байланыша алган.

1938-1940-жылдары шаардын күн чыгыш тарабына Нарын дарыясы аркылуу өтүүчү көпүрөнү куруу ишке ашырылган.

1940-жылы Теңир-Тоонун борборунда 148 км таш жолу салынып, анда 11 миң адам иштеген. Бардык райондор дубандын борбору Нарын шаары менен таш жолдор аркылуу бириктирилген.

1941-жылы чакан өнөр жай комбинаты иштеп, анда үй эмеректерин жасоочу, кийим, бут кийим тигүүчү жана ремонттоочу цехтер иштеп, промыселдик кооперация пайда болот. Ушул жылы шаардын бардык өнөр жай ишканалары 1343,2 миң сомдук продукция чыгарган. Бул жылдары кубаттуу техникалар, өндүрүшү механизациялаштырылган, эмгек өндүрүмдүүлүгү жогору болгон ишканалар жокко эсе болучу. Буга транспорттук байланыштын начардыгы терс таасирин тийгизген. 1962-жылы өнөр жайы менен курулушту бирге алганда шаардын коомдук өндүрүшүндө бардык эмгекке жарамдуу калктын 16 пайызы иштесе, тейлөө тармактарында жана административдик чарбалык аппаратта дээрлик 75 пайызы топтоштурулган.



*Он-Арча ГЭСИ*



Шаарда бул жылдары маданий-агартуу мекемелери өнүккөн. 1939-жылы музыкалык драма театры ачылып, анын ийгиликтери Нарын шаарына гана эмес, андан тышкары көп жерлерге маалим болду. Мындан театр искусствосунун бир топ мыкты мастерлери тарбияланып чыкты.

Нарын шаары 1939-жылга чейин негизги планы жок, бытыранды курулуп келген. Негизги пландын 1-схемасы 1939-1940-жылдары түзүлгөн. 1941-жылы 100 гектар аянтчага ар кандай жаңы турак-жайлар тургузулган.

Нарын шаарындагы автотранспорттун пайда болушу, өсүп-өнүгүшү жөнүндө архивдик маалыматтарга таянсак, Кыргызстанда автотранспорт чарбалары 1924-жылы өнүгүп баштаган. Ал эми Нарын жеринде биринчи автобаза 1945-жылдын декабрь айында, азыркы медициналык окуу жайынын жатаканасынын ордуна уюшулган. Алгачкы Нарын автобазасында 22 адам эмгектенген, анын биринчи начальниги Бондарев болгон. Автобазада «ЗИЛ-5» үлгүсүндөгү жүк көтөрүмдүүлүгү 3 тоннадан ашпаган 10 автомашина бар эле. 1946-жылдан баштап базанын жумушчу кызматчыларынын күчү менен мастерскойлор, складдык бөлмөлөр курула баштаган. Барган сайын автопарк толукталып, жылдын акырында автомашиналардын саны 25ке жеткен. Бул жылдары жүк ташуунун көлөмү 300 миң тоннадан ашкан эмес.

1947-жылы автобазага «ГАЗ-03» үлгүсүндөгү төрт автобус алынган. Ошон-

дон баштап, шаар менен айыл арасында автобус каттамдары жүргүзүлө баштаган 1955-жылы автобазадагы машиналардын саны 100гө жеткен, алардын ичинде «ГАЗ-651» үлгүсүндөгү автобустар дагы болгон. 1956-жылы шаардын ичинде биринчи жолу автобус жүрүп, шаар калкын ташый баштаган. Нарын автобазасынан 1956-жылы Ат-Башы автоколоннасы, 1956-жылы Кочкор автоколоннасы бөлүнүп чыккан. 1958-жылы автопарктын саны 150гө жетип, бардык мекемелерди, уюмдарды тейлеп турган.

Нарын жүк ташуучу автобазасынын имараты 1959-жылы курулуп баштап, 1961-жылы бүткөрүлгөн. Автобазадан 1964-жылы Ак-Талаа, 1965-жылы Жумгал, 1978-жылы Тогуз-Торо, 1983-жылы Тянь-Шань, 1971-жылы Нарын жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазалары бөлүнүп чыккан. Автотранспорт тармагынын өскөндүгүнө байланыштуу 1971-жылы «Нарын автораноспорттук башкы ишканасы» уюшулган. 1993-жылы анын карамагында жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуучу 517 автомашина болгон. Анын ичинен жүк ташуучу автобазасында 243, Нарын автомектебинде 16, автовокзалда 2 машина болгон.

Жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуучу Нарын автобазаларында «Эмгек Кызыл Туу» ордендүү Асанкожо Өмүров, Төлөмүш Өмүров, Темирбек Сартбаев, Бусурманкул Чымырбаев, Ленин ордендүү Кадыр Мамбетов, Кадыр Жылкычиев, Владимир Жуков, Олжобай Кенейбаев сыяктуу тажрыйбалуу адистер



эмгектенишкен. Эмгек жолун Нарын жүргүнчүлөр автобазасында кыймылдын коопсуздугу боюнча инженер болуп иштөөдөн баштаган «Элдер достугу» орденинин ээси Бекиш Алымкулов Нарын өндүрүштүк транспорттук бирикмесинин генералдык директору болуп иштеген.

1950-1952-жылдары толук көлөмдөгү негизги план архитекторлор М.А.Милов, инженер Л.Л.Хворостинская тарабынан түзүлгөн. Бул планда шаар аймагынын зоналарга бөлүнүшү, турак үйлөрдүн кубаттуулугу, шаардын борбордук бөлүгүн реконструкциялоо каралган. 1979-жылы шаардын негизги планын архитекторлор Н.Карленко, В.Иванов, А.Стрижаченко, Л.Гришковец, инженер-экономист Т.Жантиева, Г.Жирба, транспорт боюнча инженер Г.В.Падряк тарабынан кайрадан иштелип чыккан. План боюнча Нарын шаарынын өнүгүшү экономикалык жактан гана эмес, борбордук бөлүгүндөгү отурукташуу системасынын абалы менен дагы байланыштуу каралган. Пландын негизинде шаар курулушун Нарын дарыясын бойлой табигый ландшафт менен айкалыштырып өнүктүрүү долбоорлонгон. Ичке өрөөндүн ичинде Нарын шаары 15 км узундукка чейин бурулмак. Бул жерде өнөр жай ишканалары, склад зонасы, 3-микрорайон жайгашмак.

Шаардын композициялык чордонун Т.Үсубалиев (мурдагы В.И.Ленин) атындагы борбордук аянт түзөт. Борбордук аянтка улай музыкалык драма театры жана маданият үйү жайгашып, балдардын кинотеатры курулмак. Эки аянт тең гүлзар аркылуу кошулуп, бирдей архитектуралык ансамблди түзмөк.

Административдик жана коомдук мекемелердин имараттары негизинен Ленин атындагы көчөдө жайгашкан. Узундугу боюнча (20 км ашуун) бул көчө дүйнөнүн кайсы шаары болсо дагы эң узун деген көчөсү менен теңтайлаша алат.

***

Дүйнөлүк үстөмдүккө жетүүнү көздөгөн немистик баскынчылардын 1941-жылдын 22-июнунда СССРге кол салуусу менен кыргызстандык жоокерлер, алардын катарында Теңир-Тоо жергесинин алдуу-күчтүү азаматтары согуштун биринчи күнүнөн тартып эле аскерге жөнөтүлүп, батышта фашисттер менен баатырларча кармашышкан.

Кыргыз Республикасынан жалпы 326 900 адам армияга чакырылып, анын 154 209, кыргыздардан 54 миң 297 адам



курман болуп, дайынсыз жоголгон. Булардын арасынан 74 жоокер «Советтер Союзунун Баатыры» болду, 21 - «Даңк» ордени менен сыйланышкан.

Нарын шаардык аскер комиссариатынын архивинен алынган маалымат боюнча, согушка Нарын облусу боюнча 19 496 адам чакырылган. Анын ичинен 2142 аталарыбыз курман болуп, кайтпай калган. Дайынсыз жоголгондор 3241 адамды түзгөн. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Советтик Армиянын катарына 5820 адам тартылган (армияга кабыл алынгандардын китебинде шаар жана райондор бөлүнгөн эмес). Булардын ичинен 2380 адам көз жумган жана дайынсыз жоголгон. Улуу Ата Мекендик согуштан 3440 адам кайтып келген. Нарын шаарындагы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондордун жана дайынсыз жок болуп кеткендердин эскерүү китебине 424 жоокер киргизилген.

Нарын шаарынын жашоочулары Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында оорукта иштеп, замандын оор жүгүн майышпай көтөрүшкөн. Кан күйгөн согуш талааларында жан аябай салгылашып жүргөн советтик жоокерлерге чоң жардамдарды көрсөтүшкөн.

Бул жылдары айрыкча байланыш кызматындагы адистердин орду салмактуу болгон. 1942-жылы телеграф-телефон линиясын куруу жана ремонттоо боюнча иштер жүргүзүлгөн. Радиотүйүндөрүнүн инженерлери, техниктери, мастерлери өз милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарышып, кадрларды даярдоо жана аларды күнүмдүк практикада үйрөтүүгө маани беришкен.

Шаардагы булгаары заводунун алдында кийим тигүү цехи ачылып, цехте тигилген тумак, мээлей, тон өңдүү жылуу кийимдер Кызыл Армияга жөнөтүлүп турган. Константинова, Бесекеева сыяктуу тикмечилер өз нормаларын ашыгы менен аткарышып, иштери бааланып турган.

Нарын шаарында жумушчулардын коомдук тамактануусун жакшыртуу, өндүрүш муктаждыктарын камсыздоо максатында көмөкчү чарбалар уюштурулган.




Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде фронтту чыңдаш үчүн тылды айыл чарбасы, өнөр жайы менен бекемдөө керек эле. Мына ушул максатта 1942-жылдын 12-ноябрында Нарын шаары дагы бир өнөр жай ишканасы менен толукталды. Ростов шаарынан көчүрүлүп келинген булгаары заводунун бөлүмү уюштурулган.

1945-жылдан баштап ростовдук жети мастердин жана Нарын шаарынын отузга чукул жумушчусунун биргелешип чыгарышкан продукциясы фронтко жөнөтүлө баштады. Колхоздордун талабынын өсүшүнүн натыйжасында бут кийим жана арабага керектелүүчү шаймандарды чыгаруучу кошумча цехтер ачылды. 1943-жылы 200дөн ашуун бут кийим чыгаруу мүмкүнчүлүгү болгон.

Заводдун бөлүмүндө иштеген жумушчулардын саны көбөйүп, 1944-жылы 130га жеткен. Кыргыз, орус, еврей, уйгур, өзбек сыяктуу көп улуттун өкүлдөрү бир үй-бүлөдөй ынтымактуу эмгектенишкен. Кыргыз М.Ажиев, өзбек А.Ахметакунов, орус И.С.Иванов сыяктуу жумушчулар өздөрүнүн айлык жана жылдык пландарын 120-150 пайызга аткаруу менен башка кесиптештерине үлгү көрсөтүшкөн. Өз тарыхында заводдун аталышы бир нече жолу өзгөртүлгөн. Адегенде Жеңил өнөр жай элдик комиссариатына баш ийип, булгаары заводу, андан кийин 1945-жылы бут кийим-тигүү фабрикасы деп аталып, 1957-жылга чейин кеңири пайдалануудагы өнөр жай товарлар министрлигине түздөн-түз баш ийген. 1963-жылы Нарын тигүү фабрикасы деп аталган.

Улуу Ата Мекендик согуш шаардагы өнөр жай ишканаларынын ар бир жумушчу-кызматчысына олуттуу талаптарды койду. Ишканалар фронтту жана элди тийиштүү товарлар менен камсыз кылып, жергиликтүү ресурстарды, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрдү билгичтик менен акырына чейин пайдаланып жатышты.

Нарын шаарынын жашоочулары согуштун алгачкы жылдарында Тянь-Шандын эмгекчилери менен биргеликте өлкөнү коргоо фондусуна бир миллион төрт жүз миң сом накта акча берди жана бир миллион беш жүз элүү тогуз миң сомдук мамлекеттик заёмдун облигацияларына жазылышты. «Күнөстүү Кыргызстан» деген истребителди курууга 441 миң сом беришти. Мындан тышкары, шаардын жалпы жумушчулары 8-9-ноябрдагы иштеп тапкан эмгек акыларын дагы берип турушкан. 1942-жылы мындай демилгени «Тянь-Шанец» артели, нан заводу, кирпич заводу жана башка ишканалар колдоп чыгышты. Шаардыктар согуш бүткөнгө чейин өлкөнү коргоо фондусуна бир-эки күндүк эмгек акыларын чегерип турууну чечишти. Ал эми кийим тигүү фабрикасынын тикмечилери ай сайын он эки күндүк эмгек акыларын чегерип турушкан. Архивдик маалыматтарга караганда, согуш мезгилинде Тянь-Шандан, мунун ичинде Нарын шаарынан өлкөнү коргоо фондусуна 153 центнер эт, эгин, май жөнөтүлүп, 223666 сом акча которулуп, 931094 сомдук заёмдун акциялары сатылып алынган.

Согуш жылдарында «Кыргызстан колхозчусу», «Кыргызстан пионери», «Жаш колхозчу» деген танктарды курууга миллиондогон акча каражаттарын, көп сандаган мал, тонналаган эгин тапшыргандыгы үчүн Нарын районунун эмгекчилерине Кызыл Армиянын атынан СССРдин куралдуу күчтөрүнүн жогорку башкы командачысы бир нече жолу алкыш айткан телеграммаларды жиберген.

Согуш бүткөндөн кийин шаар акырындап мурдагы өзүнүн калыбына келип баштаган. Нарында коомдук тамактануу, жеңил өнөр жай тармактары, токой чарбасы өнүккөн.

Нарын шаарында жыл сайын 9-май – Жеңиш күнү чоң салтанат менен белгиленет. «Өлбөс полк» жүрүшү – ар жылда Жеңиш күнүндө салтка айланган саамалык. Шаар тургундары «Чабандес» саябанынан тарта Чкалов чөлкөмүндөгү Жениш паркына чейин ардагер аталарды көч башы кылып, бир нече километр аралыкты жөө басып, көкүрөккө сыймык толтуруп, мекенчилдик сезим менен Улуу Ата Мекендик согуштагы жоокерлердин кан кечкен жолун, ооруктагылардын көз жаштарын эскерип, алардын элестерине баш ийип, таазим этишет.

Нарын шаарында учурда согуштун жана эмгектин ардагерлеринин үйү бар.

Мамыт Ногойбаев, Усубалы Итибаев, Кадыр (Чилде) Эсенаманов, Абдыкерим Эшкулов, Жаманкул Алаев, Аруун Ажиев, Үсейин Абдразаков, Сейталы Жакыпов, Суран Шалтаев, Мукаш Найманбаев, Исак Төрөбаев, Аскар Сулайманов, Шонко Абакиров, Эсеналы Арзыматов, Идин Алманбетов, Кулмат Нарынбаев, Орунбүбү Жакеева, Бокол Насыров, Абдрахман Калыков, Дүйшөнбай Тиленбаев, Дүйшө Турсалиев, Абыкерим Бактыгулов, Сатыбай Орозбеков, Үсөн Өмүрзаков өңдүү жүздөгөн ардагерлер жалпы журтчулуктун сүймөнчүлүгүнө арзып, согуштун, эмгектин жана партиянын ардагерлери болушкан.

*****

Кыргыз ССРинин Министрлер совети тарабынан 1946-1950-жылдарда Кыргыз ССРинин эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүүнүн беш жылдык планы иштелип чыккан. Нарын эли Улуу Ата Мекендик согуштун калтырган кесепетин жоюу, экономика менен маданиятты өнүктүрүү үчүн чоң күч-аракет жумшаган. Ошол кездеги эмгекчилер депутаттарынын Тянь-Шань областтык советинин аткаруу комитетиндеги маалыматтарга караганда, беш жылдыктын биринчи жылдыгынын планын ашыгы менен орундатууда Тянь-Шань областынын эмгекчилери дагы жакшы натыйжаларга жетишкен. Жалпы облус боюнча коомдук мал чарбасын өнүктүрүү башкы орунда турса, Нарын шаарында өнөр жайдын өнүгүшүнө зор маани берилген. Жаңы имараттарды, жергиликтүү жашоочулар үчүн турак-жайларды курууга көңүл бурулган. 1946-жылда социалдык-маданий чараларды үзгүлтүксүз каржылоо, мектептердин ишин жакшыртуу, маданий-агартуу мекемелерин кеңейтүү колго алынган.

Нарында аба каттамын ачууга аракеттер көрүлө баштаган. Нарын шаарына алгачкы самолет 1946-жылы келип конгон. Ошол жылдан авиация Бишкек-Нарын маршруту боюнча почта, кийинчерээк жүргүнчүлөрдү ташый баштаган. 1990-жылга чейин аба жолу аркылуу Нарын республиканын борбору Бишкек, Ош, Чолпон-Ата, Каракол шаарлары, айрым айыл-кыштактар менен байланышып турган. 1954-жылдан «Нарын» аэропорту иштеген. Ал «Як-40» самолетун, «Ми-2», «МИ-8» вертолётторун кабыл алган.

Салыктын жүгүртмөсүнөн түшкөн киреше 1945-жылга караганда 1946-жылы 4 0546 миң сомду түзүп, же бол-

боюнча 38,5 пайызга көбөйгөн. Бул областта, анын ичинде Нарын шаарында товар жүгүртүүнүн жана өнөр жайларынын продукциясын чыгаруусунун өсүшүн көрсөтөт. 1947-жылы Нарын шаарындагы педагогикалык окуу жайын жакшыртуу, шаардагы мончону ремонттоо, шаардын суу түтүктөрүн жана электростанциясын жакшыртуу боюнча акча каражаттары бөлүнгөн.

1947-жылы Нарын шаарынын жана областтын райондук борборлорунун келбетин жакшыртуу, реконструкциялоо менен эмгекчилердин жашоо-турмушуна жагымдуу шарт түзүү боюнча иш-чаралар иштелип чыккан. Бул максатта 850000 сом акча каражатын бөлүү каралган. Кыргыз ССРинин Коммуналдык чарба министрлиги Тянь-Шань областтык коммуналдык чарбасына шаардын жана райондордун борборлорунун ирригациялык тармактарын тазалоо жана ремонттоо, короо-жайларды, көчөлөрдү тазалоо, жашылдандыруу-көрктөндүрүү иштерин жүргүзүү, дубалдарды актоо ж.б. тапшырмаларды милдеттендирген. Архивдик маалыматтардан мисал келтирсек, 1947-жылдын 26-мартындагы калктуу пункттардын келбетин жакшыртуу боюнча планга ылайык, Нарын шаарында питомниктерге көчөттөрдү отургузууга 2,5 миң сом, көчө бойлото бак-дарактарды отургузууга 9,5 миң сом бөлүнгөн. Электрлампалары менен жарыктандыруу болгон эмес, бирок 15 даана керосин лампаларын орнотуп, жарыктандырууга беш миң сом каралган. Мындан тышкары, жолдорду, көпүрөлөрдү оңдоого, жөө адамдар өтүүчү жолдорду жасоого, шаардын ички жолдорун оңдоп-түзөөгө, жолдорду жана аянттарды тазалоого акча каражаттары бөлүнүп, тиешелүү иштер жүргүзүлгөн.

1947-жылы Нарын шаарындагы кирпич заводу шаардагы курулуштарды толук камсыздай алган эмес, андыктан заводду кеңейтүү жана ремонттоо үчүн 50 миң сом бөлүнүп берилген. Ошондой эле, Нарын шаарындагы телефон станциясы техникалык талапты канааттандыра албагандыктан, узундугу 750 метр кабелди жер алдынан жүргүзүүгө 150 миң сом акча каражаты жумшалган. Тянь-Шань облусу боюнча 1946-1950-жылдарга каралган капиталдык курулуштарга жалпысынан 8 млн 198 миң сом каралса, мунун дээрлик жарымы Нарын шаарында курулуш иштерин жүргүзүүгө чыгымдалган.



1947-жылы Нарын шаарынын өнөр жай комбинатынын имараты тикмечилик-булгаары комбинатына берилип, жеңил өнөр жайынын көлөмүн көбөйтүүгө шарт түзгөн.

1946-1949-жылдары өнөр жай чыгарган товарлардын өндүрүшү өскөн. Ал 50дөн 80 пайызга чейин жеткен. Согуштан кийинки жылдарда элдин социалдык жашоо абалы менен маданияты өскөн. Эл жалпыга маалымдоо каражаттарына көп көңүл бурган. Шаардын ар бир үй-бүлөсү гезит менен журналдарга жазылышкан. Шаардын бир күндүк почтасы 3663 нусканы түзүп, борбордук, республикалык жана жергиликтүү гезиттерден турган. Анын эки миндейи журнал, 300-400 кат болгон. Ар бир үйгө радио жеткирилген. Телеграф менен телефон Нарын областтын райондору жана жалпы республиканын аймагы менен байланыштырган. Шаардыктар китеп окууга кызыккан. Согуштан кийинки беш жылда шаардын борборунан китеп дүкөнүнөн 120 миң китеп сатылып, акчалай баасы жарым миллионго жеткен.

Нарын шаары областтын окуу жана маданий борборуна айланган. 1945-жылы Нарын шаарында медсестраларды даярдоочу эки жылдык мектеп ачылган. 4,5 штаттык бирдик менен кызматкерлер кабыл алынып, алардын айлык маянасынын фонду 1350 сомду түзгөн. Мектепке алтымыш абитуриент кабыл алынган.

Согуштан кийинки жылдары эки орто мектеп, педагогикалык окуу жайы, медициналык окуу жайы, ветеринардык мектеп болгон. Мисалга алсак, 1950-жылы Нарын шаарынын Ленин көчөсүндө он жылдык мектептин имаратын куруу үчүн бир гектар жер аянты бөлүнүп берилген.

Шаарда жүздөгөн жаштар орто билим алышкан. Нарын педагогикалык окуу жайынын 150дөн ашуун бүтүрүүчүсү облустун мектептеринде эмгектенишкен. Бир жылда окуу жай 95 мугалимди даярдап чыгарган.

1950-жылдардын башында шаарда жергиликтүү калкты 17 дүкөн керектүү товарлар менен камсыз кылган. Соодандын кеңейиши шаардын калкынын жашоо-шартынын жылдан жылга оңолушун шарттады. Эгерде 1946-жылы шаардын калкы өндүргөн өнөр жай товарлары 11 млн рублди түзсө, ал эми 1949-жылы 18,8 млн рублди түзгөн. 1950-жылдардын башында көптөгөн чарба, идиш-аяк, бут кийим дүкөндөрү ачылган. Согуштан кийинки он жылдыкта шаарда медициналык жайлар көбөйө баштаган. Аялдардын ден соолугуна байланыштуу кеңеш берүүчү бөлүмдөрү бар оорукана ачылган. Квалификациялуу врачтардын саны өскөн.



1950-жылдан тартып жекече курулуштар көбөйүп, шаардын инфраструктурасы жакшырган. Шаарда суу түтүктөрү, мончо, мейманкана, кинотеатр иштеген, шаар электростанциясынын кызматы менен камсыз болгон.



1960-жылдары шаарда коммуналдык турак үйлөрдү, маданий, турмуш-тиричилик мекемелерин, өндүрүш ишканаларын курууга көңүл бурулган. Шаарда жаңы типтеги менчик турак үйлөрдүн саны арбыган. Жекече турак-жай куруучулар үчүн мамлекет тарабынан насыя каражаттар, материалдык жардамдар көрсөтүлгөн. 1960-жылы жалпы аянты 1248 чарчы метр болгон көп квартиралуу турак үйлөр бүткөрүлүп, орто эсеп менен ар биринин пайдалуу аянты 30 чарчы метр келген 40 үй пайдаланууга берилген. Балдар үчүн атайылап курулган бала бакчанын имараты жок болгондуктан, балдар үчүн имараттар ыңгайлаштырылып, оңдолуп түзөлүп, бала бакча катары иштеген. Медициналык, соода, байланыш мекемелеринин базасы жакшыртылган. 1960-жылдан жети-сегиз жыл аралыгында 1380 орундуу үч мектептин имараты, 300 орундуу жатак мектептин имараты, 100 орундуу ресторан, эки кабат дүр-дүйнө дүкөнү, 250 орундуу кинотеатр, республикалык оорукананын Нарын шаарындагы төрөт, хирургия, терапия бөлүмдөрү, турак-жайлар ж.б. болуп жалпы 85 курулуш объектиси бүткөрүлүп, ишке киргизилген.

1960-жылдагы маалыматтар боюнча, Нарын шаарында чыгыштан батышка жана түндүктөн түштүккө карай кеткен 29 көчө болгон. 1960-1970-жылдары 21, 64 квартиралуу жаңы үйлөр салынып, шаардын Москва аймагындагы төрөт үйүнүн, эт комбинатынын, курулуш материалдарын саткан универсалдык дүкөндүн курулуштары бүткөрүлгөн. Ошол эле учурда сокмо же кирпич менен курулган негизинен бир кабаттуу үйлөр басымдуулук кылган. Боз дубалдар менен курчалган короолор көп эле. Турак-жай кварталдары жана микрорайондор 116 гектар аянтты ээлесе, 1980-жылы 191 гектарга, анын ичинде 3-4 кабаттуу курулуштар зонасы 53 гектарды, 2-3 кабаттуу курулуштардын аянты 108 гектарды, ал эми 1-2 кабаттуу курулуштардын аянты 29,7 гектарды ээлеген. Коомдук мекемелердин участкасы 12,4 гектар аянтты ээлесе, ал дагы 20 гектарга кеңейтилген. Бак-дарактар тигилип, жашылдандырылган участкалар 60 гектарга жеткирилген.

1962-жылы өнөр жайлар менен курулушту бирге алганда, анда шаардын коомдук өндүрүшүндө иштегендер бардык эмгекке жарамдуу калктын 16% көбүрөөгү гана болгон, ал эми тейлөө тармактарында жана административдик чарбалык аппаратта дээрлик 75% калк иштеген.

1964-жылдын 7-ноябрында Ала-Мышык тоосунун чокусундагы Ала-Мышык станциясы ишке берилип, нарындыктар көгүлтүр экран аркылуу телеберүүлөрдү көрүп баштошкан. Буга чейин иштетилип келген «ТРСА» аппараты резервге чыккан. 1967-жылы бул аппараттын өркүндөтүлгөн, тагыраагы, 20-25 эсе кубаттуу «Якорь» маркасындагы аппараты ишке киргизилген. Ушул жылдын август айынан баштап, нарындыктар үчүн 4-канал иштей баштаган. Бул жерге электр кубаты Нарын шаарынан берилген. Электр энергиясы жетпей калган учурда дизель пайдаланылат.

1960-1965-жылдары өнөр жай товарларын өндүрүү 225,9%, ал эми өнөр жай өндүрүштөрүндө иштеген адамдардын саны 2,5 эсеге өскөн. Жыл өткөн сайын өнөр жай өндүрүшүнүн темпи күчөп, андагы иштеген жумушчулар менен кызматкердин саны өстү. Маселен, 1960-жылдан 1967-жылга чейинки мезгилдин ичинде дүң продукцияларын өндүрүү үч эсеге, андагы иштегендердин саны эки эседен ашык көбөйгөн. 1967-жылдагы маалыматка таянсак, республиканын өнөр жайлары өндүргөн дүң продукциялардын 0,52 % гана Нарын шаарынын үлүшүнө туура келген.

1980-жылдын башында партиянын Нарын шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп иштеген Жуман Акималиевдин айтканына караганда, бул жылдары шаар турмушунун жалпы өнүгүшүнө, жашылдандырууга көңүл бурулган. Алгач мекемелердеги тартипти чындоо колго алынган. Ал кезде Нарын шаарынын көп көчөлөрүндө асфальт жок, булганыч болгондуктан, кыш мезгилине карабай Нарын суусунун жээгиндеги таштандылар чыгарыла баштаган.

1980-жылдын март айында Ысык-Көлдүн Ак-Суу районундагы питомниктен карагай, сосна жана башка бак-дарактарды көчөттөрү алынып келинип, борбордук көчөнүн боюна отургузулган. Педагогикалык окуу жайдын алдындагы азыркы С.Жакыпов атындагы парк уюштурулган. «Нарынжол» курулуш ишканасынын башчысы Бектуровдун жардамы менен Ленин көчөсүнүн башынан аягына чейин тротуар салдырылды. Транспорт министри Кыдырма Орозалиевдин көмөгү, обкомдун биринчи катчысы Матен Сыдыковдун колдоосу менен эки жылдын ичинде шаардын майда көчөлөрүнө чейин асфальт төшөлдү. Ага чейин шаардын жашылдандыруу, көрктөндүрүү жумуштары үчүн жылына 600 миң сомдон каралып келген болсо, 1980-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасы Сопубек Бегалиевдин жана финансы министри Алиаскар Токтоналиевдин жардамы менен 3-4 миллион сомдон бөлүнүп бериле баштады.

1980-жылдан М.Сыдыков атындагы чөлкөм, мурунку «Москва» кичи району негизделди. Бул аймактын сейсмикалык шарты катаал болгондуктан




курулуштардын пайдубалы терең казылып түптөлдү. Ошентип, 10 миң кишилик турак үйлөр, 1064 орундуу мектеп, 140 орундуу бала бакча, төрөт үйү курулуп ишке киргизилди. Бул курулуштардын бардыгына электрдик жылытуу системасы орнотулду. Врачтарга, мугалимдерге, артисттерге үйлөр берилген. 20 гектар жер курулуш талаптарына жооп бербегендиктен чайканасы, жер алдындагы суу менен агып келтирүүчү ажатканасы, балдар үчүн тири бар парк курулуп, 1985-жылы 9-майда салтанаттуу ачылышы болуп, «Жеңиш» паркы деген ат менен пайдаланууга берилди. Муну менен азыр шаардын борборундагы «Ала-Too» мейманканасы ресторану менен алмашкан. Шаардын батыш тарабына жайкы кино театры менен «Алма Бак» паркы курулган. Нарындын балдары сууда сүзгөндү билбей калып атат деп Шаркыратмага жана «Алма Бакка» балдар сүзгөндү үйрөнүүчү бассейн жасалган. Жогорудагы жетишкендиктер үчүн Нарын шаары төрт жолу республикалык Ардак тактага илинген.

Ошол жылдары РТС жана «Госплемстанция» аймактарына жүздөн ашык турак-жай курулуп, жер титирөөдөн жараксыз болуп калган Кызыл Армия, Кеңеш, Союз көчөлөрүндөгү үйлөр көчүрүлүп, алардын ордуна борбордук отказан, ардагерлердин ооруканасы, борбордук поликлиника курулган. Борбордук сквер, Алма-Бак паркы кайрадан калыбына келтирилип, көчөлөргө жарык берүүчү лампалар орнотулуп, аллеяларга, тротуарларга гүлзарлар тигилген.

Москва аймагындагы 17 гектар жердеги парк, батыш тарабындагы ту-

рак жайлар, К.Жакыпов атындагы орто мектеп сыяктуу көптөгөн курулуштар бүткөрүлүп, шаардын көркүнө көрк кошкон. 1986-жылы өнөр жайында кыйла жаңылануулар, өсүштөр болду. Суткасына 30 тонна нан чыгаруучу завод, балдардын сүт азыгын даярдаган цех иштеп, ал эми шаардагы ири ишкана делген эт комбинатынын муздаткыч кубаттуулугу 1750 тоннага жеткен.

Ажайып кооз жерге ири суммадагы каражат менен салынган «Салкын-Төр» эс алуу комплекси шаардыктардын көңүл ача турган жайына айланып, сырттан келген меймандардын купулуна толгон. Шаарды көрктөндүрүү-жашылдандырууга, тазалыктуу шаарга айландырууга өзгөчө көңүл бурулуп, «Үлгүлүү үй» жана «Үлгүлүү подъезд» деген карoo-сынактар уюштурулуп турган.

**1986-1987-1988-жылдардагы Нарын шаарындагы экономиканын жана маданияттын өнүгүшүн төмөндөгү таблицалар аркылуу салыштырып байкоого болот.**

| Жылы | Нарын шаарындагы өнөр жай товарларынын өндүрүлүп чыгарылышы | План: | Факты: | Аткарылганы % менен |
|---|---|---|---|---|
| 1986-1987-1988-жылдарга | Эт комбинаты | 32250 | 32279 | 103% |
| | Нан азыктары комбинаты | 12321 | 12976 | 105,3 % |
| | Кийим тигүү фабрикасы | 10400 | 10285 | 98,9 |
| | Сүт заводу | 6350 | 7212 | 113,6 |
| 1986-1987-1988-жылдарга | Азык-түлүк комбинаты | 2912 | 3002 | 103,1 |
| | Нарын курулуш материалдары | 4170 | 3998 | 96,9 |
| | Типография | 461 | 466 | 101 |
| | ПЭС | 6343 | 6563 | 103,5 |
| 1988-жыл үчүн | ЖБИ заводу | 1260 | 1260 | 100 |
| Жалпы Нарын шаары боюнча | | | | |
| Жогорудагы үч жылга | 76467 | 79041 | 103,4 | |
| | | | | |

**Нарын шаары боюнча өнөр жай продукцияларынын маанилүү түрлөрү**

| | Түрү | Өлчөө бирдиги | 1986-жыл | 1987-жыл | 1988-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Эт – бардыгы | Тонна | 5595 | 6008 | 5575 |
| 2 | Колбаса азыктары | Тонна | 206 | 213 | 205 |
| 3 | Сары май | Тонна | 97 | 84 | 95 |
| 4 | Малдын майы | Тонна | 336 | 352 | 400 |
| 5 | Сүт азыктары | Тонна | 4445 | 4724 | 3827 |
| 6 | Нан жана нан азыктары | Тонна | 4141 | 3837 | 46,77 |
| 7 | Кирпич, курулуш | Млн даана | 14,3 | 16,8 | 12,3 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Курама темир бетон | Метр куб | - | - | 1640 |
| 9 | Бетон жаб-дуулар | Метр куб | | - | 3500 |
| 10 | Бетон, товар-дык | Метр куб | - | - | 7000 |
| 11 | Армату-ра, то-вардык | Тонна | - | - | 300 |
| 12 | Кен эмес мате-риалдар | Метр куб | - | - | 2500 |
| 13 | Тигүү буюм-дары | Миң рубль | 3477 | 3288 | 3520 |
| 14 | Кошмо тоют | Тонна | 44568 | 46036 | 40597 |
| 15 | Гезит | Миң нуска | 4279,4 | 4671 | 5645 |
| 16 | Бланк-тар | Миң барак | 812,3 | 739 | 868 |
| 17 | Электр энер-гиясы-нын өн-дүрүмү | Саа-тына млн квт | 113,7 | 114 | 133,5 |

Ар кыл кездемелерден аялдардын жана эркектердин улуттук кийимдери тигилген кийим тигүү фабрикасын 1984-1991-жылдары жетектеп турган Арпачы Тайсаловдун айтымында,





шаардагы өнөр жай продукцияларынын көлөмү жылдан жылга көбөйгөн.

XII шаардык-партиялык конференциясынын материалдарынан алынган маалыматка ылайык, автоунаа транспорт каражаттары аркылуу 1986-жылы 6260 жүргүнчү ташуу пландаштырылса, иш жүзүндө 7594 жүргүнчү ташылган. Бул көрсөткүч 1987-жылы 8371 жүргүнчүнү түзгөн, ал эми 1988-жылы жүргүнчүлөрдү ташуу 7750 адамды түзүп, үч жыл ичинде Нарын шаарында 23716 жүргүнчүлөрдү тейлөө кызматы көрсөтүлгөн.

1970-1990-жылдар аралыгында шаардын административдик борбору жаңыртылган. Облустук, шаардык, райондук мамлекеттик органдардын, профсоюздар советинин, почтанын, турмуш-тиричилик үйүнүн, мейманкананын, ресторандын, көп кабаттуу үйлөрдүн, №1 бала бакчанын, кийим тигүү фабрикасынын, сот, финансы, прокуратура органдарынын, билим берүү борборунун, мамлекеттик банктын, облустук ички иштер башкармалыгынын имараттары бүткөрүлүп, пайдаланууга берилген. Мындан тышкары, үч кабаттуу балдар ооруканасы, төрт кабаттуу бейтапкана, М.Рыскулов атындагы музыкалуу драмалык театрынын имараты, өндүрүштүк багыттагы бир нече имараттар курулган. Бул объектилерди бүткөрүүгө республиканын Жогорку Советинин депутаты, КРнын эмгек сиңирген куруучусу Мамед Музабековдун, Нарын шаарынын башкы архитектору болуп эмгектенген Дюшеке Айтиевдин эмгектери чоң.

Нарын шаарынын тарыхый таржымалы жөнүндө сөз кылганда, Ат-Башы ГЭСи, Достук поселкасы жөнүндө айта кетүү кажет.

Ат-Башы суусунун Нарын дайрасына куйган жеринде тар капчыгай орун алган. Кийин бул кууш капчыгайдын тар жерине жыгачтан көпүрө салынган. Карыялардын айтымында, андан жөө адам өтсө да солкулдап турган. Көпүрөгө кире бериштеги мизилдеген тоонун этек жагында эки мүйүзү тикчийген шайтандын сүрөтү бар болучу дешет. Бул жерге кийинчерээк темирбетондон турган бекем көпүрө курулуп, мурунку аталышы боюнча Шайтан көпүрө деп аталып калган.

Ат-Башы ГЭСинин курулушу 1963-жылы башталып, 1970-жылдын декабрында ГЭСтин биринчи агрегаты иштеп, 1971-жылдын январында пайдаланууга берилген. ГЭСтин ишке берилишине байланыштуу салтанаттуу митинг өткөрүлүп, ага Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Турдакун Усубалиев катышкан.

Эске салсак, ГЭСтин курулушунда 3000ге чамалуу адам иштеген. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Топчу Батаканов парткомдун секретары болуп иштеп, «Эмгек Кызыл Туу» ордени жана башка сыйлыктар менен сыйланган. ГЭСти куруучуларды негизги бөлүгү Үч-Коргон ГЭСинен келишкен. Ошондой эле Нарын, Ысык-Көл Чүй өрөөнүнөн, Сибирден, Ыраакы Чыгыштан, Украинадан, башка боордош республикалардан түркүн кесиптеги адистер, дасыккан, жумушчулар келишкен. ГЭСтин курулушу менен бирге чакан шаарча пайда болуп, ондогон турак үйлөр, жатаканалар, 200 орундуу маданият сарайы, бала бакча, соода, байланыш түйүнү иштеген. 1968-жылы республиканын Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен шаар тибиндеги «Достук» поселкасы деп аталып, Нарын шаарына карап, административдик-чарбалык жактан шаардык советке баш ийген. ГЭС жылына орто эсеп менен 120 миллион киловатт – саат электр кубатын иштеп чыгарып, ишке киргизилгенден бери кеткен чыгымды ашыгы менен актаган.

***Гүлжамал ЭСЕНАЛИЕВА,***
*С.Нааматов атындагы*
*НМУда окутуучу, доцент*


*Ат-Башы ГЭСи*

# ЭГЕМЕН МЕЗГИЛДЕГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮЛӨРҮ

1993-жылдын 19-апрелинен облус эркин экономикалык аймак аталып, анын жалпы жобосу кабыл алынган. Торугарт аркылуу Кытайга жолдун ачылышы да облус үчүн зор мааниге ээ болгон. Нарын облусунда жүргүзүлгөн агрардык-жер реформасынын биринчи этабы (1991-1993-жылдары) рентабелдүүлүгү төмөн колхоз-совхоздорду реорганизациялоодон жана алардын жерин дыйкандарга таратып берүүдөн башталып, калкка жер үлүштөрү, чарбадагы мүлк үлүштөрү берилген.

Эгемендүүлүктүн эң алгачкы жылдарында эле Кыргыз Республикасында билим берүү маанилүү мамлекеттик маселе катары аныкталган. Коомдун турмушундагы ири социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр мектепке чейинки билим берүү тармагына да таасир тийгизбей койгон жок. Айрыкча мектепке чейинки мекемелерди каржылоонун төмөндөшү, алардын кыскарышына алып келген. Каралып жаткан жылдарда Нарын облусундагы мектепке чейинки балдар мекемелери 4 эсеге кыскарган. Айыл жергесинде ведомстволук балдар мекемелери толугу менен жоюлган, мунун негизги себеби облустагы колхоз-совхоздордун реформаланышы менен балдар мекемелери алардын эсебинен каржыланбай калган.

Мектепке чейинки балдар мекемелеринин кыскарышына жана балдар бакчасында акы төлөөнүн жогорулагандыгына байланыштуу, мектепке чейинки билим алчу балдардын саны да кескин кыскарган. 2005-жылы 1991-жылга салыштырмалуу Нарын облусунда балдар мекемелерине барган балдардын саны 3722 балага, ал эми айыл жергесинде 1015 балага кыскарган. Ушул жагдайларды эске алуу менен билим берүү системасын жакшыртууга, аны базар экономикасына ылайык реформалоого карата мамлекеттик деңгээлде бир кыйла иш-чаралар көрүлүп келген. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон бери «Билим берүү мыйзамы», Билим берүүнүн мамлекеттик доктринасы, «Билим» (1996-ж.), «XXI кылымдын кадрлары» (1995-ж.), «Жеткинчек» (1999-ж), «Аракет» (1998-ж.) ж.б. маанилүү документтер кабыл алынган. «Өнүгүүнүн комплекстүү негиздери» программасында да жакырчылыкты жоюу максатынын бир багыты катары билим берүүнү эл аралык деңгээлге шайкеш өнүктүрүү жана реформалоо маселелери белгиленген.

Өткөөл мезгилде жүргүзүлгөн реформалар биздин коомубуздун бүткүл жашоо чөйрөлөрүнө, бардык түзүмдөрүнө, анын ичинен айыл мектеп-

теринин ишмердиктерине да олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизди. Нарын облусунда 2005-2006-окуу жылында 137 мектеп болсо, анын ичинен 123 же 90% айылдык мектептер болгон.

Республикадагы жалпы билим берүүчү мектептердин педагог кадрлар менен камсыз болушун анализдөөдө, Нарын облусунда башка облустарга салыштырганда мектептердин педагог кадрлар менен камсыз болушу жогору болгон. 1996-жылы Нарын мамлекеттик университетинин ачылышы жана ушул университетте мугалимдик кадрлар даярдала турган бөлүмдөрдүн болушу облустун мектептерин мугалим кадрлар менен камсыз болушуна чоң жардам берген.

Нарын облусунун калкынын интеллектуалдык, илимий жана экономикалык потенциалын көтөрүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 22-майындагы Жарлыгы менен Нарын мамлекеттик университети (НМУ) ачылган.

Билим берүүнүн маанилүү тармагы болуп кесиптик-техникалык билим берүү эсептелинет. Областын рыноктук мамилеге өтүү мезгилинде кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсүнө чет өлкөлүк адистер жана чет өлкөлүк уюмдар менен кызматташуу да жакшы жардам беришкен. 2001-жылдан бери Нарын облусунун кесиптик окуу жайларында «Хельветас» Швейцариялык эл аралык кызматташуу ассоциациясынын колдоосу менен «Айылдык кесиптик билим берүү» долбоору боюнча жети кесиптик окуу жайда «фермер» жана «фермер айым» кесиптерине окутуу жүргүзүлгөн. «Хельветас» айылдык кесиптик билим берүү долбоору менен биргелешип иштешүүдө кесиптик окуу жайларынын теориялык жана практикалык окууларына жаңы инфаструктуралар түзүлүп, инновациялык методдор киргизилип, республикада Нарын облусунун кесиптик-техникалык билим берүү системасы жакшы жетишкендиктерге ээ болгон.





Нарын облусу өзүнүн татаал климаттык шарты, борбордон алыстыгы, бир тараптуу айыл чарба региону болгондуктан ар дайым мамлекеттен каржыланып, дотацияда туруп келген. Өлкөдө жер жана агрардык, социалдык-экономикалык реформаларды жүргүзүүдө республиканын жалпы калкына кандай кыйынчылыктар келсе, ал облустун элинин үлүшүнө эки эсе көп туура келген. Облустагы жакырчылыктын өсүшү, жумушсуздуктун көбөйүшүнө да байланыштуу болгон. Облус боюнча официалдуу статус алган жумушсуздар 2005-жылдын аягында 7822 адамды түзүп, 1998-жылга салыштырганда 40 пайызга өскөн. Экономиканы өнүктүрүүнүн жана кедейчиликти жоюунун таасирдүү жолдорунун бири бул калкты жетиштүү кредиттик ресурстар менен камсыз кылууга байланыштуу. Микрокредиттөө системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, кайталап кредиттөө системасына жол ачуу керек, анткени кыска мөөнөттө өндүрүштү толук жолго коюп кетүү (айрыкча мал чарбасы менен алектенген фермерлерге жана дыйкандарга) дайыма эле мүмкүн эмес экенин турмуш көрсөттү.

Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалар начар өнүккөндүктөн фермерлер жана дыйкан чарбалары өздөрү өндүргөн продукцияларынын 95% арзан баада сатууга аргасыз болушкан. Жакырчылыкты жоюуда эң маанилүү фактор болуп орто жана чакан бизнести өнүктүрүү болуп саналат. 2001-жылдын ичинде облуста катталган 344 чакан жана орто бизнес субъекттеринин ичинен болгону 19% иштеген, алар өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн 6,6% өндүргөн. Иштеген ишканалардын саны 2000-жылы 97 болсо, 2005-жылы 91 болуп, 6,2% азайган. Чакан жана орто бизнес субъектилеринин ишинин ушундай төмөн деңгээли, алардын айылдарда аз санда

экендиги кыйла проблемалар барды-гын күбөлөп турат. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй айыл чарбасы өнүккөн учурда гана мамлекеттин материалдык жыргалчылыктары камсыз болуп, көптөгөн социалдык маселелер тезинен чечилип келет.

Эгемендик мезгилинде жалпы облустун, анын ичинде Нарын шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө, коомдук-маданий турмушунда олуттуу өзгөрүүлөр болду. Элибиз айтарлык ийгиликтер менен бирге бир катар оорчулуктарды, оош-кыйыштарды башынан кечирди. Мамлекетти өнүктүрүү жаатында КР Президенти, КР Өкмөтү жана Кыргыз Өкмөтүнүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү тарабынан белгиленген стратегиялык жана өнүктүрүү программаларынын, КР тиешелүү мыйзамдарынын алкагында Нарын шаарынын жетекчилиги алгылыктуу иш-аракеттерди жүргүзүп келүүдө. Нарын шаарынын калкы шаардын өнүгүп-өсүүсүнө жалпылап көмөк көрсөтүп, өнүккөн, таза, келечеги кең шаарда татыктуу жашоо, эмгектенүү үчүн өз салымдарын кошууда.

Нарын шаары республиканын көрсөткүчтөрүндө анчалык салмактуу орунду ээлебегени менен 50 миң чарчы километр аянтты кучагына алып, жалпы Нарын аймагында көрүнүктүү орунда туруп, жергиликтүү маанидеги экономикалык борборлордун катарына кирет.

Совет мезгилинин соңку жылдары Нарын шаары заманбап жабдуулар менен жабдылып, техникасы кеңири колдонулган көп тармактуу, өнөр жайлуу өнүккөн шаарлардын бирине айланган. Кийим тигүү фабрикасы, дан азыктар комбинаты, сүт заводу, темир-бетон жасалгаларынын заводу, пластмасса буюмдарын чыгаруучу «Теңир-Тоо» заводу, төрт автоунаа ишканасы, басмакана, өнөр жай өндүрүшүнүн башка тармактары болгон.



1992-жылы Нарын шаарындагы кичи ишканалар, бизнес борборлору, акционердик коомдор 170 млн сомдук иш аткарышкан, 46,2 млн сомдук эл керектөөчү товарларды чыгарышкан.




Шаарда 1991-1992-жылдарда бардык турмуш-тиричилик жактан тейлөө объектилери, бир катар соода мекемелери, өнөр жай, транспорт ишканалары менчиктештирилген. Жети ишкана жана уюм акционердик коомго айландырылган. 500 квартира акысыз, 76 квартира сатуу жолу менен менчиктештирилген.

Нарын шаарынын эгемендүүлүк мезгилинин алдындагы экономикалык өнүгүүсүнө көз чаптырсак, Нарын шаары 1992-жылы 4431 тонна сүт, 4088 тонна нан чыгарып, 19638 тонна эгин айдаган. Жыл ичинде 123,4 миллион киловатт-саат электр энергиясы иштелип чыккан, 11 миллион даанадан ашык кыш чыгарылган. Эт комбинатынын мал чарбалуу облустагы мааниси өтө чоң болгон. Комбинат курулганга чейин мал чакан кушканаларда союлуп келген. Бул ашканалардын, ооруканалардын, бала бакчаларынын, жалпы эле шаардыктардын эт азыктарына болгон талабын канааттандыра алган эмес. Нарын эт комбинатынын курулушу 1961-жылы башталып, 1964-жылы бүтүрүлгөн. Комбинаттын алгачкы жылдагы кубаттуулугу мал союу боюнча бир мөөнөттө 10 тоннага, колбаса жасап чыгаруу бир тоннага ылайыкташтырылган. Ал эми эт сактоочу муздаткычтын сыйымдуулугу 600 тоннадан 1850 тоннага чейин, мал союу 20 тоннага чейин жеткирилген. 1991-жылга чейин жыл сайын орто эсеп менен 200-220 миң кой, 10 миңден ашык бодо мал союлуп келген.

Комбинат 1992-жылы 3282 тонна эт, 53 тонна колбаса, 181 тонна кургак тоют, 9 тонна жарым фабрикат, 60 тонна оролгон эт өндүргөн. Жылдын жыйынтыгында 242 миллион 154 миң сомдук товардык продукция өндүрүлгөн. Же болбосо жыл ичинде 2 миллиион 9 миң сомдук киреше табылган, 12 цех арендалык ыкма менен иштеген. Комбинаттын алдында эки кичи ишкана ачылып, калктын күндөлүк керектелүүчү азык түлүктөрүн жана кийим-кечектерин чыгарган.

Эт комбинаттын тике маңдайында жумурай журттун бардыгына керектүү нан заводу менен сүт заводу жайгашкан. Булар шаардыктарды жайы кышы, мейли жайкы аптаптарда же кышкы чилдеде болсун нан менен актан өксү

кылбай багып келген. Нан заводу күн сайын шаарга беш түрдүү 13-14 тонна нан чыгарса, сүт заводу төрт тонна чамалуу сүт азыктарын берген. Нан заводунун мастери Гүлбүбү Исмаилбекова, камыр жууруган адистер Күлсүн Кудайбергенова, Дамира Дүйшөмбиева, мастер Бурул Үмөтова, сүт заводунан аппаратчысы Гүлбүбү Өмүрканова, айдоочу Садырбек Термечиков, лаборант Күлүйпа Мамышева, башкы механик Виктор Феденко ишеничтүү, ары белсемдүү эмгек азаматтары болушкан. Тилекке каршы, өлкөдөгү өткөөл кырдаалдын кесепетинен жогоруда аталган үч завод тең жабылып, приватташтырылып кеткен.

Нарында Кыргызстандын илим-изилдөө институтунун тажрыйба чарбасы болгон. Анда алмадан баштап жер-жемиштердин жана жашылчалардын көптөгөн түрлөрү өстүрүлүп, ал түгүл айрымдарынан рекорддук түшүм алынган. Тилекке каршы, аталган тажрыйба чарбасы эгемендүүлүктүн эпкини менен жабылууга дуушар болуп, кароосуз калды.

***

1992-жылы Эл депутаттарынын Нарын шаардык кеңешинин аткаруу комитетинин чечими менен Нарын шаары жакынкы аймактагы «Пионер» айылынын чарбасы менен алакалаш болгон. Нарын шаарынын «Жылан-Арык» адистештирилген чарбасы шаардыктар үчүн да, айылдыктар үчүн жемиштүү болгондугун алгачкы жылдагы иштин жыйынтыгы көрсөтө алган. Айыл эли социалдык-маданий жактан өскөн. Айылдын ичиндеги беш километр жол оңдолуп, тартипке келтирилген. Мектеп буу менен жылытууга өтүп, жергиликтүү тургундар суу түтүктөрүнөн пайдаланууга мүмкүнчүлүк алышкан. Айылда атайын дүкөн, шаардагы кийим тигүү фабрикасынын бөлүмчөсү ачылган. Айылдык оорукананын, участкалык милиционердин штаты ачылып, электр кубаты менен иштөөчү тегирмен, кырман куруу мерчемделген. Ооз участкасына электр жарыгы жеткирилген. Шаардын бюджетинен мал чарбасын өнүктүрүү үчүн 6 миллион сом бөлүнгөн.

Жылан-Арыктыктар 1992-жылы эт тапшыруу боюнча алдын ала белгиленген планды 153%, эгин, чөп даярдоону 110% орундатышкан. 1992-жылы 182 гектар жерге буудай айдалып, гектарынан 22 центнерден, же 401 тонна дүн түшүм, 54 гектарга арпа айдалып, 25 центнерден, же 134 тонна дүң түшүм алынган. Ошондой эле, 1260 гектар жердеги тоют өсүмдүктөрүнөн 10,493 тонна тоют топтолгон, же мал тоют менен камсыз болгон. Шаар калкына төмөндөтүлгөн баада 200 тонна буудай сатылган. Ондогон шаардыктар, эмгек жамааттары огород үчүн жер алышып, жакшы түшүм өстүрүшкөн. Нарын шаарынын тургундары 200 гектарга жакын жерден жыл сайын пайдаланып турушкан. Ал эми 1993-жылы койлордун ар бир жүз тубарынан 104төн козу алып, төл алуу боюнча облуста алдыңкы катарда турган. Андан соң Жан-Булак айылын дагы шаардын аймагына кошуу тууралуу эки тараптуу аракеттер жүргөн. 1993-жылы шаардын бийлик органдары калктын азык-түлүккө болгон талабын чечүү максатында уй фермасын шаардын карамагына өткөргөн.



***

1992-1993-жылдары шаардык бийлик калктын жакырланып бара жаткан бөлүгүн социалдык жактан коргоого болгон мүмкүнчүлүгүн жумшады. Бул багытта программа иштелип чыгып, атайын комиссия түзүлгөн. Комиссиянын сунушу боюнча 2844 үй-бүлөгө жеңилдетилген жардам берилген. 1992-жылдын апрель айында «Кайрымдуулук» марафону өткөрүлүп, 755 миң сом топтолгон. Шаарда жашаган 67 тоголок жетим балага, жашоо-шарты начар үй-бүлөлөргө накталай акча таратылган. Согуштун ардагерлерине 19470 сомдук материалдык жардам көрсөтүлгөн. «Баатыр энелерге» 8 миң сомдук кийим-кече берилген. Түркиядан жардам иретинде эки тонна кумшекер жана эки тонна ун алынып келинип, аз камсыз үй-бүлөлөргө, мектептерге, бала бакчаларга, «Достук» посёлкасынын калкына акысыз таратылган. Багар-көрөрү жок, жалгыз бой, турмушу начар, көп балалуу 319 үй-бүлөгө бекер нан берилген. 1250 үй-бүлөгө айына 50 киловатт электр энергиясын бекер жагууга шаардык акимчиликтин токтому чыккан. Бишкекте окуп жаткан нарындык 17 жетим студентке ай сайын 1600 сом стипендия төлөп туруу үчүн 81 миң сом бөлүнгөн.

***

Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө жаатында азыноолак кеп кылсак, шаарда майда кол өнөрчүлүк ишканалар XIX кылымдын 20-жылдарында пайда боло баштаган. Нарындын калкы кийим, бут кийим жана башка тиричилик буюмдарын өздөрү жасап келишкендиги маалым. XIX кы-

лымдын аягында үйүнөн узанып, устачылык кылган адамдардын эмгеги жергиликтүү эл тарабынан бааланып, көпчүлүктүн муктаждыгын канааттандырган. 1930-жылдан тартып кол өнөрчүлөр артелдерге, кооперативдерге биригe баштаган.

1950-жылдары Нарында республикалык мекемелердин алдында ар кандай шаардык өнөр жай комбинаттары уюштурулуп, ар түрдүү тейлөө кызматтарын сунушташкан. Айталы, чач тарачкана, керканалар ачылган.

Нарындын калкын турмуш-тиричилик жактан тейлөө 60-жылдардын экинчи жарымынан тартып өнүгөт. Нарын шаарында көп тармактуу турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты ачылып, комплекстүү тейлөө кызматтарын (кийим тигүү, жамоо, өтүк ултаруу – жамаачылоо, жыгач эмеректерди, тиричилик техникаларын оңдоо ж.б.) кызматтарды көрсөтөт.

1970-жылы жалпы облус боюнча турмуш-тиричилик жактан тейлөө үйү, бир нече ательелер, керканалар иштеп турган. 1979-жылы республикалык «Үй тиричилик машиналарын ремонттоо» («Рембытмаш») башкы бирикмесинин филиалы ачылган. Жеке тапшырык аркылуу турак-үйлөрдү куруу, оңдоо, жыгач эмеректерди, металл буюмдарды жасоо максатында Нарын механикалаштырылган көчмө колоннасы уюштурулган. Кийимди химиялык жол менен тазалоо ишканасы ачылган. Убактылуу пайдаланууга буюм берүүчү пункт тармактары кеңейтилип, фондусу улам толукталып турган. 1976-1980-жылдары турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн жаңы сексен түрү өздөштүрүлүп, турмуш-тиричиликте пайдаланылуучу машина приборлорду, радиотелеаппаратураларды оңдоо, үйүнөн, мейманканалардан тейлөө, телефон аркылуу заказ алуу, абоненттик тейлөө кызматтары артыкчылыкка ээ боло баштаган. 1988-жылы «Нарын турмуш-тиричилик жактан тейлөө аймактык-өндүрүштүк бирикмеси» уюшулган. 1991-жылы калкка тейлөө кызматын көрсөтүүчү төрт кооператив түзүлгөн. 1980-жылы 10,5 миң сомдук, 1985-жылы 16 миң сомдук, 1990-жылы 25 миң сомдук, 1995-жылы 2099 миң сомдук турмуш-тиричилик жактан тейлөө кызматы аткарылган. 1996-жылдын аягында мамлекеттик менчиктеги 135 турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканасынын бардыгы мамлекеттен ажыратылып, менчиктештирилген.

***

Нарын шаарынын экономикасынын негизин өнөр жай, транспорт жана байланыш, курулуш, коммуналдык турак жай чарбасы, турмуш-тиричилик жактан тейлөө, соода жана коомдук тамактануу жайлары түзөт. Шаарда өндүрүштүк соода жана социалдык жактан тейлөөчү тармактардын, мекеме ишканалардын көпчүлүгү жайгашкан. Нарын шаарынын жайгашкан жеринин бийиктиги, климаттык шартынын тааталдыгы, республиканын борборунан алыстыгы, темир жол транспортунун жоктугу шаардын экономикалык жактан өнүгүшүнө терс таасирин ар убакта тийгизип келет. Натыйжада шаардын экономикалык өнүгүү деңгээли Кыргыз Республика-



сынын башка облустарынын борборлорунан, ошондой эле, Жалал-Абад облусундагы Кара-Көл, Таш-Көмүр, Майлуу-Суу шаарларынан, Чүй облусундагы Токмок, Кара-Балта, Ош облусундагы Кызыл-Кыя, Кара-Суу, Сүлүктү шаарларынан, Ысык-Көлдөгү Балыкчы шаарынан салыштырмалуу бир топ төмөн. Нарын шаары индустриялык жактан анчалык өнүккөн эмес. Өнөр жай тармагы өндүрүлгөн продукциянын көлөмү боюнча республикадагы 21 шаардын ичинен 15-орунда турган. Ошого карабастан Нарын шаары облустагы өндүрүштүк ишканалардын көпчүлүгү жайгашкан бирден-бир өнөр жай түйүнү болуп эсептелет. Шаар 1993-жылы «Нарын» эркин экономикалык аймагынын борбору болуп калды.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап республиканын бардык региондорунда, ошондой эле, Нарын шаарында өндүрүштү тейлөө тармактарын рыноктук экономика шартына өткөрүү максатында реформалык иштерди жүргүзүүгө аракеттер жасалган. Ошого байланыштуу Нарын шаарынын чарба жүргүзүү тармактарында структуралык көп өзгөрүүлөр болуп, менчиктин ар түрдүү формасындагы ишканалар жана мекемелер пайда болгон.

1996-жылы шаарда 194 чакан ишкана, 3 кооператив, 20 акционердик

коом, чет өлкөлүктөр менен бирге уюштурулган төрт орток ишкана жана 1076 жеке ишкер иштеген. Алар ар кандай менчиктин түрү боюнча жана өнөр жай өндүрүштөрүндө, курулуш, транспорт тармагында, байланышта, соодада ж.б. тейлөө тармактарында иштешет. Нарын шаарында экономиканы рыноктук мамилелерге өткөрүү реформасы республиканын башка аймактарындагыдай эле өндүрүштүн жана калкты тейлөө кызматынын кыйла даражада төмөндөшүнө алып келген. 1991-1995-жылдарда Нарын шаарында өнөр жай, өндүрүш менен тейлөө кызматынын абалы начар болгон, ал эми 1996-жылы акыркы беш жылдын ичинде биринчи жолу өнөр жай 1995-жылга салыштырганда 1,4% транспорт, анын троллейбус менен жүргүнчүлөрдү ташуу 6%, чекене соода жүргүзүү 9,5% жана турмуш тиричилик жактан тейлөө 7,3% өскөн.
1996-жылы Нарын шаарында 13 өнөр жай ишканасы (облуста баардыгы 20 ишкана) болгон. Шаарда булардан башка 1 менчик, 47 чакан, 4 чет өлкөлөр менен ортоктош ишкана, облустук өнөр жай өндүрүштүк кооперация бирикмеси жана 1076 жеке ишкана өнөр жай өндүрүш багытында иштешкен. Бардык өнөр жай ишканалары 53,8 млн.сомдук продукция өндүргөн. Бул көрсөткүч облуста өндүрүлгөн өнөр жай продукциясынын 63% жана республикадагы өнөр жай өндүрүшүнүн болгону 0,5% түзгөн.

Шаардын негизги өнөр жай продукциясын айыл чарба сырьелорун кайра иштеп чыгаруучу тамак аш, унакшак жана аралаш тоют өнөр жай тармактары берет. Алардан башка жергиликтүү ресурстарды пайдалануу менен иштеген өнөр жайлардан электр энергетика жана алтын казып алуу тармактары бар. Ушул тармактардын ишканалары шаардын өнөр жайынын негизги тармактык структурасын түзгөн.

**1996-жылдагы шаардын өнөр жай ишканаларында өндүрүлгөн продукциялардын көлөмү:**

*1-таблица*

| № | Өнөр жай ишканалары | Продукция көлөмү, миң сом | Продукцияны өндүрүүдө ишкананын үлүшү, % |
|---|---|---|---|
| 1 | Шаардын баардык өнөр жайы ишканалары | 53866,6 | 100 |
| 2 | Электр тармактар ишканасы | 21625,5 | 40,0 |
| 3 | Солтон- Сары алтын кени | 6437,7<br>2,5 | 12,0<br>0,07 |
| 4 | «Кыргызавтосервис» АК | 66,2<br>20,7 | 0,01<br>0,04 |
| 5 | «Арашан» АК | 4,4 | 0,01 |
| 6 | «Мунара» АК | 28,8 | 0,05 |
| 7 | «Теңир-Тоо» заводу | 312,0 | 0,6 |
| 8 | «Башат» АК | 2647,9 | 5,0 |
| 9 | Эт комбинаты | 9956,9 | 18,5 |
| 10 | «Улук Нан» МАК | 310,0 | 0,6 |
| 11 | «Дан-Азык» МАК | 258,0 | 0,5 |
| 12 | Басмакана | 1427,6 | 3,6 |
| 13 | Суу түтүктөрү | 809,4 | 1,5 |
| 14 | Көмөкчү ишкана | 2176,6 | 4,0 |
| 15 | Менчик ишканалар | 1672,6 | 3,1 |
| 16 | Чакан ишканалар | 6091,7 | 11,0 |

Бул тармактар 1996-жылы облустун жалпы өнөр жай продукциясынын көлөмүнүн 53% ашыгын өндүргөн.

Нарын шаарынын салыштырмалуу ири өнөр жай ишканалары: Ат-Башы ГЭСи, «Дан-Азык» мамлекеттик акционердик коому, «Солтон-Сары» алтын кени, эт комбинаты, «Башат» акционердик коому (кийим тигүү фабрикасы) болгон. Алып айтсак, «Башат» акционердик коомунда 179 адам иштеп (1996-жылы облустун жалпы өнөр жайында иштегендердин 5%), жылына 28,8 миң сомдук (2%) кийим-кече тигилген. Мындан тышкары, жеңил өнөр жай буюмдарын, тебетей, калпактарды жасап сатуу боюнча жеке менчик пункттар, цехтер иштешкен. 1996-жылы алар жалпысы 174 миң сомдук продукция даярдашкан.

Нарын шаарынын өнөр жай ишканалары өндүргөн негизги продукциялары: электр энергиясы (1996-жылы [illegible] млн кВт/с), курама темир бетон ([illegible]), тигилүү кийимдер (8147 миң даана), эт (27 т), колбаса (4 т), ун (2973 т), кондитер азыктары (4,6 т) ж.б. болгон.

Тамак-аш өнөр жайы боюнча алса, тармактык структурада алдыңкы орунду ээлегенине карабастан республиканын масштабында алганда анча орунга алган эмес. Шаарда үч ишкана: «Нур-Нан», «Нарын-сүт комбинаты» мамлекеттик акционердик коому жана «Нарын эткомбинаты» тамак-аш продукцияларын чыгарган. 1996-жылы жалпысынан бул ишканаларда 192 адам иштеп (облустун өнөр жайында иштегендердин 62%), 2,9 млн сомдук ([illegible]) азык түлүк чыгарышкан. Шаарда [illegible] ишкана азык-түлүк (нан, нан азыктары, өсүмдүк майы) чыгарган.

Ун-акшак жана аралаш тоют даярдоочу өнөр жай тармагынын шаардагы ири ишканасы «Дан-Азык» мамлекеттик акционердик коому болгон. Ал жылына 10 млн сомдук продукция чыгарып, ишканада 96 адам иштеген (1996-жылы). Анын облустун өнөр жайындагы үлүшү: иштеген адамдардын саны боюнча 3%, продукциянын көлөмү боюнча 12% түзгөн. Шаарда басмакана иштеп, жылына 310 миң сомдук продукция даярдаган, жалпысы 22 адам эмгектенген. Шаардын калган өнөр жай ишканаларында 1259 адам иштеп, 42793 миң сомдук продукция чыгарылган (1996-жылы). Алардын орчундуусу: суу түтүктөрүн орнотуу ишканасында 67 адам эмгектенип, 258 миң сомдук жумуш аткарылган.

Өнөр жайда өндүрүлгөн продукциялардын дээрлик бардыгы (алтын концентратынан башкасы) шаар менен Нарын облусунун ички базарында сатылып, жергиликтүү калктын керектөөлөрүн камсыз кылууга гана жумшалып келген. Ошондуктан, шаарда өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын республиканын экономикасына кошкон салымы абдан эле төмөн саналган. 1996-жылы Нарын шаарынын ишканалары республикада өндүрүлгөн электр энергиясынын болгону 1%, курама темир бетондун 0,2%, кондитер азыктарынын 0,08% гана өндүргөн.

Нарын шаарынын өнөр жай өндүрүшүнүн көпчүлүгү 1 же 2 ишканадан турган 9 өндүрүш тармагына бөлүнгөн. Алар: электр энергетикасы, алтын казуу, машина куруу, курулуш материалдарын чыгаруу, токой жана жыгаччылык, жеңил, тамак аш, ун тартуу, жем чыгаруу.

### 2002-жылдагы шаардын өнөр жай ишканаларында өндүрүлгөн продукциялардын көлөмү (миң сом):

| № | Аталышы | 2002-жыл | 2001-жыл |
|---|---|---|---|
| 1 | Нарын шаары | 438875,1 | 407691,8 |
| 2 | Ат-Башы ГЭС | 41505,4 | 34424,0 |
| 3 | АК Нарын басмаканасы | 292,0 | 265,0 |
| 4 | АК Арашан | 959,8 | 936,4 |
| 5 | Сууканал | 338,0 | 310,5 |
| 6 | «Нарын эт» ЖЧК | 685,1 | 605,4 |
| 7 | «Эверест алко» ЖЧК | 3835,8 | 18307,4 |
| 8 | «Монополия Алко» ЖЧК | 10756,6 | 2296,9 |
| 9 | «Адилет Дан Азык» ЖЧК | 1213,5 | 1774,9 |
| 10 | Кичи ишканалар | 39909,4 | 8724,7 |
| 11 | Калктын өндүрүш иштери | 31166,4 | 30175,2 |
| 12 | Чыгышэлектртармактары | 210119,2 | 241938,3 |
| 13 | Солтон-Сары кени | 55953,4 | 15855,8 |
| 14 | Нарын жылуулук берүү ишканасы | 4239,8 | 4623,1 |

| Нарын шаары | 2002-жыл | 2001-жылга карата (%) |
|---|---|---|
| Продукциянын көлөмүнүн экономикалык индикаторлору | 356985,5 | 97,4 |
| Алынган эт (тирүү массасы) | 689 | 102,8 |
| Сүт | 891 | 1001,9 |
| Жумуртка, миң даана | 270 | 142,9 |
| Жүн | 13 | 108,3 |
| Жеке товар жүгүртүү | 231207 | 101,2 |
| Калкка көрсөтүлгөн кызмат | 3329,1 | 1001,5 |

## Транспорт

### Автомобилдик транспорт менен жүктөрдү ташуу (миң тонна)

| | 2000 | 2001 | 2002 |
|---|---|---|---|
| Баардыгы | 217,2 | 80,8 | 98,0 |
| Жеке ишкерлер | 57,9 | 33,6 | 67,7 |

### Автомобилдик транспорт менен жүргүнчүлөрдү ташуу (миң адам)

| Нарын шаары | 2000 | 2001 | 2002 |
|---|---|---|---|
| Баардыгы | 3655,3 | 4562,4 | 3781,6 |
| Авто-транспорт ишканалары | 1761,2 | 2277,5 | 1066,5 |
| Автобустар | 1761,2 | 2277,5 | 1066,5 |
| Такси | - | - | - |
| Жеке ишкерлер | 1894,1 | 22,84 | 2715,0 |
| Автобустар | 1781,6 | 2240,6 | 2296,7 |
| Такси | 112,2 | 44,3 | 18,3 |

Шаарда 1991-жылы Борбор Азиядагы эң кооз мечиттердин бири катары саналып келе жаткан Азирет Аалы мечитинин курулушу башталып, 1993-жылы бүткөрүлгөн. Мечиттин архитектуралык долбоорунун автору Асейин Өмүралиев кыргыздын салт-санаасына, маданиятына төп келген, улуу ата-бабаларыбыз колдонуп келген көөкөр идишин чагылдырган. Борборду куруунун демилгечиси жана демөөрчүсү Мукаш Абдраевич Эсеналиев. Курулуш ашар жолу менен бүткөн, Нарын шаарынын мамлекеттик ишканаларынын кызматкерлери айлык маяналарынан которуу жолу менен жана накталай акча түрүндө жардам беришкен. Мындан тышкары, араб мамлекетинин келген мусулман кайрымдуу адамдар дагы өз салымдарын кошушкан. Сейсмологиялык туруктуулугу 8 баллга туруштук берет. Жертөлөсүн кошкондо үч кабаттан турат. Мечиттин жертөлөсүнүн



Нарын диний медресеси жайгашкан. Мечитте 200-250 киши намаз окууга ылайыкталган.

Нарын шаарында 1999-2000-жылдар аралыгында Искусство галереясы, Ден-соолук борбору пайдаланууга берилген.

Эгемендүүлүктүн шарданы шаарда бир нече базарлардын ачылышын шарттады. «Кадыр-Ата», Он-Арча базарларында шаар тургундары жумуш орундары менен камсыз болушту. Шаарда банк системасы өнүгүп, республикалык банктардын филиалдары: «Дос-кредо», «KICB», «Айыл банк», «РСК», «Оптима», «Демир банк» өңдүү бир катар банктар, кредиттик союздар өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп, калкты сапаттуу тейлөө менен жеңилдетилген насыяларды берип, элдин жашоо-турмушун оңдоого өз үлүштөрүн кошуп катышат. Жүн, тыбыт иштетип, ошондой эле, тигүүчүлүк менен алектенген «Аида» ишканасы бир нече жылдар бою жумуш орундарын түзүп турду. Нарын шаарында дүкөндөрдүн, соода жайларынын саны күндөн күнгө өсүүдө.

Эгемендиктин алгачкы жылдарында Нарын шаарынын экономика тармагында бир топ кыйынчылыктар болгону менен 2010-жылдан тарта өнүгүү кадамдары жасалып, жылдан жылга экономикалык, инфратүзүмдүк долбоорлор көбүрөөк жүзөгө ашырыла баштаган. Мындай иштер республикалык жана жергиликтүү бюджеттен, ошондой эле эл аралык уюмдардын, жеке ишкерлердин материалдык каржылоосу менен аткарылган.

Нарын шаарында 2010-жылдан 2018-жылга чейинки мезгил аралыгында болгон экономикалык өсүштөргө сарсеп салып көрөлү.

2010-жылы Ага Хан өнүктүрүү фондунун материалдык колдоосу менен 132 миллион сомго Борбордук Азия университетинин борбордогу имараты курулуп, ишке берилген. 2011-жылы Ленин көчөсүнүн Батыш тарабындагы 3,5 километр жол республикалык бюджеттин эсебинен 50 миллион сомго реконструкцияланган.

Билим берүү тармагына тартылган инвестициялар менен К. Жакыпов атындагы орто мектеби капиталдык ремонттон өткөрүлгөн. №87 М. Мырзабеков атындагы кесиптик лицейдин имараты ремонттолуп, эл аралык уюмдар аркылуу инвентарлар менен камсыздалган.

2012-жылы Нарын шаарындагы «Ак-Бечел» суу берүүчү жайы республикалык бюджеттин эсебинен 75 миллион сомго реконструкцияланган. Ушул эле жылы М.Субакожоев атындагы кыргыз-түрк лицейинин спорт залы 21 миллион сомго демөөрчүлөр тарабынан курулган. Ошондой эле жеке ишкер Кылычбек Эсеналиевдин аракети менен 25 миллион сомго «Мукаш-Ата» базары курулуп, шаар калкына белек кылынган.

РТС жана Москва аймактарына футбол аянтчалары курулган. Буга облустук Өнүктүрүү фондунан 940 миң сом, жергиликтүү бюджеттен 74 миң сом берилип, 1 миллион 14 миң сом жумшалган.

2013-жылы Нарын шаарынын Төш-Булак аймагындагы калктын таза сууга болгон муктаждыгы чечилген. АРИС программасы менен Нарын шаардык мэриясы биргеликте 37 миллион сомдук бул долбоорду ишке ашырып, аймактын эли ичүүчү таза суу менен камсыз болгон.

Жалпы баасы 5 миллион 594 миң сомдук сүттү кайра иштетүүчү ишкана ачылган. Анын 4 миллион 654 миллион сому ЮСАИД тарабынан каржыланып, өздүк салым 940 миң сомду түзгөн.






Жеке ишкер Б.Аттокуровдун демилгеси менен 25 миллион сомго «Чолпон» заманбап базары курулуп ишке берилген. «Акун» фирмасы аркылуу Нарын шаарынын Чыгыш жана Батыш чөлкөмдөрүнө арзан баада ун жана ун азыктарын сатуучу дүкөндөр ачылып, иштей баштаган. АРИС программасы менен биргеликте Ленин көчөсүндөгү тротуарга 1 миллион 974 миң сомго брусчатка төшөлгөн. Ж. Акималиев атындагы парк 1 миллион 983 сомго толук реконструкциядан өткөрүлгөн. Ага Хан өнүктүрүү фондунун МСДСП долбоору аркылуу 400 миң сомго күнөскана курулган. Жыл ичинде жалпы сметалык баасы 19 миллион сом болгон 8 дүкөн, 5 автоунаа ремонттоочу жана жуучу авто сервис жана эмерек салону пайдаланууга берилген.

2014-жылы 1 миллион сом акча каражатына пескоблок жана брусчатка чыгаруучу цехтин курулушу бүткөрүлгөн. Шаардын борбордук от жагуучу жайына 3,6 миллион сомго Россиядан алынган жаңы көмүр от казаны орнотулган. Б.Жапаралиев атындагы парк 470 миң сомго толук реконструкциядан өткөрүлгөн. «Тайлак баатыр» скверинин айланасы 140 миң сомго тосулуп, Жаңы Жол аймагына 273 миң сомго жаңы гүлбак жасалган.

Нарын шаарынын тазалыгын камсыз кылуу максатында таштанды салуучу 50 контейнер, 122 урна коюлуп, түнкү чырактар орнотулуп, кабаттуу үйлөрдүн бетин дюрелайт менен кооздоо иштери жергиликтүү бюджеттен 1 миллион сомдон ашык каражатка бүткөрүлгөн.

Шаардын Арал аймагына «Хюмен Эйпл Интернешнл» эл аралык уюмунун жардамы менен 688 миң сомго таза суу чыгарылып, элдин дагы бир муктаждыгы чечилген. «Алтын муун» менчик бала бакчасы 10 миллион сомго курулуп, ишке берилген. Шаардын эски мончосу жеке ишкер Т.Өмүралиевдин демилгеси менен 12 миллион сомго толук реконструкциядан өткөрүлүп, элге сапаттуу кызмат көрсөтө баштаган.

2015-жылы Нарын шаарында би-

ринчи жолу бассейн курулуп, пайдаланууга берилген. Бул саамалык Нарын жылуулук берүү ишканасынын жетекчиси Улан Айтиевдин демилгеси менен ишке ашып, ар кандай каржы булактарынан 13 миллион 785 миң сом жумшалган.

Шаардын 6750 метр ички жолдору республикалык бюджеттин эсебинен ремонттолуп, 58,7 миллион сомго асфальттоо иштери жасалган. Шаардын башкы суу алуучу жайынын курулушунун экинчи этабы улантылып, республикалык бюджеттен 24 миллион сом бөлүнүп, узундугу 1,4 км жерге 2 катар түтүкчөлөр салынган. Шаардын Ленин көчөсүнүн арык системасына лотокторду жаткыруу боюнча курулуш иштери бүткөрүлүп, 3,2 миллион сом жумшалган. Жергиликтүү «21-кылымга карай» сквери толук реконструкцияланып, «Жеңиш-70» аталышындагы паркка айланган. Жеке ишкер Б.Токтоназаровдун демилгеси жана өздүк каржылоосу менен 42 миллион сомдук «Аска-Нур» ресторанынын курулуш иши бүткөрүлүп, ишке берилген. 2015-жыл ичинде шаарда 10 кичи ишкана ишке киргизилип, 94 адам иш менен камсыз болгон.

2016-жылы Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын неврология бөлүмүнүн жаңы имаратынын курулуш иши республикалык бюджеттен 58 миллион сомго бүткөрүлүп, пайдаланууга берилген. Шаардын борбордук Ленин көчөсүнүн тротуарын брусчаткалоо иштери жасалган. Шаардын Батыш чөлкөмүндө курулуп жаткан Борбордук Азия университетинин шаарчасынын курулуш иши аяктап, пайдаланууга берилген. Бул ири долбоор Ага Хан өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланып, 85 миллион доллар каражат жумшалган.

Ага Хан фондусу аркылуу шаардын С. Жакыпов атындагы паркы 54 миллион сомго реконструкциялоодон



өткөрүлүп, заманбап үлгүдөгү «Смарт» паркына айланган. Ж. Шералиев атындагы музыкалык мектептин жаңы имаратынын курулушу республикалык бюджеттен 47,5 миллион сомго бүткөрүлгөн. Жеке ишкер Т.Карпековдун аракети менен «Хан теңри" ресторанынын 42 миллион сомдук курулушу бүткөрүлүп, элге сапаттуу кызмат көрсөтө баштады. Заманбап «Мегакомфорт» соода борбору жеке ишкер Ж.Асанованын демилгеси менен 25 миллион сомго курулуп, ишке киргизилди.

Шаардын РТС аймагына жергиликтүү бюджеттин эсебинен жаңы бала бакча курулуп, 7 миллион сомго пайдаланууга берилди. Сметалык баасы 5 миллион сомдук 2 кичи футбол аянты курулду. 2016-жылы шаарда жаңы 10 ашкана ишке киргизилип, 100дөн ашык адам иш менен камсыз болгон.

2017-жылы заманбап жабык муз аянтчасынын курулуш иши бүткөрүлүп, январь айында расмий ачылган. Нарын жергесине жаңы саамалык болгон бул иш жеке ишкер Н.Ташболотов тарабынан каржыланып, 42 млн сом жумшалды.

Нарын шаарынын РТС аймагына шаардык С.Бекмамбетов атындагы күрөш спорт мектебинин жаңы имаратынын курулушу бүткөрүлүп, 2017-жылдын февраль айында ишке берилген. Сметалык баасы 37,7 млн. сомду түзүп, республикалык бюджеттен каржыланган.

Нарын шаарынан борборундагы жолдагы тиричилик үйү жеке ишкер Ж.Бейшеналиевдин аракети менен реконструкцияланып, «Нарын Сити» заманбап соода борбору болуп түзүлгөн. 2017-жылдын июнь айында ачылып, элге кызмат көрсөтө баштаган. Реконструкциялоо ишине жеке ишкер тарабынан 15 миллион сом каражат жумшалып, 15 адам жумуш орду менен камсыз болду. Жеке ишкер тарабынан борбордук базардын кире беришине жалпы наркы 700 миң сомдук заманбап ЛЭД экран коюлган.

«Ала-Тоо» стадионунун жанына жеке ишкер Н.Ташболотовдун демөөрчүлүгү менен 2 миллион 500 миң сомго кичи футбол аянты курулуп, пайдаланууга берилди. Жергиликтүү бюджеттен 450 миң сом каражат бөлүнүп, шаар ичине төрт заманбап аялдама жасалып, коюлган. Нарын шаарынын РТС аймагында заманбап үлгүдөгү үч кабаттуу 62 орундуу «Аска» мейманканасы ачылган. Буга жеке ишкер Б.Токтоназаров 14 млн сом сарптап, алты жумуш оруну түзүлгөн.

«Ак-Бечел» таза суу алуучу жайынын реконструкция иштери 81 миллион 556 миң сомго толук бүткөрүлгөн.

Бишкек-Торугарт автожолунун Московский, Жайлообак жана Шаркыратма участкаларындагы автожолдор жана адамдар басчу аллеялар толук реконструкциядан өткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Капиталдык салымдар» беренесинин эсебинен С.Орозбак уулу, Тоголок Молдо жана О.Токтосунова көчөлөрүндө жалпысы 2 километр 140 метр жол асфальтталган.


Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 1 млн сом акча каражатына Жаштар паркы реконструкцияланып, Нарын шаарынын 149 жылдыгына карата шаар калкына белек кылынды. Респуб-

ликалык бюджеттен үлүштүк дем берүүчү грант аркылуу шаардагы 3 орто мектепте жана 3 балдар бакчаларында ремонт иштери жүргүзүлүп, Ленин көчөсүнүн тротуарына лотоктор коюлуп, бир гүлбактын айланасы тосулган.

Нарын шаарынын РТС чөлкөмүнө «Ас-салам» кайрымдуулук фондусу тарабынан 69 млн сомго «Балдарды өнүктүрүү» борбору курулуп, октябрь айында пайдаланууга берилген. Ушул жылы Нарын шаарында көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу иши жүзөгө ашып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын Нарын шаарындагы кызматкерлерине 3 кабаттуу, 24 батирлүү турак үй курулуп, декабрь айында үй ээлерине ачкычтары тапшырылды. Бул ири курулушка республикалык бюджеттен 31 миллион 900 миң сом жумшалды. Ошондой эле, «Тайлак-Баатыр» атындагы №20-25 чек ара аскер кызматынын кызматкерлерине 3 кабаттуу, 24 батирлүү турак үй бүткөрүлүп, декабрь айында пайдаланууга берилди. Курулуш ишине республикалык бюджеттен 33 миллион 756 миң сом сарпталган. 2017-жылдын декабрь айында жеке ишкер Н.Ташболотов тарабынан борбордук Т.Усубалиев аянтынын күн чыгыш тарабына жалпы наркы 830 миң сомдук заманбап ЛЭД экран коюлган.

Муниципалдык менчик департаменти жоюлуп, чарбалык эсептеги Нарын шаардык муниципалдык менчикти башкаруу жана калкка кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасы түзүлгөн. Бул ишканага «Таза Нарын»





ишканасынын карамагындагы аймак башчылар жана кварталдык комитеттер бириктирилип, Нарын шаары 5 чакан айыл аймагына бөлүнгөн. Үч айыл аймагы жыл ичинде атайын имараттар менен камсыз болуп, алардын бири жеке ишкердин колдоосу менен ачылса, калган эки кеңсени ачууда жергиликтүү бюджеттен 600 миң сом өлчөмүндөгү каражат бөлүнүп берилген.

Соңку жылдары калкты турак-жай менен камсыздоого өзгөчө көңүл бурулууда. 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Нарын облусу боюнча башкармалыгынын кызматкерлерине 3 кабаттуу 24 батирлүү турак үйдүн курулушу башталып, иш ыргагы уланууда. Курулуштун жалпы сметалык баасы 56 миллион сомду түзөт. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Арзан турак жай 2015-2020» программасынын алкагында Нарын шаарынын И. Раззаков чөлкөмүндө 60 батирлүү, 5 кабаттуу ипотекалык турак үй курулууда. Курулуштун жалпы наркы 93 миллион 500 миң сомду түзөт. Ушуга удаа эле Ички иштер башкармалыгынын кызматкерлерине 77 миллион сомго 60 батирлүү, 5 кабаттуу турак үй курулуп жатат. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Нарын облусундагы башкармалыгынын кызматкерлерине арналып курула баштаган 24 батирден турган 4 кабаттуу турак үйдүн пайдубалы түптөлүп, капсуласы салынды. Курулуштун жалпы сметалык баасы 51 миллион сомду түзөт. Мындан сырткары, шаардагы мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга 2 кабаттуу, 10 батирлүү турак үйдүн курулушу жүрүп жатат.

Учурда «Газпром» ишканасынын «Газпром-балдарга» аттуу долбоорунун негизинде шаардын Городок аймагына 256 миллион 435 миң сомго заманбап спорт комплекси курулуп, пайдаланууга берилүү алдында.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын «Нарын шаарын суу менен жабдуу жана канализация тутумдарын реабилитациялоо» долбоорунун биринчи фазасы боюнча курулуш иши башталды. Долбоор үч фазадан турат. Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын насыялык каражаты 2 миллион еврону, ал эми Швейцария Өкмөтүнүн гранты 3,2 миллион еврону, эл аралык донорлордун гранты 1 миллион еврону түзөт. Бул долбоор аркылуу шаардагы эскилиги жеткен суу жана канализация түтүктөрү реабилитацияланып, суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга, калктын суу маселесиндеги муктаждыктарын чечүүгө шарт түзүлмөкчү.

Нарын шаардык мэриясы тарабынан көрктөндүрүү, жашылдандыруу, түнкү жарыктарды коюу иштерине басым жасалууда. Бул максатта «Таза Нарын» ишканасы тарабынан көчөлөрдүн кесилиштерине, гүлбактарга жана борбордук аянтка гүл челектер коюлуп, петунья, астра, сальвия сыяктуу гүлдөрдүн түрлөрү өстүрүлдү. Ошондой эле, Московский аймагынан «64» аймагына чейинки Ленин көчөсүнүн эки тарабына заманбап түнкү чырактар коюлуп, жарык берилди. Буга чейин аталган аймакта бир тараптуу он түнкү чырак болсо, эми жолдун эки тарабына бийиктиги 10-11 метрлик темир түркүктөр орнотулуп, жарыкты сапаттуу бере ала турган жана электр энергиясын үнөмдүү 150 даана түнкү чырак коюу-



луп, учурда бул иштер улантылууда. Шаардын борбордук Ленин көчөсүнүн экинчи тарабын жарыктандыруу үчүн жергиликтүү бюджеттен 850 000 сом акча каражаты бөлүндү. Ал эми атайын долбоор менен шаардын РТС, Ак-Коргон жана Московский аймактарында көчөлөрдү массалык түрдө жарыктандыруу жана жаңы түркүктөрдү коюунун 1-этабы башталып, заманбап түнкү жарык түркүктөр шаардын Московский аймагындагы Бишкек-Нарын-Торугарт автоунаа жолунун эки капталына коюлуп, 2018-жылдын 1-июнунда эки тараптуу 114 фонар күйдү. РТС, Ак-Коргон аймактарына да жаңы түнкү жарыктар коюлмакчы. Учурда түркүктөрдү жасоо иши жүрүүдө.

Нарын шаарынын «64» аймагындагы Т.Пудовкин атындагы гүлбак реконструкцияланууда. Шаардын көрктүүлүгүн арттыруу максатындагы бул долбоорго жергиликтүү бюджеттен 1 миллион 760 миң сом каражат бөлүнгөн. Учурда курулуш иштери жүрүп жатат. Мындан тышкары, жакын арада шаардын Башкы планын бүткөрүү, Т. Усубалиев атындагы борбордук аянтты, «Ала-Тоо» стадионун реконструкциялоо, №9-10 мектептердин заманбап имараттарынын курулуш ишин баштоо жана башка бир катар долбоорлор мерчемделип, каражат табуу аракеттери көрүлүүдө. Нарын шаарынын социалдык-экономикалык жагындагы жогорудагы көрсөткүчтөрдөн улам шаарыбыз жылдан жылга жакшырып, ири курулуштар курулуп, инфратүзүмү өзгөрүп, экономикалык өнүгүү кадамына түштү десек жаңылыштык эмес.

Нарын шаарынын «64» аймагындагы Таабалды Пудовкин атындагы скверди реконструкциялоо долбооруу даярдалып, аталган скверди реконструкциялоо, «Жаштар паркынын» 2-бөлүгүн бүткөрүү үчүн долбоору даярдалууда.

Парктарга, скверлерге жана көчө бойлоруна отургузуу үчүн 13 396 данаа гүл көчөттөрү отургузулуп, жергиликтүү бюджеттен 552 804 сарпталды. Гүл көчөттөрү жылдагыдан өзгөчөлөнүп, борбордук Ленин көчөсүнүн боюндагы ички көчөлөр менен кесилиш жерине 16 даана гүл челек жасатылып коюлду. Мындан сырткары, Ош шаардык мэриясы тарабынан 5000 түп данаа 4 түрлүү гүл көчөттөрү Нарын шаары үчүн берилди. Шаардын ички 3 көчөсүн (Облустук төрөт үйүнө баруучу жол, Турдубаев, С.Орозбак) ТИМ-Интернешнел САУДКОНСАЛТ жол куруу компаниясы аркылуу 2,4 км жолду асфальттоо иштери башталды.

***

Шаардын тышкы байланыштары тууралуу төмөндө учкай кеп кылсак, 1999-2000 жылдары Нарын шаары менен АКШнын Монтана штатынын Грейт-Фоллс шаарынын ортосунда экономика, соода-сатык, туризм, спорт, билим берүү тармактарында кызматташуу боюнча эки тараптуу меморандум түзүлгөн. Бул кызматташуунун негизинде Нарын шаарынын өкүлдөрү бир нече ирет Монтана штатына иш сапарларга барып келип, натыйжасында Нарын шаардык муниципалдык «Таза Нарын» ишканасына бир самосвал техникасы, бир трак-

тор чиркегичи менен, эки компьютер Грейт-Фоллс шаарынан белек болгон. Ошондой эле, шаардын жаштарынын билим деңгээлин өркүндөтүү максатында Нарын мамлекеттик университетинин эки студенти Монтана штатынын университетинен бир жыл окуп келишкен. Ушундай эле келишим Беларусь Республикасынын Могилев шаары менен 2012-жылы экономиканын тармактарында кызматташууну кеңейтүү, маданият, илим, технология жана билим берүү жаатында түзүлгөн.

Мисалы, билим берүү, илим, студенттердин жана академиялык мобилдүүлүк багыттары боюнча Нарын мамлекеттик университети менен Могилев азык-түлүк мамлекеттик университетинин ортосунда эки тараптуу 5 жылдык мөөнөттөгү келишим түзүлгөн.

Мындай эл аралык кызматташуу келишимдери Нарын шаары менен Түркия Республикасынын шаарларынын ортосунда да түзүлгөн. 2010-жылы Ялова шаары менен келишимге кол коюлуп, анын негизинде эки шаардын муниципалдык, коммуналдык кызматтарынын өз ара тажрыйба алмашуусуна көңүл бурулган.

2015-жылы Нарын шаардык мэриясы менен Түштүк Кореянын «D&G Co.Ltd» компаниясынын ортосунда эки тараптуу тыгыз кызматташуу келишими түзүлүп, анда Нарын шаарынын жылуулук системасын модернизациялоо долбоору, энергияны аз сарптаган 4 миң түнкү чырактар менен камсыз кылуу иштери жүзөгө ашкан.

Ошондой эле, 2015-жылдын 29-апрелинде Нарын шаарына келген Корея-



нын «Samjin» компаниясынын өкүлдөрү менен кызматташтык келишими түзүлүп, сапаттуу жана электр жарыгын үнөмдүү колдонгон чырактарды Нарын облусуна экспорттоо тууралуу сүйлөшүүлөр жүргөн. Аталган компания шаарга 15 даана жол чырагын акысыз тапшырып, алар шаардын борбордук аянтына орнотулган.

2018-жылдын апрель айында Россия Федерациясынын Челябинск шаары менен Нарын шаарынын ортосунда достук келишими түзүлдү.

Ушул эле жылдын февраль айында Нарын шаарынын мэри Эмилбек Алымкулов Кастамону шаарынын мэри Тахсин Бабаш жана Анкара шаарынын Этимесгут районунун башчысы Энвер Демирель менен түзүлгөн кызматташуу келишимине кол койду.

Бул келишимде өз ара экономикалык, билим берүү жана башка багыттардагы кызматташтыкты бекемдөө; маданият, билим берүү жана ден соолук жаатында маданий жана тарыхый мурастарды коргоо үчүн тараптуу аянтчаларды арттыруу багытында кызматташуу маселелери камтылды.

Сүйлөшүүлөргө ылайык, Кастамону шаарынын мэри Нарын шаарындагы бир паркты заманбап реконструкциялап берүүнү колго алаарын билдирген.

Июль айынын башында Түркия мамлекетинин Кастамону шаарынын вице-мэри Ахмед Севгидиоглу баштаган расмий топ Нарын шаарына иш сапары менен келип, «Алма бак» паркын реконструкциялап берүү боюнча иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп кайтты.

Ошондой эле Анкара шаарынын Этимесгут районунун башчысы Энвер Дэмирель менен Нарын шаарына 250 орундуу бала бакча куруу боюнча макулдашылды.

Мындан сырткары, Нарын шаарында Ага Хан Өнүктүрүү фонду, ПРООН, ЮСАИД, ГТЦ эл аралык уюмдарынын, «Ас-Салам» кайрымдуулук фондунун колдоосу менен шаардын социалдык, экономикалык, инфратүзүмдүк жана туризм багытында өнүгүшү үчүн бир катар олуттуу иштер жасалган.

Жогорудагы эл аралык уюмдар менен болгон өнөктөштүк мамиленин жыйынтыгында ишке ашкан долбоорлордун негизгилерине токтолсок, Ага Хан Өнүктүрүү фондунун каржылоосунда Борбордук Азия университетинин Нарындагы Кесиптик жана үзгүлтүксүз билим берүү мектеби расмий түрдө өз ишмердүүлүгүн 2006-жылы БАУнун биринчи академиялык бөлүмү катары баштаган. Аталган мектеп үзгүлтүксүз орто билим берүү программаларын жана квалификацияны жогорулатуу курстарын сунуштоо менен жаштарга жана улуу муунга ыңгайлуу шарт түзүп берген. 2018-жылга чейин мектепте 24 000ден ашык угуучулар даярдалып чыкты.

2016-жылдын май айында Кыргызстандагы Саламаттыкты сактоо боюнча Ага Хан Кызматы Нарын шаарынын жашоочуларына, ошондой эле БАУнун кызматкерлери менен студенттерине медициналык кызмат көрсөтө турган Медициналык-диагностикалык борборду тартуулады.

Маданият боюнча Ага Хан Трасты Нарын шаарынын борборундагы Сейтаалы Жакыпов атындагы паркты заман талабына ылайык жасалгалап жана көрктөндүрүп берди.

2016-жылы Борбордук Азия университетинин Нарын кампусунун 1-фазадагы курулуш объектилери (заманбап окуу класстары, китепкана, лабораториялар, мугалимдер үчүн турак-жайлар, студенттик жатаканалар) бүткөрүлүп, студенттер окууга кабыл алынды.

Нарын шаарынын Башкы планын бүткөрүү үчүн 9 миллион сом зарыл болсо, Ага Хан өнүктүрүү фонду тарабынан 4,5 миллион сом өлчөмүндө колдоо көрсөтүлдү.

ЮСАИД уюму аркылуу «Туризмди өнүктүрүү» долбоорунун алкагында бир катар иштер жүзөгө ашкан. Анын негизинде гиддерди даярдоо, мейманканаларда эл аралык стандарттарга жооп берген тейлөөнү, тамак-аш даярдоону камсыз кылуу боюнча окутуулар жүргүзүлүп, туристтерге улуттук тамак-аштарды жана кийизден буюм-тайымдарды жасоо боюнча мастер-класс көргөзүү, шаар ичине туристер үчүн көрсөтмөлүү карталарды жана жол белгилерин коюу, «Нукура» фестивалын уюштуруп, өткөрүү иштерине колдоо көрсөтүлгөн.

Ал эми Герман техникалык эл аралык кызматташуу уюмунун (ГТЦ) «Жаштар үчүн жаркын келечек» долбоорунун алкагында жаштарды жумуш орундары менен камсыздоо максатында чакан ишканаларды ачуу үчүн гранттар берилген. Ошондой эле жаштарга ишкердик кылуунун сырларын үйрөтүү боюнча тренингдер өткөрүлгөн.

ПРООН менен өнөктөшүүнүн натыйжасында (Бириккен Улуттар Уюму-





нүн өнүктүрүү программалары) менен Нарын шаарынын инфратүзүмүн оңдоо, түнкү жарыктар менен камсыздоо, балдар аянттарын куруу багытындагы долбоорлор жүзөгө ашууда.

«Ас-Салам» кайрымдуулук фонду тарабынан 2017-жылы Нарын шаарынын Теке-Секирик аймагында 300 орундуу «Балдарды өнүктүрүү борбору» ачылды.

Нарын шаарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн туризм чөйрөсүн өнүктүрүүнүн 2020-жылга чейинки программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар аткарылууда. ЮСАИД эл аралык уюмунун колдоосу аркылуу шаардын автовокзалынын жана борбордук аянттын аймагына атайын туристтер баруучу жерлер аныкталган эки даана карта, шаар ичине туристтер үчүн атайын багыт берүүчү он жол белгилери караңгыда жарык берүүчү материал менен даярдалып орнотулду.

Туристтерди тартуу боюнча «Кубат-Тур» агенттиги жана СБТ, «Турна» туристтик кызматтары менен бирге алгылыктуу аракеттер көрүлүүдө.

Жылдан жылга Нарын шаарына келген туристтердин саны көбөйүп, ички жана сырткы туризмден түшкөн киреше арбын болууда.

Нарын шаарына келген туристтерди ыңгайлуу заманбап шарттары менен тосуп алуу үчүн Нарын шаарындагы мейманканалар менен да тыгыз иш алып барылууда.

# НАРЫН ШААРДЫК МЭРИЯСЫ

Нарын шаары - облустун административдик-территориялык маданий жана соода борбору. 1921-1923-жылдары Нарын шаарында уезддик шаардык революциялык комитети түзүлүп, ал шаардын бийлик органы болуп эсептелген. Революциялык комитеттин башчысынын аты-жөнү архивдик материалдардан табылган жок.

1923-жылдан баштап бийлик органы уезддик шаардык аткаруу комитети (уорисполком) деп аталган жана төрагасы болуп Умербаев (аты көрсөтүлбөгөн) иштеген. Нарын уезддик аткаруу комитети Кара-Кол–Нарын округдук администрациясынын карамагында болгон.

1926-жылы 6-декабрдан Кыргыз АССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун Аткаруу комитетинин Кыргызстанды 52 болуштугу бар 7 кантонго бөлүү жөнүндөгү токтому чыккан.

1927-жылы 1-февралда Нарын кантондук аткаруу комитети (кантисполком) түзүлүп, Кара-Кол округунан бөлүнүп чыккан. Кантондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп Темирбеков иштеген.

Нарын шаар статусун алган 1927-жылы Нарын болуштугу түзүлүп, анын төрагалыгына Н.Сагымбаев, орун басарлыгына О.Найманбетов, катчылыгына Д.Деркембаев шайланышкан.

1928-жылы кантондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп Токоев, 1929-1930-жылдары Борошов төрага болуп эмгектенишкен.

Ушул эле 1929-1930-жылдары аткаруу бийлигинин бир бутагы сыңары шаардык Кеңеш (горСовет) иш жүргүзгөн. Кеңештин төрагалыгына Ысмаил Үркүнбаев дайындалып, орун басары Суран уулу, катчысы Мусабай уулу болуп, жаңыдан өнүгүүгө багыт алган Нарын шаарындагы чарбалык жана уюштуруу маселелерин чечүүдө, жолго коюуда өздөрүнүн иш билгиликтерин көрсөтүшкөн. Нарын шаардык Кеңештин 4 шайлоо участкасынан шаардык кеңештин 38 депутаты жана 7 депутаттыкка кандидат шайланышкан. 1930-1931-жылдары кантондор жоюлуп, республикабызда райондоштуруу жүргүзүлгөн. Ал райондор түздөн-түз республикага баш ийишкен. Анын ичинде Нарын району да болгондугу калетсиз.

1931-1935-жылдардын материалдары архивден табылбады. 1935-1939-жылдары Нарын райондук аткаруу комитети (райисполком) деп аталган. Бул жылдар аралыгында Нарын райаткомунун төрагасы болуп Ж.Иманкулов иштеген. 1938-жылдын 11-мартында Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Аткаруу Комитетинин Президиумунун токтому менен 4 округ, анын ичинде Тянь-Шань округу да түзүлүп, борбору Нарын шаары болгон. 1938-жылы Исмадияров, ушул эле жылдын

август айынан баштап Чаргынбаев эмгектенишкен.

1939-жылы округдар жоюлуп, республикада 5 облус түзүлгөн. Тянь-Шань облусунун борбору Нарын шаары болгон. 1940-жылдан 1956-жылга чейин бийлик органы Нарын шаардык аткаруу комитети деп аталып, төрагасы Бикбаев, ал эми ошол жылдын декабрь айынан баштап Лемохина, андан соң 1941-1942-жылдары Калинин, 1942-жылдын ичинде эле үч адам - январдан апрелге чейин Чичваго, апрелден август айына чейин Максутов, август айынан ноябрга чейин Р.Токтосунов төрага кызматын аркалашкан. Ошондой эле, 1942-жылдын ноябрынан 1944-жылга чейин К.Эркинбаев, 1944-1946-жылдар А.Кырбашев эмгектенишкен. 1946-жылдын 14-декабрынан 1947-жылдын январына чейин аткаруу комитетинин төрагасынын милдетин төраганын орун басары М.Лоев аткарып келип, ошол жылдын январында төрага болуп шайланып, 1948-жылдын августуна чейин иштеген. 1948-жылдын август айынан 1953-жылдын ноябрына чейин А.Үсөнов, андан кийин Сулейманов 1954-1957-жылдары, С.Кадыров 1957-1961-жылдары, С.Султаналиев 1961-1963-жылдары жетекчилик кызматта эмгектенип келишкен. Ал эми 1963-жылы 1-январда Тянь-Шань облусу жоюлуп, Нарын району Тянь-Шань району деп аталып калган. 1970-жылдын 30-декабрынан Нарын шаары Нарын облусунун борбору болуп аталды.

К.Кулжыгачев 1963-65-жылдары, К.Султанбаева 1965-66-жылдары, К.Мырзабеков 1966-71-жылдары, А.Зарипов 1971-75-жылдары, Р.Токталиев 1975-83-жылдары, К.Сыйданов 1983-86-жылдары, А.Кермакунов 1986-90-жылдары шаар жетекчиси болуп иштеген.

Ошол эле мезгилде Нарын шаркомунун биринчи катчысы болуп



1951-1954-жылдары И. Токтосунов, 1954-55-жылдары К. Жайлообаев, 1955-1956-жылдары П. И. Вотрин, 1963-1966-жылдары К. Шаболотов, 1966-1968-жылдары Ү. Шаршеналиев, 1968-1970-жылдары К. Жаманкулов, 1970-1980-жылдары З. Бектемиров, 1980-1985-жылдары Ж. Акималиев, 1985-1991-жылдары Р. Оморова эмгектенишкен.

1990-жылдан 1991-жылга чейин О.Бектуров Депутаттардын Нарын шаардык кеңешинин төрагасы болуп иштеп турду. 1991-жылы март айында Нарын шаардык Кеңешинин төрагасы деген статус жоюлуп, Нарын шаардык мамлекеттик администрациясы уюшулган. Бул жолу О.Бектуров Нарын шаардык мамлекеттик администрациясынын 1-акими болуп дайындалып, 1994-жылдын март айына чейин эмгектенди.

1994-жылы Президенттин Жарлыгы менен Тянь-Шань райондук мамлекеттик администрациясы менен Нарын шаардык мамлекеттик администрациясы кошулуп, Нарын райондук мамлекеттик администрациясы уюшулду. Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы болуп О.Бектуров бекитилип, 1996-жылга чейин бул кызматты аркалады.

1996-1997-жылдары А.Акматалиев, 1997-2000-жылдары К.Дербишбаев, 2000-2002-жылдары А.Касмалиев, 2002-жылы Б. Жапаралиев, 2002-2003-жылдары А.Кенжетаев, 2003-2004-жылдары А.Айдаралиев райондук башкаруудагы шаар башчысы болуп иштеп келишти.

Облустук маанидеги шаар болуп 2004-жылы бөлүнгөндө Нарын шаарынын мэри болуп Б.Боогачиев 2008-жылга чейин, А.Кулматов 2008-2010-жылдары, Б.Жээналиев 2010-2014-жылдары, Р.Адиев 2014-2017-жылдар аралыгында эмгектеништи. 2017-жылдан бери Нарын шаарынын мэри – Эмил Алымкулов.

Бүгүнкү күндө Нарын шаардык мэриясынын жетекчилиги алдында 35 мекеме-ишкана, алардын ичинде 8 мектеп, 7 бала бакча бар.

Ал эми мэриянын аппаратында 1 бөлүм бар. Анда 16 жооптуу кызматкер эмгектенет.

Мэрияда көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип, бүгүнкү күндө да жергиликтүү өз алдынча башкаруунун түйшүктүү жана жооптуу ишине өздөрүнүн өмүрүн, билим-тажрыйбасын арнап келген кызматкерлер бар. Алар: Нарын шаарынын мэри, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун эмгек сиңирген кызматкери Эмилбек Алымкулов, шаардын биринчи вице-мэри Давид Курманов, шаардын вице-мэри, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасынын, «Кыргыз Республикасынын маданият кызматынын отличниги», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыктысы» төш белгилеринин жана көптөгөн ведомстволук сыйлыктардын ээси, Нарын облусунун жана шаарынын «Ардактуу атуулу», Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси Салтанат Эсенаманова; Нарын шаардык мэриясынын аппарат жетекчиси, «Кыргыз Республикасынын жергилик-




түү өз алдынча башкаруунун мыктысы», «Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги» төш белгилеринин ээси, Нарын шаарынын жана Нарын районунун «Ардактуу атуулу» Кубанычбек Чымылдаков; КР-нын Өкмөтүнүн Ардак грамотасынын, «Мамлекеттик кадр кызматынын отличниги» төш белгисинин ээси, Нарын облусунун жана шаарынын «Ардактуу атуулу» Эсентур Өмүралиев; «Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси, Нарын облусунун, шаарынын, районунун «Ардактуу атуулу» Мурат Бабаев; «Кыргыз Республикасынын Муниципалдык кызматынын отличниги» төш белгисинин ээси, Нарын шаарынын «Ардактуу атуулу» Бактыкан Ширинбекова; «Кыргыз Республикасынын Муниципалдык кызматынын отличиниги», «Кыргыз Республикасынын каржы кызматынын мыктысы» төш белгилеринин ээси, Нарын облусунун жана шаарынын «Ардактуу атуулу» Керез Турдалиева; «Кыргыз Республикасынын Муниципалдык кызматтын отличниги» төш белгисинин ээси, Нарын шаарынын «Ардактуу атуулу» Абдылда Ибраев; Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Ардак грамотасынын ээси Жылдыз Идирисова, «Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси Нурлан Кайыпов; «Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси Элнура Асангазы кызы; «Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси Тамара Усубалиева жана башкалар.

# НАРЫН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

Эл депутаттарынын Нарын шаардык Кеңеши 1939-жылы уюшулган. 1939-1962-жылдары Кыргыз ССРинин Тянь-Шань облусунун эмгекчилер депутаттарынын Нарын шаардык кеңешинин аткаруу комитети, 1963-жылы ноябрь айында Тянь-Шань облусу жоюлгандыгына байланыштуу, 1970-жылга чейин Кыргыз ССР эмгекчилер депутаттарынын Нарын шаардык кеңешинин аткаруу комитети деп аталган. 1970-жылдан1977-жылга чейин Кыргыз ССРинин Нарын облустук эмгекчилер депутаттарынын Нарын шаардык кеңешинин аткаруу комитети, 1977-жылдан 1988-жылга чейин Кыргыз ССРинин Нарын облустук эл депутаттарынын Нарын шаардык кеңешинин аткаруу комитети, 1988-жылдан 1990-жылга чейин Кыргыз ССРинин Ысык-Көл облустук эл депутаттарынын Нарын шаардык кеңешинин аткаруу комитети.

1991-жылы Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка ээ болгондон тартып, Нарын облусу кайра уюшулуп, Кыргыз Республикасынын Нарын облустук эл депутаттарынын Нарын шаардык Кеңешинин аткаруу комитети болуп кайра түзүлгөн. 1993-1997-жылдары Кыргыз Республикасынын Нарын облустук эл депутаттарынын Нарын райшаардык Кеңеши, 1998-жылы Кыргыз Республикасынын Нарын облусу,






*Шаардык кеңештин I чакырылышынын депутаттары*

депутаттардын Нарын шаардык Кеңеши деп аталып калган.

Нарын шаарына Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 6-июлундагы Жарлыгы менен облустук маанидеги шаардын статусу берилип, биринчи жолу облустук маанидеги шаарда 2004-жылдын 10-октябрында шайлоо өтүп, 28 депутат шайланган. Шайланган депутаттардын ону партиядан, 18 өзүн-өзү көрсөтүү менен өтүшкөн. 28 мандатка 83 талапкер ат салышкан. Депутаттардын Нарын шаардык Кеңешинин төрагасы болуп Абдыкеримов Амантур шайланган.

Шайланган депутаттардын тогузу экономист, сегизи инженер, үчөө мугалим, үчөө врач, экөө энергетик, экөө айыл чарба адиси, бирөө соода кызматкери болушкан. Төрт жыл ичинде 25 жолу сессия өткөрүлүп, 111 орчундуу маселе каралган. 2005-жылы жалпы бюджеттин көлөмү 32422,0 миң сом болсо, анын ичинен жергиликтүү бюджеттин көлөмү болгону 6485,5 миң сомду гана түзгөн. Ошол кезде шаардын финансылык абалы өтө оор болгон же мекемелердин эмгек акыга, салыкка жана башкаларга болгон карыздары жылдан жылга өсүп келген. Депутаттардын туура иш алып баргандыгынын негизинде карыздар өз убагында жабылган. Төрт жыл аралыгында негизинен экономика тармагына басым жасалып, шаардын жалпы бюджети 89833,5 миң сомго, жергиликтүү бюджет 19094,0 миң сомго өсүп, 3 эсеге көбөйгөн. Тактап айтканда, эл менен биргеликте бюджеттик угуулар өткөрүлүп, өз натыйжасын берген. Мэриянын сунушунун негизинде шаардын борбордук көчөсүнүн 6,7 километри ремонттон өткөрүлүп, 7,8 млн сом жумшалган. Социалдык маселелерге көңүл бурулуп, мектептердин ишин жакшыртууга эл аралык уюмдар менен иш жүргүзүлгөн. Элдин таза сууга болгон муктаждыктарын чечүүгө 4,5 млн сомдук иштер, көп кабаттуу үйлөрдүн суу түтүктөрүн оңдоого 3,5 млн сомдук жумуштар, түрткү берүүчү гранттар аркылуу ГФРБ, АРИС уюмдары менен 10,5 млн сомдук жумуштар аткарылган.

Депутаттардын биринчи Нарын шаардык Кеңешинин төрагасы Амантур Үсөнович Нарын шаарынын өнү-

түп-өсүшүнө өз салымын кошуп, бүгүнкү күндө Нарын шаардык Кеңешинин аппаратынын башчысы болуп үзүрлүү эмгектенип жатат. Эмгеги бааланып, КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы жана «Жеңиштин 60 жылдыгы» эстелик медалы, Нарын облустук администрациясынын, шаардык мэриясынын, КРнын мамлекеттик кадр кызматынын, Афган ардагерлеринин Республикалык Союзунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Ал ошондой эле, Нарын облусунун, Нарын шаарынын «Ардактуу атуулу», Нарын шаарынын катары менен 3 жолку депутаты. «Кыргыз Республикасынын Социалдык Фондусунун Отличниги», «Муниципалдык кызматтын отличниги» төш белгилери менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын 1-класстагы кеңешчиси.

Экинчи жолку шайлоого көп мандаттуу округдардан 28 мандатка 115 талапкер катталып, 12си партиядан болсо, 103 талапкер өзүн-өзү көрсөтүшкөн. Шайлоонун жыйынтыгында 28 талапкер жогорку добуш алып, депутат болушкан. 2008-жылы XXV чакырылыштагы Нарын шаардык кеңешинин төрагасына Көкөтаев Ардак шайланган.

Депутаттык мөөнөттө 17 сессия өткөрүлүп, 98 маселе каралган. Шаардын инфраструктурасын өткөрүүгө көңүл бурулуп, Дүйнөлүк Банк, «АРИС» МерсиКО, ОБСЕ, Урган институту менен биргеликте иштер жүргүзүлгөн. Саламаттыкты сактоо, билим берүү тармактарына, өзгөчө ысык тамак берүүгө жергиликтүү бюджеттен биринчи жолу каражат бөлүнгөн. РТС аймагына жаңы суу түтүктөрүн орнотууга, «Ак-Бечел» суу алуучу жайынын кубаттуулугун 3 миң кубга жеткирүүгө 70 млн сом жумшалган. Мектептердин, бала бакчалардын материалдык-техникалык базасын чыңдоого 601,4 миң сом бөлүнгөн.


Шаардык кеңештин II чакырылышынын депутаттары

гүп-өсүшүнө өз салымын кошуп, бүгүнкү күндө Нарын шаардык Кеңешинин аппаратынын башчысы болуп үзүрлүү эмгектенип жатат. Эмгеги бааланып, КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы жана «Жеңиштин 60 жылдыгы» эстелик медалы, Нарын облустук администрациясынын, шаардык мэриясынын, КРнын мамлекеттик кадр кызматынын, Афган ардагерлеринин Россиялык Союзунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Ал ошондой эле, Нарын облусунун, Нарын шаарынын «Ардактуу атуулу», Нарын шаарынын катары менен 3 жолку депутаты. «Кыргыз Республикасынын Социалдык Фондусунун Отличниги», «Муниципалдык кызматтын отличниги» төш белгилери менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын 1-класстагы кеңешчиси.

Экинчи жолку шайлоого көп мандаттуу округдардан 28 мандатка 115 талапкер катталып, 12си партиядан болсо, 103 талапкер өзүн-өзү көрсөтүшкөн. Шайлоонун жыйынтыгында 28 талапкер жогорку добуш алып, депутат болушкан. 2008-жылы XXV чакырылыштагы Нарын шаардык кеңешинин төрагасына Көкөтаев Ардак шайланган.

Депутаттык мөөнөттө 17 сессия өткөрүлүп, 98 маселе каралган. Шаардын инфраструктурасын өткөрүүгө көңүл бурулуп, Дүйнөлүк Банк, «АРИС» МерсиКО, ОБСЕ, Урган институту менен биргеликте иштер жүргүзүлгөн. Саламаттыкты сактоо, билим берүү тармактарына, өзгөчө ысык тамак берүүгө жергиликтүү бюджеттен биринчи жолу каражат бөлүнгөн. РТС аймагына жаңы суу түтүктөрүн орнотууга, «Ак-Бечел» суу алуучу жайынын кубаттуулугун 3 миң кубга жеткирүүгө 70 млн сом жумшалган. Мектептердин, бала бакчалардын материалдык-техникалык базасын чыңдоого 601,4 миң сом бөлүнгөн.



Шаардык кеңештин II чакырылышынын депутаттары

Өкмөттүн жардамы менен Азия Өнүктүрүү Банкынан «Ак-Бечел» суу жайын ремонттоого 55,0 млн сом бөлүнгөн. Шаардын жалпы бюджети 4 жылда 18522,1 миң сомдон 52375,0 млн сомго жетип, 33852,0 миң сомго өскөн.

Бул чакырылыштагы шаардык кеңештин төрагасы Ардак Шералиевич «КРнын кооперациясынын отличниги» төш белгисинин ээси, Нарын облустук администрациясынын,райондук администрациянын, Нарын шаардык мэриясынын жана Нарын шаардык Кеңештин Ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын 1-класстагы кеңешчиси.

Үчүнчү жолку Нарын шаардык кеңешине шайлоо биринчи жолу партиялык система менен 2012-жылдын 25-ноябрында өткөрүлүп, ага 8 партия катышып, 6 партия жеңишке ээ болуп, 31 депутат шайланган. «Замандаш» фракциясынан депутат Турсуналиев Эрмек төрагалыкка шайланган. КСДП партиясынан - 6, «Мекен ынтымагы» партиясынан - 4, «Республика» партиясынан - 6, «Замандаш» партиясынан - 6, «Ак-Шумкар» партиясынан - 3, «Ата Мекен» партиясынан 6 депутат шайланган. Мунун ичинен 9 аял жолдоштор. Билими боюнча 30 жогорку, бирөө атайын орто билимдүү, кесиби боюнча 4 мугалим, 7 саламаттыкты сактоо кызматкери, 6 жеке ишкер, 7 инженер-куруучу, 4 ар кандай кесиптин ээлери болушкан.

Бул чакырылыштагы мөөнөттө 37 сессия өткөрүлүп, 207 маселе каралган. Сессияда негизинен мектептерде окуу-тарбия иштерин жакшыртуу, материалдык-техникалык базасын чыңдоо, мектептерде, бала-бакчаларда ысык тамактын берилиши жана саламаттыкты сактоо мекемелеринин элди тейлөөдө аткарып жаткан иштери, шаардын элин транспорт каттамдары менен тейлөө, мүмкүнчүлүгү чектелген майыптарга турак жай куруу, ар кандай табигый кырсыктарды алдын алуу, шаардын элин паспорт менен камсыз кылуу, инвестиция тартуу менен спорт аянтчаларын куруу. Нарын шаарынын 2014-2017-жылдарды туруктуу өнүктүрүүнүн «Жол картасын»,«Өнүктүрүүнүн стратегиялык планын» жана «Жергиликтүү бюджетти» бекитүү жана башка маселелер каралган.

Эрмек Турдалиевич Нарын шаардык Кеңешинин төрагасы болуп 2016-жылга чейин иштеген. Ал «КРнын саламаттык сактоо кызматынын отличниги» төш белгисинин ээси. Депутаттардын Нарын облустук Кеңешинин 2 жолку, шаардык Кеңештин 3 жолку депутаты. Нарын облусунун, Нарын шаарынын, Ат-Башы районунун «Ардактуу атуулу».

Шаардык Кеңештин IV жолу чакырылышынын шайлоосу 2016-жылдын 11-декабрында өтүп, ага 8 партия катышып, 5 партия жеңишке ээ болгон. Нарын шаардык Кеңешинин төрагасы болуп КСДП фракциясынан Бото[illegible] Жыргалбек шайланган.

КСДП партиясы 12 мандат, «Ала-Тоо ынтымагы» 6 мандат, «Республика» 5 мандат алышса, «Кыргызстан» жана «Өнүгүү-Прогресс» партиялары [illegible] мандаттан алышкан. Шайланган 31 депутаттын 8 аял жолдоштор болгон. [illegible]

жыл алты ай аралыгында 16 сессия өткөрүлүп, 72 маселе каралган. Акыркы жылдары шаардык кеңеш жана мэрия тарабынан негизинен басым шаардын бюджетин көтөрүүгө, башкы планды иштеп чыгууга, шаардын инфраструктурасын, курулуш иштерин жакшыртууга, инвестиция тартууга коюлуп жатат. Бул максатта шаарга инвестиция тартып, курулуш курууну көздөгөн жеке ишкерлерге депутаттар тарабынан сессияда жеңилдиктер берилген.

Бүгүнкү күндө Борбордук Азия Университетинин курулушу, шаардын борбордук көчөсүнүн тротуарын брусчаткалоо иштери, пескоблок жана брусчатка цехинин, «Жеңиш -70» паркынын, РТС аймагындагы бала бакчанын, РТС аймагындагы спорт мектебинин, Ж.Шералиев атындагы музыкалык мектептин, РТС аймагындагы «Ассалам» кайрымдуулук фонду тарабынан салынган балдар үйүнүн, Н.Ташболотов тарабынан шаардын борборундагы муз аянтчасынын курулуштары бүткөрүлгөн.

Мындан сырткары, быйылкы жылы мамлекеттик ипотека компаниясы тарабынан курулуп жаткан турак жайдын, «Газпром» компаниясы куруп жаткан спорт комплексинин курулушун бүткөрүү жана жеке ишкер С.Калидулдаев тарабынан 5 кабаттуу 80 квартиралуу 4 корпустан турган жеке турак жайдын курулушун баштоо иштери мерчемделүүдө.

Нарын шаардык кеңешинин бүгүнкү күндөгү төрагасы Жыргалбек Ботоканов иштеги жетишкендиктери үчүн КРнын Өкмөтүнө караштуу жер-



*Шаардык кеңештин IV чакырылышынын депутаттары*

гиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин, КРнын транспорт жана коммуникация министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. Нарын шаарынын «Ардактуу атуулу», шаардык кеңештин 2 жолку чакырылышынын депутаты.

Нарын шаардык кеңешинин негизги иши шаардын экономикалык-социалдык абалын жакшыртууга, жергиликтүү бюджеттин көлөмүн көбөйтүүгө жана инфраструктурасын жакшыртууга багытталган.

Учурда шаардык кеңештин алдында беш туруктуу комиссия иштейт.

Бюджет, финансы жана экономика, ишкердүүлүк, инвестиция комиссиясынын төрагасы «Республика – Ата Журт» фракциясынан Нарынбек Өмүракунов.

Социалдык, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият жана спорт боюнча комиссиянын төрагасы «Өнүгүү-Прогресс» фракциясынан Майрамбек Сакыбаев.

Муниципалдык менчик, жер, турак-жай, коммуналдык тейлөө, архитектура, курулуш, отун энергетикасы, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы КСДП фракциясынан Айбек Аскарбеков.

Депутаттык иш, ардагерлер, жаштар саясаты, жарандык жана коомдук уюмдар, эл аралык байланыш, ЖМК, наамдарды ыйгаруу боюнча» туруктуу комиссиянын төрайымы Динара Асанова.

Мыйзамдуулук, укук тартиби, регламент, мандат, этика, коррупцияга каршы күрөшүү боюнча» туруктуу комиссиянын төрагасы, «Ала-Тоо ынтымагы» фракциясынан Мустафа Жумаканов.



# НАРЫН ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ



Нарын шаарынын ички иштер бөлүмүнүн басып өткөн жолу Нарын жана кыргыз милициясынын түзүлүшү, калыптануусу, чыңдалуусу менен тыгыз байланышта. Орусия падышасынын карамагында турган нарындык кыргыздарга 1918-жылы апрель айында Токмок шаарынан Ф.С.Дубавицкий башчылык кылган Кызыл гвардиячылар Нарынга келишип, революцияга каршы чыккан күчтөрдү басып, советтердин аймактык курултайында (съездди) совет бийлигинин орногондугун жарыялап, уезддик советин шайлаган. Нарын уездинде совет бийлигин чыңдоо, революциянын душмандарына каршы күрөшүү кызыл аскерлерге, жумушчу-дыйкан кошуундарына, партиялык советтик уюмдарга жүктөлгөн. Нарын уездинде, анын ичинде Нарын шаарында тартипти сактоо, контрреволюционерлерге каршы күрөшүү, атуулдардын коопсуздугун камсыздоо үчүн 1920-жылы ноябрда өздүк курамы 62 адамдан турган жумушчу-милициясы түзүлгөн. Алгачкы милициянын катарына кат ташыган, жүрүш-турушу мыкты адамдар кабыл алынып, 2 айлык даярдоо курсунан окуша баштаган. Нарын уезддик-шаардык милициянын курамына Нарын шаардык, экинчи жана үчүнчү, загорный райондук милиция бөлүмчөлөрү кирген. НУШМны ВКП(б) нын мүчөсү Сары Байгазинов жетектесе, Жапар Кодонбаев, Иса Байбосунов, Токтоболот Ботбаев, Исак Мураталиев, Жумагул Орозалиев, Искак Дөөлөтов,

Кулдаш Молдобеков жана башкалар алгачкы милиционерлерден болушкан. 1922-жылы НУШМнын начальнигине Дүйшө Уразбаев дайындалып, ал бул кызматта 1924-жылдын январь айына чейин иштейт. Кара-Кыргыз АССРнин Жети-Суу облусунун аткаруу комитетинин 1924-жылдын 3-январындагы № 415 жана Нарын кантондук аткаруу комитетинин ошол жылдын 17-январындагы № 4 буйруктарына ылайык, НУШМнын начальнигине Садык Мураталин дайындалып, милициянын штаттык бирдиктери кыскарып, милицияда 41 адам иштеп калат. Нарын уезддик-шаардык аткаруу комитетинин президиумунун 1924-жылдын 21-апрелиндеги № 20 токтому менен НУШМнын начальнигине Юсуп (Жусуп) Койчуманов дайындалат, ал бул милдетти 1926-жылдын июль айына чейин аткарат. 1926-жылы НУШМнын Нарын кантондук милиция бөлүмү (НКМБУ) деп аталган жана бул мезгилде анын начальниги болуп Шарше Абаев, Жумадил Момуналиев, Кадырбаев иштеген, ал эми кылмыш иликтөө бөлүмүн Таабалды Жукеев Пудовкин, Жумадил Ысманкулов, Жусуп Байсеркеев, Михаил Афанасенко, Иманкул Аргынбаев жетектеген.

1928-жылы Кыргызстандын аймагы райондорго бөлүнүп, Нарын кантону 1930-жылы Нарын, Ат-Башы, Сталин райондоруна бөлүнгөн. 1930-1938-ж.ж. Нарын райондук шаардык милиция бөлүмүн Садык Команов, Михаил Афанасенко, Молдогул Жумагулов жетектеген. Ошол жылдары Кыргыз ССРнин маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын Абдыкалык Чоробаев, кийин советтик чарбалык кызматка өтүп кеткен, коомдук ишмер Мукаш Назарматов кылмыш иликтөө бөлүмүндө кызмат өтөшүп, элдин бейкут турмушун коргоп, бандиттерди, баш кесер кылмышкерлерди кармоого өз үлүштөрүн кошушкан.

1938-жылы май айында жумушчу-дыйкан милициясынын (ЖДМ) Тянь-Шань округдук башкармалыгынын начальнигине милициянын сержанты Леонид Горелов дайындалган. Ошол эле жылдын август айынан баштап башкармалыкты милициянын сержан-



ты, кийин кыргыз уулдарынын эң биринчи генерал майор наамына ээ болгон Эргеш Алиев жетектей баштайт. Ал бул кызмат ордуна 1941-жылга чейин эмгектенген. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Нарын милициясынын милдеттери кескин жогорулап талданган. Фронттон, эмгектен качкандар, талоончулар, ушак-айың таратуучулар, дүрбөлөңчүлөр менен күрөшүү, айыл-кыштактарды кылмышкерлерден арылтуу, кыргыз армиянын фондуна, танка менен самолетторду куруучу үчүн акча топтоо, жоопкерлердин үй-бүлөлөрүнө көмөктөшүү сыяктуу көптөгөн милдеттер милицияга жүктөлдү. Тянь-Шань облусу боюнча 1941-1943-жылдары бандиттик жети топ жок кылынган, алар менен кагылышууда 4 милиционер курман болгон.

Эл-жерди фашисттик баскынчылардан коргоп, улуу жеңиш менен жергебизге кайтып келишкен Эсенгул Арзыматов, Мамыш Черикбаев, Медет Табалдиев, Үсөн Асаналиев, Бейше Акинбаев, Абдыкерим Бактыгулов, Тезекбай Байшериев, Эрмек Коңурбаев, Жумакожо Майрыкеев, Сапар Мамбеталиев, Сыдык Черибеков, Турсунаалы Токонбаев, Жаман Сарымкулов, Нематиш Рахматуллаев, Жакып Шакиров, Кыдыр Алымкулов, Токтогул Молдоканов, Муканбет Иманалиев, Жапар Чынгышпаев, Көбөгөн Жубалиев, Сапар Эгизов, Кадырберди Батырканов сыяктуу эр азаматтар Нарын милициясында эмгектенишкен, өз милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарышып, кызматкерлерге үлгү көрсөткөн устаттардан болушкан.

1970-жылы Тянь-Шань ШРИИБнүн начальниги болуп милициянын майору Шаршенбек Орозалиев дайындалган. 1974-жылы Нарын шаарынын ички иштер бөлүмү түзүлүп, бөлүмдүн начальнигине ошол эле жерде социалисттик менчикти уурдоого каршы күрөшүү бөлүмүнүн (СМУККБу) начальниги болуп иштеген милициянын майору Сагындык Исеков дайындалган.

Нарын шаардык милициясын 1976-1981-жылдары милициянын подполковниги С.Сабитов, 1981-жылы милициянын майору Т.Арзыбеков, 1982-1985-жылдары милициянын подполковниги К.Жумалиев, 1985-1987-жылдары милициянын подполковниги И.Калыков, 1987-1992-жылдары милициянын полковниги С.Жумаков, 1992-1994-жылдары милициянын подполковниги Б.Султанкеримов, 1994-1999-жылдары милициянын полковниги А.Молдобаев, 2000-2003-жылдары милициянын полковниги Ш.Жуматаев, 2003-2005-жылдары милициянын подполковниги А.Иманалиев, 2005-жылы милициянын полковниги М.Абасканов, 2006-2007-жылдары милициянын полковниги Т.Нуралиев жетектеген. 2008-жылы милициянын полковниги С.Мамашев, 2009-жылы милициянын полковниги Т.Талипов, 2010-2011-жылдары милициянын полковниги Б.Арзыкулов, 2011-2015-жылдары М.Турпанбаев, 2015-2017-жылдары милициянын подполковниги Т.Секебаев жетекчилик кызматтарды аркалашкан.

2017-жылдан бери милициянын полковниги Кадыров Талант Нарын шаардык ички иштер бөлүмүн жетектеп келүүдө. Учурда жалпы 52 кызматкер эмгектенет.

# АСКЕР КОМИССАРИАТЫ

Нарын шаардык бириккен аскер комиссариаты 1937-1938-жылдары түзүлүп, Тянь-Шань райондук аскер комиссариаты болуп аталган.

1963-жылдын 1-апрелинде Түркестан аскер округунун №010 Директивасынын негизинде Тянь-Шань облустук аскер комиссариатынын базасында кайрадан түзүлгөн. 1963-жылдын 15-апрелинде 5-разряддагы аскер комиссариаты болуп, 3/315«А» штатына которулган. Түзүлгөн күндөрдөн тартып Нарын шаардык бириккен аскер комиссариаты мамлекеттин коопсуздугун, бүтүндүгүн сактоодо, бекемдөөдө өз милдетин так аткарып келет.

Атап айтсак, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында башка аскер комиссариаттары сыяктуу эле Нарын шаардык бириккен аскер комиссариаты согуш майданына Кызыл армиянын катарына 10000 ден ашуун жоокерлерди жөнөткөн. Афганистан жергесинде өзүнүн интернационалдык милдеттерин аткаруу үчүн 72 жоокерди аскер кызматына жөнөттү.

Ошондой эле, Чернобыль авариясында да Нарын шаардык бириккен аскер комиссариаты 70 адамды атайын сборлорго жиберген.

1963-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Нарын шаардык бириккен аскер комиссариатынын аскер комиссарлары болуп төмөндөгү аскер кызматкерлери иштеп келишкен: майор Бейшебаев, капитан Кулматов, майор Сарыбаев, майор Кусейинов, капитан Деелетов, майор Джолдошалиев, майор Карыбай Ил[illegible], майор Урусбек Джээналиев, майор Курманбек Камалов, подполковник Бек[illegible] Мелис, майор Сартаев Анвар (аскер комиссарынын убактылуу милдетин аткаруучу), майор Батырканов Жумабек (аскер комиссарынын убактылуу милдетин аткаруучу), подполковник [illegible]баев Болот, майор Шамыралиев Сыр[illegible]бек, майор Орозалиев Сарайбек, майор Мурзабеков Шаршенбек, подполковник Насиров Бактияр, майор Касымов Советбек, подполковник [illegible]баев Сагынбек, подполковник Шапк[illegible] Жылдызбек.



Аскер кызматчыларына салынган жаңы үй

Жалпы аскер комиссариатында 28 кызматкер кызмат кылып, анын ичинен 7 аскер кызматкери, 21 куралдуу күчтөрүнүн кызматкери эмгектен[illegible]

# ТАЙЛАК БААТЫР АТЫНДАГЫ ЧЕК АРА ОТРЯДЫ

Кыргыз Республикасынын, анын ичинде Нарын багытындагы мамлекеттик чек араны кайтаруу тарыхы 1968-жылы Улуу Жибек Жолундагы Нарын шаары негизделген жылдардан башталат. Советтик доордун мезгилинде мамлекеттик чек аранын кыргыз-кытай участкасын кайтарууну калыптанышы «Ак-Бейит», «Ат-Башы», «Таш-Рабат» чек ара пункттарында 4-бригаданын, өзгөчө 3-бөлүгүнүн кызыл аскерлери кызмат атай баштаганы 1921-жылга туура келет. 1924-1925-жылдардын декабрь-февраль айларында Нарында өзүнчө комендатура түзүлөт. Бул мезгил ичинде «Арпа», «Торугарт», «Кароол-Дөбө», «Чатыр-Таш», «Көк-Айгыр» чек ара заставалары ишке киргизилген. 1934-1935-жылдары «Корумду», «Орто-Кашкасуу» чек ара заставалары курулган.

1930-жылы 10-декабрда Нарындагы чек ара комендатурасына кужурмөн Кызыл Туу жана СССРдин Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАК ) Грамотасы тапшырылган. Ошол күндөн баштап 10-декабрь жыл сайын аскердик бөлүктүн түзүлгөн күнү катары майрамдалып келе жатат. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында чек ара отрядынын жоокерлери бийик тоолуу аймактын климаттык өтө оор шартарында, ызгаардуу кыш мезгилинде, азык-түлүктүн, кийим-кечени жетишсиздигине карабастан мамлекеттик чек араны кайтаруу боюнча ыйык милдеттерин ийгиликтүү аткарышкан.





Чек ара аскерлеринин алгачкы казармасы

Нарын чек ара отрядынын ондогон офицерлери, прапорщик, сержанттары жана солдаттары Афганистан Республикасында интернационалдык милдеттерин аткарууда эң кыйын, өтө катуу сыноолорду баштан кечиришкен.

Кыргыз Республикасынын Коргоо министирлигинин 2001-жылы 24-сентябрындагы №157-буйругу менен Нарын чек ара отрядына кыргыз элинин улуттук баатыры Тайлактын ысымы ыйгарылган.

2002-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Коргоо министирлигинин алдындагы чек ара кызматы болуп атала баштаган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын май айындагы жарлыгы менен Тайлак Баатыр атындагы Нарын чек ара бөлүгүнө Күжүрмөн Туу тапшырылган.

Нарын чек ара бөлүгү азыркы учурда Ак-Сай, Арпа өрөөнүндө кыргыз-кытай чек арасын кайтарууда өздөрүнүн талыкпас күч-аракетин жумшап, чек арачылар Мекен алдындагы ыйык милдетин аткарууда.



Чек ара аскерлеринин кавалериясы

# НАРЫН ШААРДЫК СОТУ

- 1930-1936-жылдары Кыргыз АССРинин Нарын шаардык элдик соту болуп уюшулган.
- 1936-1938-жж. Кыргыз ССРинин Нарын шаарындагы элдик соту.
- 1938-1939-жж Кыргыз ССРинин Юстиция министрлигинин Тянь-Шань округунун Нарын шаарындагы элдик соту.
- 1939-1962-жж. Кыргыз ССРинин Юстиция министрлигинин Тянь-Шань областынын Нарын шаарындагы элдик соту.
- 1963-1970-жж. Кыргыз ССРинин Юстиция министрлигинин Нарын шаарындагы элдик соту.
- 1970-1988 жж. Кыргыз ССРинин Юстиция министрлигинин Нарын областындагы Нарын шаарынын элдик соту.
- 1988-1990 жж. Кыргыз ССРинин Юстиция министрлигинин Ысык-Көл областындагы Нарын шаарынын элдик соту.
- 1992-1996 жж. Кыргыз Республикасынын Нарын областындагы Нарын шаарынын элдик соту.
- 1996-жылы Нарын шаардык соту менен Тянь-Шань райондук соту биригип, Нарын райондук соту болуп аталган.
- 2005-жылы Нарын шаардык соту өзүнчө бөлүнүп түзүлгөн.



# НАРЫН ШААРЫНЫН ПРОКУРАТУРАСЫ

Нарын шаардык прокуратурасы 1971-жылы уюшулган. Анын тарыхы областтык прокуратуранын, Кыргызы Республикасынын прокуратурасы жана шаардын басып өткөн жолу менен тыгыз байланышта.

1993-жылы Нарын шаарынын борборунда жайгашкан эки кабаттуу имарат короо жайы менен Нарын областтык прокуратуранын менчигине өткөндүгүнө байланыштуу шаардык прокуратура областтык прокуратурасынын бир бөлүгүн ээлейт.

1994-жылы шаардык прокуратура Нарын райондук прокуратура менен бириктирилип, 2005-жылга чейин Нарын райондук прокуратура аталышта турган.

Нарын шаардык прокуратураны өз убагында жетектеп тургандар: Б.Ажибаев (1971-1975), В.Каланчин (1975-1978), Ю.Павлов (1978-1982), Д.Кудайбердиев (1982-1985), С.Мурзабеков (1985-1987), А.Саякбаев (1987-1992), А.Чыналиев (1992-1994), К.Токтомамбетов (2005-2007), М.Акматалиев (2007-2010), А.Казиев (2010-2015).

2015-жылдын 10-августунан баштап Нарын шаарынын прокурору Алсеитов А.Ч., прокурордун орун басары Умурзаков Ж.И., прокурордун улук жардамчысы Муканова М.Ш., прокурордун жардамчылары ШерматовА.Т., Абсатаров Т.А.



# ӨКМдин НАРЫН БАШКАРМАЛЫГЫ

1971-жылы Нарын облусунун Жарандык коргонуу штабы түзүлгөн. 2009-жылдан азыркы убакка чейин Чукул кырдаалдар министрлигинин Нарын облусу боюнча башкармалыгы.

Теңир-Тоо жергесинде биринчи өрт өчүрүүчү команда 1940-жылы Нарын шаарында, мурунку Улуу Жибек Жолунун кербенчилери токтоочу «Кербен Сарайдын» имаратында түзүлгөн.

1983-жылы Нарын шаарындагы №11 кесиптештирилген Өрткө каршы отряддын базасында курамы 53-кызматкерден турган №1 өз алдынча Аскерлештирилген өрткө каршы бөлүктүн уюштурулушу бул кызматтын басып өткөн жолундагы тарыхый бурулуш болгон.

Кыска убакыттын ичинде Нарын шаарындагы №16- Аскерлештирилген бөлүккө кошумча имараттар жана складдар өздүк курамдын күчтөрү менен салынып, автошатыга ылайыкталган гараж курулган.

2013-жылы Өрткө каршы мамлекеттик кызматына сактоо, авариялык-куткаруу милдеттери кошо жүктөлүп өздүк курамдардын саны көбөйүп, кошумча авариялык-куткаруу техникалары берилди.

Нарын шаарындагы №16 аскерлештирилген бөлүктүн имараты республикадагы өрткө каршы деполордун эң эскилеринин бири болуп, жаңы имарат куруу чечими 2006-жылы эле кабыл алынып, 2009-жылы «Центр-Модулор» жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан долбоордук-сметалык иш кагаздары бүткөрүлгөн. 2013-жылдын сентябрь айында жаңы имараттын курулуш иштери башталып, курулуш иштери өздүк курамдын күчү менен 2015-жылы октябрь айында аягына чыгарылып, имарат колдонууга берилген.

2006-жылы фераль айында КРнын ӨКМнин Нарын облустук башкармалыгынын алдында Нарын шаардык Куткаруу кызматы түзүлгөн.



# НАРЫН РЕГИОНАЛДЫК ШААР КУРУЛУШУ ЖАНА АРХИТЕКТУРА БОЮНЧА БАШКАРМАЛЫГЫ

1998-жылы Нарын облустук архитектура жана курулуш боюнча башкы башкармалыгы түзүлүп, 2003-2006 - жылдары Нарын шаардык архитектурасы деп аталган. Ал эми 2006-жылдан 2009-жылга чейин Нарын областтык архитектура жана курулуш башкармасы, 2009-жылдан 2012-жылга чейин Нарын шаар курулуш архитектура башкармасы деп аталып келди. 2017- жылдан бери Нарын регионалдык шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгы.

2013 -жылдын 19-ноябрынан бери Рахатбек уулу Эркин Нарын шаарынын башкы архитектору болуп эмгектенип келүүдө.

Нарын регионалдык шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгы тарабынан аткарылган долбоорлорунун негизинде: Ж.Шералиев атындагы искусство мектеби, Нарын областык бириктирилген ооруканасынын неврология бөлүмү, жаштар сквери, 64 аймагындагы Ж.Пудовкин атындагы сквери, Мегакамфорт соода борбору курулду.

Нарын регионалдык шаар курулуш жана архитектура боюнча башкармалыгында жалпы он бир кызматкер эмгектенет. Анын ичинен 4 кызматкер архитектор, жогорку билимдүү, эмгек стажысы 10 жылдан кем эмес. 1 кызматкер конструктор – сметчик жогорку билимдүү, иш стажысы 45 жылдык.



# НАРЫН ОБЛУСУНУН СТАТИСТИКА ОРГАНДАРЫ

Тянь-Шань облусу 1939-жылдын ноябрь айында уюшулгандан кийин, 1940-жылдын 2-январында Кыргыз ССРинин Мамлекеттик пландоо комиссиясына караштуу Тянь-Шань облустук эл чарбасынын эсеп башкармасы уюшулган. Облустук башкарманын биринчи жетекчиси П.С.Костенко 1940-жылдын 2-январынан 19-февралына чейин иштеген. Ушул жылдын 1-февралынан облустук башкарманын курамына Ак-Талаа, Ат-Башы, Кочкор, Жумгал, Нарын жана Тогуз-Торо райондук статистика инспекциялары (инспектуралары) кирген.

1941-жылы Тянь-Шань облустук статистика башкармасы болуп аталып, 1948-жылга чейин Кыргыз ССРинин Мамлекеттик пландоо комиссиясына, андан 1962-жылга же Тянь-Шань облусу жоюлганга чейин Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин алдындагы Борбордук статистика башкармасына баш ийип турган. Облус жоюлганга чейин Тянь-Шань облустук статистика башкармасынын жетекчилери болуп Т. Болчуров, Н.Н.Засухин, С.К.Струков, Яковлева, В.Т.Полтавский, К.Касымбеков, В.Н.Челищева, Ү.Кийизбаев иштешкен.

Облуста статистиканы өркүндөтүү, статистика органдарынын алдына коюлган милдеттерди аткарууну камсыз кылуу, кадрларды тарбиялоо жана үйрөтүү багытында жетекчилерден В.Т.Полтавский жана К.Касымбеков жоопкерчилик менен иш жүргүзүшүп, зор салым кошушкан.

1970-жылдын аягында Нарын облусу кайрадан уюшулганда облустук статистика башкармасы уюшулуп, аны 1980-жылга чейин тажрыйбалуу адистер А.Самидинов, А.Зулпукаров жетектеп келишкен. Кийин А.Самидинов республикалык статистика органында бөлүм башчы болуп иштесе, А.Зулпукаров республикалык статистика органынын жетекчисине чейин көтөрүлгөн. 1980-жылдан 1987-жылга чейин Ж.Абдрахманов, ал эми 1987-жылдан 1988-жылы Нарын облусу Ысык-Көл облусуна кошулганга чейин И.Тентимишов жетектешкен.

Облус кайрадан уюшулгандан кийин райондук статистика инспекциялары менен чарбалык эсептеги машина эсептөө станциясынын базасында (1975-жылы) райондук маалымат эсептөө станциялары (РИВС), кийин райондук статистика бөлүмдөрү (1986-жыл) түзүлгөн.

Облустун социалдык экономикалык өнүгүшү, эл чарба тармактарынын абалы жөнүндө статистикалык маалыматтарды, жыйнактарды чыгарып, экономикалык баяндамаларды даярдап жергиликтүү партиялык, советтик жетекчи органдарга берип турушкан.

Ушуга байланыштуу Нарын облустук эсептөө борбору (ВЦ) Нарын облустук маалымат эсептөө кызматы боюнча бирикмеси (Нарын облмашин-

форм) болуп аталып, облустук статистика башкармасына баш ийген жана Республикалык бирикменин курамына кирген. Ал эми райондук маалымат эсептөөчү станциялар (РИВС) облустук (Нарын машинформ) бирикменин курамында калган.

1988-жылы Нарын жана Ысык-Көл облустары бириктирилгендигине байланыштуу Нарын облустук статистика башкармасы жоюлган жана облустун райондук, шаардык статистика бөлүмдөрү кайра уюшулган Ысык-Көл облустук статистика башкармасынын курамына кошулган.

Нарын облусу кайрадан уюшулгандыгына байланыштуу 1991-жылдын башында облустук статистика башкармасы, облустук эсептөө борбору түзүлгөн. Облустук статистика башкармасын мурда партиялык, советтик кызматтарда иштеп келген К.Кадыралиев жетектеген.

Андан кийин облустук статистика башкармасын И.Тентимишов, 1992-1998-жылдары (1994-жылдан статистика комитетин) Б.Кыдыралиев, 1998-2000-жылдары Т.Усупов жетектешсе, 2000-жылдын 19-январынан бери К.Акматов жетектеди. 2017-жылдан бери Билимбек Жакиев жетекчилик кызматты аркалап келе жатат.

1994-жылдын март айынан баштап облустук статистика башкармасы облустук статистика комитети, 2001-жылы облустук статистика комитети облустук



форм) болуп аталып, облустук статистика башкармасына баш ийген жана Республикалык бирикменин курамына кирген. Ал эми райондук маалымат эсептөөчү станциялар (РИВС) облустук (Нарын машинформ) бирикменин курамында калган.

1988-жылы Нарын жана Ысык-Көл облустары бириктирилгендигине байланыштуу Нарын облустук статистика башкармасы жоюлган жана облустун райондук, шаардык статистика бөлүмдөрү кайра уюшулган Ысык-Көл облустук статистика башкармасынын курамына кошулган.

Нарын облусу кайрадан уюшулгандыгына байланыштуу 1991-жылдын башында облустук статистика башкармасы, облустук эсептөө борбору түзүлгөн. Облустук статистика башкармасын мурда партиялык, советтик кызматтарда иштеп келген К.Кадыралиев жетектеген.

Андан кийин облустук статистика башкармасын И.Тентимишов, 1992-1998-жылдары (1994-жылдан статистика комитетин) Б.Кыдыралиев, 1998-2000-жылдары Т.Усупов жетектешсе, 2000-жылдын 19-январынан бери К.Акматов жетектеди. 2017-жылдан бери Билимбек Жакиев жетекчилик кызматты аркалап келе жатат.

1994-жылдын март айынан баштап облустук статистика башкармасы облустук статистика комитети, 2001-жылы облустук статистика комитети облустук



мамлекеттик статистика башкармасы, райондук статистика комитеттери, райондук мамлекеттик статистика бөлүмдөрү болуп кайра түзүлгөн.

Ошентип, Нарын облусунда 1940-жылдан ушул мезгилге чейинки аралыкта статистика органдары эл чарбалык эсептин облустук башкармасынан, райондук статистика инспекциясынан-облустук, райондук мамлекеттик статистика башкарма, бөлүмдөрүнө чейинки телчигүү, изденүү, калыптануу жана өнүгүү жолун басып өтүшкөн.

Алгачкы кездеги татаал жана оор табигый климаттык шарттарга, жол катнашынын, байланыштын начар экендигине, автоунаанын жетишсиздигине жана эсептөөчү техникалардын жок экендигине карабастан статотчетторду алууну, алардын тууралыгын текшерүүнү уюштуруп, мамлекеттик органдарды керектүү статистикалык маалыматтар менен камсыз кылып турушкан улуу муундагы кесиптештерибиздин айрымдарынын ысымдарын атап кетсек жөндүү. Алар ардактуу эс алууда жүрүшкөн Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, «Ардак белгиси» орденинин ээси Ш.Бугубаев, республикалык маанидеги ардагер Ж.Абдырахманов, арабыздан көзү өтүп кетишкен «Ардак белгиси» орденинин ээси Ж.Керимбеков, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти Ө.Ташмамбетов, ардагерлер Т.Исаков, Ч.Орозалиев, А.Токтотемиров жана И.Анапияев.

Булар өз мезгилинде мамлекеттик отчеттук маалыматтарга кошуп жазууларга, көз боёмочулук кылууга каршы аёосуз күрөш жүргүзүшүп, мамлекеттик статистикалык отчеттордун так жана ынанымдуу болушуна өбөлгө түзүп келишкен. 1979-жана 1989-жылдардагы эл каттоону жүргүзүүгө зор маани беришип, жоопкерчилик менен уюштурушуп, өз учурунда аткарууну камсыз кылышкан.

Кийинки муундагы статистика кызматкерлери да мамлекеттик статистикалык отчет, учет иштерин өркүндөтүү, мамлекеттик отчеттуулуктун тартибин чыңдоо, статистикалык эсептөө жумуштарын механизациялаштыруу, учет, отчет иштеринин методологиялык көрсөтмөлөргө ылайык жүргүзүлүшүн камсыз кылуу багытында зор жоопкерчилик менен эмгектенишип, облуста, райондо эл чарбасынын өнүгүшүнө, социалдык-экономикалык абалына терең талдоолорду, изилдөөлөрдү жүргүзүп келишти жана облуста статистика органдарынын улам жаңы бийиктиктерге көтөрүлүүсүнө, калыптануусуна жана материалдык-техникалык базасынын чыңдалышына зор салым кошушту.

Булардын катарында 1992-жылдан 1998-жылга чейин облустук статистика комитетинин төрагасы болуп эмгектенип келген Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти Б. Кыдыралиевдин, Кыргыз Республикасынын «Ардак грамотасынын» ээси А.Дүйшеевдин, Кыргыз Республикасынын Грамотасынын ээси оператор А.Кулукееванын жана маркумдар - «Ардак белгиси» орденинин ээси Ж.Шабединованын, Кыргыз Республикасынын Грамотасынын ээси К.Шокеновдун ысымдарын сыймыктануу менен атасак болот.

Учурда «2015-2019-жылдарда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик статистикасын өркүндөтүү жана өнүк-

түрүү» программасын жүзөгө ашыруу боюнча аракеттер көрүлүп жатат. Программанын максаты Кыргыз Республикасынан Улуттук мамлекеттик статистика системасын мындан ары өркүндөтүү болуп саналат. Бул багытта официалдык статистика чөйрөсүндөгү мыйзамдык актыларды эл аралык методологиялар жана стандарттар менен шайкеш келтирүү, статистиканын инструментарийлерин жана методологиясын өркүндөтүү, респонденттерге оорчулуктарды азайтуу, мамлекеттик коммуникациялык технологияларды жакшыртуу жана өркүндөтүү, статистикалык отчетторду алууну электрондук байланыш аркылуу жүргүзүү, региондык статистика органдарынын материалдык техникалык базасын чыңдоо жана аларды жогорку квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу иштери системалуу жүргүзүлүп жатат.

Нарын шаардык статистикасы жана үй чарбаларынын бюджетин изилдөө боюнча бөлүмү Нарын облустук мамлекеттик статистика башкармасынын бөлүмү болуп эсептелет. Бөлүмдө 3 кызматкер: бөлүмдүн жетекчиси Заркунов Айбек, башкы адис Айдакеева Динара, жетектөөчү адис Дүйшеева Суранбүбү, ар бири статистика тармагында 20дан ашык жылдан бери эмгектери сиңген адистер, Кыргыз Республикасынын статистикасынын отличниктери.

## МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН НАРЫН ШААРЫ БОЮНЧА БАШКАРМАЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаары жана Нарын районунун мамлекеттик бийлигин жана башкаруу органын уюштуруу боюнча чаралар жөнүндөгү 2004-жылдын 6-сентябрындагы №666 токтомуна ылайык, 2005-жылдын январь айынан баштап Нарын шаардык мамлекеттик салык кызматы уюшулган.

2005-2012 жылга чейин Мамбетаитов Нурлан, 2012-2015-жылдары Насирдинов Кумарбек жетектеп келген.



Азыркы учурда Нарын шаардык мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгын Мамырбаев Жумабек жетектейт, башкармалыкта инспекторлук курамда 27 кызматкер эмгектенет.

Башкармалыкта «Салык кызматынын отличниги» төш белгисин алган кызматкерлер: Мамырбаев Жумабек, Абакиров Нурлан, Алмакунова Зина, Молдоева Жаңыл, Ажыбеков Абылгазы, Абдылдаев Зинагүл, Алымбаева Турдубүбү, Дүйшеева Махабат, Сариева Бейшегүл, Жумаев Мелис, Баатырбекова Самара, Камчыбеков Медеркул, Жолбунов Бейшебай.

Мамлекеттик салык кызматынын Нарын шаары боюнча башкармалыгында 23 жогорку билимдүү, 4 атайын орто окуу жайын аяктаган кызматкер эмгектенет.

## НАРЫН ШААРДЫК ФИНАНСЫ БӨЛҮМҮ



Нарын шаарынын финансы мекемеси 1923-жылы түптөлгөн. Ушул жылы Нарын уездинин финансы бөлүмү ачылып, жетекчилигине Оверхун деген адам дайындалган. 1924-жылы Нарын кантондук финансы бөлүмү уюшулуп, мекемеде 22 адам эмгектенген.

1927-жылы Тянь-Шань районунунда Нарын шаардык финансы бөлүмү түзүлгөн. 1963-1985-жылдары облустук финансы бөлүмүнүн алдындагы Нарын шаардык финансы бөлүмү болгон. Бул жылдары шаардык финансы бөлүмүнүн башчысы болуп А.Калыков иштеген.

Нарын шаардык финансы бөлүмү 1998-жылы декабрь айында Нарын районунун финансы бөлүмүнүн карамагынан шаардык финансы бөлүмү

болуп бөлүнүп чыгып, Нарын шаардык мэриясынын алдындагы бөлүм болуп уюшулган. Бөлүмдүн башчылыгына А. Асанакунов дайындалган. А.Асанакунов 1999-2005-жылдарга чейин Нарын шаардык финансы бөлүмүн башкарган, ал эми казына жагын башкы адис И.Жунусалиева тейлеген. Ал эми 2005-жылы өз алдынча бөлүнүп чыгып Нарын шаардык Финансы бөлүмү болуп турган.

2016-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Нарын башкармалыгы деп аталып келет. Нарын шаардык финансы бөлүмү шаардагы финансы иштерин уюштурууну методикалык жактан жетектеп, финансы жана салык саясатын иштеп чыгат. Шаардын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн пландап, анын аткарылышын камсыз кылат. Шаардык финансы бөлүмүнө шаардык бюджеттен каржыланган мекемелер баш ийет.

Финансы бөлүмүнүн түптөлгөн кезинен эле шаардык финансы жана казына бөлүмдөрүндө көптөгөн мыкты финансисттер эмгектенишкен. Мисалы, Абдырахман Калыков, Манап Мураталиев, Жамбы Бейменжанова, Бурулкан Карамурзаева, Жекшенбек Урустемов жана башкалар.

2005-жылдан баштап азыркы убакка чейин Нарын шаардык финансы бөлүмүн финасы-экономика кызматынын отличниги Жекшенбек Урустемов башкарат, ал эми жетекчинин орун басары болуп Айтбүбү Кеңешова эмгектенип келет. Шаардык финансы бөлүмүнүн ардактуу кызматкерлеринин бири Кыргыз Республикасынын Финансы-экономика кызматынын эмгек сиңирген кызматкери Жамбы Бейменжанова учурда персоналдык пенсиянын ээси.

Жогорудагы аталган инсандардын дээрлиги финансы кызматынын отличниктери жана көптөгөн сыйлыктардын ээлери.

Нарын шаары өз алдынча бөлүнүп чыккан 1998-2000-жылдары өзүнүн чогулткан кирешеси 14 миллион сомду түзгөн. 2018-жылдын 1-январына карата Нарын шаары Нарын облусунун аймагында бирден бир дотациясы жок аймак болуп саналып, тапкан кирешеси 109 миллион 355 миң 200 сомду түзөт.

# НАРЫН ШААРДЫК ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮГҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ

Нарын шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы алгач Нарын шаардык социалдык жардам берүү бөлүмү деген аталышта 1999-жылы Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын буйругу менен уюшулган. Бөлүм башчысы болуп Айша Дүйшөгулова дайындалган. 2009-жылы Нарын шаардык социалдык коргоо башкармалыгы болуп кайрадан түзүлгөн. Башкармалыктын башчылыгына Эдил Мусаев бекитилген. 2013-жылы Нарын шаардык социалдык өнүгүү башкармалыгы болуп кайрадан түзүлүп, учурда КРнын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин аймактык өкүлчүлүгү катары Нарын шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы деген аталышта.

Башкармалыктын негизги милдети болуп жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын, жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына туш келген үй-бүлөлөрдү жана балдарды натыйжалуу социалдык жактан камсыз кылуу, гендердик өнүгүү чөйрөсүндөгү аткаруу-тескөө функцияларды, мамлекеттик жөлөк пулдарды, акчалай компенсацияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү өз учурунда туура чектөө жана төлөө жүргүзүү, калкты ишке орноштурууга көмөк көргөзүү, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү сыяктуу социалдык маселелерге байланыштуу иштерди жүргүзүү болуп саналат. Учурда аталган мекемеде 33 кызматкер эмгектенет.



# НАРЫН РАЙОНДУК СОЦИАЛДЫК ФОНД БАШКАРМАСЫ

1939-жылдын 21-ноябрында Кыргыз Республикасында аймактык бөлүштүрүү болуп, Тянь-Шань облусу уюшулганда облусту социалдык жактан тейлөө боюнча бөлүм ачылып, бөлүмдө төрт адам иштеген. 1946-жылы штаттык бирдик он үч кишиге жеткен. Бөлүмдүн кызматкерлери облус боюнча беш миңге чейинки пенсионерлерди пенсия менен камсыз кылып турушкан.

1970-жылы облус боюнча социалдык жактан камсыз кылуу бөлүмү ачылып, 1993-жылга чейин пенсияга чыгуучу жарандардын документтерин кабыл алуу, пенсия менен камсыздоо иштери жүргүзүлгөн. 1993-жылдын 19-октябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин Указына ылайык, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсия менен камсыз кылуу тутумунун өз алдынча башкаруу принцибинде иштеген аткаруучу орган катары Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду түзүлгөн.

Республикалык Социалдык Фонддун алдында уюшулган Нарын райондук Социалдык фонду өз тарыхында пенсия системасында жүргүзүлүп жаткан иш



чараларында белгиленген калкты социалдык жактан колдоо боюнча саясатты киргизүүнү оптималдаштыруунун натыйжасында пенсиялык камсыздоонун финансалык абалын чыңдоодо бир топ ийгиликтерге жетише алды.

Нарын облустук Социалдык фонд башкармасынын жамаатын Жусуп Ажиев, Тургунбек Абдраимакунов, Замира Шабданалиева, Кубат Абдырахманов жетектешкен. 2014-жылдан бери Жаныбек Дордоев Нарын райондук Социалдык фонд башкармасын жетектеп келүүдө. Үстүбүздөгү 2018-жылы эмгек жамаатында 38 кызматкер эмгектенип жатат. Мунун ичинде башкы адистер жана жетектөөчү адистер – 33, ал эми кенже кызматкер – 5 адам.

Нарын райондук Социалдык фонд башкармасынын кызматкерлер жамааты Нарын району жана Нарын шаары боюнча пенсионерлерге өз убагында пенсия чектөөнү жана пенсия менен камсыз кылуу боюнча, ошондой эле, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүн чогултуу боюнча милдеттерди аткарат.

Аталган тармактагы жетишкендиктери үчүн мекеме жетекчиси Жаныбек Дордоев 2014-жылы КРнын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы, Күлүйпа Мамбетова КРнын Президентинин Ардак грамотасы, Динара Кенжекеева КРнын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы менен сыйланышкан.

Жаныбек Дордоев, Күлүйпа Мамбетова, Динара Кенжекеева, Жумаш Орозобаев, Гүлбайрам Иманкулова, Динара Асек кызы, Алмаз Бейшеев, Бактыгүл Турусбекова, Бермет Токонова, Айнагүл Сопубекова, Гүлнара Шаршембиева, Акылай Сатыбалдиева, Элмира Кендирбаева "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун отличниги" деген төш белгиси менен сыйланышкан. Нарын райондук Социалдык фонд башкармасынын кызматкерлери бүгүнкү күндө да пенсионерлерибизди өз убагында пенсия менен камсыз кылууга, камсыздандыруу төлөмдөрүн толук чогултууга, калкты сапаттуу тейлөөгө өз аракеттерин жумшай бермекчи.

## НАРЫН ОБЛУСТУК МАМЛЕКЕТТИК АРХИВИ

Ак мөңгүлүү Нарын жергесинде архив ишинин өнүгүшүнүн пайдубалы 1928-жылы 13-сентябрындагы «Кантондук жана райондук аткаруу комитеттеринде архивдик бюро уюштурулуп, иштерин иретке келтирүү» жөнүндөгү Борбордук аткаруу комитетинин (ЦИК) токтомунун негизинде түптөлүп, 1928-жылы октябрь айында Нарын кантондук аткаруу комитетинин алдында Нарын кантондук архиви уюшулуп, анда архивариус болуп Шушлебин 70 рубль алып эмгектенген, бирок атайын бөлүнгөн жай болбогондуктан, алгачкы архивдик документтер иш бөлмөлөрдө жашиктерде сакталып келген.

Кийинчерээк Нарын райондук аткаруу комитетинин алдында архивдик

документтерди сактоочу база уюштурулган жана архив ишин алып баруу кантондун жоопту катчысына милдеттендирилип, анын айлыгына 50% акча кошумча төлөнүп турган. Бул сактоочу жайга мекемелерден, ишканалардан документтерди алып келип өткөрүп турушкан. Архивдик сактоочу жайда болгону 40 фонд топтолуп, Кыпчак деген сабаты толук жоюлбаган, архив эрежелери тууралуу түшүнүгү жок адам иштеген. Сактоочу жайдын абалы өтө начар болгон, документтерди жайгаштыра турган текчелер орнотулган эмес, өрткө жана башка кырсыктарга каршы эч кандай чара көрүлгөн эмес.

Өкмөттүк комиссиясынын 1930-жылдын 13-сентябрындагы №5 протоколу менен Нарын кантондук архиви Нарын райондук аткаруу комитетинин карамагына өткөн.

Кыргыз АССР Борбордук аткаруу комитетинин 1931-жылдын 18-июнундагы маалыматында Нарын райондук архиви болуп аталып, ага жанаша жайгашкан Сталин жана Ат-Башы районунун архив ишин кошо тейлөө милдеттендирилген.

1932-жылы райондоштуруу иштери башталган мезгилден тартып Нарын аймагында 6 райондук архив уюштурулуп, райондук аткаруу комитеттеринин катчылары иш жүргүзүп келишкен.

Бул райондордо: Нарында – Иванова М.В., Жумгалда–Ефимова Е.А., Кочкордо – Кибирова Ш., Тогуз-Тородо – Чекирова, Ат-Башыда– Токтоболотова, Ак-Талаада Умакеев Ж. башчы болуп иш алып барышкан. Алар ошол учурда райондогу мекемелердин, колхоздордун документтерин алып турушкан. Билимдери 3-класстан 9-класска чейин гана болгон. Борбордон өтө алыс жайгашкан теңир-тоолук архивчилер көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрүшкөн. Документтерди сактоочу жайлардын дээрлик жок мезгилинде ным, сыз жер төлөлөрдүн, ал аз келгенсип эски, саргайган [illegible] кагаздардын зыяндуулугуна карабай документтерди кабыл алып, алгачкы архив фондуларын түзө алышкан.



*Бул имаратта 1979-жылга чейин Нарын облустук архиви, 1979-жылдан 1988-жылга чейин Нарын райондук архиви турган*

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1938-жылдын 10-сентябрындагы токтомунун негизинде 1938-жылы 17-декабрда архив тармагы НКВДнын карамагына өткөн.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1939-жылдын 21-ноябрындагы Указы менен Тянь-Шань облусу уюшулгандан кийин облустук архив башкармалыгы түзүлүп, Нарын облусуна караган Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын, Тогуз-Торо райондук архивдери анын карамагында болгон.



*Облустук архивдин 1968-1979-жылдары курулган имараты*

Кыргыз ССРнин НКВДсынын 1944-жылдын 29-августундагы №00131 буйругу менен архивдик бөлүм түзүлүп, Тянь-Шань облустук мамлекеттик архиви уюшулуп, анда 6 адам эмгектенген.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1960-жылы 29-июнундагы токтому менен Архив бөлүмү Кыргыз ССР ИИМнин курамынан чыгарылып, Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы Архив бөлүмү болуп кайрадан уюшулгандыктан, облустук мамлекеттик архиви Облустук аткаруу комитетинин карамагына өткөн.

СССРдин курамындагы союздук республикаларда 1962-1966-жылдары архив тармагынын төмөнкү тепкичиндеги архив мекемелерин кайра түзүү иштеринин жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1963-жылдын 15-апрелдеги №170 токтомуна ылайык, Тянь-Шань облусу жана андагы райондук архивдери жоюлгандыгына байланыштуу Тянь-Шань облустук архиви Нарын шаардык мамлекеттик архиви менен биригип, 1964-жылы 19-декабрындагы Кыргыз ССР Министрлер Советинин №561 токтому менен Кыргыз ССРинин Борбордук мамлекеттик архивинин филиалы болгон. Документтери 1967-жылы Нарын шаардык мамлекеттик архивине өткөрүлүп берилген. Ошол мезгилден баштап республиканын облустарында атайын архивдик имараттарды куруу маселелеси көтөрүлгөн. 1968-жылы Тянь-Шань облусунун борбору Нарын шаарында архив документтерди сактоо үчүн атайын типтүү долбоордун негизинде эки кабат жертөлөсү менен архив имаратынын курулушу башталган жана 1979-жылы ишке берилген.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1970-жылдын 13-апрелиндеги «Республикада архив ишинин абалы жана мындан ары жакшыртуу чаралары жөнүндө» №134 токтомунун негизин-

де Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1971-жылдын 14-майындагы буйругу менен Нарын облусу кайрадан уюшулгандыгына байланыштуу филиал кайрадан Нарын облустук мамлекеттик архиви болуп аталып, 1974-жылы Нарын облустук мамлекеттик архивине төмөнкүдөй тапшырма берилген:

**Окуу жайлардын санын иликтөө;**

- Студентердин жана окуучулардын санын тактоо;
- Мекеме-уюмдардын санын, аталышын тактоо;
- Мекеме-уюмдардын штаттык бирдиктеринин санын тактоо;
- Областтык өздүк курам архивдеринин штаттык сандарын жана эмгек маянасын аныктоо;
- Өздүк курам архивдеринин киреше жана чыгаша эсептеринин долбоорун иштеп чыгуу.

Жогорудагы тапшырманын негизинде облуста 6 (Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Тогуз-Торо, Тянь-Шань) райондук өздүк курам боюнча ведомстволор аралык бириккен архивдери түзүлгөн.

1988-жылы Нарын облусу Ысык-Көл облусу менен бириктирилгенине байланыштуу Кыргыз ССР башкы архивинин 1988-жылдын 12-октябрындагы буйругу менен Ысык-Көл облустук мамлекеттик архивинин филиалы болгон.

Нарын облусу кайрадан уюшулуп, 1990-жылы 14-декабрында Кыргыз ССР Жогорку Советинин токтому менен 1991-жылы Нарын облустук мамлекеттик архиви аталып, Эл депутаттарынын Нарын облустук Кеңешине баш ийет. 1992-жылы Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын алдында облустук архив жана документация башкармалыгы түзүлүп, облустук мамлекеттик архиви жана райондук архивдер анын карамагына өткөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Бюджеттик мекемелер менен уюмдардын типтүү штаттарын түзүүнүн негизги принциптери» жөнүндөгү 1994-жылдын 19-сентябрындагы №713 токтому жана Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын 1995-жыл 5-майындагы №58а-б буйругу менен облустук архив жана документация башкармалыгы жоюлуп, облустук мамлекеттик архиви башкармалыктын функциясын кошуп аткаруу менен өз алдынча облустук мекеме болуп иш жүргүзүп келген.

Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын 2001-жылдын 27-мартындагы №86 Б буйругу менен облустун мамлекеттик архивинин базасында 4 штат менен кайрадан облустук архив жана документация башкармалыгы түзүлүп иштей баштады.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2005-жылдын 30-ноябрындагы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын түзүмүн оптималдаштыруу жөнүндө» №607 жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 14-декабрындагы №586 токтому менен Нарын облустук архив жана документация башкармалыгы жоюлуп, облустук мамлекеттик архиви башкармалыктын функциясын кошуп аткаруу менен өз алдынча облустук мекеме болуп уюшулуп, бүгүнкү күнгө чейин иш жүргүзүп келүүдө.

Азыркы мезгилде бул архивдерде жалпысынан 1624 фонду 271330 сактоо

бирдиги сактоодо турат. Мунун ичинен 782 фонд 136550 сактоо бирдиги облустук мамлекеттик архивинде.

Нарын облустук мамлекеттик архивинде бүгүнкү күндө сактоодо 1921-жылдан ушул мезгилге чейинки Нарын уездиндеги мамлекеттик жергиликтүү бийликтердин, ревкомдордун, жумушчу дыйкандардын жана Кызыл Армиянын депутаттарынын Советтеринин округдук жана кантондук аткаруу комитеттеринин, Эл депутаттарынын облустук, райондук аткаруу комитеттеринин, юстиция, сот жана прокуратура органдарынын, аскер комиссариаттарынын, социалдык камсыздоо жана финансы мекемелеринин, курулуш, долбоорлоо мекемелеринин, өнөр-жай ишканаларынын жана уюмдарынын, транспорт жана байланыш мекемелеринин, жерге жайгаштыруу жана айыл чарба мекемелери менен уюмдарынын, элге билим берүү мекемелеринин, саламаттыкты сактоо мекемелеринин тоолуу аймактын эмгекчилеринин тарыхый, экономикалык, маданий жана коомдук-саясий турмушун камтыган жана чагылдырган документтери мамлекеттик архивдин уюткусун түзүп, Улуттук архив фондун байытып келүүдө.

Ал эми Кыргызстандын тарыхын изилдөөнүн учур талабы тарыхты таразалап, көмүскө калган архивдик материалдар менен толуктап, жаңыча көз караште бүгүнкү күндүн талабына ылайык иштөө зарылдыгы тургандыгы жана мамлекеттик архивдердеги документалдык материалдарды электрондук ыкмага өткөрүү маселелери белгиленип, бул максатты ишке ашыруу үчүн облустук мамлекеттик архиви тарабынан көптөгөн иштер жасалууда.



*1980-жылы облустук архив ушул имаратка көчүрүлгөн Кыргыз Республикасынын Архив кызматкерлеринин 70 жылдык маарекесине карата 1996-жылы облустук архивдин имаратынын капиталдык ремонттон кийинки көрүнүшү (2000-жыл).*

Кечээ жалгыз архивариус эмгектенген облустун мамлекеттик архивдеринде азыр баардыгы 60 адам эмгектенет. Алардын 29 жогорку билимдүү, 26 кызматкер атайын орто билимдүү, 2 кызматкер сырттан окушуп, билимдерин өркүндөтүп жатышат. Бир кызматкер Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасын, ал эми 18 кызматкер Кыргыз

# БИЛИМ – КӨӨНӨРБӨС КЕНЧ

Совет бийлигинин жылдарында Нарында элге билим берүү тармагы кеңири кулач жайды. 1927-жылы шаардын 50 миң сомдук бюджетинин 14 миң сому эл агартуу ишине жумшалган. 1937-жылы эки толук эмес орто жана бир башталгыч мектеп иштеп, аларда 803 бала окуган, 24 мугалим болгон. Ошол жылдарда бала бакчалары да иштей баштайт. Шаар боюнча эки бала бакчада 50 бала тарбияланган.

1986-1987-окуу жылында тогуз жалпы билим берүүчү мектеп болгон, мында 9863 окуучу билим алып, 589 мугалим эмгектенген. 12 мектепке чейинки билим берүү мекемеси болуп, мында 128 тарбиячы эмгектенип, 1856 бала тарбияланган.

1993-жылы шаардын мектептеринде 402 класс комплектиде 11 миң чамалуу окуучу болгон, жалпы билим берүүчү 13 мектеп,10 бала бакча, мектептен сырткары 4 мекеме, өспүрүмдөрдүн чыгармачылык борбору, музыкалык мектеп жаштарга терең билим, татыктуу тарбия берген. М.Сыдыков атындагы (мурдагы «Кыргызстандын 60 жылдыгы») мектеби физика, математика, гуманитардык багыттагы мектеп-гимназия болуп саналган. У.Асанов атындагы (мурдагы Т.Жукеев атындагы) мектеп химия, биология, көркөм кол өнөрчүлүк багытындагы облустук лицей болуп ачылды. В.П.Чкалов атындагы №2 орто мектеби англис, немис тилдерин тереңдетип окутуучу эксперименталдык мектепке айландырылды. Нарын шаарында 1994-жылдан баштап кыргыз-түрк балдар лицейи ачылып, алгачкы окуу жылында 380 бала билим алды.

1996-1997-окуу жылында шаарда 11 мектеп иштеп, анда 10025 окуучу окуган, 729 мугалим эмгектенген, 5 бала бакчада 555 бала тарбияланган, 118 тарбиячы иштеген.

Учурда шаардык билим берүү бөлүмүнүн карамагындагы сегиз мектеп, жети балдар бала бакчасы шаарыбыздын жаш муундарына таалим-тарбия берип келе жатат. Шаардык билим берүү бөлүмүн билим берүү тармагында көп жылдан ашуун эмгек өтөгөн тажрыйбалуу адис Кубан Мамбетов 2017-жылдан бери жетектеп келүүдө.

Нарын шаарынын мектептеринде 529 мугалим эмгектенсе, булардын 506 жогорку билимдүү. Эки мугалим «Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими» наамына ээ болушкан. Ал эми 246 мугалим «КРнын билим берүүсүнүн отличниги», 281 мугалим Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланышкан.

Шаардагы орто мектептерде 2016-2017-окуу жылында 1-4-класстарда 3401 окуучу, 5-9-класстарда 3349 окуучу, 10-11-класстарда 809 окуучу билим алды.

Нарын шаарында медициналык окуу жайы, юридикалык колледж, №87 кесипчилик-лицейи бар. 1996-жылы шаарда биринчи жогорку окуу жай - Нарын мамлекеттик университети ачылган. Ал эми шаардагы биринчи эл аралык окуу жай - Борбордук Азия университети 2000-жылы негизделген.

# С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ




Нарын мамлекеттик университети 1996-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Президентинин №172 Жарлыгы менен ачылган.

1996-жылы анын түзүмдүк курамында үч гана кафедра – **социалдык-гуманитардык билимдер, табигый-техникалык билимдер, тилдер кафедралары** гана болгон.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы токтому менен Нарын мамлекеттик университетине **Сатыбалды Нааматовдун ысымы ыйгарылды**.

2010-жылдын апрель айында Европа Бизнес Ассамблеясы өз чечими менен Нарын мамлекеттик университетине европалык стандарттарга туура келген жогорку сапатка тынымсыз умтулгандыгы үчүн **«Европалык сапат» («European Quality») эл аралык сыйлыгын** ыйгарды.

2011-жылдын 20-майында билим берүү тутумун өнүктүрүүгө салымы мамлекеттик деңгээлде бааланып, окуу жайга **Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы** тапшырылды.

Бүгүнкү күндө университет бир нече баскычтагы билим деңгээлдери боюнча адистерди даярдаган жана бүтүн окуу-өндүрүштүк комплекс катары иштеген төмөнкүдөй түзүмдүк бөлүмдөрдү өз курамында камтыйт:

- Нарын агрардык-экономикалык колледжи;

# АГРАРДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ

1938-жылы Кыргыз ССРинин Тянь-Шань округунун бир жылдык айыл чарба мектеби болуп ачылган. 1996-жылдын 22-майындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Нарын мамлекеттик университетине караштуу түзүмдүк бөлүккө айландырылган. 2008-жылы 7-августта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин №487/1 Буйругунун негизинде окуу жайдын аталышы агрардык-экономикалык колледж болуп өзгөртүлгөн.

Учурда колледжде «Ветеринария», «Экология жана айлана-чөйрөнү коргоо», «Тигүү буюмдарын моделдештирүү жана конструкциялоо», «Унаада жүк ташууну уюштуруу», «Салык жана салык салуу», «Электр тармактары жана системалары» сыяктуу эл чарбасы үчүн керектүү адистиктер боюнча билим берилүүдө.

# К.МАМБЕТАКУНОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

1939-жылы мугалимдерди даярдоочу эки жылдык институт болуп түзүлүп, кийин педагогикалык окуу жайга айлантылып, облустун мектептери үчүн кадрлар даярдоо ишине зор салым кошкон. 1996-жылдан бери педагогикалык колледж Нарын мамлекеттик университетинин түзүмдүк бөлүгү катары иш жүргүзүп келет.

Азыркы учурда Нарын педагогикалык колледжинде «Башталгыч класстарда окутуу», «Башталгыч класстарда англис тилин окутуу», «Мектепке чейинки билим берүү», «Дене тарбия», «Социалдык-маданий ишмердүүлүк», «Эмгек технологиясы», «Колдонмо информатика» сыяктуу адистиктер боюнча билим берилет.

Колледж Германия тарабынан каржыланган GIZ эл аралык долбооруна көп жылдан бери активдүү катышып, мугалимдердин чет өлкөлөрдө такшалтмалардан өтүп турушуна жана колледждин материалдык-техникалык базасынын чыңдалышына шарттар түзүлгөн.

# МУГАЛИМДЕРДИН БИЛИМИН ЖОГОРУЛАТУУ БОРБОРУ

1996-жылы Нарын мамлекеттик университетинин түзүмдүк бөлүгүнө айланган. Борбордун максаты – облустагы мектептердин мугалимдеринин квалификациясын заманбап талаптарга ылайык жогорулатып туруу жана облустагы алдыңкы мугалимдердин тажрыйбасын жайылтуу.

Борбордогу квалификацияны жогорулатуу курстарына жыл сайын миңден ашык мугалимдер катышат. Орто билим берүүгө коюлуп жаткан учурдагы талаптарга жооп берүү үчүн борбордун окутуучулары жана методисттери билим берүү багытындагы республикалык жана эл аралык долбоорлорго жана программаларга тынымсыз катышып турушат.

Нарын мамлекеттик университети Нарын регионун социалдык-экономикалык өнүгүү үчүн зарыл болгон жогорку квалификациялуу адистер менен камсыз кылууга жана тоолуу жергебизде илимий изилдөөлөрдүн борборун түзүүгө баалуу эмгек сиңирип келет. Акыркы 10 жылдын ичинде Нарын университетинин окутуучулары тарабынан 62 кандидаттык жана 4 докторлук диссертация ийгиликтүү корголгон. 2017-жылы университеттин 2 адистиги, 2018-жылы беш адистиги көз карандысыз аккредитациядан ийгиликтүү өтүп, билим сапатынын жогорулугун тастыктай алды.

# БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ

Борбордук Азия Университети (БАУ) 2000-жылы негизделген. Бул светтик (диний эмес) жана коммерциялык эмес университеттин жобосуна жана Макулдашуула Кыргыз Республикасынын, Тажикстандын жана Казакстандын президенттери менен Улуу даражалуу Ага Хан кол коюшкан.

Нарын (Кыргызстан) жана Хорог (Тажикстан) кампустары бакалавр деңгээлинде адис даярдашат. Бул кампустарда мугалимдер менен студенттер үчүн толук кандуу ыңгайлуу турак-жайларда жашоого шарттар түзүлгөн.

Борбордук Азия университетинин курамына Табигый жана гуманитардык илимдер мектеби, Өнүктүрүү мектеби (мамлекеттик башкаруу жана саясат институту, Тоолуу аймактагы коомчулуктарды изилдөө институту, Гуманитардык илимдер жана маданий мурастар боюнча бөлүмү), Кесиптик

заманбап үлгүдөгү жабдуулар менен жабдылган стоматологиялык жана офтальмологиялык кызмат көрсөтүүлөр сунушталат. Борбордо санариптик жабдууда жалпы рентген, ультра-үндүү доплердик, ЭКГ жана гастроэндоскопиялык кароолордон өтүүгө болот. Заманбап лабораторияларда биохимиялык, микробиологиялык жана гематологиялык изилдөөлөр жүргүзүлөт. Борбордун астында баардык зарыл болгон препараттарды табууга мүмкүн болгон дарыкана иштейт.

Маданият боюнча Ага Хан Трасты (АКТС) Нарын шаарынын борборундагы Сейтаалы Жакыпов атындагы паркты жасалгалаган жана көрктөндүргөн. Эми шаардын жашоочуларына эс алуу, оюн ойноо жана спорт менен машыгуу үчүн аянтчалар тартууланды. Ошондой эле, WiFi аркылуу акысыз интернеттен пайдаланууга болот. Парктын реконструкциясы Нарын облустук администрациясы, Ага Хан Өнүктүрүү Тармагы жана Саламаттыкты сактоо боюнча Ага Хан Кызматынын биргелешкен долбоору болуп эсептелет.



# НАРЫН МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин 1944-жылдагы №853 токтомунун негизинде эмгекчилер депутаттарынын Тянь-Шань облустук аткаруу комитетинин 1945-жылдын 15-майындагы №4/12 чечими менен Нарын медициналык колледжи Нарын облусунда эки жылдык мед айымдар мектеби болуп ачылган. 1945-жылдан 1958-жылга чейин Кыргыз ССРинин Тянь-Шань облусунун Нарын шаардык мед айымдар мектеби, 1959-жылдан 1976-жылга чейин Кыргыз ССРинин Нарын облусунун Нарын медициналык окуу жайы, 1988-жылдан 1989-жылга чейин Ысык-Көл облусунун Нарын медициналык окуу жайы, 1989-жылдан 2009-жылга чейин Нарын медициналык окуу жайы, 2009-жылдын 10-ноябрындагы Саламаттык сактоо министирлигинин №639-буйругунун негизинде Нарын медициналык колледжи болуп өзгөртүлгөн.

Медициналык колледжинин корпусу төрт кабаттуу имаратта жайгашкан. 1989-жылы берилген имараттын жалпы аянты 3283 кв метр, санитардык-гигиеналык жана өрткө каршы нормаларга жооп берет. Окуу корпусунда тиешелүү усулдук жана медициналык окуу куралдары жана шаймандар менен жабдылган.

Уюшулгандан бери окуу жайдын кышын кынап, пайдубалын түптөп, салымдарын кошкон, элибизге таанымал дарыгерлери ондоп саналат. Алгачкы директорлор: М.Герценштйен, Вчеличенко Д.С, Кулахмедова А.Г, Акималиев Ж.А., Абдыкадырова Д.Ж. 1986-2011-жылдары Жамбоева Гүлзина, 2011-жылдан баштап Арпачиева Төлөгүл жетектеп келе жатат.



Учурда фармация, тиш дарыгери, акушердик иш, дарылоо иши, сестралык иш, лабораторилык диагностика, профилактикалык стоматология бөлүмдөрүндө адистер даярдалып, бардыгы 512 студент билим алышууда.

Беш окутуучу «Билим берүүнүн мыктысы», тогуз окутуучу «Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери».

Учурда эмгек жамааттын 90 пайызын жаштар түзөт. Аларга акыл-насаатын айтып, үлгүсүн көрсөтүп турган окутуучулар: Жамбоева Гүлзина, Ибраимакунова Күлайым, Медербеков Жолдубай, Дүйшембиева Рабия жана башкалар. Ушул көчтү улай окуу иштери боюнча директордун орун басары Ходжанова Гүлмира, Касымова Жайна, Шырдакова Үпөл, Шаршенова Уулкелди, Шамеева Жылдыз, Артыкбаева Айчүрөк ж.б. эжей-агайлардын жолун жолдоп, келечегинен көптү үмүттөндүргөн, тынымсыз изденип, эмгектенип жатышкан мугалимдер да арбын. Алар: Орозова Айнур, Бокоев Нарынбек, Темирканова Бактыгүл, Иманканова Каным, Чукукова Чынара, Дөөтөва Заида, Шамова Гүлзина ж.б.

Колледждин 40 орундуу окуу залы бар. Китепкананын жалпы фонду 15 346 китеп. Электрондук китепкана түзүлгөндүгүнө байланыштуу окутуучулар өздөрү иштеп чыккан темалар боюнча сабак презентацияларын электрондук китепканага киргизишти.

Студенттердин практикалык ыкмаларды толук кандуу үйрөнүшүнө шарт түзүү максатында жалпы наркы 3 миллион 250 миң сомду түзгөн окуу тренажердук борбор ачылды. Окуу процессин электрондоштуруу максатында компьютердик борбор түзүлүп, ага электрондук китепкана кошулду. «Жаңы доорго кырк кадам» долбоордун алкагында окуу процессин электрондук башкарууга өткөрүү үчүн «AVN» автоматташтырылган тутуму 105 миң сомго орнотулду. Жыйындар залынын эски терезелери демөөрчүлөрдүн жардамы менен 70 миң сомго толугу менен пластик терезелерге алмаштырылып, залга 100 орундуу жаңы отургучтар коюлду.



# МАМЕД МЫРЗАБЕКОВ АТЫНДАГЫ №87 КЕСИПТИК ЛИЦЕЙИ

1956-жылдын 5-октябрында Нарын педагогикалык окуу жайынын базасында Нарын кесипчилик-техникалык окуу жайын уюштуруу чечими кабыл алынган. Окууга төрт жылдык окуу мөөнөтү менен үч жүз адам тартуу, республиканын автобазалары, артелдери, курулуш комбинаттары жана Нарындагы кирпич заводу үчүн кадрларды даярдоо милдети коюлган.

Ошентип, Кыргыз ССРинин эмгек резервдер башкы башкармалыгынын чечими менен №3 курулуш мектебинде он айлык мөөнөттө шыбакчы, сырдоочу, кыш кыноочу, бетон куючу, жыгач уста адистиктери боюнча кадрлар чыгарылган.

1956-1962–жылга чейин курулуш окуу жайы шаардагы кургак учук ооруканасынын имаратында жайгашкан. Шыбакчы, сырдоочу, кыш кыноочу, бетон куючу, жыгач уста кесиптерин даярдаган.

1959-жылы июль айларында №53 курулуш мектеби эки жылдык окуу ачкан. 1964-жылы № 13 кесиптик окуу жайы болуп уюшулган.

1975-жылдан тартып кесиптик билим менен орто билим киргизилген. 1983-жылы №87-орто кесипчилик окуу жайы болуп уюшулган. 1988-жылы 30-ноябрда Мамед Мырзабековдун ысымы берилген. Шыбакчы, сырдоочу, кыш кыноочу, бетон куючу, жыгач уста, слесарь-сантехник кесиптерин даярдаган.





1972-78-жылдары Абдразаков Усейин жетектеген жамаат

1997-жылы 9-июнда окуу жайы мамлекеттик аттестациядан өтүп кесиптик лицей статусун алган. Шыбакчы, сырдоочу, кыш кыноочу, бетон куючу жыгач уста, слесарь-сантехник, секретарь-референт компьютерди жеке колдонуучу, тигүүчү, улуттук буюм жасоочу, автомеханик, ашпозчу кесиптерин даярдайт.

Учурда окуу жайда жыгач уста, автослесарь, тигүүчү, электр газ менен ширетүүчү, ашпозчу, улуттук буюм жасоочу кесиптери боюнча билим менен катар жалпы орто билим берилип келүүдө.

1956-жылдан бери төмөндөгү жетекчилер кесиптик лицейди жетектеп, аны өнүктүрүүгө өз салымдарын кошту: 1956-1958-жылдары Моңолбаев Зарлык, 1958-1962-жылдары Симбаева Ольга, 1962-1968-жылдары Тыныбеков Дөөтүбек,1969-1972-жылдары Жакыпов Сейтаалы, 1972-1978-жылдары Абдразаков Үсөйүн, 1978-1986-жылдары Дөөтов Дайырбек,1986-2001-жылдары Арыпбеков Жеңишбек, 2001-2003-жылдары Усубалиев Советбек, 2003-2015-жылдары Кочкорбаева Турсунбүбү, 2015-2017-жылдары Алсеитова Камила, 2017-жылдан бери Турганбаев Байыш.

Окуу жай бир гана багытта иштебестен кыска мөөнөттөгү курстарда тигүүчү, тигүү жабдууларынын оператору кесиптери боюнча даярдайт. Заманбап тигүү машинкалары жана шаймандар менен камсыздалган.

2001-жылы Лесик долбооруна биринчилерден болуп кирген. 2001-2003-жылдары окуу жайдын уч-

таттары биргелешип, модулдук системада план программа иштеп чыгышып, ошонун негизинде иштешкен.

2008-жылы окуу жайда «Улуттук буюм жасоочу» кесиби боюнча реабилитациялык тайпа ачылган. Бул группа атайын социалдык жактан жардамга муктаж, майып, тоголок жетим балдар үчүн уюшулган.

Жалпысынан алганда окуу жайдагы мугалимдер сабак өтүүдө интерактивдүү ыкмаларды, улуттук педагогиканы колдонот. Кыргыз Республикасынын «Жаштар», «Жаңы муун», «Билим», «Гендердик саясат» мамлекеттик программаларынын алкагында иштер колго алынган.

Окуу жайда лицейдик группада окуган окуучуларга бир маал, жатаканада жашаган окуучуларга үч маал ысык тамак берилип турат.

2004-2011-окуу жылдар аралыгында окуу жайда баардыгы 11 млн 147 миң 600 сом өлчөмүндө инвестиция тартылган.

Жалпы эмгек жамаатынын саны 86 кызматкерди түзөт. Алардын ичинен 65 инженер-педагогикалык кызматкер, 58 жогорку билимдүү, жетөө атайын орто билимдүү адистер жана 4 элге билим берүүнүн, 23 кесиптик билим берүүнүн мыктылары, 1 мамлекеттик сыйлыктын ээси эмгектенип келе жатышат. Окуу жайда 354 окуучу окуйт.

Окуу жайда 26 класс-кабинет, 9 өнөркана, 30 орундук окуу залы, 70 окуучуга ылайыкталган спорт аянтчалары, тренажердук зал, 60 орундуу заманбап ашкана, 130 орундук агартуу залы жана 70 орундуу жатаканасы бар.



# №1 ТОКТОГУЛ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

Токтогул орто мектеби Нарын өрөөнүндө ачылган алгачкы мектептердин бири. 1934-жылы жети жылдык мектеп болуп ачылып, кийинчерээк орто мектепке айландырылган.

1940-жылы мектепке Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен улуу акын-демократ Токтогул Сатылгановдун 75 жылдык юбилейинин урматына акындын ысымы берилген. Ошол мезгилден тартып бүгүнкү күнгө чейин 100 миңден ашуун окуучу мектепти ийгиликтүү аяктап, түрдүү кесиптердин ээлери болушту. Бүтүрүүчүлөрдүн арасында ысымы республикага таанылган илимий окумуштуулар бар. Алар химия илимдеринин доктору, Кыргыз улуттук илимдер академиясынын академиги, профессор Ү.Асанов, математика илимдеринин доктору, профессор Ж.Саламатов, техникалык илимдердин доктору, профессор Ж.Тентиев, тарых илимдеринин доктору Тынчтыкбек Чоротегин ж.б. Ал эми илимдин кандидаттары жүздөн ашат. Мектептин тарыхында «Кыргызстандын Эмгек сиңирген мугалими» деген ардактуу наамына алты мугалим татыктуу болгон. Алар Букеш Казакбаева, Карагул Мамбетакунов, Бекиш Маликова ж.б.

Мектептин директорлору болуп ар башка убакта: Т.Тургунов, Э.Байгазаков, Адашалиев, Ш.Бекеев, Ашымбаев, Р.Абдиев, А.Коноев, Б.Тургуналиев, К.Токтогазиев, Б.Казакбаева, К.Мамбетакунов, Б.Сарыбаев, Г.Тилен-



баева, Ы.Чымырбаев эмгектенишкен. 2007-жылдан бери Бакыт Найманбаев мектепти жетектейт.

2017-2018-окуу жылында 26 класс комплектиси менен 649 окуучу окуду, 51 окуучу 480 сааттык программа менен окутулду. Мектепте талапка жооп берген 23 окуу кабинети заманбап жабдуулар менен жабдылган, окутуу кабинеттик системада жүргүзүлөт. Бул предметтик мугалим үчүн дагы, окуучу үчүн дагы ыңгайлуу.

Учурда мектепте 54 мугалим окуучуларга сабак берүүдө, мунун ичинен 33 мугалим «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги» төш белгисинин ээси.

Азыркы тапта мектепте төрт эл аралык долбоор ишке ашырылууда: БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын «Мектептеги тамак-аш программасын оптималдаштыруу», Ага Хан фондунун пилоттук мектеби катары «Билим берүүнү өркүндөтүү программасы», КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин «Инновациялык мектеп» жана Германия кызматташтыгынын «Окуучуларга кесиптик багыт берүү» программаларынын негизинде иш жүрүүдө. 2017-жылы окуучулар арасындагы предметтик олимпиадага мектептен 34 окуучу катышып, 17 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту. 1-орунду ээлеген жети окуучу облустук олимпиадага катышып, 3 окуучу байгелүү орундарды камсыз кылышты.

2003-жылдан бери мектепте Н.Ибраева жетектеген «Наристе» бий тобу иштейт, шаардык, облустук, республикалык бир нече кароо-сынактарда алдыңкы орундарды багындырып келишет. Облустук көркөм окуу кароо-сынагында 11-класстын окуучусу Азаматова Гүлназ 1-орунду жеңип, республикалык ушундай эле кароо-сынакта 1-орунду ээлеген. «Коррупция балдардын көзү менен» деген аталыштагы облустук кароо-сынакта мектептин эки окуучусу дилбаяндан 1-орунду, сүрөт тартуудан 3-орунду камсыз кылышкан. «Интеллектуалдык оюндар» кароо-сынагында окуучулар 3-орунду жеңип алышты.

Мектептин башталгыч классынын мугалими Асантурова Эльзара «Жыл мугалими» кароо-сынагында 2-орунду ээледи. Окуучулар Ага Хан фондусунун он пилоттук мектептер арасындагы «Таза колдор» кароо-сынагында 1-орунду жеңип алышты. Гранттык 200 000 сом мектептин ремонтуна жумшалмакчы.




# №2 В.П.ЧКАЛОВ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯСЫ

1911-жылы Нарын шаарында түптөлгөн орус-тузем мектебинин базасында 1932-жылы №2 орус тилдүү башталгыч мектеп катары ачылган. 1937-жылы орус тилдүү орто мектеп болуп кайра түзүлгөн. Ушул эле жылы АКШ менен Москванын ортосунда Түндүк уюл аркылуу токтобой учуп өткөн учкуч В.П.Чкаловдун ысымы даңазаланып, анын аты ушул мектепке ыйгарылат.

1943-жылы Совнаркомдун Токтомуна ылайык балдар менен кыздарды бирге окутуу боюнча чечим чыгып, 1954-жылга чейин күчүндө болгон. Мектептин алдында күжүрмөн жаштардын кечки мектеби ачылып, мектепти аяктоо менен өндүрүштө иштеп калууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Мектеп ишин алга сүрөгөн директорлор: Блиновский Владимир Казимирович 1946-жылдан 1955-жылга чейин иштеген. Ленин көчөсүндөгү жаңы мектептин салынышына анын зор эмгеги бар.

1957-жылы Бухаткина Нина Васильевна жетекчилик кылган убакта Кыргызстандын болочок Прези-















денти Аскар Акаев келип, 6-7-класста окуп калат. Ушул жылдары окуп кеткен Т.Айтбаев кийин Москвадагы Бауман атындагы университетте окуганга жетишти, Т.Ботоканова менен Тыныбеков Ленинграддагы Электротехникалык институтту, К.Давлетова Киев университетин бүтүрүшкөн.

1962-жылы СССРдин Эл агартуу тармагынын отличниги Жолдошев Салый директор болуп дайындалып, башталгыч класстардын имаратынын 1-кабатын жогорку класстын окуучуларынын күчү менен самандан жасалган кыштан курдурат, жылуулук киргизет.



*Унгефухт Владимир Филиппович*

1963-1991-жылдары КРнын Эмгек сиңирген мугалими, СССРдин агартуу тармагынын кызматкерлеринин съездинин катышуучусу Унгефухт Владимир Филиппович директор болгон. Мектеп ишине 30 жылдык эмгегин арнап, немис тилин тереңдетип окутууга, билим сапатынын жогорулашына, кесипкөй мугалимдерди тандап, көптөгөн артыкчылык медаль ээлеринин чыгышына, Орусия, Украина, Беларусь жергесине бүтүрүүчүлөрдүн окууга өтүп, билимдерин улантуусуна салымын аяган эмес. Владимир Филипповичтин демилгеси менен үч кабаттуу имарат салынган.

1965-жылы экинчи класстан тартып немис тилин тереңдетип окутуу, тарых, география, немис адабияты немис тилинде жүргүзүлө баштайт. Ага параллель англис тили да берилет.

1966-жылы 83 бүтүрүүчү аяктап, анын экөө алтын, бирөө күмүш медаль менен бүтүрөт. 1968-жылы 72 бүтүрүүчүнүн ичинен бир окуучу артыкчылык аттестатын алат. №2058 чек ара отряды, ПЭСтин байланыш бөлүмү менен байланышта болуп, чет тилин окутууга лингафон кабинети ачылат.

Бүтүрүүчүлөр аттестат менен бирге иш кагаздарын жүргүзүүчү машинистка, айдоочу, электромонтёр, ашпозчулук адистиктери боюнча күбөлүктү кошо алып чыгышат.

1987-жылы алты жаштан окутуунун эксперименттик ыкмасы киргизилет.

1991-жылы КРнын Билим берүүнүн отличниги Тиленбаев Чолпонбек жетекчилик кызматка келет. Совет өлкөсү кулап, мектептин ишин жаңы нукка салган кадамдар жасалды: эксперименттик класстар, директордун илим жагынан жардамчысы, психолог штаттары ачылды.

«Кыргызстан-Сорос» фондунун пилоттук мектеби, Славян фондусу жана АКШнын Тынчтык корпусунун кызматташы болуп, АКСЕЛС программа-

сына кирип, Билим берүү министрлигинин алдындагы Германия миссиясына кошулат. Мектепте компьютердик маалымат, немис, англис, орус тилдери борборлору, заманбап аудио, видео техникалар, музыкалык аппараттар менен жабдылган борборлор түзүлөт.

АКШдан Джек Хилмаер, Сара Бейли, Түркиядан Халил Бей өңдүү мугалимдер келип, волонтёрлук кылышты. Алиева, Досова, Насыровалар Германияда, Д.Касымова Шотландияда кесибин жогорулатып кайтышты. Нарын өрөөнү боюнча Л.Досова, Базарбаева «Жыл мугалими» сынактарында жеңүүчү, Ч.Тиленбаевдин өзү облустук эле эмес, республикалык сынактардын да жеңүүчүсү болгон.

Тажрыйбалуу мугалим катары Панфилов Василий Иванович, Сердюкова Светлана Александровна, Кривопалова Лариса Федоровна, Дина Федоровна, Мажанчинова Мария Шимеевна, Приходько Людмила Николаевна талыкпай иштеп келишти.

Акунова, Моңолбаев (Айова штаты), Абдыбеков (Огайо штаты), Тиленбаева (Кентукки штаты), Сатаров, Абдыкапаров АКШнын мектептериндеги эл аралык программаларга катышып, окуп кайтышты.

Мектеп ансамбли уюшулуп, Бишкекке барып, программасын көргөзүүгө жетишти. «Кыргызстан-Сорос» фондусунун колдоосу менен «Мөлтүр Булак» кароо-сынагында Жийдеш Идирисова, манасчы Ө.Токтогулов жеңүүчү болушту.

1996-жылы КРнын Президенти тарабынан 50 миң сом берилип, Жогорку Кеңеш тарабынан 5 миң сом сыйлык катары бөлдүрүлүп, «Кыргызстан-Сорос» фонду тарабынан компьютердик техника тартууланды.

1997-жылдан бери аталган мектепти КРнын Эмгек сиңирген мугалими, Кыргызстанда өткөрүлгөн мугалимдердин I съездинин делегаты Самакова Айчүрөк жетектеп келе жатат. Азыркы убакта 95 мугалим иштеп, 1993 окуучу билим алууда.

Мектеп пайдубалы түптөлгөндөн берки жакшы саамалыктарды ийгиликтүү, үзгүлтүксүз улантып келе жатат. Эл аралык уюмдар ЮНЕСКО, Урбан институту, АБР, Кыргызстандагы АКШ өкүлчүлүгү менен байланышын активдүү улантууда. Анын негизинде ЮНЕСКОнун ассоциалдашкан мектеби жана Славян фонду мектеби макамын алды. 35 окуучу АКШнын ар кайсы штатында билим алып келишти. Германиянын дүйнөлүк миң мектеп программасынын алкагында 30 окуучу жайкы эс алууга барып, билимдерин тереңдетти.

2000-жылы биринчи класстан баштап эки чет тилин бирге окутуу (немис, англис) боюнча эксперименттик иштер башталды. Немис тили борбору ачылды.

Мектептеги билим берүүнү натыйжалуу уюштурган окуу бөлүмүнүн башчылары: Светлана Сердюкова, Галина Пиляк, Раиса Монахова, Алла Черныш, Задорина Тамара Николаевна, Мухарова Мария Лихузовна, Валентина Петрова, Анара Мусуралиева, Канат Жаманкеев, Марина Вандыш, Гулина Алиева.

Учурда директордун орун басары болуп Рахат Осмонов, Ольга Лепешева, Ирина Вологина, Татьяна Балаева иштеп жатышат.

Мыкты мугалим насаатчылардын да эмгеги зор. Айталы, Сагыныч Жузумалиева, Нина Лебедова, Роза Сулайманова, Людмила Пак, Саадат Абдуллаева, Кадыралы Шайымкулов, Валентина Ананьева, Зинаида Власова, Дамира Иманалиева ж.б.

Мурдагы СССРдин убагында зор өлкөнүн ар кайсы бурчунан офицер күйөөлөрү менен кошо келип, бүт эмгегин арнаган да мугалимдер көп болгон. Алар: Александра Миронова, Нина Овсянникова, Галина Пиляк, Неля Сушкова, Элеонора Шпадырова, Антонина Пономарева, Алла Черныш, Светлана Новосельцева, Татьяна Михайлова, Александра Дзюбленко, Тамара Владарик, Надежда Егорова, Наталья Ерина, Людмила Антохина, Фаина Крекотень, Ольга Гибаева, Зинаида Чепусова, Любовь Баталова, Нина Афонасьева, Раиса Смеюха, Наталья Шубина, Наталья Трофимова, Раиса Кузнецова.

Мектепке өмүрүн арнаган, биринчи эмгек жолун ушул билим уясынан баштаган алдыңкы мугалимдер: Т.Балаева, М.Мажанчинова, Г.Кудакеева, Ж.Мамбетова, А.Ибраимова, А.Абакирова, М.Вандыш, А.Тойбаева.

Окуучунун интеллектин өркүндөтүү максатында шаардык билим берүү бөлүмү менен биргеликте В.П.Чкалов атындагы мектепте инновациялык программалар окуу планына ылайык бөлүштүрүлүп, 5-6 жаштан бекитилген бала бакчада орус жана анлис тилдеринде окутуу, 1-4-класстарда орус, англис тилдерин үйрөтүү, 3-4-класстарда VTS, 5-класстарда «Коопсуз жашоо», 6-класстарда «Менин укугум», 7-класстарда «Экология», 8-класстарда «Манас таануу», 9-класстарда «Жашоонун сергек мүнөзү», 10-класстарда «Адам укугу (коом таануу)», 11-класстарда «Биз жана укук» багыттарында окутуу ишке ашырылат.

Бардык параллелдерге орус жана англис тилин тереңдетип окутуу жүргүзүлөт. Журналистика, интернет, компьютердик сабаттуулукка тереңдетип окутуу программалары боюнча факультативдер өтүлөт. Ал эми ушул программалар боюнча сабак өткөн мугалимдердин баарынын кесиптик



даярдыктарын тастыктаган сертификаттары бар.

1998-жылы мектеп ЮНЕСКОнун ассоциялык мектеби аталган. 2007-жылы мектеп «Даңк» медалы менен сыйланган. 2008-жылы Германия Федерация Республикасынын «Мектептер: келечектеги өнөктөштөр «ПАШ» аттуу долбооруна өнөктөш болгон. 2010-жылы Орусия президентинин колу коюлган «Улуу Ата Мекендик согуштун 65 жылдыгы» медалы менен сыйланган. 2011-жылы республикалык «Мыкты мектеп» сынагында «2010-жылдын мыкты мектеби» деп аталып, I орунга ээ болуп, 90000 сом менен сыйланган. 2012-жылы облустук «Мыкты мектеп» сынагында «Үлгүлүү мектеп» болууга жетишкен, ал эми 2014-жылы республикалык «100 инновациялык мектеп» сынагында жеңүүчү деп табылган.

Окуучулардын жетишкендиктери дагы мактоого татырлык. 2005-жылы Москвада өткөрүлгөн орус тили боюнча эл аралык олимпиадада 1-орун, 2007-жылы математика боюнча 6-класстан Бишкекте өткөрүлгөн эл аралык Себат олимпиадасында 2-орун, 2010-жылы (Германия, Мюнхен) немис тили боюнча эл аралык олимпиадасында 3-орун, 2012-жылы Москвада өткөрүлгөн «ИнтеллекТ» эл аралык олимпиадасында коло медаль (Тиленбаева К.), 2014-жылы ЮНЕСКОнун программасы боюнча «Модерн Триз» эл аралык олимпиадада (Германия, Берлин) 3-орунду жеңип алышкан.

Акыркы үч жылдын ичинде мектептин окуучулары ЖРТ боюнча 80-83% 150 баллдан 202 баллга чейин алып, жогорку окуу жайларга өтүп жатышат. Чет элдик конкурс аркылуу 35 окуучу (ФЛЕКС программасы) АКШда окуса, 33 окуучу Германиядан (ПАШ программасы) билим алып келишти. 2017-жылы Москвада өткөрүлгөн «ИнтеллекТ» эл аралык олимпиадасында окуучулар 5 коло медалга ээ болушту. 2018-жылы Москва шаарында өткөрүлгөн эл аралык «Территория ИнтеллекТ» олимпиадасында 5-класстын окуучусу Шарипова Дарина 1-орунду камсыз кылып, кубок менен сыйланды, 9-класстын окуучусу Тиленбаева Айжамал коло медалга ээ болду. 2018-жылы менталдык арифметика боюнча FOC форматындагы эл аралык олимпиадада 5-класстын окуучусу Талгат Сагынов 2-орунду камсыз кылып, күмүш медаль жеңип келди.

Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен ден-соолук сакчылыгында иштегендер 300дөн ашып, 500дөн ашууну билим берүү тармагында эмгектенип жатат. 300дөн ашык бүтүрүүчү тартип коргоо кызматында, 80ге жакыны аскер кызматында, 400дөй адам экономика жаатында, 200 - инженерия тармагында, 15 - мекеме-ишкана жетекчилери, 10 адам искусствого, 20 бүтүрүүчү спортко өмүрүн арнаган таанымал адамдардан болушту.

Советтер Союзунун баатыры Бобрищев-Пушкин, көрүнүктүү мамлекеттик саясий жана коомдук ишмерлер Т.Айтбаев, Т.Өмүралиев, Д.Назарматов, И.Кадырбеков, Ж.Саякбаев, Р.Отунбаева, З.Акбагышева, А.С.Жакыпов, Н.Айтматов, Н.Түлеев, К.Давлетова, А.Салинова сыяктуу мектептин сыймыктуу бүтүрүүчүлөрүн атаса болот.

# М.СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ №7 ОРТО МЕКТЕП

Нарын шаарындагы Кыргызстандын 60 жылдыгы атындагы мектеп деген аталышта 1984-жылы ачылган. Алгачкы окуу жылдары 2500-2700 окуучу билим, тарбия алып, 118 кызматкер эмгектенген.

1992-1984-жылдар аралыгында мектепте Мамбетжума Орозалиев, 1996-2006-жылдары Асан Жусупжанов, 2006-2009-жылдары Качкын Ырысмамбетова, 2009-2011-жылдары Кубат Стамов директор болгон. 2011-жылдан бери мектепти Жийде Көкөтаева жетектейт.

1997-жылы мектеп облуста биринчилерден болуп «Кыргызстан-Сорос» фондунун «Кадам артынан кадам» программасына кирген. Ушул жылы республикалык экологиялык долбоорлордун кароо-сынагында 1-орунду алган. Аталган мектепте 1997-2003-жылдары «Тынчтык корпусунун» волонтеру иштеди.

1998-жылы мектепке Матен Сыдыковдун ысымы берилген. 2014-жылы «Инновациялык мектеп» статусуна ээ болгон.

Матен Сыдыков атындагы №7 орто мектептен республикага таанымал жүздөгөн бүтүрүүчүлөр окуп чыгышты. Булардын көпчүлүгү Америка Кошмо Штатына барып билимин улантып келишти. Алар: 1994-жылы Эдил Байсалов, 1998-жылы Регина Салидинова, 1999-жылы Мээрим Жапарова, 2002-жылы Эльнура Сулайманова, Асель Жапарова, 2010-жылы Анара Жолдошбекова, 2011-жылы Айзахан Тазабек кызы, Бермет Жакыпбек кызы, Ырыс Абдиева, 2014-жылы Атай Аманатов, 2015-жылы Айгерим Джаанбаева. АКШда учурда эки окуучу: Айпери Джаанбаева, Алия Муканбетова окуусун улантышууда. «Алтын тамга» аттестатына 2013-2014-окуу жылында Акбермет Жыргалбек кызы, 2016-2017-окуу жылында Айгерим Джаанбаева, 2016-2017-жылы Кымбатай Медетбекова ээ болушкан.

Мектептин окутуу-тарбиялоо жаатында көп жылдык бай тажрыйба топтошкон насаатчы мугалимдери: Фарида Курбанова, Акылай Алымкулова, Роза Мураталиева, Гүлмира Жумаканова, Бүбүнур Дербишалиева, Анара Муктарова, Замир Бостонбаев, Тургун Ахмедова, Жаңыл Калыкова, Дамира Кы-





горку балл алып, баалуу сыйлыктар менен сыйланышты. Мектепте «Устат Шакирт», «Германиялык техникалык борбор» долбоорлору иштеп жатат. Ага Хан билим берүү программасынын алкагында, Россия Федерациясынын программаларынын негизинде иштер жүрүп жатат.

дыралиева, Самсагүл Аалиева, Аскар Рыспаева, Света Шаршенова, Уулкан Аджикеева, Асыл Иманалиева, Гүлжан Сарыбаева, Эркин Сейиткожоева.

Бүгүнкү күндө мектептин материалдык-техникалык базасы талапка жооп берет, окуучулардын татыктуу билим алуусуна шарт түзүлгөн. Мугалимдер жаш муундарга заманбап усулдук ыкмаларды, интерактивдүү досканы пайдалануу менен сабактарды өтүшөт. Мектепте корей тили окутулуп жатат, натыйжада бир окуучуга Кореяда билимин улантуу үчүн жолдомо берилди. «Кытай перспективасы» долбооруна 70 окуучу тесттик сынак тапшырып, 33 окуучу Кытай Республикасында окууга жолдомо алышты. «Билимкана» билим берүү мекемесинин математика сабагы боюнча республикалык олимпиадасында Алтыбай уулу Эрлан I орунга, Аманова Нурзада байгелүү орунга ээ болушту. «Кенгуру» математикалык олимпиадасында 17 окуучу жогорку балл алып, баалуу сыйлыктар менен сыйланышты.

Окуучулар Казакстанда өткөн «Жолдо жүрүүнүн жаш тескөөчүсү» эл аралык кароо-сынагында 3-орунду ээлеп кайтышты. «Жаш мугалим – 2018» кароо-сынагында математика мугалими Асель Абдраева гран-приге татыктуу болду. «Жаш таланттар» кароо-сынагында «Манас» айтуу боюнча Д.Таалайбеков, сүрөт жанрынан Э.Бекбол уулу баш байгеге ээ болушту. XXI кылымдын интеллектуалы кароо-сынагында Н.Рахатбек уулу «Чилистен» наамына ээ болду. «Жаштар ордосу» өткөргөн интеллектуалдык конкурста балдар командасы I орунду, кыздар командасы II орунду, 6-класстар арасында математика боюнча олимпиадада областтык турда Алмазбек уулу А. II орунду камсыз кылды.

2017-2018-окуу жылында мектепке жалпы суммасы 1 млн. 529 миң 650 сомдук инвестиция тартылган.



# Ж.ЧОЛПОНБАЕВ АТЫНДАГЫ №10 ОРТО МЕКТЕП




1992-жылдын 1-сентябрында жалпы негизги билим берүүчү мектеп катары ишке берилип, 46 мугалим эмгектенген. Мектеп 320 окуучуга ылайыкташтырылгандыгына карабастан, 1500 окуучу билим алган. Мектептин директорлугуна Мамбеталиев Болот дайындалган. 1995-жылы мамлекеттик кайра каттоодон өтүп, жалпы орто билим берүүчү мектеп статусуна ээ болгон.

1994-жылдан тартып мектепти Боогачиев Моңош жетектеген. Анын демилгеси менен мектептин башталгыч класстары үчүн корпусу ашар жолу менен курулган.

2000-жылдын февраль айында Роза Өмүрова директор болуп дайындалган. Анын жетекчилиги менен мектептин чатыры алмаштырылып, класс кабинеттеринин эшиктери жаңыртылды. 2010-жылы «Намыс» программасынын алкагында облустук «Мыкты мектеп» конкурсунда типтүү эмес мектептер арасында биринчи орунду камсыз кылган. 2017-жылдын жыйынтыгында Өмүрова Роза «Мыкты директор», Кыдыралиева Анара «Мыкты окуу бөлүмүнүн башчысы» номинациялары боюнча жеңүүчү болушту.

2018-жылдын февраль айынан бери мектепти Анара Кыдыралиева жетектейт. 1997-жылы мектепке эл агартуу тармагына эмгек сиңирген, алгачкы «Эне тили» китебин жазууга көмөктөшкөн педагог Жапар Чолпонбаевдин ысымы берилген. Окутуу эки

нөөмөттө жүргүзүлөт. Мектепти бүгүнкү күнгө чейин 1500дөн ашуун окуучу бүтүрдү. Булардын экөө алтын медалга татыктуу болушкан.

2017-2018-окуу жылында мектепте 809 окуучу билим алып, 53 мугалим эмгектенди. Анын ичинен 26 мугалим «Билим берүүнүн отличниги» жана бир мугалим Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасынын ээси. Билим сапатын жакшыртуу үчүн салымдарын кошуп келе жатышкан алдыңкы мугалимдер: Турсун Сасыкулова, Зина Саткынова, Майрам Исмаилова, Эльмира Ниязбекова, Махабат Ордобаева, Жылдыз Айдаралиева, Шайыр Ырыспаева, Кашкелең Омошев, Айгүл Молдокулова, Нуржан Түлкүбаева, Кайыр Малдыбаева, Ишен Абыкеев, Айнура Токтогазиева, Назгүл Алметакунова, Самара Исмаилова, Кенже Мамбетова, Үпөл Мүсүралиева, Тамара Кыдыргычова, Кимсан Кодонтаева жана башкалар.

Таланттуу окуучулар менен иш алып барууда бий, тогуз коргоол, ордо, шахмат, баскетбол, волейбол боюнча акысыз ийримдер иштейт.

Башталгыч класстын окуучуларына ысык тамак берүү үчүн 50 орундуу ашкана уюштурулган.

Мектепте окуу процессин жакшыртуу жана материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча ар кандай долбоорлор жана программалар менен иш жүргүзүлөт. Мисалы: башталгыч класстардын окуучулары ЮСАИДдин «Бирге окуйбуз» программасы менен окуп келишсе, 7-11-класска чейинки класстар Ага Хан фонду тарабынан иштелип чыккан «Билим берүүнү өркүндөтүү» программасы боюнча окушат. Бул программага биология, математика, физика, химия, информатика, англис тили предметтери киргизилген.

2008-жылы Католикалык фонд тарабынан башталгыч класстын корпусу



2200000 сомго капиталдык ремонттон өткөн. 2015-жылы мамлекеттин дем берүүчү грантынын эсебинен жалпы наркы 282300 сомго мектептин сыртын жылуулоо жана алдына брусчатка төшөө иштери аткарылган.

Ж.Чолпонбаев атындагы №10 орто мектеби 2015-2016-окуу жылында Нарын шаарындагы 8 мектептин ичинен 2-орунду жеңип алса, облустук олимпиадада 1 окуучу 1-орун, 3 окуучу 2-орун, 3 окуучу 3-орунду ээлешти. 2016-2017-окуу жылы шаардык олимпиадада 1-орунга 11 окуучу татыктуу болуп, 8 мектептин ичинен 1-орунга чыккан. Облустук олимпиадада 2-орунга 3 окуучу, 3-орунга 2 окуучу ээ болушту.

Мектептин бий кружогун таланттуу педагог Назгүл Ибраимова жетектейт. Шаардык «Жаш таланттар» конкурсунан Шаршенбек кызы Гүлзар дастан жанры боюнча баш байгеге ээ болгон.

Мектепте аскердик даярдоо сабагы боюнча Билим берүүнүн мыктысы Токтомуш Касымов тарбиялаган окуучулардын ийгиликтери алкоого татыктуу. Агайдын сегиз бүтүрүүчүсү атайын аскердик окуу жайларын бүтүрүп, азыркы учурда 14төн ашык тарбиялануучусу Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн катарында аскердик кызмат өтөп келе жатышат. 2014-2015-окуу жылында аскердик спорттун түрлөрү боюнча мектеп окуучуларынын республикалык спартакиадасында сегиз окуучу 1-орунду жеңип алса, 2017-2018-окуу жылы ушул эле республикалык спартакиадага сегиз окуучу катышып, 2-орунга ээ болушту.

Билим берүүнүн мыктысы Нуржан Түлкүбаева даярдаган кыздардын «Асыл-Нур» командасы «Манас таануу» боюнча республикалык таймаштан 2-орунга татыктуу болушту. Аталган мектепте куурчак театры бар, көркөм жетекчиси Кенже Байбосунова элдик жомокторду азыркы замандагы көйгөйлөрдү эске алуу менен кемчиликтерди жоюуга багыттап, сценарийлерин кайрадан иштеп чыгып, окуучуларга жомоктор аркылуу таалим-тарбия берүү маанилүү деп эсептейт. Ошондой эле, кол өнөрчүлүк жаатында Чолпон Досалиева жетектеген «Көркөм өнөр» ийриминде иштеп, кыздар квилинг ыкмасы менен түстүү кагаздардан, кадимки эле салфеткадан открыткаларды, буклеттерди, гүлдөрдү жасоого үйрөнүшөт. 2018-Аймактарды өнүктүрүү жылына карата Ж.Чолпонбаев атындагы орто мектептин башталгыч классынын окуучулары «Аймак өнүксө – өлкө өнүгөт» деген ураандын астында Нарын шаарынын келечектеги өнүгүшүн көз алдыга элестетип, өз көз караштары менен «Менин шаарым» деген темада шаардын макетин жасап чыгышты.

Көп жылдардан бери билим берүү тармагында эмгектенип, жүздөгөн жаш муундарды билим уясынан учурган Эл агартуунун отличниктери Алтынай Сейдакматованын, Шайыр Рысбаеванын, Чолпон Төлөбекованын, Жылдыз Айдаралиеванын, чебер мугалим Эльмира Ниязбекованын ж.б. алдыңкы мугалимдердин мектептеги окуу-тарбия процессин жакшыртууга кошуп жаткан салымдары зор.

# К.ЖАКЫПОВ АТЫНДАГЫ №5 ОРТО МЕКТЕБИ

Нарын шаарынын С.Орозбак 184 көчөсүндө жайгашкан Кычан Жакыпов атындагы №5 орто мектеби 1979-жылы ишке берилген. 1982-1985-жылдарда облустук Ардак тактада «Мыкты мектеп» наамындагы мектептердин катарында болгон.

Мектепте директор болуп иштеген инсандар: 1979-1980-жылдары Саалы Жолдошов, 1980-1984-жылдары Мамбетжума Орозалиев, 1984-1987-жылдары Кадыраалы Жумабеков, 1987-1990-жылдары Дүйшөк Макелеев, 1990-1992-жылдары Какен Абакирова, 1992-1994-жылдары Кубат Максуталиев, 1994-1998-жылдары Мурат Балбаев, 1998-2008-жылдары Айыпберди Отунчиев, 2008-2014-жылдары Автандил Жанбоев эмгектенишкен. 2014-жылдан бери Аксатбек Дыйканбаев мектеп директору.

Убагында жалпы эле совет элинин улан-кыздары таасирленген, комсомолдук, пионердик уюмдардын ураанына айланган баатыр пионер Кычан Жакыповдун наамын алып келе жаткан мектепти беш миңден ашык окуучулар бүтүрдү. Булардын ичинен жети окуучу окууну алтын медаль менен аяктады.

Бүтүрүүчү Айзада Бөрүбаева азыркы учурда Англиядагы Кембридж университетинде мугалим, Элнура Жолочиева Нэпалда врач. Арзымат Мамбетов геология тармагы боюнча белгилүү окумуштуу, илим изилдөө академиясында эмгектенет. Республикага таанымал актриса Гулмира Турсунбаева, эстрада ырчысы Мерген Турган да ушул мектептин бүтүрүүчүлөрү.

«Менин ден соолугум» телеберүүсүнүн уюштуруучусу жана алып баруучусу Зинагүл Термечикова, белгилүү укук коргоочу Эркин Асаналиев, Нарын облустук ички иштер башкармалыгынын экс-жетекчиси Таалай Нуралиев, Нарын облустук Үсөн Асанов атындагы мектеп лицейинин директору Айнура Апсалиева, Нарын шаардык «Таза Нарын» ишканасынын жетекчиси, экс-вице-мэр Алмаз Суранов жана башка көптөгөн бүтүрүүчүлөр мектептин сыймыгы.

Аталган мектепте окуу-тарбия иштерин жогорку деңгээлде жүргүзүүгө жетиштүү шарттар түзүлгөн. Бир методикалык кабинет, бир ресурстук борбор (англис тили), бир информатика кабинети, эки лабораториялык кабинет (химия, физика), бир мектеп парламенти кабинети, бир соцпедагог жана ИДН кабинети, бир медициналык кабинет, спорт зал, китепкана, окуу залы, 480 сааттык программа үчүн атайын кабинет, «Бирге окуйбуз» долбоору боюнча кабинети, 80 орунга ылайыкташтырылган ашкана, техкызматкерлер үчүн көмөкчү кабинет, бир теннис залы, спорт аянтчасы, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү бакчасы, бир аскерге чейинки даярдык аянтчасы бар.

Мүмкүнчүлүгү чектелген өспүрүмдөрдүн билим алуусуна шарт түзүлгөн.

Мектепте 2017-2018-окуу жылында 42 мугалим эмгектенди, булардын 36 жогорку билимдүү, 11 мугалим «КР-нын билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси менен сыйланган, бир мугалим - Жыпаркүл Ороңова Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими.

Мектепте окуучуларга билим берүүдө талыкпастан эмгектенген алдыңкы педагогдордун бири - кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими, Билим берүүнүн отличниги Гүлзат Калыкованын окуучулары Аттокурова Фериде 2010-2011-окуу жылында, Алакунова Ырыскүл 2016-2017-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты сабагынан республикалык предметтик олимпиададан 1-орунду камсыз кылышкан.

2007-2009-жылдары Мамлекеттин дем берүүчү грантынын 1 369 771 сомдук каражатына имараты толук чатырланган, ушул эле гранттын эсебинен 2015-жылы 224 315 сомдук каражатка мектептин эскирген жыгач полдору алмаштырылып, кире бериштин сырткы тарабы косметикалык ремонттон өткөрүлгөн.

2011-жылы ЮСАИД уюмунун жардамы менен 115000 АКШ долларына мектептин терезелери пластик терезелерге алмаштырылып, мектептин тегерегинин тосмолору жаңыртылган.



# АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ АТЫНДАГЫ №8 ОРТО МЕКТЕБИ

1988-жылы 800 окуучуга ылайыкталып салынган. Мектептин эң биринчи директору болуп Шакиров Төлөн иштеген, кесиби боюнча музыка мугалими. Мектепке мугалимдер жана окуучулар башка мектептерден которулуп келип, окуп башташкан.

Мектеп ачылган жылдан баштап көптөгөн ийгиликтерге жетишти. 1999-жылы мектепти алтын медаль менен алты окуучу аяктаган: Дыйканбаев Мирлан, Мокеев Тынчтык, Сатыбалдиева Жазгүл, Кеналиева Эльвира, Турсуналиева Бактыгүл.

2003-жылы Мамлекеттик жаштар саясатын турмушка ашырууда, жаштарды патриоттуулукка, ыймандуулукка тарбиялоодогу иш-аракеттери үчүн Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2003-жылы жаш мугалимдер арасында өткөрүлгөн «Өнөр, билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулабыз» аттуу областтык кароо-сынакта 2-орунду алган, 2004-жылы «Намыс» программасынын жеңүүчүсү, аскердик ыкмалаштырган спорттун түрү боюнча республикалык сынакта 1-орунду жеңип алган.

2009-жылы кароо-сынакта «Жылдын мыкты мектеби» болуп таанылган.






2012-2013-окуу жылы мектепти кызыл аттестат менен Абдыгазиева Акылай, Бекболот уулу Эрмек, Турсуналиева Акылай, Илимбай уулу Ринат аякташкан.

2013-жылы спорттун аскердик-прикладдык түрү боюнча республикалык спартакиаданын Нарын шаардык турунда 1-орунду, ал эми 2013-2014-окуу жылында 4-орунду камсыз кылышкан.

Мектеп Нарын райондук мектептердин базалык мектеби болуп көп жылдар бою райондун мектептерине усулдук жардам көрсөтүп келатат. Бир нече жолу мектепте республикалык, облустук, шаардык масштабда тематикалык семинарлар өттү.

2010-2011-окуу жылында үч мугалим: Мамбетов Кубанычбек менен Үркүнбаева Нургүл АКШга, Базаркулов Абай Германияга барып, тажрыйба алып келишти.

Мектеп шаардык, облустук предметтик олимпиадаларда шаардык мектептер арасында 1,2,3-орундарды камсыз кылып, командалык 1-орунга ээ болуп келет. 2010-2011-окуу жылында окуучулар арасында өткөрүлгөн шаардык предметтик олимпиадада 28 окуучу биринчи, 10 окуучу экинчи жана 24 окуучу үчүнчү орунга ээ болгон. 2010-2011-окуу жылында кабинеттердин кароо-сынагына мектептен 19 предмет боюнча кабинеттер даярдалып, 8 кабинет «Эң мыкты кабинет» наамын жеңип алды. Жалпы шаардык сынакта мектеп биринчи орунга татыктуу болду.

2011-2012-окуу жылында Нарын шаардык кеңеши тарабынан уюштурулган кароо-сынакта жеңүүчү деп табылып, «Жылдын мыкты мектеби» наамына ээ болду. Акчалай берилген сыйлыкка мектеп үчүн түстүү принтер жана факс сатылып алынган.

2014-жылы мектеп директору болуп Усубалиев Ашырбек дайындалып, натыйжалуу иштеп жатат.

2014-жылы ата-энелердин фондунун эсебинен 30000 сомго мектептин фойеси кайра жасалгаланып чыкты.

2015-2016-окуу жылында 10-Б класстын окуучусу Токтобеков Бекзат математика сабагы боюнча республикалык олимпиада 3-орунга ээ болсо, 2016-2017-жылы жалпы республикалык тесттин жыйынтыгында 220 балл алып, Кыргыз Республикасынын Президентинин колунан Мактоо баракчасы, Өзгөчө сертификат жана баалуу белектерди алды. Учурда АУЦАнын экономика факультетинин бюджеттик бөлүмүндө билим алып жатат.

2015-2016-окуу жылында мектептин терезелери пластик терезелерге алмашылып, мектептин чатыры жаңыртылды. Ата-энелердин демөөрчүлүгү менен 65000 сомго кабинет жеңил конструкция менен жасалып, азыркы мезгилде даярдоо класстары билим алып жатышат. АГАХАН фонду тарабынан жалпы суммасы 165 398 сомго техкаражаттар (ноутбук, фотоаппарат, видеокамера, проектор, экран, принтер) берилген жана мектептин алдына Арстанбек Буйлаш уулунун айкели коюлду.

Ушул жетишкендиктердин натыйжасында 2016-жылы Нарын облустук мамлекеттик телерадио берүү компаниясы тарабынан облустук эл агартуу тармагынын өнүгүшүнө кошкон барандуу салымы, окуучуларга билим, тарбия берүү жаатындагы жигердүү, жаңычыл аракеттери үчүн «Жылдын мыкты мектеби» дипломy берилсе, 2017-жылы Нарын шаардык кеңеши тарабынан 2011-жылда уюштурулган «Мыкты мектеп» кароо-сынагында 1-даражадагы дипломго ээ болду.

Азыркы мезгилде мектепте 112 мугалим эмгектенет, анын ичинен 55 мугалим «Билим берүүнүн мыктысы», бирөө Президенттин Ардак грамотасы менен сыйланган.



# Э.ИБРАЕВ АТЫНДАГЫ
# №4 ОРТО МЕКТЕБИ

Мектеп 1971-жылы пайдаланууга берилип, В.И.Лениндин ысымын алып жүргөн. Кырк жети жылдык тарыхында аталган мектепти 121 бүтүрүүчү класс аяктаган, жалпысынан 3060 бүтүрүүчү жалпы орто билим жөнүндөгү документке ээ болушкан. Алардын 25тен ашыгы алтын медалдын ээлери болгон. Бүгүнкү күндө мектептин бүтүрүүчүлөрү эл чарбасынын бардык тармактарында эмгектенишет. Өз мезгилдеринде жогорку мамлекеттик кызматтарда иштеп, Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланган Карганбек Самаков, коомдук ишмерлер Турсунбек Акун, Данияр Нарынбаев мектептин бүтүрүүчүлөрү болуп саналат. Ошондой эле, философия илиминин доктору Ж.Сыдыков, тарых илимдеринин кандидаттары Э.Молдоев, К.Коконбаев, педагогика илиминин кандидаты О.Касымалиев, ветеринария илиминин доктору Р.Нургазиев, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, Б.Бейшеналиева атындагы Искусство институтунда кафедра башчысы болуп эмгектенген А.Турдалиева өңдүү республикага төбөсү көрүнгөн атуулдар Э.Ибраев атындагы мектептин сыймыгы.

Мектептин директору болуп дасыккан педагогдор: Мажен Ошуракунов 1971-1972-жылдары, Конокбай Жанбоев 1972-1975-жылдары, Жаманак Байсынов 1976-1979-жылдары, Клим Ходжанов 1980-1981-жылдары, Нарынбай Төлөкбаев 1981-1982-жылдары, Гүлай Жандаралиева 1983-1987-жылдары, Шакен Мамбеталиева 1988-1989-жыл-



дары, Карыбек Мамбетжанов 1990-1992-жылдары, Эсентур Өмүралиев 1993-1998-жылдары, Токтогон Качкымбаев 1998-2018-жылдар аралыгында директорлук кызматты аркалашып, мектептин өсүп-өнүгүшү үчүн ак эмгектерин өтөп келишти. 2018-жылы мектептин директору кызматына Алмазбек Осмокеев дайындалган.

2006-жылдын 1-мартында Нарын шаардык кеңешинин чечими менен №4 В.И.Ленин атындагы мектептин аталышы өзгөртүлүп, Кыргыз эл акыны Эсенгул Ибраевдин ысымы ыйгарылган. Эсенгул Ибраевдин музейи уюштурулуп, анда акындын чыгармалары, жетишкен сыйлыктары, замандаштары, үй-бүлөсү менен түшкөн сүрөттөрү жана башка өмүрү, чыгармачылыгына байланыштуу маалыматтар камтылган. Мындан сырткары, китепкананын китеп фондусунда 20600дөн ашуун 9649 окуу, 5426 адабий, 3193 усулдук китептери жана гезит-журналдар бар.

2017-2018-окуу жылы 55 мугалим эмгектенди. Булардын ичинен жыйырма мугалим Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы жана «КР Билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси менен сыйланышкан. Насаатчы мугалимдер Эл агартуунун мыктылары Н.Кожомкулова, Т.Малчиева, Ж.Калдыбаев, Д.Мамбетисаева, А.Мокелеңова мектептин жаш мугалимдерине жол көрсөтүп, өз тажрыйбалары менен бөлүшүп келишет.

Мектепте окуучулардын окуп, билим жана тарбия алуусуна мүмкүн болгон шарттар түзүлгөн. Башталгыч класстар боюнча – 8, кыргыз тили жана адабияты боюнча – 2, орус тили жана адабияты боюнча – 2, математика сабагынан – 2, англис тили боюнча – 2, информатика боюнча – 1 ыңгайлуу, заманбап жабдылган кабинеттерде окуу иштери жүргүзүлөт. Мындан сырткары, Эсенгул Ибраевдин музейи, китепкана, спорт зал жана ашкана окуучулар үчүн кызмат кылат. Аптанын беш күнү башталгыч класстын окуучуларына ысык тамак берилет.

Мектептин окуучулары маданий-массалык жана спорттук иштерге активдүү катышышат. Окуучулар үчүн стол тенниси, шахмат, баскетбол, футбол оюндары боюнча спорттук секциялар, сүрөт тартуу, кол өнөрчүлүк, өздүк көркөм чыгармалары боюнча ийримдер ачылган.



# АБДЫКАДЫР САДЫКОВ АТЫНДАГЫ №9 ОРТО МЕКТЕБИ



1992-жылы сентябрь айында Нарын шаарынын Ак-Коргон аймагындагы соода комплексине ылайыкталып курулуп жаткан имарат мектеп ачуу үчүн берилип, толук эмес тогуз жылдык мектеп катары иштеп баштаган. 1998-жылы аймактын жашоочуларынын суроо-талабынын негизинде мектеп жалпы билим берүүчү орто мектеп статусун алган. 2003-жылы мектепке профессор, Улуттук илимдер академиясынын мүчө корреспонденти Абдыкадыр Садыковдун ысымы берилген.

2003-2004-окуу жылында мектептин чатыры Мерси Ко уюмунун каржылоосу менен жабдылган. 2006-жылы «Кыргызстан-Сорос» фондунун программасынын алкагында суу түтүктөрү орнотулуп, суу киргизилген. 2007-жылы Дүйнөлүк банктын «Католикалык» фонду тарабынан 1,5 млн. сомго капиталдык ремонттон өткөн. 2012-2013-жылы «Мегаком» компаниясынын «Мегабилим» долбоору аркылуу мектепке жети компьютер алынган. 2014-жылы «Мерсико» уюму аркылуу 42516 сомго он алты шкаф алынды. Эмгек жамаатында жалпы 39 мугалим, 11 тех кызматкер иштейт. 18 мугалим – КР Билим берүүсүнүн отличниги. Нарын шаардык кеңешинин токтомуна ылайык, Ак-Коргон аймагында жайгашкан Питомник аянтына жаңы мектептин имаратын куруу үчүн 2 гектар жер тилкеси бөлүндү. 2018-жылы типтүү жаңы мектеп курулат.



# АКАДЕМИК ҮСӨН АСАНОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН ОБЛУСТУК МЕКТЕП ЛИЦЕЙ-ИНТЕРНАТЫ

Академик Ү.Асанов атындагы мектеп лицей-интернаты 1964-жылы малчылардын балдары үчүн 520 орундуу жалпы негизги билим берүүчү Нарын облустук интернат болуп уюштурулган. 300 орундуу жатаканасы курулган. 1991-жылы интернатка тоголок, жарым жетимдер, социалдык колдоого муктаж үй-бүлөлөрдүн балдары кабыл алынып, окуй башташкан.

1993-жылы Нарын дубандык мектеп-лицейи болуп кайрадан уюштурулуп, интернат Нарын районунун Достук шаарчасына көчүрүлгөн. 1998-жылы Достук шаарчасындагы интернат жабылып, ата-энелердин суроо талаптары боюнча жакырчылыкты жоюу, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн таланттуу балдарын окутуп, тарбиялоо үчүн Нарын облустук мектеп-лицейинин базасында 100 балага эсептелген балдар үйү ачылган.

2004-жылы Нарын облустук лицей-интернат мектебине Улуттук илимдер академиясынын академиги Ү.Асановдун ысымы ыйгарылган.

2014-жылдан баштап мектеп лицей-интернатынын директору - Апсалиева Айнура.

Окуу жайда англис тили, математика-физика, информатика, химия-биология предметтерин тереңдетип окутуу үчүн класстар бар.



# Ж.ШЕРАЛИЕВ АТЫНДАГЫ БАЛДАР ИСКУССТВО МЕКТЕБИ

Балдардын искусство мектеби 1958-жылдан бери жаш өспүрүмдөргө музыкалык жана эстетикалык билим берүү багытында иш жүргүзүп келүүдө.




Аталган мектептен билим алышкан ондогон окуучулар М.Күренкеев атындагы музыкалык окуу жайында, Б.Бейшеналиева атындагы искусство мектебинде билимдерин улантышып, кыргыз маданият искусствосунун өнүгүшүнө өз салымдарын кошууда. Калыгул Самаков мугалим жана обончу, Руслан Жумабаев Улуттук филармониянын К.Орозов атындагы оркестринин солисти, Жанарбек Абдуразаков искусство мектебинин мугалими, Жусуп Айсаев филармониянын солисти, Курмангазы Исанаев кыргыз циркинин директору, Асель Турдалиева Б.Бейшеналиева атындагы Маданият жана искусство университетинде декан болуп иштеп келүүдө.

Аталган мектепти 1978-1985-жылдары Бекбашев, 1986-1987-жылдары Т.Ташматов, 1987-1988-жылдары О.Исмадияров, 1988-1989-жылдары Н.Алымканов, 1989-1989-жылдары У.Чымбаева, 1991-1993-жылдары Б.Андакулов, 1992-1993-жылдары Ж.Абакиров, 1997-1999-жылдары А.Абдраев жетек-



тешкен. 2010-жылдан бери КР Билим берүүсүнүн отличниги О. Улукманов директор. Мектептин алдыңкы мугалимдери: Танат Абыраев, Жанарбек Абдуразаков, Баян Кандыбаева, Райхан Моютова, Нуржамал Жалилова.

Облустук, республикалык кароо-сынактарда аталган мектептин окуучулары чебер өнөрлөрү менен баш байгелерди багынтып келүүдө. Мындай ийгиликтерди жаратууда мектеп мугалимдеринин чыгармачылык менен сабак берүү тажрыйбасы жетиштүү. 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат министрлиги тарабынан диплом менен сыйланган. 2011-жылы Нарын шаары боюнча мекеме-ишканалар арасында өткөн кароо-сынакта «Мыкты мекеме» номинациясы боюнча жеңүүчү деп табылган. 2012-жылы республикалык кароо-сынакта «Жаш-Тилек» фольклордук тобу башкы сыйлыкка ээ болгон, жетекчиси Т. Абыраев. 2012-жылы облустук кароо-сынакта хор жанры боюнча I орунду (жетекчиси К. Салакунова), 2013-жылы облустук кароо-сынакта ыр номинациясы боюнча I орунду (жетекчиси К. Салакунова) ээлеген. 2017-жылы кароо-сынакта бий боюнча баш байгени жеңип алган (жетекчиси Таалайбекова А.)

2014-2015- окуу жылдары шаардык искусство мектеби тарабынан облустук музыкалык мектептер арасында «Жаш музыкант» кароо-сынагы уюштурулган.

Мектепте алты бөлүм (комуз, фортепиано, баян, чопо-чоор, театр, бий) боюнча музыкалык билим берилет. Учурда 220 окуучу билим алышат, 26 мугалим иштейт. Жети мугалим – «Билим берүүнүн мыктысы», беш мугалим – «Маданияттын мыктысы».

Мектептин заманбап үлгүдөгү жаңы типтүү имаратын курууга 2016-жылы 48616,8 млн сом каражат жумшалып, пайдаланууга берилди.



# М.СУБАКОЖОЕВ АТЫНДАГЫ НАРЫН ЛИЦЕЙИ

1993-жылы лицей №1 Токтогул атындагы орто мектебинин эки кабаттуу чакан имаратында ачылган. Жаңы ачылган билим очогунун алгачкы мүдүрү Жафер Топжан, мүдүрдүн жардамчысы Мурат Кожокановдор болушкан. Лицейге окуучуларды кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлгөн.

«Себат» билим берүү мекемеси тарабынан Түркия мамлекетинен мугалимдер келген, жергиликтүү мугалимдер конкурс менен кабыл алынып, окуу-тарбия иштерин башташкан.

Дүйнөлүк олимпиадада физика, математика, химия, биология сабактары боюнча лицейдин окуучулары 11 жолу байгелүү орундарды камсыз кылышкан.

Нарын жеринде лицейдин ачылышына, балдардын жашоосуна жакшы шарттарды түзгөнгө көмөк көрсөткөндүгү үчүн 1998-жылы маркум Муратбек Субакожоевдин ысымы лицейге берилген.

Бүтүрүүчүлөр аттестат менен бирге үч сертификат (англис, түрк тили, информатика предметтери боюнча) алышат.









# № 17 «ЫНТЫМАК» БАЛДАР БАКЧАСЫ

1969-жылы мекеменин бала бакча катары ачылган. 1980-жылдарга чейин Курулуш-монтаждоо башкармалыгынын кызматкерлеринин балдары тарбияланган. Бул убакта имараты азыркы Нарын шаардык ички иштер бөлүмү жайгашкан имаратта орун алган. 1980-жылы Нарын шаарынын Ленин көчөсү № 148 дарегиндеги азыркы имараты 140 орунга эсептелип курулуп, пайдаланууга берилген. СССР таркагандан кийин Нарын электр тармактар ишканасы бала бакчаны каржылай албай калгандыгына байланыштуу 2000-жылы шаардын муниципалдык менчигине өткөрүлгөн.

Балдар бакчасынын башчысы кызматында 1980-1986-жылдары Руфина Захарова иштеген, 1986-2003-жылдары - Эмелбүбү Токтоналиева, 2003-2009-жылдары - Тамара Жузубалиева, андан кийин Гүлнур Дүйшеева, Акылай Жапаралиева, Айнагүл Ашыралиева жана Гүлназ Сулайманова иштешкен. 2011-жылдын 15-июнунан бери балдар бакчанын директорлук кызматында Билим берүүнүн отличниги Марипа Аалиева иштеп келе жатат.

Бала бакчадагы кызматчы-жумушчулардын жалпы саны 32. Мунун





ичинен педагогикалык кадрлар - 15. Тарбиячы педагогдордон тогуз адам Билим берүүнүн отличниги. Алар: Алмакан Орозобекова, Замиркүл Султаналиева, Гүлнара Жумалиева, Гүлнара Усубалиева, Дамира Жунусалиева, Шарапат Нурматова, Тамара Жузубалиева, Марипа Аалиева, Асыл Мураталиева. Замиркүл Султаналиева «Нарын шаарынын ардактуу атуулу» наамынын ээси. Алмакан Орозобекова - «Баатыр эне».

Балдар бакчасындагы окутуп тарбиялоо иштери Кыргыз Республикасынын «Билим берүү», «Мектепке чейинки билим берүү» мыйзамдарына жана бакчанын Уставына ылайык жүргүзүлөт. Балдар бакчасынын Уставы 2011-жылдын 7-сентябрында кайра каттоодон өткөн.

2018-жылы бакчага 256 бала келип жатат. Мындан тышкары, 3 сааттык программа менен иштеп жаткан мектепке даярдоо тайпасында 23 бала окуйт. Окутуп-тарбиялоо иштери кыргыз, орус тилдеринде жүргүзүлөт.

2017-жылы түрткү берүүчү грантка долбоор жазылып, 2 млн 766 миң сомго бала бакчанын имараты капиталдык ремонттон өткөрүлдү.

## №18 «АК-ДИЛ» БАЛДАР БАКЧАСЫ

2009-жылдын 12-октябрында Нарын шаарындагы Молдоев атындагы көчөнүн №9 дарегинде ишке кирген. Бала бакчанын имараты «Ага Хан» фонду аркылуу сатылып алынган. Бала бакчада бир тайпада отуз бала жана үч сааттык тайпада жыйырма беш бала тарбияланган. Бала бакчанын башчылыгына Каухар Токтосейитова дайындалып, 2011-жылга чейин эмгектенген. 2001-жылдан бери

Жүрсүн Байбагышова чыгармачыл, алдыга умтулган, өз кесибин сүйүп, коомдук иштерге активдүү катышып келет. 2013-жылы шаардагы мекемелер арасында өткөрүлгөн «Ыр кесе» кароо-сынагында гран-прини жеңип алышкан.

Балдар бакчасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоодо көптөгөн алгылыктуу иштер аткарылды. «Мерсико» уюму аркылуу 132 миң сомго, «Финка» компаниясы тарабынан 260 миң сомго инвентарлар алынган.

2016-жылдын сентябрь айында Нарын шаардык мэриясы «Ага Хан» фонду менен биргеликте бала бакчанын жаңы имаратын салып, пайдаланууга берди.

2017-2018-окуу жылынын соңунда өткөрүлгөн облустук «Жылдын мыктылары» кароо-сынагында №18 «Ак-Дил» балдар бакчасы «Жылдын мыкты бала бакчасы» номинациясы боюнча жеңүүчү деп табылып, баш байгеге ээ болду.

## № 14 «АЛТЫН БАЛАЛЫК» БАЛДАР БАКЧАСЫ

«Алтын балалык» балдар бакчасы 1985-жылы декабрь айында ачылган. Типтүү, алты тайпага ылайыкталган, 140 орундуу. Бала бакча түптөлүп, ишке берилгенден баштап, Сагын Кожобекова жетектеген жамаат күн-түн дебей ички-сырткы жасалгасын жасалгалап, айланасына бак-дарактарды жана карагайларды тигип көрктөндүрүшкөн. Сагын Кожобекованын ошол жылдары талыкпай иштеген иштеринин натыйжасында Нарын шаарында балдар бакчасынын тарыхында 1989-жылы «Алтын балалык» бала бакчасына «Жигули» автоунаасы ыйгарылган.

1995-жылы балдар бакчанын директорлугуна Шакен Алымбаева дайындалып, 2007-жылга чейин «Кыргызстан-Сорос» фондунун «Кадам артынан кадам» программасына пилоттук негизде Нарын шаарынан бирин-



чилерден болуп кирген. Фонддон толук төрт тайпага тиешелүү жабдуулар жана ар кандай иллюстративдик китептер, телевизор, кийим тигүүчү машинкалар менен камсыз кылган.

2007-жылдан бери Нургүл Байбосова балдар бакчасынын директору кызматын аткарып келе жатат. Азыркы учурда 6 тайпа жана 3 сааттык кыска мөөнөттөгү окутуу курстары жүргүзүлөт. Эмгек жамаатында он беш педагог, он эки тарбиячы эмгектенет. Булардын ичинен жогорку билимдүүсү 11. Балдар бакчасы ачылгандан бери «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгисине ээ болушкан ардагер насаатчы тарбиячылар: Гүлай Конокбаева, Чынаркүл Арыналиева, Лира Мамбетказиева, Чынаркүл Сарымсакова. Кенже кызматкерлер: Марипа Мүсүралиева, Нурзаада Оторбаева, ошондой эле ортоңку муундагы Майрамкүл Кайкиева, Ырысгүл Муханмедий кызы, Нургүл Кадырова, Асыл Мураталиева, Тынчтыккүл Түркмөнова, жаш тарбиячылар - Жылдыз Садырова, Аида Мураталиева, Нургүл Асанова, жардамчы тарбиячылар - Айнур Самсалиева, Майрамкүл Чылакунова, Азимкүл Султанкеримова, Наргиза Борбиева, Жийдегүл Карыпбекова, Мадина Оболбекова жана Күмүшай Өмүрова.

Бала бакчанын чатыры 2009-жылы түрткү берүүчү үлүштүк гранттын негизинде кайрадан темир менен жабылган. «МерсиКо» уюму, «Ага Хан» фондусу жана башка фонддор менен инвестиция тартуу боюнча тыгыз иш жүргүзүлөт.

«МерсиКо» уюму аркылуу «Балдар бакчасындагы балдардын тамактануусу» долбоорунун алкагында эмчи айым Муханмедий кызы Ырысгүл Ак-Талаа, Ат-Башы жана Нарын райондоруна балдар бакчаларында семинар-тренингдерди өтүп жайылтып келет. 2017-жылы бала бакчанын бир участогу кайра курулду. Жыл сайын эскилиги жеткен суу түтүктөрү алмаштырылат. Алгылыктуу иштердин натыйжасында 2014-жылдын жыйынтыгы менен «Алтын балалык» балдар бакчасы Нарын облусу боюнча «Мыкты бала бакча» номинациясы боюнча жеңүүчү деп аталып, 100 000 миң сом сертификат жана диплом менен сыйланган. Бүгүнкү күндө балдар бакчасында 330 бала тарбияланууда.



# № 15 «БАКТЫЛУУ БАЛАЛЫК» БАЛДАР БАКЧАСЫ



Союз мезгилинен берки шаар боюнча эң чоң жана алдыңкы бала бакчалардын бири. 1987-жылы ачылган. Ушул жылдан 2007-жылга чейин бала бакчаны Роза Жумабаева жетектеп келген.

2007-жылдан 2018-жылга чейин бала бакчаны Жанымгүл Бейшебаева жетектеди. Бул жылдар аралыгында эл аралык жана республикалык фонддорго, уюмдарга ар түрдүү долбоорлор өткөрүлүп, бала бакчанын ичи толугу менен жаңыртылып, бала бакчага 5 миллион сомго жакын гранттык, демөөрчүлүк негизде инвестиция тартылып, балдар бакчасынын материалдык-техникалык базасы чыңдалган.

2017-2918-окуу жылына карата бала бакчада 12 тайпада 520 бала, эки тайпада 50 бала 480 сааттык 3 жаштан 7 жашка чейинки «Балалык» программасы боюнча окутулуп-тарбияланды. Балдар бакчасында жалпы 54 жумушчу-кызматкер эмгектенет. Булардын ичинен 27 педагог-тарбиячы, 11 тарбиячы-педагог «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгисинин ээси.

2015-жылы жайлоо шартындагы өнүгүү борбору боюнча «Роза Отунбаеванын демилгелери» фонду аркылуу республикалык «Жаңылыктын жарчысы» сынагында жеңүүчү болуп табылып, жетекчиси Жанымгүл Бейшебаева Түркия мамлекетине жолдомого ээ болгон.



2017-жылы Нарын шаардык мэриясы жана Нарын шаардык кеңешинин жыл жыйынтыгында «Жылдын мыкты балдар бакчасы» номинациясы боюнча жеңүүчү болуп табылган.

2018-жылдын январь айынан бери балдар бакчасын Айзат Мурзаканова жетектөөдө. Дем берүүчү грант аркылуу 3 млн 400 миң сомго бакчанын имараты капремонттон өткөрүлүүдө.

# №16 «ЫЙМАН» БАЛДАР БАКЧАСЫ

Ак-Коргон аймагында Ленин көчөсү №244 «а» дареги боюнча 2002-жылдын май айынан бери иштеп келе жатат. Алгач бала бакча 1989-жылы Алма Бак аймагында үй шартындагы имаратта уюшулуп, 4 тайпа менен 1995-жылга чейин Г.Күрөңбаеванын жетекчилиги астында иш алып барган.

Бала бакчанын имараты 2008-жылы MSDSP KG эл аралык фонду тарабынан жана жергиликтүү бюджеттен каржыланып, капиталдык ремонттон өткөн. Бала бакчада 1995-жылдан 2010-жылга чейин Н.Асипбаева жетекчилик кылган. Аталган жылдарда бала бакчанын администрациясы бир катар долбоорлор менен иш алып барган. Алып айтсак, 2007-жылы «Балдарды сактагыла» долбоорунун алкагында 27995 миң сомго бала бакча керектүү окуу-материалдары менен камсыз болгон. 2008-жылы католикалык фонддон «Образование для всех» долбоорунун жардамы менен 250 миң сомго бала бакча үчүн инвентарлар алынган. 2007-2010-жылдары Н.А.Зайцевдин методикасына ылайык окуу иштери жүргүзүлгөн. 2010-жыл-



дан 2011-жылдын сентябрь айына чейин бала бакчаны М.Жакыпов жетектеген. 2011-жылдын сентябрь айында бала бакчанын жетекчилигине «Эл агартуунун отличниги» төш белгисинин ээси К.Токтосейитова дайындалган.

Шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан өткөрүлгөн «Жылдын мыкты тарбиячысы» кароо сынагында 2013-жылы тарбиячы А.Чодураева 1-орунду, 2018-жылы тарбиячы Э.Асанова 2-орунду камсыз кылышкан.

2015-жылдан быйылкы 2018-жылга чейин өнүктүрүүчү чөйрөлөр аркылуу борборлорго бөлүп окутуу боюнча жана кенже курактагы балдарды көркөм эстетикалык жактан тарбиялоо, кеп маданиятын өнүктүрүү, туура сүйлөөгө үйрөтүү максатында куурчак театрлар аркылуу окутуп тарбиялоо иштери жүргүзүлдү.

Бала бакчада жалпы 41 кызматкер эмгектенет. Көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенген тарбиячылар Күлжамал Баялиева, Нурбүбү Абдраимова, Бермет Конгайтиева «Эл агартуунун отличниги» төш белгисинин ээлери. Тарбиячылар Чолпон Калдарбекова, Айнура Чодураева, орус тили мугалими Шайлообүбү Шаршеева Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасын алышкан. Бүгүнкү күндө бала бакчада 9 тайпада 289 бала таалим-тарбия алып жатышат.

# М. РЫСКУЛОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН ОБЛУСТУК АКАДЕМИЯЛЫК МУЗЫКАЛЫК ДРАМА ТЕАТРЫ

1937-жылы 5-октябрда Кыргыз ССРнин Эл Комиссарлар Кеңешинин чечими менен Нарында колхоз-совхоз театры уюшулуп, эң алгачкылардан болуп К.Токобаевдин «Кайгылуу Какей» (Какейдин ролунда Койсун Карасартова), 1938-ж. Ж.Турусбековдун «Ажал ордуна» музыкалуу спектакли коюлган.

1939-жылы Москвада болуп өткөн кыргыз адабияты менен искусствосу декадасынан кийин Жумгал жана Нарын колхоз-совхоз театрларынын мыкты күчтөрү бириктирилип, областтык драма театры түзүлөт. Нарын театрынын эң алгачкы режиссеру болуп А. Көбөгөнов дайындалып, Ж.Бөкөнбаевдин «Токтогул» аттуу драмасы, К. Эшмамбетовдун «Саринжи- Бөкөй» пьесасы, К. Маликов менен А.Куттубаевдин «Жаңыл» спектаклдери коюлуп, чыгармачылык дараметтери өсүү жолунда болду. Жаңылдын ролун Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисти С.Сатыбалдиева ойногон.

1941-жылы Пржевальск шаарындагы Ысык-Көл областтык кыргыз драма театры жоюлуп, Нарын театрына келип кошулат. Театрдын режис-



серу болуп И.Көкөев, директору Г. Казыбаева дайындалат. Бул жылы К. Эшмамбетовдун «Кара- Туман» спектакли, К.Жантөшовдун «Курманбек» спектакли коюлат. Анда Тейитбектин ролун А. Темиров, Айганыштын ролун А. Жангорозова ойногон.



1949-жылы областтык театрлар жоюлган. 1958-жылы Нарын областтык театры кайрадан уюшулуп, Тянь-Шань областтык музыкалык театры болуп аталат. Ага Ташкенттеги А.Н.Островский атындагы театр жана сүрөт институтунун режиссерлук факультетин бүтүрүп келген М.Назаралиев башкы режиссер болуп дайындалган.

М. Назаралиев башкы режиссер болуп дайындалгандан тартып Нарын театрынын чыгармачылык этабынын жаңы өсүшү мурдагыдан айырмаланып, актерлордун чеберчиликтеринин калыптанышына жардам берген. Чыгармачылык курам бригадаларга бөлүнүп, жылдын тогуз айын гастролдо жүргөндүктөн «дөңгөлөк үстүндөгү театр» деп эл атап калган. Театрдын репертуарына Ч.Айтматовдун, К.Жантөшовдун Т.Абдумомуновдун, Б.Жакиевдин, Б.Өмүралиевдин, В.Островскийдин Г.Гулямдын, М.Каримдин чыгармалары жана башка көптөгөн спектаклдер кирген.

1962-жылы Жалал-Абад жана Ысык-Көл драма театрлары жоюлуп, бир топ таланттуу артисттер Нарынга келет. Бул жылдары Нарын театры чыгармачылык өсүү жолунда бир нече ийгиликтерге жетишет. Ал кезде театрда С.Сатыбалдиева, А.Жангорозова, Ж. Шералиев, С.Андабеков, А. Куттубаев, С.Көмөчов, К.Медетбеков, Б. Алиев баш болгон профессионалдык жактан такшалган актерлор иштеген.

1970-жылы Тянь-Шань областтык музыкалуу драма театры деген статус алган.

1977-жылы театрдын 40 жылдык юбилейине карата М. Рыскулов атындагы музыкалуу драма театры статусун алып, Өкмөт театрдын чыгармачылык ийгиликтерин жогору баалап, театрды Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйлады. Ошондой эле артисттер К.Карасартовага, Г. Абдырахмановага, А. Бердибаевге «Кыргыз ССРинин эмгек сиңир-



ген артисти» деген наам ыйгарылган. Б. Алиев «Кыргыз ССРинин Эл артисти» ардактуу наамына, театрдын режиссеру Э. Токтогулов «Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер» наамына ээ болушкан.

1987-жылы Нарын театры боордош республикаларга, Тбилиси, Алма-Ата, Нукус, Москва шаарларында ыр-күүсүн, спектаклдерди тартуулап, алкышка татыктуу болгон. Кыргыз театр өнөрүнүн өсүп өнүгүүсүнө Нарын театрынын кошкон салымы зор. Кийинки эле жылдардагы келген башкы режиссер А.Сарлыкбеков койгон спектаклдери даңазалоо менен белгиленди. Нарын театрынын профессионалдык деңгээлинин өсүшү, репертуарынын бийиктиги башка театрлардан кем калган жок.

2007-жылдын октябрь айынан баштап «М. Рыскулов атындагы академиялык музыкалык драма театры» деген статуска ээ болгон.

Бүгүнкү күндө театрда 109 кызматкер эмгектенет. Мунун ичинен, чыгармачылык курамда 58 адам, техникалык кызматкер – 51 адам. КРнын Эл артисти Дамира Баратбаева, КРнын эмгек сиңирген артисттери - Бермет Өмүрова, Кенжегул Мендебаиров, Асматжан Токтомушева, Темирлан Сманбеков.

Театрдын репертуарында бүгүнкү күндө отуздай спектакль камтылган. 2017-жылдын октябрь айынан бери театрдын директору КРнын эмгек сиңирген артисти Темирлан Сманбеков, көркөм жетекчиси – Жалил Мидинов.

# НАРЫН ШААРДЫК МАДАНИЯТ БӨЛҮМҮ

КР Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин маданият жаатындагы мамлекеттик саясатын жүзөгө ашыруучу жана маданият мекемелеринин ишин координациялоочу аймактык органы болуп саналат. Нарын шаардык маданият үйү ачылгандан бери мында иштеген ондогон таланттуу инсандар «Кыргыз эл артисти», «Эмгек сиңирген артист», «Маданиятка эмгек сиңирген ишмер» деген наамдарга татыктуу болушкан. Алсак, композитор Жумамудүн Шералиев, белгилүү обончу Султан Мамбетбаев, С.Андабеков, К.Карасартова, А Эсеналиева, Д.Сариев, Т.Актанов, Б.Абылгазиева өңдүү таланттуу ырчы, актерлор өз кезегинде ушул куттуу жайдын пайдубалын түптөп, татыктуу эмгектенип кетишкен.

Нарын шаардык маданият үйүнө 1949-жылдын 14-майында Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы Искак Раззаков кол койгон токтомдун негизинде ак таңдай ырчы Муса Баетовдун ысымы берилген.

1972-жылы шаардык маданият үйүнүн алдында «Гүлдесте» эстрадалык ансамбли уюштурулуп, көптөгөн ийгиликтерге жетишкен. Ал эми 1979-жылы «Тоо гүлү» ыр-бий ансамбли уюшулуп, Монгол Эл Республикасына барып концерт берип келишкен. Учурда шаардык маданият бөлүмүнүн алдында элдик таланттардан куралган «Нарын шаңы» айымдар вокалдык тобу, «Алтын балалык» бийчилер тобу уюшулган. «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси Чолпонбек Жакыпов, Таалай Алымбеков, Рыскүл Чечейбаева, Токтогон Жукаев, Мунара Акматова, Жеңишкүл Суранчиева сыяктуу таланттуу ырчы, музыканттар элге кызмат кылып келишет.



# КАКЕН МАМБЕТАЛИЕВА АТЫНДАГЫ НАРЫН ОБЛУСТУК МАМЛЕКЕТТИК ТАРЫХЫЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК МУЗЕЙИ

Түпкүлүктүү Теңир-Тоонун койнунда, Улуу Жибек жолунун боюнда жайгашкан Какен Мамбеталиева атындагы Нарын облустук мамлекеттик тарыхый-этнографиялык музейи Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин 1985-жылы 6-июндагы №278 токтомунун жана Мамлекеттик музейлер жана музей фонду жөнүндөгү закондордун нормативинин негизинде тарыхый-край таануу музейи катары уюшулуп, 2000-жылы «Этнографиялык» наамына ээ болгон. 2011-жылы кыргыздын тунгуч этнограф-окумуштуу кызы Какен Мамбеталиеванын ысымы ыйгарылган.

Байыркы кездегидей жаратылыш, нукура таза кыргыз тили жана даанышман элдик салттар, улуу «Манас» эпосу, кыргыз кол өнөрчүлүгү, байыркы тарыхый маданий жайлар сакталып келген Теңир-Тоо аймагындагы бул музей элибиздин көөнө тарыхын чагылдырып, сактап, жаш муундарга кеңири тааныштырууда ролу абдан чоң.

Музей ачылгандан берки 30 жыл ичинде музей баалуулуктарын: эң сейрек жана баалуу археологиялык казуулардагы, эл арасында унутта калып бара жаткан экспонаттарды, архивдик документтерди сактоо менен бирге илимий-методикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп, ар-түрдүү көргөзмө, семинарлар өткөрүлүп, жаштарды асыл мурастарды барктап, баалоого тарбиялоодо.

Бул музейде кыргыз элинин тарыхын жана маданиятын, байыркы замандагы жаратылыштын материалдык





жана руханий дөөлөттөрүн чагылдырган 2500дөн ашык экспонат сакталып турат.

Республика боюнча 1-орунду алып, «Алтын медалга», эл аралык сертификаттарга, «Алдыңкы маданият мекемеси» наамына, облустук «Намыс» программасынын жеңүүчүсү Дипломуна ээ болгон. 2009-2010-жылдары маданият жана маалымат министрлигинин «Мыкты музей» Дипломуна татыктуу болду.

«Музейлер демилгеси» борбору, «Сорос-Кыргызстан» фондусу, Кыргыздын тунгуч этнограф кызы Какен Мамбеталиева атындагы коомдук фонду, АКШнын «Кристенсен» фонду жана «ИСУР» коомдук фондусунун ж.б. эл аралык уюмдар жана демөөрчүлүк менен иш алып баруунун натыйжасында жыл сайын музейдин материалдык-техникалык базасы чыңдалууда.

Музейдин түптөөчүсү, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек синирген ишмер, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси, персоналдык пенсионер Р.М Баетованын жаш кадрларга музей ишин өздөштүрүүдө кошкон салымы зор.

Нарын облустук мамлекеттик тарыхый-этнографиялык музейинин директору, Эл агартуунун отличниги, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин, КРнын Маданият жана маалымат министрлигинен «Жылдын мыкты маданият кызматкери» наамынын, КР Президентинин Ардак грамотасынын ээси жана Нарын шаарынын ардактуу атуулу Анара Сабитова заман талабына ылайык иш жүргүзүү менен көптөгөн ийгиликтерге жетишип келүүдө.



Кол өнөрчүлүктү өркүндөтүү боюнча бир катар алгылыктуу иштер жүргүзүлүп келүүдө. Буга Нарын облустук кол өнөрчүлөр Кенешинин төрайымы, Нарын шаарындагы «Ай-Тилек» кол өнөрчүлүк кооперативинин директору, Нарын шаарынын ардактуу атуулу **Бурулкан Төлөгөнованын** салымы зор.

# С. ОРОЗБАКОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН ОБЛУСТУК КИТЕПКАНА

Нарын облустук С. Орозбаков атындагы китепкана 100 000ге жакын китеп фондусу бар, бай интеллектуалдык жана дүйнөлүк маданий жетишкендиктерди камтыган облустагы бирден бир маданий агартуу борбору.

Китепкана «Сорос Кыргызстан», «Евразия», «Евросоюз», «Бириккен улуттар уюму» (ОБСЕ), Ага-Хан, Америка элчилиги жана башка мамлекеттик эмес уюмдар менен иштешип, 2012-2017-жылдары 162,655 $ же 11 141 200 сомдук проект ишке ашырылып, ремонт иштери, жаңы технологиялар, эмеректер алынып, натыйжада заманбап китепкана болууга жетишти.

- 2011-жылы 27-майда КРнын Коомдук Китепканалар Ассоциациясы тарабынан «Жылдын мыкты китепканасы»,
- 2012-жылы КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан «Жылдын мыкты китепканасы»,
- 2014-жылы 11-июнда китепкананын директору Токторбаева Замира Маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан «Жылдын мыкты жетекчиси»,
- 2016-жылы Маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан «Жылдын мыкты облустук китепканасы» аталган.

Өз убагында эң мыкты эмгек жумшап бүгүнкү күндө ардактуу эс алууда жүргөн Орозобаева Чынара, Акматалиева Эркин, Жангелдиева Бегайым, кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмери, «Даңк» медалынын ээси Жумагулова Бурул эжелердин ысымын сыймыктануу менен айтса болот. 2014-жылдан бери областтык китепкананы Токторбаева Замира жетектеп келүүдө.



# Ж.КОҢУРБАЕВА АТЫНДАГЫ НАРЫН ШААРДЫК БОРБОРЛОШТУРУЛГАН КИТЕПКАНАСЫ

Нарын шаарында алгачкы китепкана 1936-жылы пайда болгон. Адегенде Каракол кантонуна караштуу китепкананын бир бөлүгү көчүрүлүп келип, 300 нуска китеп алынып келинип, бир китепканачы эмгектенген. Китепканага 1939-жылы Тянь-Шань облустук, 1974-жылы Нарын шаардык борборлоштурулган китепкана деген статус ыйгарылган. Китеп фондусунда 165496 нуска китеп болгон. 1989-жылы Нарын өрөөндүк борборлоштурулган китепкана, 1991-жылы Нарын шаардык, 1994-жылы Нарын райондук, 1999-жылы облустук китепкана болгон. 2006-жылы китепкана кайрадан облустан бөлүнүп, Нарын шаардык борборлоштурулган китепкана болуп аталган. Китепканага 2008-жылы Жумагүл Коңурбаеванын ысымы берилген.



Бүгүнкү күндө борбордук китепкана жана үч филиалы иш алып барууда. №2 филиал РТС аймагында, №3 филиал Москва аймагында, №4 филиал Ак-Коргон аймагында жайгашып, окурмандарды китеп менен камсыздап, калктын маалыматка болгон суроо-талаптарын канааттандырып келет. Борбордук китепкана бир окуу залынан, бир жыйындар залынан, бир интернет залынан жана китеп сактоочу жайдан турат. Китеп фондусунда 640393 нуска китеп бар. Учурда 12 китепканачы эмгектенет, булардын ичинен беш кызматкер «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси. Отуз жылдан ашуун китепкана тармагында эмгектенип келе жатышкан Акылай Байтемирова, Нуржан Токтобекова, Орден Султанкеримова, Орозобүбү Кашкарова, Батма Белекова сыяктуу кызматкерлердин шаардык китепкананын ишин илгерилетүүдө эмгектери айтарлык.

Борборлоштурулган китепкананы 2006-жылдан бери КРнын «Маданиятынын мыкты кызматкери» төш белгисинин, «Китепкана жылдызы» наамынын ээси Токтобүбү Исабекова жетектеп келе жатат.

Китепкананы 1962-1970-жылдары Кыргыз Республикасынын «Ардак белгиси», «Эмгек Кызыл Туу» ордендеринин ээси Жумагүл Коңурбаева, 1970-жылдан 1975-жылга чейин Бү-




бүя Абдраимова, Сараке Качкынбаева, 1976-1989-жылдары Кыргыз Республикасын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, «Даңк» медалынын ээси Бурул Жумагулова, 1989-1999-жылдары «Эмгектеги каармандыгы» медалынын, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин, Нарын шаарынын «Ардактуу атуулу», «Китепкана жылдызы» наамдарынын ээси Эркин Акматалиева жетектеп, Нарын шаардык китепкананын техникалык базасын чыңдоого, маданий-рухий дөөлөттөрдү сактоого болгон билимдерин, иш тажрыйбаларын жумшашкан.


Китепкана эл аралык жана коомдук фонддор менен тыгыз иш алып барат. 2007-жылдан бери Ага Хан фондусунун «Тоолуу региондорду колдоо» программасына ылайык «Үй-бүлөлүк китеп окуу» долбоору менен бирдикте иш жүргүзүүдө. Ага Хан фондусу тарабынан кенже жаштагы балдар үчүн кыргыз тилиндеги китептер менен толукталып келет. 2012-жылдан бери Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун колдоосу менен Укуктук, экономикалык маалымат борборун өнүктүрүү долбоору ишке ашырылып, керектөөчүлөргө «ТОКТОМ» системасын пайдалануу менен укуктук маалыматтар берилүүдө. Мындан тышкары, «Китепканалык жана маалыматтык консорциум» ассоциациясы аркылуу Германия эл аралык кызматташтык коомунун (GIZ) «Жарандык коомду колдоо фонду» долбоорунун алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу




бийлигинин колдоосу менен «Коворкинг борбору» ачылган. Аталган борбордо окурмандар интернет айдыңын пайдаланып, электрондук китептерди окуй алышат.

2017-жылы шаардык китепкана Индиянын Кыргызстандагы элчилигинин колдоосунда «Маданий кербен» долбоорун ишке ашырды. Индия - Кыргызстан достугунун алкагында Кыргызстан менен Индиянын ортосундагы маданий-социалдык мамилелерди чыңдоого салым кошуу менен аймактагы жаштардын дүйнө элдеринин тарыхын, маданиятын таануу, дүйнө көрүүсүн жана аң-сезимин кеңейтүүгө шарт түзүү максатында «Алтын Таж» коомдук фонду тарабынан «Индиянын маданий бурчу» ачылып, адабий китептер менен толукталды. Китепкана 2016-2017-жылдардын жыйынтыгында республикалык китепканалардын ичинде «Жылдын мыкты китепканасы» наамын алууга жетишкен.

# ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ




Нарын шаарында «Теңир Тоо» коомдук-саясий гезити жарык көрөт. Күн сайын Нарын облустук телерадиокомпаниясынын программалары эфирге чыгат.

Нарын шаарында алгачкы басма сөз органдары 1930-жылдан баштап чыга баштаган. Нарын жергесинде алгачкы гезит «Социалисттик чарба» деген ат менен 1932-жылы чыгарылган. 1938-жылдын 10-августунда азыркы «Теңир Тоо» гезитинин биринчи саны «Тянь-Шань правдасы» деген аталышта жарык көргөн. Тилекке каршы, гезиттин тунгуч саны эч бир архивде сакталган эмес.

Акыркы сегиз он жылдыктын ичинде «Тянь-Шань правдасы» – «Нарын правдасы» - «Теңир Тоо» гезити өзүнө таандык изги салттарды улантуу менен облустун жылнаамасы катары милдеттерин заман ыргагына жараша ылайыкташтыра билип, өрүштүү да, даңктуу жолду басып өттү. Ушул мезгил аралыгында ортодогу чыкпай калган он бир жылды кошпогондо гезитибиз облус калкы менен жылына 223 жолудан жолугушуп турган.

Гезит өз тарыхында үч этапты басып өтүп, үч жолу аталышы өзгөргөн. Биринчи этап – бул «Тянь-Шань правдасы» гезити – калктын сабатсыздыгын жоюуга, коомдук өнүгүүнүн зарылдыктарын түшүндүрүүгө, Улуу Ата Мекендик согуштун жетишилген жеңишке эмгекчилерди шыктандырууга, согуштан кийинки бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө өзүнүн баа жеткис салымын кошкон. Ошол замандын билимдүү адамдары катары С.Таналиев, Ү.Медеров, Т.Орозалиев, Т.Ералиев, А.Сооронбаев, Б.Осмонов, Б.Сооданбеков, К.Малабаев, Ж.Жанузаков, Ж.Саякбаев, Т.Асакунов, Ш.Жандралиев, Э.Абыталипов сыяктуу калемгерлердин опол тоодой эмгектери гезит барактарында сакталуу.

Экинчи этаптагы «Нарын правдасы» гезитинин көтөргөн жүгү да кыйла салмактуу болду. Бул учур коомдун бардык жактарында компартиянын ролунун өскөндүгүнө да, анын кадыр-баркынын төмөндөй баштаганына туш келгендиги менен өзгөчө орунду ээлеп турат. Партиянын багыт берүүчү жана шыктандыруучу күчү, салттуу беш жылдык пландардын аткарылышы карапайым калктын, чар-

балардын, өндүрүштүк ишканалардын, коомдук уюмдардын күч аракеттери баяндалган ар түрдүү жанрдагы материалдар байма-бай жарыяланган.

«Нарын правдасы» облуста журналисттерди даярдоонун мектеби катары дагы чоң роль ойноп, жергиликтүү кадрлардын тобунун түзүлүп, калыптанышына көмөктөшкөн. Гезитти сапаттуу жаратуу менен жаштарды өстүрүүгө Мелис Абакиров, Сулайман Мамбеталиев, Сагын Жуматаев, Акжолтой Текинаев, Асанкадыр Эсенканов, Дүйшөнбай Мусаев, М.Мамбетов, Үсөн Сагындыков, Абит Керимбаев, Жолтой Төкөлдөшов, Сейит Бекибаев, Аруун Мамбеткадыров, Муса Алыбаев жана булардын мектебинен Ракым Асылбаев, Темиркан Токтоев, Турганбек Шайыков, Акил Адамалиев, Салия Жолдошева, Молдакмат Бапаков, Кайыр Исмаилова, Жусуп Акиев, Бурулсун Дыйканбаева, Качкын Шаршеева, Эркинбек Малабеков, Клара Эсеналиева өндүү ошол учурдун жаштары өтүп, тажрыйба алышкан.

«Нарын правдасы» гезитинин гүлдөп-өскөн кези 70-жылдардын аягы, 80-жылдардын башына туура келет, бул мезгил аралыгында гезиттин нускасы 20 миңге чейин жеткен.

Ал эми 3-этапта «Теңир Тоо» гезити мурдагылардан айырмаланып, эгемендүүлүккө ээ болгон Кыргызстандын коомдук өнүгүүнүн жаңы жо-



луна түшкөндөгү оош-кыйыштарын чагылдыруу менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын жүргүзүүгө өз үлүшүн кошуп келе жатат. Замандын өзгөрүшү менен бирге гезиттин жана анда эмгектенген журналисттердин иш багыттары гана эмес, ой жүгүртүүлөрү да жаңы нукка бурулуп, пикирлердин эркиндигинин жана көп түрдүүлүгүнүн таасири жаңыча иштөө милдетин койду. Демократиялык кайра түзүүлөрдүн, саясий жана экономикалык реформалардын жүрүшүн чагылдыруу менен окурмандардын табитине ылайык макалаларды, очерктерди, жаңылыктарды, баяндамаларды, репортаждарды жарыялап жатат. Гезиттин жыйырма жылдан бери башкы редактору Таалайбек Дүйшөналиев.

Нарын шаарынын тарыхында биринчи жолу FM жыштыгында 2000-жылы «Алмаз-Нарын» радиостанциясы пайда болгон. Байланыш агенттигинен 2000-жылдын 27-декабрында жыштык алуу боюнча уруксаты берилген соң, аталган радиостанция алгач УКВ же кыска толкундарда бут облуска чыккан. «Алмаз-Нарын» 2002-жылдан баштап шаардын жашоосуна активдүү киришип, 24 саат бою обо толкунуна чыга баштаган. Нарын шаарынын тарыхында биринчи жолу интерактивдүү берүүлөр, түз эфирдеги материалдар, көңүл ачуучу программалар берилип турган.

Ошентип, Нарын шаары 2000-жылдардын башында локалдуу, шаардык радиостанцияга ээ болгон. Алмаз-Нарын радиостанциясы кыргыз тилинде обого чыгуу менен шаардыктарды маалымат менен камсыз кылууда, билим берүүдө, көңүл ачууда олуттуу кызмат кылды. Шаар жашоочулары эфирден кеткен материалдар аркылуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүнү жакшыртууда, шаарды башкарууда, шаар бюджетин бөлүштүрүүдө жигердүү катыша алышты. Дээрлик он эки жыл тарыхы бар радиостанция соңку учурда интернет аркылуу обого чыга баштады.

# НАРЫН ОБЛУСТУК ТЕЛЕРАДИО КОМПАНИЯСЫ

Нарын облусунда теле көрсөтүүлөрдү уюштурууга аракеттер 1992-жылдын аяк чендеринде жасалып, бул максатта бир видео камера жана бир монтаж аппаратурасы алынып келинген. Көрсөтүүлөрдү эфирге чыгаруу милдети республикалык теле радио комитетинин Нарын облусу боюнча ошондогу өз кабарчысы Вадим Карпековго жана Нарын облустук теле радио компаниясынын башкы редактору Турганбек Шайыковго жүктөлгөн.

Башталган бул саамалыкты Керез Жукеева, Каныкей Жунусова, Аида Шекенова, Айжан Омолдошева жана башкалар улантышып, азыр алар өлкөдөгү көрүнүктүү теле журналисттерден болушту.

Бүгүнкү күндө Нарын облустук мамлекеттик теле-радио компаниясынын материалдык- техникалык базасы алда канча жакшырып, 24 сааттык көрсөтүүлөрү бар. Учурда Нарын облустук телерадио компаниясында 30дан ашык кызматкер эмгектенүүдө.



# САЛАМАТТЫК САКТОО ТАРМАГЫ

## НАРЫН ОБЛУСТУК БИРИКТИРИЛГЕН ООРУКАНАСЫ

Нарын шаарындагы алгачкы пайдубалы түптөлгөн оорукана жөнүндө маалыматка таянсак, 1868-жылы падышалык Россияга караштуу Нарын аскер гарнизонунда лазарет ачылган. Дары-дармек сатуучу дарыканасы да иштей баштаган. Нарын падышалык армиянын аскер гарнизонун тейлөөчү бул аскер лазарети (дарылоо мекемеси) жергиликтүү элге медициналык жардам көрсөтүп, андагы дарыкана элге дары-дармектерди сатып турган. Врачтык амбулатория пункту иштеген.

Ички Теңир-Тоо аймагында Кеңеш бийлиги орногондон кийинки алгачкы жылдарда медициналык мекемелер менен медициналык кызматкерлердин жетишсиздиги, медициналык аспаптар менен дары-дармектер жоктугу мында саламаттыкты сактоо кызматына кедергисин тийгизген. Бул маселелерди чечүү максатында 1918-жылы Кара-Кол Нарын уездинде саламаттыкты сактоо бөлүмү уюшулуп, ал санитариялык кеңеш деп аталган. 1920-жылдан тартып 1930-жылдардын аягына чейин облуска борбордон врачтык-изилдөө отряддары оорулууларды, айрыкча социалдык шарттарга байланыштуу ооруга чалдыккандарды дарылоо үчүн жөнөтүлүп турган.

1924-жылы Нарын шаарында венерологиялык кабинет ачылган. Кыргыз АССРи уюшулгандан кийин Нарын жергесинде медициналык мекемелер ыкчам курула баштаган.

1927-жылы Нарын шаарындагы аскер гарнизонунун имараты шаардын калкын тейлөөчү оорукана кылууга сатылып алынган. Анда 12 орундуу терапия, он орундуу хирургия, үч орундуу төрөт жана беш орундуу гинекология бөлүмдөрү ачылган.

Улуу муундагы дарыгерлердин бири Дүйшөнаалы Асанбековдун айтымында, алгач оорукананын негизги корпусу мурдагы казарманын жыгач имаратында жайгаштырылган. Кийинчерээк Нарын шаарында өз мез-





гилине жараша медициналык аппараттар менен камсыз болгон оорукананын жаңы корпустары курулган. Көз оорулар, неврология, психиатриялык, физикалык кабинеттер жыгач барак үйлөрдө жайгаштырылган менен санитардык абалы дурус болчу. Дарыгерлердин саны да күн санап өсүп, алардын көбүн кыргыз улутундагылар түзгөн. А.Шуллер, Т.Сулайманов, М.Хакимов, С.Шамшыбеков, М. Алиев, А.Жунусбаев, Н.Кадыралиев, А.Моңолов. К.Шеримбаев, Д. Муканбетов, А.Кадырбеков, Н.Беланова сыяктуу тажрыйбалуу дарыгерлер иштешкен.

Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Нарында саламаттыкты сактоо иштери өнүгүп, 1950-жылы жалпы 395 орундуу 11 оорукана, 52 фельдшердик-акушердик пункт болгон. 71 врач, 194 жана башка медициналык кызматкер иштеген. 1996-жылы Нарында жалпысынан 675 доктур (1995-жылы - 689) иштеген, ар бир 10 миң кишиге 25,7 доктур туура келген, алардын 48 тиш доктуру, 37 санитариялык доктурлар. Жыгач лазареттин корпусунда кийин оорукананын администрациясы, бухгалтериясы, дарыкана жайгашкан.

2013-жылы бир невропатолог, бир терапевт врач келип, жаш адистер менен толукталган. Бир жылда 1700 оорулуу дарыланып, 50 койкалык орунда 57-70 оорулууга чейин кабыл алууга туура келген. Имараттын авариялык абалы оорулууларды дарылоого кыйынчылык жараткан. Ал эми 2016-жылы неврология бөлүмүнүн жаңы имараты курулуп ишке берилген. Жертөлөсү бар, эки кабаттуу, заманбап имараттын курулушуна 62 млн сом жумшалып, 7 млн 500 миң сомго жабдуулар жана медициналык аппараттар





коюлган. Бөлүм мурда муктаж болуп келген кардиомонитор, дефибриллятор, электроэнцефалограф, транскраниалдык доплер менен жабдылган.

Дарылоо мекемелеринде «Саламаттыкты сактоонун отличниги» А.Сатаровдун, «СССРдин эл врачы» ардак наамынын ээси К.Смаиловanын, республиканын эмгек сиңирген врачы Ш.Мукашованын, врач-хирург К.Шеримбаевдин, саламаттыкты сактоонун отличниги, эмчи эже Т.Сатындиева өңдүү тажрыйбалуу ак халатчан адистердин ак ниеттүү эмгеги жогору бааланат. Нарын облустук бириктирилген ооруканасы жылдан жылга бардык негизги адистиктер боюнча кесипке ээ, жогорку квалификациялуу дарыгерлер иштеген көп профилдүү мыкты адистештирилген мекемеге айланууда.

## НАРЫН ОБЛУСТУК ҮЙ-БҮЛӨЛҮК МЕДИЦИНА БОРБОРУ

Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борбору өз тарыхында бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Облустук оорукана уюшулган алгачкы жылдары ал амбулатория аталып, врачтык кабыл алууну хирург С.Алиев, терапевт М.Хакимов, гинеколог Адылова жүргүзүшкөн.

Шаардын калкынын санынын өсүшү менен амбулаторияда эмгектенген кызматкерлердин саны көбөйүп, аймак терапиялык, педиатриялык участокторго бөлүнүп, участкалык дарыгерлер иштей башташкан. 1963-жылы амбулатория бейтапкана бөлүмү статусун алып, бөлүм башчылыгына врач-терапевт Насирдин Кыдыралиев дайындалып, аны 1972-жылга чейин жетектеген. Бул мезгил аралыгында бейтапкана көз оорулары, кулак-мурун, тамак оорулары адистери, ревматолог, онколог, уролог дарыгерлер менен толукталып, шаардын жана облустун райондорунун калкына атайын жардам көргөзүлө баштаган. Алгачкы участкалык терапевт болуп Эрмек Абдымамбетова, Рая Сариева, Майрам Кыдырова эмгектенишкен. Булардын ичинен Сариева Рая 1963-жылдан,



1993-жылы пенсияга чыкканга чейин бир эле кесипте иштеди. Ал эми Майрам Карыбекова чөйрөлүк терапевт, терапия бөлүмүндө врач ординатор жана 1976-1983-жылдары поликлиниканын башчысы болуп үзүрлүү эмгектенген. 1972-1976-жылдары поликлиниканын бөлүм башчысы болуп Кудайбергенов Нурсеит иштеп турду. 1976-1991-жылдарды бейтапкананы Карыбекова Майрам, Мамыткожоев Темирбек, Зарылбеков Добулбек, Нурманбетов Муслим, Асанова Сурмаш, Багышев Муканбет башкарышты. Бул мезгилде ооруларды изилдөө, дарылоодон, сырткары оорунун алдын алуу багытындагы иштерге көбүрөөк көңүл бурулган. Ал үчүн эмдөөлөр, мезгилдүү кароолор уюштурулуп, оорулууларды диспансердик байкоого алып, сакайтуу жолго коюлган. Дарыгердик чөйрөлөрдө акушердик-терапевтик-педиатриялык комплекстер түзүлүп, баланын дени сак өсүшү, үй-бүлөнү ыраатташтыруу үчүн кам көрүлгөн. Шаар калкы 1960-1990 жылдарда үч эседен көбүрөөк өскөндүгүнө байланыштуу терапевтик участоктор төрттөн-он төрткө чейин, акушер гинекологиялык участок 2-7ге чейин, педиатриялык участок 10-21ге чейин көбөйтүлгөн. Оорудан майып болууну азайтуу, майыптыктан кайра калыптандыруу иштерин жүргүзүү үчүн бейтапканаларда врачтык эмгек экспертизалары (ВТЭ) уюштурулган. Алардын төрагалары болуп убагында Моңолов Акимаалы, Ажыбаева Жеңишкүл иштешти.

1991-жылдан ушул мезгилге чейин бейтапкананы жогорку категориядагы ЛОР дарыгер, саламаттык сактоонун отличники Бапаев Өмүрбек жетектеп келет.

Бейтапкана диагностикалык болуп аталгандыгына байланыштуу мында өтө зарыл жаңы диагностикалык аппарату-

ралар топтолгон. Эгерде 60-70-80-жылдарга чейин диагностика негизинде рентгено-флюорографиялык изилдөөлөрдүн негизинде коюла турган болсо, азыр ички органдарды изилдөөдө клинико-биохимиялык, рентгено-флюорографиялык изилдөөлөргө кошумча-ультра үн аппараттары, эндоскопиялык аппараттар, түрдүү функционалдык изилдөөлөр колдонулат. Андай изилдөөлөрдү ооруканын практикасына киргизген адис дарыгерлер: Т. Арзыкулов, Идирисов Аман, Бапаев Өмурбек, Курманова Гүлбарчын, Турсуналиев Эрмек, Букаров Талант, Бөлөкбаева Г, Кулукеева Н, Орозалиева Ж.

Бейтапканада жогорку категориядагы көз дарыгери А. Жунузбаев, кулак мурун-тамак оорулар дарыгери А. Ниязбеков, нерв оорулар дарыгери Д. Асанбеков, онколог С.Жамакеев, травматолог А, Тазабеков, эндокринолог Н. Кулукеева, кардиолог Г. Бөлөкбаева. Булардын насаатчылыгы менен жаңы муундагы дарыгерлер өсүп келатат. Алардын катарында: терапевт Жийде Орозалиева, уролог Жыргал Абдылдаева, лор дарыгери Нарынкүл Алдашева, көз оорулар дарыгери Мира Калырканова, хирург Бейшен Исмаилов, травматолог Исаев Мурат.

Оорулууларды дарылоо дарыгердин гана эмес, орто медициналык кызматкерлердин зор эмгегин талап кылаары бардыгыбызга маалым. Азыркы мезгилде ардактуу эс алууда жүрүшкөн облустук оорукананын алгачкы муундагы эмчи айымдары Беланова Нина Сергеевна, Кононцова Александра Егоровна, Фая Исмаилова, Жумаш Садыгалиева, Калиман Опоева, Шарипа Шамбетова жана булардын ишин улантуучулар, азыркы кезде көп жылдан бери эмгектенип келе жатышкан эмчи айымдары Дамира Кудайбергенова, Бейше Султаналиева, Айгүл Маниязова, Айжамал Супаева, Надежда Петровна кесипкөй адистер болуп саналышат.

1999-жылы Саламаттык сактоо тармагындагы реформанын негизинде Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борбору Нарын райондук ооруканасынан бөлүнүп, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1998-жылдын 23-июнундагы «Кыргыз Республикасынын райондук баш ийүүдөгү шаарларында жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу жөнүндө» Жарлыгынын, КРнын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 16-декабрындагы «Объектилерди муниципалдык менчикке өткөрүү жөнүндө» №827 токтомунун, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын 1999-жылдын 8-январындагы №92 буйругунун жана Нарын облустук саламаттык сактоо башкармалыгынын 1999-жылдын 8-январындагы, №5 буйругунун негизинде түзүлгөн. Баштапкы аталышы - Нарын шаардык бейтапканасы, 2002-жылдан баштап Нарын шаардык үй-бүлөлүк медицина борбору, 2004-жылдан баштап-Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борбору.

«Манас» программасы боюнча мурдагы поликлиниканын негизинде терапевт, педиатр, акушер гинеколог участкалык дарыгерлер менен участкалык эмчи айымдар, үй-бүлөлүк дарыгерлер жана эмчи айымдар топтору болуп түзүлгөн. Үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун ассоциациясы жер-жерлерде үй-бүлөлүк дарыгерлерге жана эмчи айымдарга окутууларды өткөрүп,

сертификаттары тапшырылган. Нарын облустук саламаттык сактоо башкармалыгынын 1999-жылдагы №38 буйругу менен Ленин көчөсү, 17 дарегинде жайгашкан Нарын медициналык окуу жайынын 3 кабаттуу имараты окуу жайдын балансынан чыгарылып, Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун (НОҮМБ) балансына өткөрүлгөн.

Азыркы учурда НОҮМБ Нарын шаары, Качкынова көчөсү №5 дарегиндеги типтүү ыңгайлаштырылган имаратта жайгашкан.

Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун түзүмдүк бөлүктөрү жана тез жардам бөлүмү Нарын шаарындагы башка имараттарда жайгашкан.

1999-2002-жылдары Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун директору болуп Эрмек Турсуналиев эмгектенген. 2002-2010-жылдары Кыял Мамбеталиев, 2010-2015-жылдары Бердикожоева Анара жетектеди. 2015-жылдан бери Муратбек Алияскаров жетектейт.



Нарын облустук Үй-бүлөлүк медицина борбору Нарын шаарынын жана Нарын облусунун калкына амбулатордук деңгээлде медициналык-санитардык жардам көргөзөт, үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун жана кызматтарынын алгачкы медициналык санитардык жардам, кечиктирилгис тез медициналык жардам көрсөтүү боюнча ишмердигин координациялайт. Негизги милдеттери болуп жеткиликтүү, өз учурундагы квалификациялуу медициналык жардамды камсыз кылуу, сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу, алдын алуу иш чараларын өткөрүү, тейленүүчү калкка сапаттуу амбулаториялык, тез медициналык жардам көрсөтүү болуп саналат.

Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борбору өз тарыхында бир катар сыйлыктарга татыктуу болгон. Айталы, КРнын дене тарбия, спорт жана улуттук олимпиада кыймылын колдоо комитетинин волейбол, минифутбол турниринде командалык зачет боюнча Ардак грамотасы, КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Туризм жана спорт боюнча мамлекеттик агенттигинин 3-даражадагы дипломy менен сыйланган. Азыркы учурда Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борбору калкка сапаттуу амбулаториялык, жеткиликтүү медициналык жана тез жардам көрсөтүп, элдин ден-соолугунун чың болушуна кам көрүп келе жатат.

# НАРЫН РАЙОНДУК ООРУЛАРДЫ АЛДЫН АЛУУ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛДӨӨ БОРБОРУ

1949-1950-жылдарда Тянь-Шанда бир облустук жана сегиз райондук санэпидемстанция (СЭСтер) болгон. Адистер жетишпегендиктен ошол кезде ар бир СЭСте бирден врач-эпидемиолог, бирден санитардык врач жана орто медициналык кызматкер иштешкен. Облустук СЭСте эпидемиологиялык, санитардык, жугушсуздандыруу бөлүмдөрүндө да лабораториялар жок эле. Атайын имарат берилбегендиктен менчик үйдө иштөөгө туура келген. СЭСте жүк ташуучу эки машина, бир кичинекей автобус болгон. Райондук СЭСтерде врачтар да жетишпегендиктен беш жерде орто билимдүү фельдшерлер станцияны башкарып турушкан.

1952-жылы облустук бруцеллезго каршы станция ачылып, анда облустук СЭСтин штаттык бирдиги 21 адамга көбөйгөн. Алгачкы күндөн баштап СЭСке У.Ш.Халиков, андан кийин Ю.П.Попов, Ш.Исаматов, И.Асаналиев башчылык кылышкан.



Нарын райондук санэпидстанциясы 1952-жылы Куланак айылында ооруকананын бөлүмү болуп ачылган. 1952-1955-жылдарда башкы врач болуп М.Г.Глазунова иштеген. 1956-жылы ал өзүнчө бөлүнүп, Куланак райондук санэпидстанциясы деп аталып, башкы врач болуп М.И.Гартман иштеген.

1957-жылы медициналык институтунун жаңы бүтүрүүчүсү Кулай Өмүралиев башкы дарыгер болуп даярдалып, 1961-жылга чейин иштеп жетектеген. Ошол учурда санитардык врачтын жардамчысы Калыгул Такырбашев, бир жардамчы эпидемиолог, 1 айдоочу жана 1 кенже медициналык кызматкер иштеген.

1962-1967-жылдары Асанкожоев Жекшен, М.Мырзабеков, Исакун Мырзаев, 1967-жылдан баштап Эсен Исаев башкы врач болуп иштеп кетишкен. 1970-жылы Нарын облусу кайрадан уюшулганда СЭСтин башкы дарыгерлигине Жалый Мырзамамбетов даярдалган.

1971-жылдан 1974-жылга чейин Тянь-Шань СЭСи азыркы райондук оорукананын мурунку терапия бөлүмүнүн биринчи кабатында жайгашкан. Анда башкы дарыгери К.Акматов болду. Ошол жылы Тянь-Шань СЭСи 11 категорияга өтүп штат бирдиги көбөйгөн, ал эми лабораториялар болсо облустук СЭС менен бирге болгон.

1976-1980-жылдары башкы врач болуп жогорку категориялуу эпидемиолог врач Бообек Нусубалиев эмгектенген. Ал эми 1980-1992-жылдарда



башкы врачтын кызматын К.Кылычбеков аткарган. 1992-жылдан тартып башкы врач болуп Туратбек Мурадилов иштеген. Мекемеде 47ден ашык медициналык жана чарба кызматкерлери, алардын ичинен 3 жогорку категориядагы врач, 8 орто билимдүү кызматкер, 1 категориядагы 8 врач, 4 орто билимдүү кызматкер эмгектенген.

СЭСтин көзөмөлүндө 345 объект: коммуналдык жана медицина мекемелери, суу түтүктөр, орто мектептер, бала бакчалар бар. Өзүлөрүнүн ак ниет эмгектери менен калк арасында кадыр баркка ээ болгон кызматкерлер: Өскөнбаев Касым, Жакемелова Дарика, Молдомамбетов Аман, Кадырова Үмүт, Ыйсаев Токторбек, Орозалиев Төлөгөн. Санитардык эпидемиялык бейгамдыкты калк арасында камсыз кылууда көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенишип, ардактуу эс алууга чыгышкан бактериолог врач Мамбетова Какен, лаборант бактериолог Насыранбекова Бакен, санитардык врачтын жардамчысы Касымова Гүлсана эмгектенишкен.

2002-жылы санитардык-эпидемиологиялык станциясынын (СЭСтин) аты өзгөрүлүп, Нарын райондук санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору болуп аталган, 2008-жылы Нарын облустук санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору жоюлуп, Нарын райондук МСЭКБ менен биригип, Нарын облусу боюнча кызматтын иш-аракетин координациялоо милдети жүктөлгөн Нарын райондук санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору болуп аталган. 13.08.2013-жылы КРнын ССМнин №481-буйругу менен Нарын облусу боюнча кызматтын иш-аракетин координациялоо милдети жүктөлгөн Нарын райондук Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору болуп өзгөрүлдү.

Нарын райондук Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору тийиштүү аймакта оорулардын алдын алууну жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөөнү иш жүзүнө ашырчу биринчи деңгээлдеги коомдук саламаттык сактоонун мамлекеттик уюму болуп саналат.

1992-жылдан 2016-жылга чейин борборду Мурадилов Туратбек Жылтырович жетектеп келген. 2016-жылдан тартып борбордун башкы дарыгери болуп Сооронбаев Болот эмгектенүүдө. Учурда мекемеде 71 кызматкер эмгектенет, анын ичинен врачтар-21, орто билимдүү медициналык кызматкерлер - 26, кенже медициналык кызматкерлер – 5, техникалык кызматкерлер - 18.

# НАРЫН ШААРДЫК СПОРТ КОМИТЕТИ

Нарын шаардык спорт комитети 1950-жылы уюшулуп, спорттун дээрлик бардык түрүн жайылтуу боюнча иштер жүргүзүлө баштаган. Өзгөчө спорттун жаңы түрлөрү: стол теннисине, лыжа тебүүгө, фехтованияга көңүл бурулуп, бөлүмдөрү ачылган. Шаардын спорт комитетинин жетекчиси болуп Канышев дайындалган.

Машыктыруучу А.Голубенконун ишинин натыйжасында спорт тармагында жетишкендиктер орун алган. Республикалык ар кандай мелдештерде Нарын шаарынын командалары бир топ ийгиликтерди жараткан. Мисалга, стол теннис бөлүмүндө машыккан А.Дөөтүгулов республикалык мелдештерде байгелүү орундарды алып, республикада экинчи ракеткага ээ болуп, Кыргыз Республикасынын теннис боюнча курама командасынын мүчөсү болуп кирген. Ал эми баскетбол боюнча Нарын шаарынын курама командасы республикалык мелдештерде 3-орунду ээлеп, баскетбол боюнча ар кандай мелдештерге катышып турган. Баскетбол оюнчулары Б.Кадышев менен Н.Айманбаев республиканын курама командасынын мүчөлөрү болушкан. Ал эми тоо лыжасы жана лыжа боюнча 1958-1962-жылдары Нарын шаарынын спортсмендери жакшы көрсөткүчтөргө жетип, лыжа менен жүгүрүү боюнча Нарын шаарынын машыгуучусу М.Калдыбаев Кыргыз





зооктор өткөрүлүүдө. 1997-жылы ошол жылга ылайыктуу заманбап Ден-соолукту чыңдоо борбору (ФОК) курулуп, ишке берилген. Азыркы учурда аталган борбор шаардыктарга кызмат көрсөтүүсүн улантууда.

Нарын шаардык спорт комитетин 1955-62-жылдары Д.Кадырбеков, 1962-63-жылдары С.Абдубалиев, 1963-68-жылдары Ж.Мааданов, 1968-72-жылдары К.Алметакунов, 1972-76-жылдары И.Асанов, 1976-83-жылдары Т.Жумалиев, 1983-85-жылдары С.Абдраев, 1985-89-жылдары М.Усупбеков, 1990-92-жылдары К.Дүйшеев, 1992-2004-жылдары К.Баймоңолов, 2005-10-жылдары Т.Жумаев, 2010-11-жылдары Т.Касымов жетектешкен. 2011-15-жылдары шаардык спорт бөлүмүн С.Жусупов жетектесе, 2016-жылдан бери Р.Касмалиев жетекчилик кызматты аркалоодо.

Республикасынын чемпиону болууга жетишкен. Спортчулар К.Шыгаев, С.Ботобаев, К.Камбаров, С.Харсанов, Т.Рыскулов, Т.Султангазиевдер республикалык чемпиондук наамдарды жеңип алышкан. Нарын шаарынын климаттык шартына байланыштуу 1990-жылы тоо лыжасын өнүктүрүү максатында жана элдин массалык эс алуусуна шарт түзүү үчүн тоо лыжасы боюнча канаттык-бугилдик жол курулган. Азыркы учурда эскилигине карабастан тоо лыжасы боюнча машыгуулар жана кышкы оюн-



# НАРЫН ШААРДЫК БАЛДАР-УЛАНДАР СПОРТ МЕКТЕБИ

Көптөгөн спорт чеберлеринин учкан уясы болуп кызмат кылып келе жаткан Нарын шаардык балдар-уландар спорт мектеби 1958-жылы уюшулган.

Мектептин тарыхында Нарын шаардык балдар-уландар спорт мектебин Жикеев, Сулайманов Камунар, Ташполот Токтосунов, Жетиген Мааданов, Сүйүнбек Бекманбетов, Майрамбек Байтүгөлов, Байыш Турганбаев жетектеген. Азыркы учурдагы спорт мектептин директору - Токторалиев Кубанычбек.

Спорттун бир катар түрлөрү: баскетбол, волейбол, лыжа спорту, классикалык жана эркин күрөш боюнча секциялары ачылган. Койчуман Шыгаев, Болотакун Бейшекеев, Мукаш Абакиров, Ташболот Токтосунов, Мурадил Калдыбаев, Мукаш Абакиров, Жетиген Мааданов, Тентимиш Жумагулов, Саадан Токтосунов, Бейшен Молдогазиев, Насыр Турсунбаев сыяктуу улуу муундагы спортчулар эмгектенип, Нарын шаарында спорттун өнүгүшүнө, тоолуу өрөөндүн уландарынын дени сак өсүшүнө өздөрүнүн чоң салымдарын ко-



# НАРЫН ШААРДЫК БАЛДАР-УЛАНДАР СПОРТ МЕКТЕБИ

Көптөгөн спорт чеберлеринин учкан уясы болуп кызмат кылып келе жаткан Нарын шаардык балдар-уландар спорт мектеби 1958-жылы уюшулган.

Мектептин тарыхында Нарын шаардык балдар-уландар спорт мектебин Жикеев, Сулайманов Камунар, Ташполот Токтосунов, Жетиген Мааданов, Сүйүнбек Бекманбетов, Майрамбек Байтүгөлов, Байыш Турганбаев жетектеген. Азыркы учурдагы спорт мектептин директору - Токторалиев Кубанычбек.

Спорттун бир катар түрлөрү: баскетбол, волейбол, лыжа спорту, классикалык жана эркин күрөш боюнча секциялары ачылган. Койчуман Шыгаев, Болотакун Бейшекеев, Мукаш Абакиров, Ташболот Токтосунов, Мурадил Калдыбаев, Мукаш Абакиров, Жетиген Мааданов, Тентимиш Жумагулов, Саадан Токтосунов, Бейшен Молдогазиев, Насыр Турсунбаев сыяктуу улуу муундагы спортчулар эмгектенип, Нарын шаарында спорттун өнүгүшүнө, тоолуу өрөөндүн уландарынын дени сак өсүшүнө өздөрүнүн чоң салымдарын ко-



шушкан. 1979-1984-жылдары эркин күрөш боюнча балбандар командасы кандай мелдештерге катышпасын, биринчи орундардан түшкөн жок. Алмазбек Шыгаев үч жолу "СССРдин чемпиону" болду. Нарынбек Бейшебеков, Калыбек Акынов, Асылбек Манасбеков, Болотбек Ибраев, Алмаз Аскаров учурунда дүңгүрөп турушту. Волейбол боюнча Камчыбек Жолдошбаев, Жеңиш Майрыкеев, Анарбек Дөөтов, Сүйүн Чоңбагышов сыяктуу спортчулар Нарын элинин сыймыгына айланышкан.

Эгемендүү республикабыздын 1-спартакиадасында волейболчулар байгелүү 3-орунду ээлеп, спортчуларды шыктандырып, көптөн көп машыгууларга түрттү. Баскетбол боюнча дагы ушуну айтууга болот. Шахмат жаатында окуучулардын спартакиадаларында дайыма байгелүү орундарга ээ болуп келишет. Машыктыруучу-шахматчы Т.Такырбашевдин тарбиялануучуларынын чеберчиликтеринин жогорку баага татыктуу болуп келе жатышы жалпы нарындыктар үчүн чоң сыймык.

Балдарды улуттук күрөшкө (машыктыруучу Раушанбек Ибрагимов), тогуз коргоолго (машыктыруучу Жамила Төлөнова), ордого (машыктыруучу Мукаш Байшериев) машыктыруу 90-жылдары башталган.

Азыркы убакта окуучулар спорттун беш түрү: баскетбол, волейбол, шахмат, үстөл үстүндөгү теннис, грек-рим күрөшү боюнча машыгып келишүүдө. Бардыгы 15 машыктыруучу эмгектенет, 420 окуучу окуучу машыгат. 2018-жылы мектептин жаш спортчулары баскетбол оюну боюнча окуучулар арасындагы республикалык спартакиадада 3-орунду камсыз кылышты.

## С.БЕКМАНБЕТОВ АТЫНДАГЫ ЭРКИН КҮРӨШ БОЮНЧА АДИСТЕШТИРИЛГЕН ОЛИМПИАДАЛЫК РЕЗЕРВДЕГИ БАЛДАР, ӨСПҮРҮМДӨР СПОРТ МЕКТЕБИ

Нарын шаардык балдар-уландар спорт мектебинин алдында 1997-жылы С.Бекманбетов атындагы эркин күрөш боюнча адистештирилген олимпиадалык резервдеги балдар, өспүрүмдөр спорт мектеби ачылган. Мектептин туңгуч жетекчиси болуп Анарбек Дөөтов дайындалган. 2001-жылдан Майрамбек Байтүгөлов директорлук кызматта эмгектенген.

Депутаттардын Нарын шаардык Кеңешинин XXII чакырылышындагы XXXIII сессиясынын 2004-жылдын 14-апрелиндеги №4 токтомунун негизинде Бекманбетов Сүйүнбектин ысымы Нарын шаарындагы эркин күрөш боюнча адистештирилген олимпиадалык резервдеги балдар өспүрүмдөр спорт мектебине берилген.

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу Сүйүнбек



Бекманбетов атындагы мектеп тарбиялап өстүргөн окуучулардын ичинен эркин күрөш боюнча СССР спортунун ондогон мыкты чеберлери тарбияланып чыгып, азыркы убакта балдар өспүрүмдөр спорт мектебинде жана башка спорттук мекемелерде машыктыруучулук кызматтарды аркалап келишет. Аталган балдар спорт мектебинен Нарын шаарынын, Нарын облусунун гана эмес, бүтүндөй республиканын намысын коргогон спортчулар тарбияланып чыгышууда. 1978-жылы Болотбек Ибраев Могилев шаарында СССРдин окуучулар арасындагы спартакиадада 1-орунду, 1978-жылы Эламан Мамышев Ташкент шаарында, СССРдин окуучулар арасындагы спартакиадада 3-орунду, 1980-жылы Басылбек Мамытбеков Киев шаарында Жаштар арасында СССРдин чемпионатында 1-орунду, Шамиев Алмаз 1981-жылы Каунас шаарында СССРдин окуучулар арасында спартакиадасында 1-орунду, 1982-жылы Караганда шаарында СССРдин уландар арасында чемпионатында 1-орунду, 1981-жылы Мурат Шамиев Каунас шаарында СССРдин окуучулар арасында спартакиадасында 1-орунду, 1984-жылы Акунов Калыбек Минск шаарында Уландар арасында СССРдин биринчилигинде 3-орунду, 1985-жылы Бейшебеков Нарынбек Фрунзе шаарында уландар арасында СССРдин биринчилигинде 1-орунду жеңип алган. 1986-жылы Нарынбек Бейшебеков Пхеньян шаарында өткөн эл аралык турнирде окуучулар арасында 2-орун-

ду, 1987-жылы Нарынбек Бейшебеков София шаарындагы окуучулар арасында эл аралык турнирде 3-орунду, 1989-жылы Алмаз Аскаров Даугавпилс шаарында СССРдин окуучулар арасындагы чемпионатта 1-орунду, 1990-жылы Алмаз Аскаров Чебоксары шаарында СССРдин окуучулар арасындагы чемпионатта 1-орунду, 1994-жылы Канатбек Самаков Тегеран шаарында Иран өлкөсүндө окуучулар арасында эл аралык турнирде 1-орунду, 1996-жылы Таабалды уулу Сүймөнкул Тегеран шаарында окуучулар арасында Дүйнөлүк биринчиликте 1-орунду, 1997-жылы Алмаз Аскаров Кытай өлкөсүндө Азия мамлекеттеринин чемпионатында 3-орунду, 1998-жылы Табалды уулу Сүймөнкул Корея өлкөсүндө жаштар арасында Азия өлкөлөрүнүн чемпионатында 1-орунду, 2000-жылы Алмаз Аскаров Сидней шаарында XXVII Олимпиадалык оюнунда 8-орунду ээлешкен.

2004-жылы Бишкек шаарында өспүрүмдөр арасында өткөрүлгөн Азия мамлекеттеринин чемпионатында Жылдыз Ибраева 2-орунду, Гүлнара Исакбекова 3-орунду жеңип алды. 2006-жылы Азия өлкөлөрүнүн жаштар арасындагы чемпионатында Кубатбек кызы Гүлина күмүш медалдын ээси болду.

Сүйүнбек Бекманбетов атындагы спорт мектебинин окуучуларынын ичинен эркин күрөш боюнча 96 спорттун чеберчилигине талапкер, он сегиз СССРдин спорт чебери, 500дөн ашуун массалык разрядчылар даярдалып чыгып, анын ичинен сегиз СССРдин окуучулар арасында чемпиону, ал эми эки окуучусу эл аралык жана дүйнөлүк чемпионаттарда жеңүүчү болушкан.

2018-жылдын январь айына карата, Нарын шаардык С.Бекманбетов атындагы эркин күрөш боюнча адистештирилген олимпиадалык резервдеги балдар, өспүрүмдөр спорт мектебинде жалпы спорттун 4 түрү боюнча 17 машыктыруучу, 41 тайпа иш алып барат. Эркин күрөш боюнча 13 машыктыруучу, 26 тайпада 270 спортчу. Кыздар күрөшү боюнча 4 машыктыруучу, 4 тайпа, 36 окуучу. Оор атлетика боюнча эки машыктыруучу, 6 тайпада 56 окуучу машыгат. Кулатуу боюнча эки машыктыруучу, 6 тайпада 62 окуучу. Жалпы 424 окуучу, техникалык 12 кызматчы эмгектенет.

Спорт мектептин улук машыктыруучусу Мирбек Акиевдин окуучусу **Улукбек Жолдошбеков** – Кыргыз Республикасынын Эл аралык спорт чебери. Кыргыз Республикасынын биринчи жолку жеңүүчүсү, 2012-жылы өспүрүмдөр арасында Азиянын жеңүүчүсү (Бишкек), 2013-жылы Индия мамлекетинин Азия оюндарынан I орунду, 2014-жылы Азия оюндарында III орунду, 2015-жылы Бангкок шаарында Жаштар арасында Азия оюндарында I орунду, 2016-жылы Олимпиадага жолдомо турниринде Алма-Ата шаарында V орунду, 2016-жылы жеткинчектер арасында III орунду, 2016-жылы Студенттер арасында дүйнөлүк биринчиликте III орунду, 2017-жылы Россия Федерациясынын турниринен III орунду, 2018-жылы Азия оюндарында III орунду жеңип алган.

**Тилек Шаршеев** – Кыргыз Республикасынын спорт чебери. Машыктыруучусу М.Акиев. 2016-жылы Индия

мамлекетинен Азия оюндарынан III орунду, 2017-жылы Азербайжан кубогу боюнча турнирде III орунду ээлеген. **Алибек Омонов** – Кыргыз Республикасынын спорт чебери. Жаштар арасында Азия оюндарынан III орунга ээ болгон. Машыктыруучусу Э.Мамышев.

Эркин күрөш боюнча С.Бекманбетов атындагы балдар, өспүрүмдөр көрсөткүчтөрү облуста эле эмес, республикада эң жакшы болгондуктан, спорт мектеби облустагы эң алгачкы эркин күрөш боюнча адистештирилген олимпиадалык резервиндеги балдар, спорт мектебине айланды. Машыктыруучулар ишин өз деңгээлине көтөрүп, талапты кое билгендигинин натыйжасында спорт мектеби эркин күрөш боюнча облустагы методикалык борбор болууга жетишти. Ал эми машыктыруучулар шаардын бардык мектептери жана эркин күрөш менен машыгып жаткан окуучулардын ата-энелери менен тыгыз байланышта болуп, таланттуу окуучуларды талдап машыктырат. Мындан тышкары, ден соолугу начар окуучулардын ден-соолугун чыңдоо үчүн окуу-тарбия иштерин жергиликтүү шартка ылайыкташтырып, спортту медицина менен айкалыштырып, жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу-методикалык ден соолукту чыңдоого таасирлүү көнүгүүлөрдүн атайын программасын түзүп, шаардын мектептерине жайылткан.

Аталган мектептин эркин күрөш боюнча машыктыруучулары Эламан Мамышев, Болот Ибраев, Мирбек Акиев Кыргыз Республикасынын «Эмгек сиңирген улук машыктыруучусу» наамына ээ болушкан.



# НАРЫН ЭЛЕКТР ТАРМАКТАР РАЙОНУ (ЭТР-РЭС)

Нарын шаарында эң алгач 1930-1932-жылдары 18 кВт кубаттуулуктагы дизелдик (жылуулук) электр станциясы иштей баштаган. 1943-1944-жылдары Шаркыратма суусуна 84 кВт кубаттуулуктагы ГЭС, Чоң Нарын каналынын башына 108 кВт кубаттуулуктагы ГЭСтер курулуп, ишке берилген. Кийин булардын иштери токтогон. Алардын ордуна Нарында жылуулук электр станция (ТЭС) курулуп, пайдаланууга берилген.

Бул ТЭС көмүр менен иштеген. 1954-жылы биринчи директору болуп орто билимдүү, мыкты механик, чоң тажрыйбасы бар Сотников Василий Семенович дайындалып, 1961-жылга чейин электр станцияны жетектеген. 1961-1962-жылдары Жакыпов Сейталы директор болуп иштеген. Сотников В.С. Он-Арча ГЭСинин директору болуп которулган. Ушул жылдары Тянь-Шань облустук «Сельэнерго» энергетика эксплуатациялоо башкармалыгы түзүлүп, ага Сотников В.С. башчы болуп дайындалат. Жаңы түзүлгөн структурага Тянь-Шань РСЭСи кирип, ага Он-Арча ГЭСи, Нарын ТЭСи каратылып, Нарын шаары жана Тянь-Шань районун тейлей баштаган. Ал эми 1965-жылдан Тянь-Шань (Нарын) электр тармактар ишканасы жогоруда белгиленген облустук «Сельэнерго» башкармалыгынын базасында түзүлүп, ага мурдагы РСЭСтер РЭС деген аталыш менен курамына кирген.

1967-жылы Нарын шаары үчүн Тянь-Шань РЭСинин ичинде шаардык электр тармагы түзүлгөн, 1974-жылы өзүнчө Нарын электр тармактары (УЭС) болуп, Тянь-Шань РЭСтен бөлүнүп чыккан.

1970-жылы Ат-Башы гидроэлектр станциясы жана Нарын шаарында



110/35/10 кВт чыңалуудагы «Нарын-I» подстанциясы ишке киргизилген. Ушундан баштап облустун борбору электр кубаты менен толук камсыз болгон.

1985-жылдан баштап, шаардагы көмүр менен иштеген коммуналдык от казандарын электр отказандарына өткөрүү башталган. «Москва» кичирайонунда ири кубаттагы электр от казаны ишке берилип, аны электр кубаттуулугу менен камсыздоо үчүн 35/6 кВт «Москва» подстанциясы курулган. Кичи райондогу мектептер, балдар бакчалары,медициналык мекемелер толук электр энергиясы менен жылытууга өткөрүлгөн. Талапка ылайык шаардын электр тармактары реконструкцияланып, жаңы линиялар курулган. Ушулардын натыйжасында шаардын коммуналдык, социалдык жайлары электр менен жылытууга өткөрүлө баштаган. Шаарда электр кубатын пайдалануу 10 эсеге өскөн.

Электр тармагын жаңыртуу иштери 1990-жылга чейин тынымсыз жүрүп турган. Шаардын ичинде «Шаркыратма», «ЖБИ», «Ипподром» деп аталган подстанциялар курулуп, ишке берилгенден кийин аларга да жаңы тарамдар кошулган.

1988-жылдын май айында Нарын РЭСи болуп түзүлгөн. 1967-жылдан бери мекеменин жетекчиси болуп төмөнкү атуулдар эмгектенишкен:

1. Султаналиев Анарбек (1967-1969-ж.ж.),
2. Садыков Аскарбек (1969-1974-ж.ж.),
3. Токтосунов Сулайман (1974-1982-ж.ж.),
4. Жумалиев Өмүрбек (1982-1984-ж.ж.),
5. Калмамбетов Тенти (1984-1988-ж.ж.),
6. Абдырасулов Жалил (1988-1996-ж.ж.),
7. Насыров Керимбек (19969-1998-ж.ж.),
8. Жумагулов Мирбек (1998-2003-ж.ж.),
9. Жумагулов Таалайбек (2003-2004-ж.ж.),
10. Иманкулов Алмазбек (2004-2006-ж.ж.),
11. Жумакадыров Алмазбек (2006-2008-ж.ж.),
12. Сыдыгалиев Жусуп (2008-2011-ж.ж.),
13. Дүйшеев Канатбек (2011-2013-ж.ж.)
14. Шүкүрканов Нурлан (2013-2013-ж.ж.),
15. Алиев Азим (2013-2014-ж.ж.).
16. Алымбаев Турсунбек 2014-жылдан бери Нарын электр тармактар мекемесин жетектеп келе жатат.

Нарын РЭСинин калыптанып өнүгүшүнө өз салымдарын кошкон, өмүрүн арнаган ардагерлерди белгилеп кетүү абзел. Алар СССРдин ардактуу энергетиги, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген энергетиги Дүйшөбаев Аскар, «Ардак белгиси» орденинин ээси, «СССР энергетика жана электрлештирүүсүнүн отличниги» Молдалиев Күрүчбек, Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси Жакыпов Токтомуш, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери Султанов Абдыкерим, Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган Тентиев Жумадил, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасынын ээси Акматов Асанбай ж.б.

Бүгүнкү күндө Нарын шаардык электр тармактарында жалпысынан 68 кызматкер эмгектенип келет.

# МУНИЦИПАЛДЫК «ТАЗА НАРЫН» ИШКАНАСЫ



Нарын шаардык коммуналдык чарба жана көрктөндүрүү ишканасы 2004-жылы Нарын шаардык мэриясынын алдында уюшулган. 2010-жылы Нарын шаардык муниципалдык «Таза Нарын» ишканасы болуп кайра түзүлгөн. Ишкана шаардын ички жолдорун талапка ылайык кармоо, шаарды көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, түнкү жарык менен камсыз кылуу, шаардын санитардык тазалыгын сактоо жаатында иш алып барат.

Алгачкы жылдары ишканада отузга жетпеген жумушчу эмгектенсе, азыркы учурда ишканада 128ден ашуун жумушчу эмгектенет. Он беш адам түнкү жарыкты камсыздап, өчүрүп-күйгүзүп туруу милдетин аткарат.

Жумушчу кызматчылардын арасында отуз беш жылдан ашуун мезгилден бери эмгектенип келе жаткан кадрлар бөлүмүнүн башчысы Майрамкүл Акматова, алты жылдык тажрыйбасы бар материалдык эсепчи Бүбүбатма Кудайбердиева, айдоочу Кудайберген Бекматов, таштанды жүктөөчүлөр Сүйүнбек Боталиев, Акылбек Нарынбаев, Турдугазы уулу Нурлан, айдоочу Бактыбек Орозобеков, механизатор Чыныбек Алжанбаев жаштарды талыкпай эмгекке үйрөтүп, тарбиялап келе жатышат. Ишкананы 2004-жылдан 2011-жылга чейин Байыш Токтосунов, 2011-2017-жылдары Билимбек Жакиев жетектеп келишти. 2017-жылдын май айынан баштап Алмаз Суранов жетекчилик кызматты аркалап келе жатат.

Ишкананын техникалык базасында алгач беш техника болгон. Бара-бара АРИС, облустук экология фондулары менен тыгыз иш алып баруунун натыйжасында техникалар көбөйдү. 2007-жылы эки жана 2011-жылы дагы эки таштанды жүктөөчү атайын техника АРИС аркылуу алынды. 2014-жылы




Нарын шаарынын жергиликтүү бюджетинин эсебинен таштаман чыгаруучу аппарат алууга 496 800 сом, таш майдалагыч жана бетон аралаштыргыч аппараттарын алууга 498 000 сом акча каражаттары бөлүнүп берилген. Бул аппараттар Кытай өлкөсүнөн алынып келинип, шаардын Москва аймагынан бөлүнүп берилген тилкеге орнотулган. 2016-жылы «Экология» фонду тарабынан көчө шыпырып, жуучу МАЗ автоунаасы жардам катары берилген.

Шаар ичиндеги жолдорду жуучу автоунаа, жергиликтүү бюджеттен бийик мамычалардын күйүп кеткен лампочкаларын алмаштырууга вышка автомашинасы, КАМАЗ автомашинасы, Президенттен эки МАЗ автомашинасы алынып келинип, учурда техникалык база 23 техника менен толукталды. 2017-жылдын июнь айынан баштап Нарын шаардык «Жашылдандыруу» мекемеси Нарын шаардык муниципалдык «Таза Нарын» ишканасына кошулуп, шаарды жашылдандыруу иштери жүргүзүлүүдө. Шаар ичинде жайгашкан 220 жерде 270ден ашуун урна контейнерлери жайгашкан, күн сайын сегиз каттам менен техникалар чыгып, үч-төрт каттамдан таштандыларды тазалап, чыгарышат.

2017-жылы 274 160 сомго кырк алты таштанды урнасы алынып келинип, мерчемдүү жерлерге коюлду. Шаар ичиндеги жол кырсыктарын болтурбоо жана кыскартуу боюнча дагы алгылыктуу иштер жүргүзүлдү. Шаар ичиндеги Кыргыз көчөсү менен Ленин көчөсүнүн кесилишине жана Таранчы көчөсү менен Ленин көчөлөрүнүн кесилиштерине 780 миң сомдук каражатка заманбап эки светофор коюлуп, ишке берилди.



# НАРЫН ШААРДЫК ТУРАК-ЖАЙ БАШКАРМАСЫ

1963-жылы апрель айында Нарын шаардык аткаруу комитетинин чечими менен Нарын шаардык турак-жай эксплуатациялоо башкармасы уюшулган. Башкармалыктын негизги функциясы Нарын шаарындагы көп кабаттуу турак-жай имараттарын санитардык, техникалык жактан сактоо жана жашоочуларды таза суу жана жылуулук менен камсыз кылуу болуп эсептелет.

Башкармалыкта адистештирилген бригада көп кабаттуу имараттардын ички инженердик-сантехникалык жактан тейлөө менен подъездерин, эшиктерин, терезелерин ондоп-түздөө, сыртын актап-сырдоо менен бирдикте жашоочуларды кыш мезгилинде жылуулук, таза суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу максатында отканаларды, водопроводдорду, жылуулук жана суу түтүкчөлөрүн капиталдык, ошондой эле учурдагы ремонттон өткөрүү кызматтарын көрсөтүп келишкен.

Нарын шаарында биринчи жолу 1941-жылы эки кабаттуу 16 квартиралуу турак-жай (Ленин көчөсү-68 дарегинде) жыгач материалы менен курулуп, ишке берилген. 1956-1957-жылдары Нарын шаарынын Ленин көчөсү-19,40,42,53,65,67, 68,69 жана 70 дарегиндеги көп кабаттуу турак үйлөр массалык түрдө курулуп, ичтерине таза суу, канализация киргизилип, автономдук жылуулук системалары кошулуп ишке берилген. Башкармалыкта 1975-1990-жылдар аралыгында элге



кызмат көрсөтүү активдүү жүргүзүлүп, сантехник, электрик, оператор, маляр ж.б.жумуш ордуларынын саны 180-200гө жетип, жергиликтүү бюджеттен каржыланып турган.

1980-жылы Нарын суу канал ишканасы менен 1987-жылы Нарын жылуулук берүү ишканасы Нарын шаардык турак-жай эксплуатациялоо башкармасынан өз алдынча чарбадагы мекеме болуп бөлүнүшкөн.

1963-жылдан бери турак-жай башкармасында жетекчилик кызматта Р.Жолдошев, У.Жумалиев, Ж.Абрахманов, Б.Тулеев, К.Борбашов, С.Жумакадыров, Ж.Молдалиев, Ж.Сасыкулов, Ж.Асанов, А.Насирдинов жана 30 жылдан ашык мөөнөттө бухгалтер-адистер М.Анапияева, К.Деркембаева эмгектенип келишкен.

2004-жылдан бери Нарын шаардык турак-жай башкармасын Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык кызматкеринин мыктысы», Нарын шаарынын Ардактуу атуулу Орозобеков Султан жетектеп келүүдө

1991-жылы Кыргыз Республикасы өз алдынча көз карандысыз, эгемендүү мамлекет болгондон кийин, 1991-жылдын 20-декабрында Кыргыз Республикасындагы турак-жай фондуларын менчиктештирүү жөнүндөгү №681-12 мыйзам кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын аймагындагы турак-фондулары мамлекеттен ажыратылып, жеке менчик ээлеринин колуна өтө баштаган. 1991-жылы Нарын шаардык турак-жай башкармасына тиешелүү жалпы аянты 92607 чарчы метрди түзгөн 2176 батир (квартира) болсо, 2018-жылга карата шаарда дээрлик турак-жай фондуларын менчиктештирүү аяктап калды. Шаарда 112 көп кабаттуу турак- жай имараттары бар, мунун ичинен жалпы аянты 41 310 чарчы метр түзгөн 48 көп кабаттуу турак- жайдын жашоочуларынын демилгеси менен 19 кондоминиум (шериктештик) түзүлгөн.

Нарын шаар башкармасынынын 2000-жылдын 3-мартындагы №60-б буйругуна ылайык, Нарын шаардык турак-жай башкармасынын базасында Нарын шаардык муниципалдык менчик башкармасы түзүлүп, 2000-2006-жылдар ичинде мекеме тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 16-декабрындагы №827 Токтомун аткаруу максатында муниципалдык объектилерди мамкаттоодон өткөрүү жана инвентаризациялоо, жер аянттарын ижарага берүү, аукцион аркылуу сатуу, борбордук базардын айланасын, шаарыбыздын борбордук көчөлөрүн, көп кабаттуу турак-жай имараттарынын алдыларын ирээтке келтирүү, ижара акыларынын тарифтерин шаардык кеңеш менен бирдикте бекитүү ж.б. иштери аткарылып келген.

Нарын шаардык турак-жай башкармасы 2006-жылдын 19-октябрындагы Нарын шаардык мэриясынын №561-б буйругуна ылайык, Нарын шаардык муниципалдык менчик департаментинен бөлүнүп, өз алдынча чарбадагы мекеме болуп кайра түзүлгөн. Ошол мезгилден бери мекеменин кызматкерлери турак-жай фондуларын менчиктештирүү боюнча иш алып барышууда.

# НАРЫН ШААРДЫК МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТИ БАШКАРУУ ЖАНА КАЛККА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ БОЮНЧА МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАСЫ


2000-жылдын 3-мартында турак жай башкармалыгы менен коммуналдык департамент кошулуп, Нарын шаардык муниципалдык башкармалык түзүлгөн. 2005-жылы каттоодон өтүп, департамент болуп аталган. 2006-жылы үй башкармалыгы жана муниципалдык менчик департаменти болуп экиге бөлүнгөн.

Муниципалдык ишкананын жетекчилери болуп өз убагында Асанов Ж.А., Насирдинов А. Б., Орозбеков С.К., Молдоев Х. Д.,Турусбаев Т.Ш.,Жакыпов К.С. эмгектенишкен.

Шаардык мекемелердин ишин оптималдаштыруу максатында Нарын шаардык муниципалдык менчик департаменти жоюлуп, Нарын шаардык муниципалдык менчикти башкаруу жана калкка кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасы болуп кайра түзүлгөн. Анын ичинен «Таза Нарын» ишканасына караштуу аймак башчылар жана кварталдык комитеттери бириктирилип, 2017-жылы иштеп баштаган.

Нарын шаары боюнча муниципалдык менчикке мектептер, бала бакчалары, шаардык мончо жана бир катар инфратүзүмдөр (жолдор, парктар, скверлер, суу алуучу жайлар, отканалар жана башкалар) кирет. Учурда шаар боюнча 895 жер аянты жана муниципалдык обьектилер арендага берилип, андан түшкөн каражат жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүп келет.

Ошондой эле ишкананын алдында жер маселесине байланышкан иштерди ыкчам жөнгө салуу максатында атайын 3 мекеменин адистеринен турган «Бирдиктүү терезе» кызматы юридикалык жана физикалык жактар менен тыгыз иш алып барып келишет.



# ЧОҢ - НАРЫН КАНАЛЫ

Чон-Нарын каналы 1941-жылы курулуп ишке киргизилген. Суу өткөрүү сыйымдуулугу 1,5 м3/сек. Каналдын жалпы узундугу 36 чакырымды түзүп, анын ичинен 22 чакырымы Нарын шаарын аралап өтүп, шаардын Ботаникалык бакча, «Опорный», «Жашылдандыруу» мекемелеринин 91 гектар бак дарактарын, 785 шаардын жашоочусунун огороддорун жана Жан-Булак айыл өкмөтүнүн дыйкандарынын 550 гектар аянттарын сугат суулары менен камсыз кылат. Башкы суу алуучу курулмасы 1959-жылы курулган. Суу алуучу курулмалары 33 даана. Мындан сырткары, ашыкча сууну алып кетүүчү эки даана курулма бар.

Нарын райондук суу чарба башкармасынын карамагындагы Чоң-Нарын каналы суу участкасында сегиз жумушчу эмгектенет. Мунун ичинен төртөө Нарын шаарын тейлейт.

Нарын шаары боюнча 22 даана коркунучтуу кокту колот бар. Алар шаар тургундарынын турак жайларын жаз, жай айларында карлардын эришинен, жаан чачындардын кесепетинен, кыян суулардан алдын алуу жумуштарын жүргүзүп, коопсуздугун сактоо боюнча көзөмөл жүргүзүп келишет. Чоң-Нарын каналына жылына капиталдык жана кезектеги ремонт, техникалык тазалоо иштери жүрүп турат.

2017-2018 жылдары кол күчү менен 5 километр, техниканын жардамы менен 4,8 километр каналды тазалоо иштери жүргүзүлгөн.

Чон-Нарын каналына Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Мамыров Абдырахман, Байгубатов Осмон жана Айыл чарбасынын отличниги Токторбаев Жумабектин кошкон салымдары зор.

# НАРЫН СУУ КАНАЛ ИШКАНАСЫ

Нарын шаарында эл жашаган аймактарда жергиликтүү эл таза суу менен камсыз боло элек кезде биринчи жолу суу түтүктөрү 1940-жылы курулган. Узундугу 2,5 км болуп, 4 көчөдөгү суу чоргосу орнотулуп, элди таза суу менен камсыз кылып башташкан. Нарын суу-канал ишканасы көп жылдар бою шаардык коммуналдык чарбасынын бир бөлүмү болуп эсептелген. 1980-жылы өз алдынча «Нарын суу-канал ишканасы» болуп бөлүнүп чыккан. Нарын облустук юстиция башкармасынан 2004-жылдын 12-ноябрь айында каттоодон өтүп, № 1614-3304-КП каттоо номери менен «Нарын суу-канал ишканасы» деп катталган. Менчик түрү-муниципалдык коммуналдык мекеме болуп саналат. Бүгүнкү күндө ишкана чарбалык эсепте иш алып барат.

Нарын суу-канал ишканасы шаардын калкын, мекеме-ишканаларын ичүүчү таза суу менен камсыз кылат



жана ыплас сууларын кабыл алып, тазалап кызмат көрсөтүп келүүдө.

Бул ишканада эмгеги сиңген Сартбай Жээнкулов, Т. Мамбеталиев, Ө.Жумалиев, Ж. Досмамбетов, Т. Ибраев, Г. Бактыбаева, Н. Максуталиев сыяктуу инсандар мекеменин жетекчиси болуп иштеп кетишкен. Азыркы учурда Нурлан Максуталиев 2014-жылдан бери иштеп келе жатат. Көп жылдар бою талыкпай иштеген эмгектери үчүн төмөндөгү кызматкерлер мамлекеттик сыйлыктарга ээ болушкан.

Жанай Досмамбетов - 1997-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин Ардак грамотасы; Касый Орозалиев - 1964-жылы Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун Грамотасы, 1975-жылы Эмгек Даңкы 3-даражадагы ордени, 1984-1989-ж.ж. «Эмгек ветераны» медалы менен эки жолу сыйланган. Темирбек Ибраев – 1999-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин Ардак грамотасы, 2004-жылы Кыргыз Республикасынын «Элге кызмат көрсөтүү тармагынын эмгек сиңирген кызматкери»; Жылкычы Шабданбеков - Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Жогорку Советинин президиумунун Ардак грамотасы, 1986-жылы «Элдер достугу» ордени менен сыйланган.

Мекеменин балансында жалпы кубаттуулугу 7,92 миң м3 суткалык 4 суу алуучу жай бар, негизги К. Орозалиев – суткасына 6,0 мин м3, Батыш суу чылкөмүндө – суткасына 0,90 мин м3, Теке-

Секирик чөлкөмүндө – суткасына 0,96 миң м3, Кирпичный суткасына 0,06 миң м3 берилип турат. Нарын шаарындагы суу берүүчү түтүктөрдүн узундугу 108,79 км. түзөт (Чыгыш чөлкөмүндө-8,9 км, Батыш чөлкөмүндө-7,94 км, К. Орозалиев борбор чөлкөмүндө-89,03 км, Кирпич завод-2,92 км) 117 даана суу алуучу колонка тейленүүдө. Чыгыш-27, Батыш-33, Ак-Бечел-57. Мындан сырткары кубаттуулугу суткасына 6,0 миң м3 ыплас сууларды тазалоочу жай иштейт.

Шаардын канализация коллекторлору жана тармактары 1960-жылдардан баштап курула баштаган, алардын жалпы узундугу 27 км түзөт. Кыргызстан эгемендигин алган жылдардын ичинде ишканада бир топ жетишкендиктер болгон.

Нарын шаарынын негизги «Ак-Бечел» суу алуучу жайынын курулушу өткөн кылымдын 50-жылдары курулуп эскирген. Аталган жайды реконструкциялоо иштери 2009-жылы башталып, 2017-жылы курулуп бүткөрүлгөн.

Шаардын Төш-Булак, Интернат конуштарына суу түтүктөрү суу соруучу скважиналык насостору жана суу топтоочу жайлары толугу менен 2014-жылы реабилитацияланып, кошумча 3100 метр суу түтүктөрү тартылып бүткөрүлгөн. Учурда ишканада 68 жумушчу эмгектенип жатат.

2017-жылдын ноябрь айынан баштап мекемеде атайын диспетчердик жана көп кабаттуу үйдүн ичин тейлөө кызматы уюштурулуп, жергиликтүү элге кызмат көрсөтө баштады.



# НАРЫНДАГЫ РАЙОНДОР АРАЛЫК ЖЫЛУУЛУК МЕНЕН ЖАБДУУ ӨНДҮРҮШТҮК БИРИКМЕСИ



Нарын шаардык жылуулук берүү ишканасы 1977-жылы уюшулган. Ал жылдары Кыргыз ССРинин Нарын облустук жылуулук берүү башкармасы болуп аталса, кийин Нарын шаардык жылуулук берүү ишканасы болуп аталып, Нарын шаарындагы мекеме-ишканаларга жана турак-жай үйлөрүнө жылуулук берүү кызматын аткарган. 1993-жылга чейин Ат-Башы, Ак-Талаа, Кочкор, Жумгал райондорунун участкалары Нарын жылуулук берүү ишканасына баш ийип, бухгалтериясы чогуу болгон.

Ишкана уюшулгандан бери иштеген жетекчилер:

1. Турдакун Сапарбаев (1987-1989-жж.)
2. Талгартбек Момуналиев (1990-1991-жж.
3. Сапарбек Жумагулов (1991-1992-жж.)
4. Мамыш Акматбаев (1992-1997-жж.)
5. Абдувалий Айдаралиев (1997-2002-жж.)
6. Бакыт Жапаралиев - (2002-2008-жж.)

2009-жылдын 2-сентябрында Нарын райондор аралык жылуулук камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси болуп кайрадан каттоодон өткөн. 2008-жылдан бери Айтиев Улан жетектейт.

2008-жылы ишканада болгону 9 откана, 1040 абонент болсо, 2018-жылдын 1-январына карата бирикмеде бардыгы 30 откана бар, анын ичинен 25 откана электр энергиясы, 5 откана көмүр менен иштеп, бардыгы болуп, 93 көп кабаттуу үйдү, 31 менчик үйдү, республикалык бюджеттеги 22 мекемени, жергиликтүү бюджеттеги 19 мекемени (анын ичинен 16 билим берүү, 8 бала бакча, 8 орто мектеп), 6 башка керектөөчүлөрдү жана 1993 абонентти жылуулук менен камсыз кылууда. Ишкана боюнча жалпысы 9302 погонометр жылуулук трассасы тейленет.

Бирикмеде бардыгы болуп 65 адам иштесе, кышкы от жагуу мезгилинде 155 адам тартылат. Көп жылдардан бери эмгектенип, эмгеги бааланып, Кыргызтурак-жай коммуналдык чарба кызматынын мыктысы, «Каарман» төш белгисин алган ондон ашык жумушчу-кызматкерлер бар. Атап айтсак, ишкана уюшулгандан бери үзүрлүү эмгектенишкен, өз иштерин жакшы билген тажрыйбалуу адистердин катарына Улан Айтиевди, Нуруйла Байсымакованы, Жылдыз Токтогонованы, Мусагалы Асаналиевди, Айгүл Канаталиеваны, Самсаалы Нуракуновду, Сүйдүмбүбү Баймурзаеваны, Замира Кудайбергенованы, Гүлкайыр Осмонованы, Карачач Оторбаеваны жана шаардык мончонун эмгек жамаатын сыймыктануу менен атаса болот.

Ошондой эле, мурдагы жетекчилер – Абдувалий Айдаралиев, Бакыт Жапаралиев жана жаш адистер бирикменин учурдагы директору Улан Айтиев, бирикменин аткаруучу бухгалтери Назира Жумакадырова өңдүү жаш муундун өкүлдөрү Нарын шаардык кеңешинин депутаттыгына шайланышкан.

2015-жылы Нарын шаарынын инфраструктурасын жакшыртуу, шаар элин сергек, дени сак жашоого үндөө максатында эс алууга ыңгайлуу шарттары түзүлүп, душ кабинасы, эс алуучу жана кийинип-чечине турган жайлары бар, саатына 40 адамды кабыл алууга ылайыкташтырылган заманбап бассейн курулган. Учурда бирикменин администрациясынын имараты реконструкцияланып, кызматчылар жарык, жылуу кабинеттерде заманбап компьютердик технология менен иш алып барышууда.

Нарын шаарынын тургундарын жылуулук менен камсыз кылууда күжүрмөн кызмат көрсөткөндүгү жана Нарын шаарынын өнүгүшүнө зор салымын кошкондугу үчүн Нарындагы райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмеси жыл сайын шаарда «Жылдын мыкты мекемеси» номинациясы боюнча жеңүүчү болуп келет.

# НАРЫН ТРОЛЛЕЙБУС ДЭПОСУ

Нарын троллейбус ДЭПОсу 1994-жылдын 13-декабрында уюшулуп, ошол күндөн баштап Нарын шаарынын калкына кызмат көрсөтүп келе жатат. Троллейбус ДЭПОсу Нарын шаарында салтанаттуу ачылып, кызыл тасмасын кесүүгө ошол кездеги КР Президенти А.Акаев катышкан. Бул убакта троллейбус жүргүнчүлөрүнө жол кире акысы 0,50 тыйын деп бекитилген. Мекемени 1994-1997-жылдары Мелис Иминжанов, 1997-2007-жылдары Жекшенбаев Үсө-[illegible] жетектеген. 2007-жылдан бери троллейбус ДЭПОсун Жумабек Осмо-[illegible] жетектейт.

Троллейус аркылуу Нарын шаарындагы 1-7-класстын окуучулары акысыз катташат. Мекеменин автопаркын жаңыртуу максатында 2007-жылы Бишкек шаарынын мэри А.Ногоев бир троллейбусту, 2009-жылы мэр Н.Түлеев эки троллейбусту белек катары бөлүп берген. 2008-жылы август айында троллейбус линиясы Городок - Ак-Коргон каттамы боюнча 3 км узартылган. Ошондой эле, 2013-жылы Бишкек шаар мэри, депутаттары тарабынан 2 троллейбус, Кыргыз Республикасынын экс-президенти А.Атамбаев тарабынан 2017-жылы сентябрда эки троллейбус жардам иретинде берилген.



# НАРЫН ШААРДЫК АКСАКАЛДАР СОТТОРУ

Нарын шаардык Аксакалдар соттору 2002-жылы түзүлүп, шаар элине эмгеги сиңген, кадыр-барктуу, нарктуу аксакалдар Чыгыш чөлкөмү боюнча Кадыракун Ба-...баев, Батыш чөлкөмү боюнча Бер... Эралиева, кийин Жумабек Аманов ...үү иштеп келишкен. Бул учурда ...чөлөрү беш-алты адамдан туруп, ... бою элүүгө жакын иш каралган.

2005-2016-жылдар аралыгында ...мдүн төрагасы болуп Жумабек Аманов дайындалып, үзүрлүү иштеди. Нарын шаардык кеңешинин ...чакырылыштагы VI сессиясынын 2017-жылдагы №1 токтомунун негизинде Аксакалдар сотунун курамы 9-адамдан турган: төрагалыкка Зарылбек Арыкулов, катчылыкка Таштан Абдылдаев бекитилген. Сандык жана сапаттык курамы боюнча бардыгы жогорку билимдүү, ар кыл кесиптердин ээси. Бешөө: Жумабек Аманов, Зарылбек Арыкулов, Арпачы Тайсалов, Төлөгөн Ашыралиев жана Эркин Сейиткожоева Нарын шаарынын Ардактуу атуулдары.

Аксакалдар сотунун негизги милдеттери болуп шаардын аймагындагы укук бузууларды алдын алуу, жарандарды мыйзамды, элибиздин үрп-адатта-



рын, салттарын, адеп-ахлактын жана ыймандуулук ченемдерин урматтоого тарбиялоо, коомдук таасир көрсөтүү, тараптардын жарашуусуна жетишүү жана акыйкат чечим чыгаруу эсептелет. Аксакалдар соттору алгачкы тергөө органдары тарабынан жөнөтүлгөн кыскартылган жазык иштери боюнча материалдарды, жарандардын арыздары боюнча үй-бүлөлүк талаш-тартыштарды адилеттүү чечүүгө көмөктөшөт.

Аксакалдар сотторунун дарегине келип түшкөн тараптардын талаш-тартыштары тууралуу укуктарын коргоо жана тергөө органдары тарабынан кыскартылган жазык иштери боюнча 2017-жыл ичинде 861 иш каралган. Ошондой эле, 2018-жылдын I жарым жылдыгында 378 иш каралды. Жылына бир жолу мамлекеттик статистикалык башкармалыгына жана Нарын Шаардык Кеңешине отчет берип турушат.

Аксакалдар сотторунун төрагаларынын жергиликтүү тургундардын адилеттүүлүк, калыстуулук принциптерин сактоо менен укук-тартибин көзөмөлдөө жаатында аткарып жаткан эмгектери мамлекет, жергиликтүү бийлик тарабынан бааланып келүүдө. Айталы, Аксакалдар сотунун төрагасы Зарылбек Арыкулов 2013-жылы Нарын шаардык мэриясынын жана Нарын шаардык кеңешинин Ардак грамотасы, 2018-жылы Нарын шаардык Ички иштер башкармалыгынын Ардак грамотасы жана КРнын ИИМнин «Шериктеш» медалы менен сыйланган. Ошондой эле, Аксакалдар сотунун катчысы Таштан Абдылдаев 2018-жылы кылмыштуулук менен күрөшүүгө, коомдук коопсуздукту камсыз кылууга кошкон салымы үчүн Нарын шаардык ички иштер башкармалыгынын Ардак грамотасы менен сыйланган.



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОГУШ, КУРАЛДУУ КҮЧТӨР, УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН АРДАГЕРЛЕРИНИН (ПЕНСИОНЕРЛЕРИНИН) ЖАНА СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА ООРУКТА ЭМГЕКТЕНГЕНДЕРДИН НАРЫН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

Нарын районунун жана шаарынын Ардагерлер Кеңеши коомдук бирикмеси 1989-жылы уюшулган. Кийин 1997-жылы согуштун, Эмгектин, Куралдуу күчтөрдүн, укук коргоо органдарынын ардагерлеринин жана согуш жылдарында ооруктa эмгектенгендердин Нарын шаардык ардагерлеринин коомдук бирикмеси болуп, Нарын районунан бөлүнүп чыккан. Нарын шаардык ардагерлер кеңешинин төрагасы болуп Жакыпов Сейталы шайланып, 2008-жылга чейин иштеген.

1997-жылы Нарын шаарында 4170 пенсионер, 97 согуштун катышуучусу жана майыптары болгон. Аларга айына жалпы 500 миң сом пенсия төлөнгөн. Ал эми 2018-жылы 7871 пенсионерлерге 51 млн 700 миң сом пенсия төлөнүп берилүүдө. Пенсиянын орточо көлөмү 6568 сомду түзөт. Бүгүнкү күндө Нарын шаарында 879 майып, 636 багуусунан ажырагандар, 52 персоналдык пенсионерлер, 351 Баатыр эне, 21 ЧАЭСтин катышуучулары, 37 Афган согушунун катышуучулары, 61 донор пенсия алып жашап жатышат. Ардагерлер кеңеши жаштарды улуу муундарды кадырлоо духунда тарбиялоо менен аларга гумандуулуктун, патриотизмдин, интернационализмдин идеяларын жеткирүү боюнча тарбиялык иштер жүргүзүлүүдө.

Курамына 19 адам шайланган Нарын шаардык ардагерлер Кеңеши коомдук бирикмесин 2008-жылдан бери Арпачы Тайсалов жетектеп келе жатат.

# АФГАН СОГУШУНУН АРДАГЕРЛЕРИ

Афган согушуна (1979-1989) Нарын облусу боюнча 284 жоокер катышып, эрдик көрсөтүшүп, ар кандай орден, медалдар менен сыйланышкан. Нарын шаары боюнча эки жоокер «Кызыл Жылдыз» орденине татыктуу болгон. Бөтөн эл, бөтөн жерде мекендин жоокерлерге берген тапшырмасын аткарууда Теңир-Тоодон барган эр азаматтардын эрдиги эл-журтунун эсинде. Жоокер-интернационалисттер бүгүнкү күндө дагы облустун, Нарын шаарынын ар тараптан өнүгүшүнө өз салымдарын кошуп келишет.



Афган согушунун ардагерлеринин Нарын облустук жана Нарын шаардык коомдук уюму 1985-жылы Афган согушунун ардагери Тазабек Усенов тарабынан уюшулган. Алгачкы уюшулган күндөн бери коомдук уюм жоокер-интернационалисттерге ар тараптан колдоо көрсөтүп келет. Уюм көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигиндеги Афган согушунун коомдук уюмдары менен тыгыз байланышта иш алып барат.

Жаш муундарды ата мекенди сүйүүдө, патриоттуулукка тарбиялоодо жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, Нарын райондук, шаардык бириктирилген аскер комиссариаты менен бирдикте ар кандай иш чараларга катышып, жолугушууларга барып турушат.

Афган согушунун ардагерлеринин демилгеси менен Нарын шаарынын Москва чөлкөмүндөгү Ж.Акималиев паркында Афган согушунда жана Баткен согушунда каза болгон жоокерлерди эскерип жүрүү максатында эстелик тургузулган. 1993-жылдан бери спорттун волейбол түрү боюнча жоокер-интернационалисттерди эскерүү турнири жыл сайын өткөрүлөт. Мектеп окуучулары, студенттер менен жолугушуулар өтүп, жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо багытында иш-чаралар уюштурулат. Нарын шаарында эки жоокер Афганистандагы согушта баатырларча курман болушса, армиянын катарынан келгенден бери алган жаракаттарынын негизинде жыйырмадай жоокер-интернационалисттер мезгилинен эрте көз жумушту. Азыркы тапта Нарын шаарында Афган согушунун 41 ардагери жашап, эмгектенип, мамлекет тарабынан камкордукка алынышкан.

# НАРЫН ШААРДЫК «ЧЕРНОБЫЛЬ-НАРЫН» КООМДУК БИРИКМЕСИ

1990-жылы Нарын шаарында «Чернобыль-Нарын» коомдук бирикмеси уюшулуп, Чернобыль кырсыгын жоюуга катышып келген адамдардын көйгөйүн, социалдык маселелерин чечүү максатын көздөгөн. Коомдук бирикмеге Нарын шаарынын 42 тургуну мүчө болгон. Бирикме жергиликтүү бийлик менен тыгыз байланышта иш алып барып, Нарын шаарынын коомдук турмушуна аралашып келүүдө. «Чернобыль-Нарын» коомдук бирикмесин уюшулгандан бери Санатбек Мажикеев жетектеп келе жатат. Учурда бирикмеде 20 куткаруучу бар, он алты адам кырсыктын кесепетинен ден-соолугунан жабыркап каза табышкан. Коомдун активдүү мүчөлөрү: Кубанычбек Өмүралиев КРнын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Нарын облусунун жана Нарын шаарынын Ардактуу атуулу, «Чернобыль баатыры» орденинин ээси. Санатбек Мажикеев – «7-апрель Элдик революциясынын баатыры», Нарын облусунун, Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун Ардактуу атуулу, «Чернобыль баатыры» орденинин ээси. Райкан Момоков - «7-апрель Элдик революциясынын баатыры», Нарын облусунун, Нарын шаарынын жана Нарын районунун Ардактуу атуулу, «Чернобыль баатыры» орденинин ээси. Ишенбек Айылчиев - «7-апрель Элдик ревлолюциясынын баатыры», Нарын облусунун, Нарын шаарынын жана Нарын районунун Ардактуу атуулу.



# БАТКЕН СОГУШ АРАКЕТИНИН КАТЫШУУЧУЛАРЫ



1999-жылы мекендин тынчтыгын, элдин биримдигин сактоо максатында Баткен жергесине жоокерлер, эр-азамат жигиттер жана ыктыярдуу топтор жөнөтүлгөн. Теңир-Тоо жергесинен жалпысынан 450гө жакын жоокер, ыктыярчылар катышып, Мекен алдында берген антына бекем турушуп, өздөрүнүн милдеттерин эр жүрөктүүлүк менен аткарышкан. Булардын ичинен Нарын шаарынан Баткен согуш аракеттерине 100дөн ашуун жигиттер катышкан. Душмандарды мекен чегинен сүрүп чыгуу боюнча аракеттерде Нарын шаарынын эки кулуну каармандык менен курман болушкан. Мукамбет уулу Улан көзү өткөндөн кийин «Эрдик» медалы, Зоярко Руслан Николаевич 3-даражадагы «Манас» ордени менен сыйланышкан.

Бүгүнкү күндө Нарын шаардык Баткен согуш ардагерлер кеңеши коомдук иштерге жигердүү катышып, жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо өз салымдарын кошуп келишет. Баткен согуш аракетинин катышуучулары Бейшен Исмаилов, Нурлан Шалтаев, Жыргал Абдылдаев саламаттыкты сактоо, Бакыт Мамаев билим берүү, Руслан Жайнаков энергетика тармактарында, Руслан Мамбетов жеке ишкерлик чөйрөсүндө, Нурлан Кубатбек уулу, Арстан Асанбеков аскер кызматтарында азыркы тапта да үзүрлүү эмгектенип жатышат. Төлөбек Арыкбаев, Жаныбек Асанов, Бекболот Майлыбашев, Бактыбек Алыкулов өңдүү аскер кызматынын ардагерлери ардактуу эс алууда.

# НАРЫН ШААРЫНДА 7-АПРЕЛЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫНЫН ЖҮРҮШҮ

2010-жылдын 7-апрелинде болгон элдик революцияга коомчулук тарабынан ар түрдүү баа берилип келүүдө, ошентсе да, 7-апрель революциясы өлкөбүздүн тагдыры үчүн эң маанилүү күндөрдүн бири болуп калды.

Революция Нарын регионунан башталып, Нарын шаарында окуялардын өнүгүшүн тарыхчылар, жергиликтүү басма сөз каражаттарынын өкүлдөрү, журналисттер, окуянын катышуучулары белгилешет.

***4-ФЕВРАЛДА*** Нарын шаарындагы №9 мектептин Асылбек Кудайбергенов башында турган мугалимдери кайрылуу жазышкан. Асылбек Кудайбергенов менен Эркин Асаналиевге жолугуп, көйгөйлөр тууралуу бөлүшүп, митинг өткөрүү боюнча сүйлөшүшкөн. Андан соң Эркин Асаналиев, Сатыбалдиева Кенжекан, Адыл Эсенбековдун, Асыл Жаманова болуп жолугушуп, партиянын атынан эмес, жарандардын атынан митинг уюштуруу чечимине келишкен. Мугалимдер арасында кол топтоо башталган.



***24-ФЕВРАЛЬ, 2010-ЖЫЛ.*** Нарын шаарынын РТС аймагындагы «Нарын 70» паркында электр жана жылуулук энергиясынын акысынын жогорулашына каршы тынчтык митинги болуп өткөн. 2000ден ашуун Нарындын тургундары электр жарыгына болгон баалардын кескин кымбатташына, бийик тоолуу аймакка каралып келген жеңилдиктердин алынып салынышына нааразылыктарын билдиришкен.

Митингде электр энергиясынын тарифтери мурунку деңгээлинде калтырылсын жана Жетим-Тоо сыяктуу стратегиялык объектилер, тоо, кен байлыктары чет өлкөлүктөргө сатылбасын деген талаптарды коюшуп, президентке, өкмөт башчысына, Жогорку Кенешке жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө кайрылуу жиберишкен.

Уюмдашып, туруктуу иш алып баруу үчүн 21 адам мүчө болгон **«Элдик кыймыл»** түзүлгөн.

***2010-ЖЫЛЫ 10-МАРТТА*** Нарын шаарынын борбордук стадионунда «Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясынын» Нарын регионундагы өкүлчүлүгү тарабынан уюштурулган тынчтык митинги болуп өткөн. Митингге 10 миңге жакын адам катышып, ошол кездеги оппозициянын лидерлери Роза Отунбаева, Топчубек Тургуналиев, «Ата Мекен» партиясынан А.Шыкмаматов жана «Ак Шумкар» партиясынын лидери Темир Сариев ж.б. да чыгып сүйлөш-





көн. Бакиевдердин үй-бүлөлүк бийлиги, коррупция, уюлдук операторлордун жана электр энергиясынын тарифтеринин кескин жогорулашы, мамлекеттин байлыктарынын сатылышы сынга алынып, бийлик башындагыларга 13 пункттан турган талап коюлган. Мурдагы митингде эч кандай оппозиция мүчөлөрү жок эле эл өз каалоосу менен митингге чыгышса, бул жолкусунда социалдык, экономикалык талаптарга саясий талаптар дагы кошулган.

***2010-ЖЫЛЫ 12-МАРТТА*** ошол кездеги өкмөт башчысы Данияр Үсөнов Нарын облусунун губернаторун, Нарын шаарынын мэрин жана «Элдик кыймылдын» мүчөлөрүн кабыл алган.

Барган делегаттар өздөрү күткөн жоопту ала алышпаган соң, 16-мартка чейин Нарын элинин талаптарын аткарып беришпесе, алар бардыгына даяр экендиктерин билдиришип, наараазы болуп кайтышкан.

Коюлган талаптар аткарылбаган соң, Нарын шаарынын борбордук аянтында ***17-МАРТТА*** кайрадан тынчтык митинги болуп өткөн. Тынчтык митингинде 12 пункттан турган талаптар коюлган. Мунун негизгиси электр жана жылуулукка болгон тарифтерди кайра карап чыгуу менен мурунку калыбында калтыруу, бийик тоолуу аймактардагы калкка болгон кошумча 50% төлөмдөрдү өзгөрүүсүз калтыруу, республиканын бийик тоолуу региондорунда 110 кВттык жеңилдиктерди кайрадан карап чыгуу, Солтон-Сары, Ак-Сай, Арпа, Жетим-Тоо кен байлыктарын ижарага берүүсүн жана чалгындоо иштерин жүргүзүүнү токтотуу, ж.б. калктын көңүл чордонунда турган талаптар болгон.

***2010-ЖЫЛЫ 29-МАРТЫНДА*** ошол кездеги премьер-министр Данияр Үсөнов бир катар министрлер,

депутаттар менен бирге Нарын шаарынын борбордук аянтында теңиртоолуктар менен жолугушкан.

Ошентип, 7-апрелге чейин эле Нарын эли бир нече митингдерди өткөрүп, экономикалык жана саясий талаптарды улам-улам көтөрүп чыгып турушкан.

Ошол кездерде наразылыктардын борборунун Нарында болушунун жана өнүгүшүнүн бир катар себептери бар болчу. Электр энергиясынын кымбатташы республиканын эң суук аймагы болгон Нарындын жашоочулары үчүн башкаларга салыштырмалуу көбүрөөк кыйынчылыктарды жараткан. Жетим-Тоо кенинин иштетилиши баарынан мурда Нарын региону үчүн оор кесепеттерди алып келмек. Облустун аймагындагы Ак-Сай, Арпа жайыттарынын бир бөлүгүнүн Кытайга ижарага берилгендиги (сатылгандыгы) жөнүндөгү маалыматтар да бийликке болгон ишенимди ого бетер төмөндөткөн. Үзөңгү-Кууштун, Каркыранын мисалынан соң жердин сатылып кетиши толук мүмкүн экендигине (же чын экендигине) эл чындап эле ишенишкен. Мына ушундай себептерге байланыштуу Нарын элинин биринчи болуп көтөрүлүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш эле.

# НАРЫН ШААРДЫК АЯЛДАР КЕҢЕШИ

Нарын шаардык Аялдар кеңеши Нарын шаардык мэриянын алдында 2016-жылдын 12-октябрында уюшулуп, коомдук бирикме катары юридикалык каттоодон өткөн. Кеңештин төрайымы болуп Фатима Абдукаримова шайланган.

Уюшулганына аз гана убакыт болгондугуна карабастан, өспүрүмдөрдү, аялзатын үй-бүлөдөгү тартипке, тазалыкка, коомчулукта өзүн туура алып жүрүүгө багытталган тарбиялык мүнөздөгү бир катар иштерди аткарып, тегерек үстөл үстүндөгү баарлашууларды, жолугушууларды өткөрүп келет. Кызматтагы жана көп балалуу энелердин бош убактыларын туура уюштуруусу, маданий эс алуулары үчүн шарттарды түзүп берүүгө Нарын шаардык аялдар кеңеши тиешелүү күч-аракетин жумшап жатат. Өз кезегинде улууларга урмат көрсөтүү, алардын эл үчүн, коом үчүн кошкон эмгектерин баалоо, жаштарды гуманизмдин, патриотизмдин, интернационализмдин духунда тарбиялоо максатында иш чаралар уюшулууда. Айталы, уул-кыздарын татыктуу тарбиялап тууруна кондурган Баатыр эне Шарипа Кадыкова, узак жылдар бою мугалимдик кесипти аркалап келген ардактуу эс алуудагы Шаар Жусубакунова апалар менен жолугушуу кечелери өткөрүлүп, кечелерге катышкан жаш муундарга чоң таасир калтырды. Алдыда дагы Нарын шаарынын ар кайсы тармактарында үзүрлүү эмгекте-




нип, эмгеги менен эл оозуна алынган айымдардын катышуусунда ар кыл деңгээлдеги иш-чараларды өткөрүү мерчемделүүдө.

Азыркы тапта Нарын шаардык Аялдар кеңешинин 200дөн ашуун мүчөсү бар.

Айымдардын ден соолугуна кам көрүү максатында «Аз кандуулукту алдын алуу», «Кош бойлуу мезгилинде туура тамактануу», «Ымыркайды алты айга чейин жалаң эмчек менен багуу», «Ымыркайларда кездешүүчү коркунучтуу белгилер» деген темаларда суроо жооп кечелери, конкурс, семинар тренингдер ар кандай өнөктөштөрдүн колдоосунда өтүп келүүдө. Ошондой эле, кыз-келиндер арасында депрессия, суицидди алдын алуу максатында «Тамеки, насвайдын зыяндуулугу», «ВИЧ/СПИД наркоманиянын» алдын алуу максаттагы семинар, тренинг, суроо-жооп кечелери өтүп келүүдө. Окуучулар арасында «Сак болгула, кир колдор», «Таза тиштер» аттуу акция, конкурстар уюшулуп келүүдө.

# ЖАШТАР КЕҢЕШИ

Бүгүнкү күндө Нарын шаарында расмий каттоодон өткөн 35 жаштар уюму болсо, анын ичинен ар кыл багытта активдүү ишмердүүлүк алып барган 15 жаштар уюму бар. Ошондой эле, Кыргызстандын эгемендүү тарыхында биринчи болуп ачылган Жаштар Ордосу иштеп келет. Ал жерде Нарын шаарынын көпчүлүк жаштар уюмдары жайгашып, 14 багыт боюнча иш алып барууда. Жаштардын өз алдынча өнүгүүсүнө жана пайдалуу иштер менен алектенүүсүнө керек болгон баардык шарттар түзүлгөн. Жаштар Ордосун түзүүгө жалпы 14 млн сомдон ашык каражат жумшалып, 2012-жылдын июнь айында ишке кирген. 2013-жылдан тарта жалпы 446 иш чара өткөрүлүп, 14000 ашык жаштар катышкан. Нарын шаарынын жаштарын өнүктүрүү максатында Жаштар Ордосу тартып келген гранттардын суммасы 35 млн сомдон ашык.

2017-жылы Нарын шаарында жаштардын бош убактысын кызыктуу жана пайдалуу өткөрүүгө аянтча катары кызмат көрсөткөн «KulturCafe» жштар борбору түзүлүп, жаштар үчүн көптөгөн кызыктуу иш-чараларды өткөрүшүүдө.

2015-жылы Нарын шаарында алгачкылардан болуп «Жаштар тармагын 2015-2020 жылдарга өнүктүрүүнүн стратегиялык планы» иштелип чыгып бекитилген. Ошол эле жылы Нарын шаардык жаштар кеңеши түзүлүп, төрагасы шайланган.



## АБДЫБАЛИЕВА МАЙРАМ

**1975-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган.**

1947-жылы Тянь-Шань районундагы Эки-Нарын айылында туулган. 1963-жылдан тартып Нарындагы кийим тигүү фабрикасында тигүүчү болуп иштеген. Кабыл алган социалисттик план милдеттенмелерин белгиленгенден алда канча ашыгы менен аткарып эмгектеги жетишкен мыкты ийгиликтери үчүн кадыр-баркы арткан. Көптөгөн жаштарды кесибине такшалдырган.

## АБДЫКАДЫРОВА ДАМИРА



**Бүтүндөй энелик мээримин, жан дүйнөсүн, өмүрүн балдарга арнаган Дамира Жапаровнаны нарындыктар балдардын «Умай энеси» деп аташат.**

1978-жылы Нарын медициналык окуу жайынын директорлугуна дайындалган. 1986-жылы Нарын облустук балдар ооруканасын жетектеген. Андан соң врач-диетолог, 1997-жылдан баштап М.Субакожоев атындагы облустук кыргыз-түрк лицейинин дарыгери болуп иштеген.

1975-жылы «Бийик тоолуу шартта кенже балдардын өпкө оорусунун клиникалык, эпидемиологиялык өзгөчөлүгү» деген темада диссертациясын жактаган.

Дамира Абдыкадырова саламаттык сактоо башкармасынын башкы педиатры болуп турган кезде өзүнүн жеке демилгеси менен биолакт цехин ачып, бир жарым жашка чейинки балдарга үйлөрүнө сүт, биолакт жеткиртип берип турууга жетишкен. Балдар ооруканасында бактериологиялык лаборатория, кайра жандандыруу, жугуштуу оорулар, неврология бөлүмдөрү жана район аралык консультативдик борбордун ачылышы дагы анын балдардын саламаттыгына көргөн орчундуу камкордуктарынан.

## АБДРАЕВ АСЕИН (1948-2018)



**Кыргызстандын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Нарын облусунун, Нарын шаарынын, Нарын районунун Ардактуу атуулу. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гербинин авторлорунун бири.**

1983-жылдан 1993-жылга чейин Нарын шаарындагы балдардын музыкалык мектебинде мугалим болуп эмгектенген. 1993-жылдан 2005-жылга чейин Ж.Шералиев атындагы балдар искусство мектебин жетектеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамотасы, КРнын «Билим берүүнүн отличниги», «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгилери менен сыйланган.

## АБЫЛГАЗИЕВА БУРУЛ



**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Нарын шаарынын «Ардактуу атуулу».**

1979-жылы ал уюштурган «Тоо гүлү» ыр-бий ансамбли Монголиянын элине кыргыз маданиятынын жетишкендиктерин тартуулап келген. 1987-жылы темир ооз комузчулар ансамблин түзүп, республикалык фестивалдын лауреаты болгон.

«Эсен бол», «Салкын-Төр», «Он-Арчам» деген сыяктуу ондогон обондорду жараткан. «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесинде республикалык кароо-сынакта жеңишке жетип, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

## АКТАНОВ ТАБЫЛДЫ



**Кыргыз Эл артисти (1993), Муратбек Рыскулов атындагы эл аралык сыйлыктын лауреаты (1994). Кытай, Түркия, Индияда өткөн эл аралык театр фестивалдарынын лауреаты.**

1968-жылы Нарын шаарына келип, театр өнөрүндө ишмердигин баштаган. Көп жылдар бою Муратбек Рыскулов атындагы Нарын облустук музыкалык драма театрында эмгектенди. Эгемендик доорунда 1990-жылы «Манас руху» аттуу этнофольклордук жеке театрын ачкан.

2005-жылдан тартып Бишкек шаарында Кыргыз улуттук драма театрында иштеп келет.

## АЛИЕВ БАКИРДИН



**Кыргызстандын Эл артисти**

Тоолук театрдын бул таланттуу артисти алгач Т.Абдумомуновдун «Борбаштын уулу Камгакпай» комедиясында Камгакбайды, П.Афанасьевдин «Жаңы кубаныч» («Акинай») комедиясында Кекиликтин ролун аткарып, көрүүчүлөргө таанылган. Б.Алиевдин таланты аркылуу көрүүчүлөргө терең сиңип калган К. Эшмамбетовдун «Эгиз баласында» Шодур карыяны, Ж. Мольердин «Аргасыз дарыгер» комедиясында Сганарелди, М. Борбугуловдун «Барпы Алыкулов» тарыхый драмасында Барпыны, Р. Шүкүрбековдун «Акындын үмүтүндө» Эшкожо куудулду, өзбек элинин драматургу Рахмановдун «Жүрөк сырында» Бактиярды өтө жо-

гору чеберчиликте аткарган. Б.Алиев комедиялык чыгармалардагы кейипкерлердин образын жаратууда көркөм окууга, сатиралык интермедияларга көп катышкан. Б. Алиев чыгармачылык жолунда масштабдуу образды чоң ийгиликтери менен сахнага чыгарды. Б. Жакиевдин «Миң кыял» драмасында Токтогул акындын образын жаратты. Таланттуу актер В. Вишневскийдин «Оптимисттик трагедиясында» фин Вайноненди, Ж. Боконбаевдин «Алтын кыз» музыкалуу драмасында Мадылды эсте калаарлык деңгээлде аткарган. Актердун этаптуу ролдорунун бири К. Жапаровдун «Намыскөйлөр» комедиясында Минбаштын образы. Актер кейипкерин күлкүлүү деталдар менен байытып, өтө кызыктуу аткарган.

Классикалык репертуарда да чоң ийгилик менен мыкты образдарды жараткан. Маселен, Шекспирдин «Отелло» трагедиясында терс каарман Ягону аткарган.

Актердун чыгармачылык жолундагы дагы бир көрүнүктүү ролу Н.Гоголдун «Текшерүүчү» комедиясындагы Хлестаков. Б. Алиев өзүнүн актердук чеберчилиги менен шылуун майда чиновниктин образын өтө элестүү ачкан.

## АЛИЕВ МАКДЫБЕК



**Жогорку категориядагы хирург-дарыгер.**

1959-1960-жылдары Тянь-Шань облустук ооруканасынын хирургия бөлүмүндө хирург-онколог болуп иштеген. 1961-жылдан 1971-жылга чейин облустук оорукананын хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1971-жылдан 1978-жылга чейин Нарын облустук саламаттык сактоо башкармасынын башкы хирургу болуп кызмат өтөгөн. 1979-жылдан 1983-жылга чейин облустук оорукананын хирургия бөлүмүнүн башчылыгына кайра келген. 1983-1985-жылдары ушул эле ооруканада хирург-дарыгерлик милдетти аткарган.

Ал «Эмгек Кызыл Туу» ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. СССРдин «Саламаттыкты сактоонун отличниги» төш белгиси ыйгарылган.

## АЛЫМКУЛОВ ЭМИЛБЕК



**Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун эмгек сиңирген кызматкери**

1988-жылы К. И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун артыкчылык диплом менен аяктап, зооинженер кесибине ээ болгон.

Алгачкы эмгек жолун 1988-жылы Тянь-Шань районуна караштуу «Коммунизм» колхозунда зоотехник-селекционер болуп иштөө менен баштап,

1989-жылы ушул эле колхоздо башкы зоотехник болуп эмгектенген.

1993-1994-жылдары «Тянь-Шань» мамлекеттик асыл тукум заводунда башкы зоотехник, 1995-1997-жылдары «ТАСИЗ-3» эл аралык долбоорунун Нарын облусу боюнча консультанты, 1997-1998-жылдары «Хельветас» швейцариялык долбоорунун Нарын облусу боюнча башкы консультанты кызматтарында иштеп келген.

1998-2003-жылдары «Тянь-Шань» мамлекеттик асыл-тукум заводунда директор, 2003-2007-жылдары «Улар» дыйкан чарбасынын башчысы, 2007-2009-жылдары Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары, 2009-2010-жылдары Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким, 2010-2012-жылдары Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын-губернатордун биринчи орун басары, 2012-2014-жылдары КРнын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары, 2014-2016-жылдары «Жогорку Нарын ГЭС» ЖАКнын башкармалыгынын мүчөсү, аппарат жетекчиси кызматтарын аркалаган.

Эмилбек Алымкулов мамлекеттик жооптуу кызматтарды аркалоо менен коомдук жумуштарга да активдүү катышып келет. 2000-2005-жылдары Нарын райондук кеңешинин депутаты болгон. 2017-жылдан бери Нарын шаарынын мэри. Республикалык жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзунун башкармалыгынын төрагасы.

## АНДАБЕКОВ СЕЙИТКАЗЫ



**Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Эмгек сиңирген артисти. 1-даражадагы «Ата Мекендик согуш» ордени жана медалдар менен сыйланган.**

Ат-Башы районундагы Кара-Коюн өрөөнүндөгү Кара-Булак кыштоосунда 1925-жылы туулган. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-жылдан Нарын облустук музыкалык драма театрында иштейт. 1949-жылы театр жабылып калганына байланыштуу Ысык-Көл облустук драма театрына которулат. 1961-жылдан кайрадан Нарын облустук театрында. Аткарган негизги ролдору: Хуан Цуан (Ж. Турусбеков, «Ажал ордуна»), Аккан, Мамалак (К. Жантөшев, «Курманбек», «Шайтан кыз»), Кулан (К. Маликов, «Жаңыл»), Чиновник (Н. Гоголь, «Үйлөнүү»), Чаар солдат (В. Вишневский, «Оптимистик трагедия»), Ташбалта (Г. Гулям, «Ташбалта ашык»), Жарас (М. Ауэзов, «Айман-Чолпон»), Мергенчи Мажит (Б. Өмүралиев, «Жаңырык»), Шүкүр балбан, Байков (Ж. Садыков, «Боз торгой», «Жукеев-Пудовкин«), Чыныбай (Т. Абдумомунов, «Ашырбай»), Бобчинский (Н. Гоголь, «Текшерүүчү»), Токторбай (К. Мамбетакунов, «Үкөй»), Кожо Насирдин (В. В. Соловьев, «Кожо Насирдин»), Глостер (У. Шекспир, «Король Лир»), Сабыр (А. Жакшылыков,

«Көкөй кести»). Көптөгөн ролдорду аткаруу менен бирге элге жагымдуу чоң-чоң концерттерди тартуулады. «Кыздар ай», «Кылпылдама», «Сулуу кыз», «Акежан», «Беккара», «Там башында», «Карылардын дуэти» жана башка тамашалуу ырларды К. Карасартова менен бирдикте аткарган. Ыр-бий дуэттерин чебер аткарып, кыргыз, казак, уйгур, өзбек элдеринин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон.

## АРЗЫГУЛОВ ТОКТОГУЛ (1946-2005)



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.**

1972-1976-жылдары Нарын медициналык окуу жайында хирургия сабагынын мугалими, 1976-1982-жылдары Нарын облустук ооруканасынын хирург-дарыгери, 1982-1986-жылдары Нарын медциналык окуу жайынын директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, Нарын облустук саламаттыкты сактоо башкармасында башкы хирург болуп эмгектенген.

Саламаттыкты сактоо министрлигинин, Нарын облустук саламаттыкты сактоо башкармасынын, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын жана депутаттардын Нарын облустук Кеңешинин Ардак грамоталары жана башка ондогон коомдук уюмдардын Грамоталары менен сыйланган. «СССРдин саламаттыкты сактоосунун отличниги», «Кыргыз Республикасынын Ардактуу донору».

## АТБАЕВ МУРАТБЕК



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, хирургия боюнча жогорку категориядагы дарыгер, саламаттыкты сактоонун отличниги, саламаттыкты сактоонун жогорку категориядагы уюштуруучусу.**

1982-1989-жылдары Нарын облустук ооруканасында хирург, бөлүм башчы болуп эмгектенген. 1986-1988-жылдары Нарын облустук Саламаттыкты сактоо бөлүмүнүн башчысы. 2001-жылдын август айынан бери Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын директор кызматында 2018-жылдын 16-апрелине чейин иштеп, ушул күндөн баштап Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын хирургия бөлүмүнө хирург-дарыгер болуп дайындалган.

Нарын шаарынын жана Нарын районунун «Ардактуу атуулу». 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин «Ардак грамотасы» менен сыйлаган.

## БАЕТОВА РАКЫЯ



**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңирген персоналдык пенсионер.**

1959-1961-жылдары Т.Сатылганов атындагы Кыргыз Мамлекеттик филармониясында, 1961-1969-жылдары Кыргыз мамлекеттик телерадио комитетинде, 1969-1971-жылдары Илимдер Академиясынын алдындагы Кыргыз Совет энциклопедиясынын искусство редакциясында, 1971-жылы Нарын облустук маданият башкармалыгында эмгектенген. 1971-1975-жылдары Ак-Талаа райондук маданият үйүн жетектеген. 1975-1979-жылдары Нарын облустук маданият башкармасынын начальнигинин орун басары, 1979-1985-жылдары Нарын облустук маданият кызматкерлеринин профсоюз комитетинин төрайымы, 1985-1987-жылдары Нарын мамлекеттик тарыхый край таануу музейинин директору, 1987-1988-жылдары Нарын областтык аткаруу комитетинин маданият башкармасынын начальниги, 1988-1996-жылдары Нарын мамлекеттик облустук тарыхый этнографиялык музейинин директору, 1998-жылдан бүгүнкү күнгө чейин К.Мамбеталиева атындагы Нарын мамлекеттик тарыхый этнографиялык музейинин ага илимий кызматкери болуп эмгектенип келе жатат. «Эмгек ардагери», «Манас-1000» медалдары, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси менен сыйланган.

## БАЙБОСОВ КАДЫР



**Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген мугалим (1997).**

Эмгек жолун Нарын педагогикалык окуу жайында мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1951-1953-жылдары Нарындагы жаңы ачылган мугалимдердин институтунун табият таануу жана география факультетинде билим алган. 1954-1962-жылдары Жаңы-Талап колхозунун Жалгыз-Терек айылдык мектебинде биология жана география сабактарынын мугалими болуп иштейт. Ал мектепте он жылдын ичинде биологиялык участок уюштуруп, 18 түрлүү жашылча, мөмө-жемиш, бак-дарактарды, анын ичинде Тянь-Шань районунда климаттык шартта өспөйт деген жер-жемиштерди өстүргөн.

Кадыр Байбосовдун биологиялык участоктогу иш тажрыйбасы жайылтылып, республикалык, союздук маанидеги гезиттерге жарыяланып, Москвада өткөн ВДНХнын катышуучусу күбөлүгүнө ээ болгон. Ал участокто 24 түрдөгү өсүмдүк айдап, климатташтыруу, тоңдоо методдорун окуучуларга үйрөткөн. Алманын жаңы сортун, ашкабактын ар бири 36 кг, апийимдин 1 гектарынан 96 кг сырье, малинанын, клубниканын, жүгөрүнүн, карагаттын рекорддук түшүмдөрү белгиленген.

1955-1965-жылдары Тянь-Шань районундагы Жалгыз-Терек сегиз жылдык

## ЗАРКУНОВ АСАН



**Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңирген пенсионери.**

1958-1959-жж. «Ленинчил жаш» гезитинин редакциясында адабий кызматкер, 1959–1998-жж. Куйбышев атындагы (азыркы А.Тыныбек) орто мектебинде кыргыз тили, адабияты сабагынын мугалими, директор болуп иштеген.

2010-жж. Нарын мамлекеттик университетинин бардык факультеттеринде Манас таануудан дарс окуган. 2007-жылдан ушул эле университетте профессор.

1977-жылы «Сыйкырдуу ариптер» аттуу повесттер жыйнагы жарык көргөн. «Жоокердин жары», «Жоогазындар гүл ачаарда» пьесаларын жазган. Кыргыздын улуу манасчыларынын бири Тыныбек Жапый уулу, анын уулу санжырачы, комузчу, акын Актан Тыныбеков, Кыргыз Республикасынын эл артисттери М.Баетов, Ж.Шералиев жөнүндөгү макалалары республикалык гезит-журналдарга жарыяланган.

1977-жылы «Кыргыз ССРинин Эл агартуу отличниги», 1985-жылы «СССРдин Эл агартуусунун отличниги» төш белгилери, Нарын обкомунун Ардак грамотасы, Орто Азия аскер округунун Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.

1993-жылы «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» ардак наамына татыктуу болгон. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Кыргыз ССРинин мугалимдеринин V съездинин делегаты.

## ИДРИСОВ АМАНБЕК



**Кыргызстандын эмгек сиңирген врачы, Нарын шаарынын Ардактуу атуулу, КР Ардактуу аксакалы.**

Нарын облустук ооруканасында врач, врач-хирург, травматолог, тез жардам бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1979-жылы Фрунзе шаарында урология боюнча, кийин Ереванда врачтардын билимин өркүндөтүү институтунда адистешүүдөн өтүп, уролог дарыгер болуп эмгектенүүгө өткөн. 1980-жылдан урология бөлүмүн жетектеп, 20 койкалуу орунга жеткирген.

Нарын шаардык кеңешинин эки жолку чакырылышынын депутаты, Нарын шаардык кеңешинин президиумунун мүчөсү, Нарын облустук ооруканасынын профсоюз комитетинин төрагасы болуп эмгектенип келген.

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, «Алтын ийне» сыйлыгы менен сыйланган.

## КАЗАКБАЕВА БУКЕШ (1926-2006)



**Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген мугалими.**

1945-жылы Нарын шаарындагы Токтогул атындагы орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштей баштаган. 1951-жылы Фрунзе шаарындагы Педагогикалык институтун ийгиликтүү аяктаган. 1958-жылы СССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. 1958-жылы Токтогул атындагы орто мектебине директор болуп дайындалып, 1989-жылга чейин иштеген.

«Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси», «Крупская атындагы», «Эмгектин каарманы», В. И. Лениндин жана «Эмгектин каарманы» ордендери жана медалдары менен сыйланган.

## КАЛЫКОВ АБДРАХМАН



**Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңирген пенсионер. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти.**

1963-1987-жылдары Нарын шаардык финансы бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 13 жолу Нарын шаардык кеңешке депутат болуп шайланган. Ошол эле жылдары Нарын шаардык аткаруу комитетинин мүчөсү, Нарын шаардык партия уюмунун текшерүү комиссиясынын төрагасы, Нарын шаардык элдик контролдоо комитетинин мүчөсү, аткаруу комитетинин көзөмөлдөө комитетинин төрагасы болуп үзгүлтүксүз шайланып келген.

Узак убакыт бою финансы кызматында ак ниет иштегендиги үчүн «Финансы кызматынын отличниги», СССР финансы министрлигинин Ардак грамоталары жана СССРдин контролдоо комитетинин төш белгиси, Кыргыз ССРинин финансы министрлигинин, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары, Ата Мекендик согуштун II даражадагы ордени, В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы, маршал Жуков атындагы медаль, Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинин 30, 40, 50-жылдардагы медалдары, Советтик Армиянын 30, 50, 60, 70 юбилейлик медалдары жана «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган. «СССР контролдоо комитетинин отличниги». Нарын шаарынын ардактуу атуулу, персоналдык пенсионер. Улуу Ата Мекендик Согуштун катышуучусу. 2000-жылы Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинин 55-жылына карата 9-майда Москва шаарындагы Кызыл аянтта өткөн параддын катышуучусу.

## КАЛЫБЕКОВ НУРДИН



**Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти. Нарын музыкалык театрында 1970-жылдан тартып эмгектенген.**

Жүзгө жакын образдарды жараткан. Алсак, А. Н. Островскийдин «Күнөөсүз күнөөлүлөрүндө» Незнамовду, Шекспирдин «Отеллосунда» Монтанону, Ж.Садыковдун «Таабалды- Пудовкининде» Игорду, Т. Абдумомуновдун «Ашырбайында» Солтобайды, Ф. Достоевскийдин «Кылмыш жана жазасында» Мармеладовду, Шекспирдин «Король Лиринде» Олбенин Герцогун, В. Дельмардын «Жашоо деген...» Джорж Куперди, Ч. Айтматовдун «Чыңгыз хандын ак булутунда» Абуталипти, Б. Максүтовдун «Казыбек казалчысында» Казыбекти, Ч. Айтматовдун «Кылым карытаар бир күнүндө» Сабитжанды, Кайрат Иманалиевдин «Курманжан даткасында» Алымбекти жана Абдылдабекти, Н. Хикметтин «Махабат баянында» Фархадды, Софоклдын «Эдип падышасында» Креонтту, С. Раевдин «Күн кармаган баласында» Басытты, Кайрат Иманалиевдин «Актрисасында» Алексейди, Ч.Айтматовдун «Ак кемесинде» Орозкулду жана башка көптөгөн ар кыл каармандардын образдарын жараткан.

## КАПТАГАЕВА КАНЫШ (1934-1974)



**Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими.**

1951-жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык окуу жайында, 1952-1954-жылдары Нарын мугалимдер институтунда окуп, биология-химия мугалимдик адистигине ээ болгон. 1954-1959-жылдары Киров мектебинде, 1959-1963-жылдары мектеп-интернатында, 1963-1974-жылдары Крупская мектебинде биология, география мугалими, окуу-тарбия иштери боюнча орун басары болуп эмгектенген.

Эл агартуунун отличниги, Лениндин 100 жылдыгынын медалы менен сыйланган.

## КАРАСАРТОВА КОЙСУН



**Кыргыз Республикасынын эл артисти (1997), КРнын эмгек сиңирген артисти (1979).**

Эмгек жолун 14 жашында Нарын колхоз-совхоз театрында баштаган. Эң алгачкы ролу М. Токобаевдин «Кайгылуу Какейинде» башкы каар-

манды ойногон. Андан кийинки аткарган негизги ролдору: Гулгаакы, Көк Шалкы (К. Жантөшев, «Курманбек», «Шайтан кыз»), Шалтаке (К. Маликов, «Алмашым»), Кемпир (В. Вишневский, «Оптимисттик трагедия»), Ирисоолат (Г. Гүлям, «Ташбалта ашык»), Кемпир Галфа (А. Гиллязов, «Алакандай жер»), Айгүмүш, Ажар (Ж. Садыков, «Таабалды Пудовкинди эскерип», «Эми эмне болот»), Текле (А. Цагаарели, «Ханума»), Басыттын эжеси (С. Раев, «Күн кармаган бала»), Парчагүл (С. Кожониязов, «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө»), Дүлөй аял (Сейталиев, «Айлакер колукту»), Райкан (А. Тезекбаев, «Токтобек ескен айылда»), Келин (Ж. Абдыкадыров, «Жүрөгүм менин тоолордо»), Хумери (Кыямов, «Жүрөккө жүрөк жашынат»). Ал ар кандай жанрдагы кыргыз, өзбек, казак, уйгур композиторлорунун чыгармаларын, С. Андабеков менен бирдикте тамашалуу ырларды чебер аткарган. Ырчылык өнөрүнө жараша бийчилик өнөрү да өнүккөн. Анын аткаруусундагы «Кожожаш« дастаны, «Селкиге», «Жигитке» элдик ырлары, «Кыз куумай», «Акежан», «Кыздар ай» казак эл ырлары, уйгур эл ыры «Алмукин», өзбекче «Пахта» жана «Карылардын дуэти» терме ырлары жана башка шайыр, кайталангыс ыр-бий-дуэттери элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон.

## КЕРИМОВ ТӨЛӨГӨН



**Кесиптик билим берүү тармагында өндүрүштүк окуунун алдыңкы устаты.**

1972-2007-жылдары Нарын шаарындагы №13 окуу жайга келип, сантехник-ширетүүчү кесиби боюнча өндүрүштүк окуунун устаты болуп эмгектенген.

Т.Керимов көп жылдык үзүрлүү эмгегинин натыйжасында «Октябрь революциясы» ордени, «Кесиптик билим берүүнүн мыкты кызматкери» төш белгиси, Нарын обком партиясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

## КОҢУРБАЕВА ЖУМАГҮЛ



**Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында, кийинки эл чарбасын калыбына келтирүүдө кошкон салымы эске алынып, 1950-жылы «Ардак белгиси» ордени, 1957-жылы «Эмгек Кызыл Туу», «Энелик Даңк» ордендери, «Эмгектеги каармандыгы» медалы менен сыйланган.**

1922-жылы Ат-Башы районундагы ГЭС-Олдомор айылында туулган. Нарын өрөөнүндө ошол кездеги кыз-келиндердин арасынан биринчилерден болуп машинистка болуп иштеген. 30-жылдарда кыз-келиндер арасында иштеп, көп аял алууга, кыз ала качууга аябай күрөшүп, комсомолдук, партиялык, советтик аппараттарда үзүрлүү эмгектенген. 1956-1962-жылдары Жогорку партиялык мектепти сырттан окуп бүтүргөн.

Нарын райкомунун экинчи катчысы болуп иштеп, андан соң Нарын шаардык борбордук китепкананын директору болуп үзүрлүү эмгектенип, шаардык китепканага 100 орундуу

окуу залын коштуруп салдырган. 2007-жылы «Баскан жол» деген аталыштагы китеби жарык көргөн. 2008-жылы Нарын шаардык борборлоштурулган китепканага Жумагүл Коңурбаеванын ысымы берилген.

## МАЛИКОВА БЕКИШ

**СССРдин жана Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими.**

1965-жылы КЖПИни ийгиликтүү бүтүрүп, 1965-жылы эмгек жолун Киров атындагы орто мектебинен физика жана математика мугалими болуп эмгектенип, 1970-жылы Токтогул атындагы орто мектебине окуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары болуп дайындалган. Кыргыз ССР Ардак грамотасы, СССРдин «Эмгектин каарманы» ордени жана башка медалдары менен сыйланган. 1972-1976-жылдары Нарын шаардык кеңешинин депутаты болуп шайланган. Азыр учурда ардактуу эс алууда.

## МАМБЕТАКУНОВ КАРАГУЛ (1936-2016)



**Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими.**

Нарын облусунун Тянь-Шань районунун Ак-Кудук айылында 5-май 1936-жылы туулган. 1966-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүрүп, 1956-жылы эмгек жолун Тажик ССРинин Мургаб районунун Кара-Кол айылында Чкалов орто мектебинде орус тили мугалими, 1957-жылы 8-Март айылында жана 1965-жылы Нарын шаарындагы Токтогул атындагы орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеген. 1987-жылдан тарта ушул эле мектепте директор болуп 13 жыл эмгектенген. СССРдин жана Кыргыз ССРинин «Эл агартуусунун отличниги». 1961-1963-жылдары Нарын райондук Советке депутат, 1983-1986-жылдары Нарын облусунун Советинин депутаты, «Эмгектин каарманы», «Эмгектин ардагери» медалдарынын ээси.

## МАМАТБЕКОВА ШАЙЫР (1938-1996)

**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.**

1938-жылы Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунда туулган. 1966-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун бүтүргөн. 1966-1996-жылдары Нарын шаарында врач-педиатр, бөлүм башчы болуп эмгектенген.

Саламаттыкты сактоонун отличниги.

## МЕДЕТБЕКОВ КАПАР



**СССРдин жана Кыргыз ССРинин Эл артисти, М. Рыскулов атындагы республикалык сыйлыктын лауреаты.**

Кыргыз театр искусствосунун бир бутагы болгон тоолуу Нарын театрынын чыгармачылык кадамындагы олуттуу этаптар К. Медетбековдун чыгармачылыгы менен тыгыз байланышкан. Таланттуу артист чыгармачылык жолунда кыргыз, орус, чет элдик классикадан коюлган оюндарда жүз жыйырмага жакын жаркын образдарды жаратты. Даңазалуу актер Нарын театрында 30 жыл иштеген. 1961-жылы Нарын театрына келгендеги алгачкы ролу «Курманбек» спектаклиндеги Курманбек, андан соң «Миң кыял» спектаклинде (авт. Б. Жакиев) Эгембердинин образын жараткан. Ары кызыктуу, ары ийгиликтүү чыккан ролдорунун бири – «Оптимистик трагедия» спектаклинде (авт. В. Вишневский) Вожак.

К. Медетбеков бул спектаклден кийин эле «Ашырбай» спектаклинде (авт. Т. Абдумомунов) Ашырбайдын образын жаратты. Ашырбай актердун кайталангыс ролу.

Шекспирдин «Отелло» спектаклинде Отеллону жогорку актердук чеберчиликте аткарганы үчүн «Кыргыз ССРинин эл артисти» наамы ыйгарылган. 1970-1980- жылдары К. Медетбеков көптөгөн ар мүнөздө, көр кырлуу образдарды жараткан. Ж. Садыковдун «Таабалды-Пудовкин» драмасында Пудовкинди, Ф. Достоевскийдин «Кылмыш жана жазасында» Порфирийиди, Н.Гоголдун «Текшерүүчүсүндө» шаар башчысын, Ч. Айтматовдун «Бетме-бетинде» Ысмайылды, Шекспирдин «Винзордук ойсокелер» комедиясында Фальстафты, Фигейредонун «Эзобунда» Эзопту ойногон.

1980-жылдары К. Медетбеков даңазалуу актер катары жумурай журтка таанылды. «Король Лир» спектаклинде башкы ролду аткарды. 1980-жылдары Ч. Айтматовдун «Кыяматында» Бостонду аткарды. Ч. Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалымында» Ильястын, Т.Абдумомуновдун «Ашырбайында» Ашырбайдын, «Атабектин кызында» Садыркулдун, К.Жантөшевдин «Курманбегинде» Курманбектин, «Каныбегинде» Каныбектин жана башка ушул сыяктуу толгон образдарды чеберчилик менен жаратты.

Капар Медетбековдун таланты 1987-жылы театр Москва шаарына барганда айрыкча элге кеңири белгилүү болду. Нарын сахна чеберлеринин Кичи театрда өткөн гастролунда К.Медетбековду москвалык театр сүйүүчүлөр жана театр изилдөөчүлөр «тоо койнундагы театрдын корифейи» деп аташты.

К.Медетбеков «Кыргызфильм», «Мосфильм» тарабынан тартылган «Каныбек», «Ташка бүткөн элестер», «Айсулуунун талаасы», «Айгашка», «Нарын жылдыздары» аттуу көркөм жана документалдуу лenталарда да тартылган. Коомдук иштерге да активдүү катышып, эл депутаттарынын Нарын областтык советинин депутаты болгон, бир нече жолу Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

## МЕНДЕБАИРОВ КЕНЖЕГУЛ

**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти.**

Эмгек жолун 1970-жылы Жумгал райондук маданият үйүндө артист болуп баштаган. Кийинки жылы маданият үйү элдик театр болуп калгандыктан, ал анда артист, солист катары эмгектенген. Театрдын «Бекбекей» ыр-бий ансамблине катышуу менен республика-

дан тышкары да көп жерлерде болгон. 1978-жылы Нарын облустук М.Рыскулов атындагы музыкалуу драма театрына келген. Теңир тоолук театрда бир аз иштеп туруп, республикабыздын жаштар сахна коллективине кетет. Кийин кайрадан Теңир-Тоодогу театрына кайтып келген. К. Мендебаиров чыгармачылык ишинде көп кырдуу образдарды жаратkandыгы менен айырмаланат. Ушул эле мезгилдерде 80ге жакын обон чыгарды. Спектаклдер менен ырларга музыка жазды. Отузга жакын драмага режиссерлук кылды. Артист өз кезегинде райондук, облустук, республикалык жана союздук фестивалдардын жеңүүчүсү, лауреаты болгон. Аткарган ролдору: Ч. Айтматов. «Бетме-Бет», Жумабай; Н. Гоголь. «Текшерүүчү», Аммос Федорович; В. Васильев. «Тизмеге кирбей калгандар», Сальников; Шекспир. «Отелло», Яго; В. Шукшин. «Масканадагы таржымакалы», Иван; Ч.Айтматов. «Чыңгызхандын ак булуту», Эрдене ж.б.

## МУКАШОВА МАРИПА



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.**

1977-1981-жылдары Нарын облустук ооруканасында микропедиатр, 1981-1986-жылдары Нарын облустук ооруканасынын бейтабында балдардын дарыгери. 1986-1993-жылдары балдар бейтабында бөлүм башчы. 1993-1994-жылдары шаардык оорукананын башкы дарыгердин орун басары. 1995-1996-жылдары Нарын райондук оорукананын башкы педиатры.

1996-жылдан ушул убакытка чейин Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын ымыркайлар бөлүмүнүн башчысы, дарыгер-неонотолог болуп эмгектенип келе жатат.

Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери. 2012-жылы Теңир-Тоо газетасынын версиясы боюнча жылдын «Мыкты дарыгери»болуп таанылган. Эмгекчил айылынын «Ардактуу атуулу».

## МУКАШЕВА ШАЙЫМБҮБҮ

**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.**

1936-жылы Кочкор районунун Көк-Жар айылында туулган. 1959-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүтүргөн. 1953-1961-жылдары Көк-Жаңгак, 1961-жылдан тарта Нарын облустук ооруканасында акушер-гинеколог, бөлүм башчы болуп иштеген. Саламаттыкты сактоонун отличниги.

## МУРЗАБЕКОВ МАМЕД

**Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген куруучусу.**

Бишкекте куруучулук кесипке ээ болгондон кийин 1956-жылдан баштап Нарын шаарында жашаган. 1957-жылдан Нарындагы кесиптик техникалык окуу жайында мастер, Нарын механикалаштырылган көчмө колоннасында жумушчу, бригадир болуп иштеген. Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп эки жолу шайланган. «Октябрь Революциясы», «Эмгек Данкы» ордендери жана медалдары менен сыйланган. Шаардагы кесиптик-техникалык окуу жайына, өзү жашаган көчөгө Мамед Мурзабековдун ысымы берилген.

## НАСЫРБЕКОВ ТӨЛӨН

**СССР спортунун чебери, Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген машыктыруучусу.**

Эмгек жолун балдардын жана өспүрүмдөрдүн «Колхозчу» спорт коомунда машыктыруучу болуп иштөө менен баштаган. Өзү спортко машыгуу менен катар лыжа спортуна жана жөө күлүктүккө машыктырып, жөндөмүнөн, эмгегинен баар таап, бир катар сыйлыктардын, алкыштардын ээси болууга жетишкен. Кыргыздын кыргыздыгын кыйла элге таанытып, Ташкент, Тбилиси, Киев, Ленинград, Мурманск, Курск, Свердловск, Красноярск жана башка шаарларда өткөрүлгөн спорттук мелдештерге катышып, байгелүү орундарды ээлеген.

Көп жылдар бою «Спартак» спорттук ыктыярдуу коомунун шаардык тармагынын төрагасы болуп эмгектенди. Комсомолдун 70 жылдыгына карата уюштурулган Нарын-Фрунзе-Ташкент багыты боюнча жөө күлүктөрдүн жүрүшү ошол мезгилдеги чыгаандардын эсинде. Ал эми «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине арналган жөө күлүктөрдүн эл аралык Бишкек-Стамбул багытындагы супермарафон унутулгус тарыхый окуя болгон. Республикалык категориядагы калыс болууга жетишкен.

## ОРОЗАЛИЕВ МАМБЕТЖУМА



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими.**

1980-1984-жылдары Нарын шаарындагы №6 мектептин директору. 1984-жылдан Нарын шаарындагы №7 мектептин директору.

Билим берүү тармагындагы талыкпаган, ак ниет эмгеги үчүн «Эмгектеги кужурмөндүүлүгү үчүн» медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы, «Манас» 1000» төш белгиси менен сыйланган. «Эл агартуунун отличниги» төш белгисинин ээси. 2015-жылы дүйнөдөн кайткан.

## ОРОҢОВА ЖЫПАРКҮЛ



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн пенсия чектелген пенсионер.**

Алгачкы эмгек жолун 1968-жылы Нарын шаарынын №1 Токтогул атындагы орто мектебинде биология мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1976-1978-жылдары Нарын облустук Агрохимиянын лабораториясында улуу инженер болуп иштеген. 1979-жылдан баштап Нарын шаарынын К.Жакыпов атындагы №5 орто мектебинде биология сабагынын мугалими жана кыздар кеңешинин төрайымы болуп иштеп келе жатат.

2000-жылы грант аркылуу К.Жакыпов атындагы мектепке техникалык каражаттарды алып келген. Эл аралык

уюмдар менен тыгыз алакада 2002-жылдан 2006-жылга чейин 320000 сомдук гуманитардык жардамдарды берүүгө жетишкен. 2005-жылы Англиянын «Балдарды сактагыла» уюму аркылуу мектептин айнектерин алмаштырууда 32680 сомдук жумуш аткарууга көмөкчү болгон. Дүйнөлүк Банктын жардамы менен 2800 доллар өлчөмүндөгү грант утуп, 190 өспүрүм кызды окуткан. 2007-2008-окуу жылында Кыргызстан-Сорос фонду тарабынан 10000 доллар өлчөмүндө грант утуп, Нарын шаарынын №1, №5, №8 орто мектептеринин алты жүзгө чамалуу окуучусуна укуктук, психологиялык, педагогикалык билим берген.

«Каунтерпарт Интернейшнл» уюму аркылуу 2002-2014-жылдары мектеп окуучуларына гуманитардык жардам берип келген. 2014-жылы К.Жакыпов атындагы орто мектебине өздүк салымы менен 200000 сомго жаратылыш залын кайра жасалгалап чыккан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган. «Эл агартуунун отличниги», Нарын облусунун «Ардактуу атуулу», «Нарын шаарынын Ардактуу атуулу», Кыргыз Республикасынын «Ардактуу айымы».

## ӨМҮРАЛИЕВ КУЛАЙ



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.**

1957-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүтүргөн. 1957-жылдан тарта Куланак райондук санитардык эпидемиология станциясында башкы врач, Нарын облустук ооруканасында башкы врачтын орун басары, балдар бейтапканасында бөлүм башчы болуп иштеген. «Саламаттыкты сактоонун отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

## ӨМҮРОВА БЕРМЕТ



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти.**

Тянь-Шандагы муздрама театрында 1965-жылдан бери эмгектенип келе жатат. Таланттуу актриса. Ойногон ролдору: Н. Анкилов. «Жоокердин жесири», Кемпир; Т. Абдумомунов. «Жарыктык карыларым», Үпөл; Э. Токтогулов. «Жибек жал», Кемпир; Т. Актанов. «Күч күйөө», Бегайым; Б. Өмүралиев. «Жолчубектин көпүрөсү», Макешова; К. Мамбетакунов. «Укей», Эне; Ч. Айтматов. «Кыямат», Кечил аял; Ф. Достоевский, «Кылмыш жана жаза», Эне; Ч. Айтматов. «Эрте жаздагы турналар», хор; С. Раев. «Күн кармаган бала» Эне чычкан; С. Ахмад «Күйөө бала», Кумри; Б Сейдакматов. «Сапарлашым менин», Кемпир; Ч. Айтматов. «Кылым карытаар бир күн», Эдигейдин энеси; Т. Актанов. «Эр Табылды», Агача; Б.Алаков. «Тагдыр», Сайра; Т. Актанов. «Теңирим Манас», Каныжан; В.Дельмар. «Жашоо деген....» Ливицкая ж. б.

## САМАКОВА АЙЧҮРӨК



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими.**

1986-жылдан Чкалов орто мектебинде иштейт. 1986-1997-жылдары мектеп жана мектептен сырткары иштери боюнча директордун орун басары, 1997-жылдын февраль айынан баштап Чкалов мектеп–гимназиясынын директору.

Билим берүү министрлигинин, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын, Нарын шаардык мэриясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. «КРнын Билим берүүсүнүн отличниги» төш белгисинин ээси.

## САТАРОВ ЭСЕНГЕЛДИ



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти.**

1970-жылдан тартып Нарын облустук музыкалуу драма театрында артист. Кырк жылдык чыгармачылык ишинде 100дөн ашык образдарды жаратты. Алардын кээ бирлери: Ж.Садыковдун «Акыйкат» драмасында райкомдун секретары; Шекспирдин «Король Лиринде» Корнуелдин герцогу, «Отеллосунда» Монтано, Ф. Достоевскийдин «Кылмыш жана жазасында» Разумухин, М. Каримдин «Ай тутулган түндө» трагедиясында Ялсыгул, Ч.Айтматовдун «Кыяматында» Обер Кандалов, «Кылым карытаар бир күнүндө» Эдигей, «Чыңгыз хандын ак булутунда» Чынгыз хан, М.Гапаровдун «Дарыянын шоокуму» драмасында Ормон, К.Жантөшөвдин «Чокмор» комедиясында Алымбек бай, Ж.Садыковдун «Таабалды - Пудовкин» драмасында Василий жана башка ролдорду ийгиликтүү аткарган. Мындан тышкары бир нечелеген сатиралык чыгармалардын да автору: «Айылчылар», «Жазылышы менен басылышы», «Башы оорубагандын кудай менен иши жок», «Алда айланайын, Ак коргон» ж. б. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

## СУЛАЙМАНОВ ТАЛАПБЕК



**Кыргыз ССРине эмгек сиңирген дарыгер.**

1966-1974-жылдары Бишкектеги кечиктирилгис хирургиялык жардам клиникасында ординатор-врачтын

кызматын аткарып, аспирантурада окуп, кафедранын ассистенттигине орношкон.

1971-жылы ал «Боор, өт иштеп чыгаруу системасынын таш ооруларынын түшүп кеткен түрлөрүн хирургиялык жол менен дарылоонун айрым ыкмалары» деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон.

«Саламаттыкты сактоонун отличниги», жогорку категориядагы, колу жеңил хирург болгон. Ал хирургдук кесипке киришкенден тарта он минден ашык операция жасаган.

## СТАМОВ БЕКТУР



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими.**

1956-1970-жылдары Жети-Өгүз районундагы мектептерде мугалим, директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары болуп эмгектенген. 1970-1972-жылдары Нарын шаарындагы педагогикалык окуу жайында мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы; 1972-1973-жылдары коммунисттик партиянын Нарын шаардык комитетинин инструктору; 1973-1977-жылдары Нарын шаарындагы жаштардын кечки мектебинин директору; 1977-1978-жылдары Нарын шаарындагы Токтогул атындагы №1 мектебинде директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары; 1978-1994-жылдары Нарын шаарындагы мектеп-интернатынын директору болуп эмгектенген.

1994-жылдан бери Кыргыз Республикасынын персоналдык пенсионери.

## ТАКЫРБАШЕВ ТИЛЕКБЕК



**Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги, Кыргыз Республикасынын шахмат боюнча спорт чебери, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу.**

1956-жылдын 12-июнунда Ак-Талаа районундагы Дөрбөлжүн айылында туулган. 1976-1983-жылдары Фрунзе атындагы айыл чарба заводунда эмгектенген. 1983-жылдан бери Нарын шаардык балдар-уландар спорт мектебинде шахмат оюну боюнча машыктыруучу болуп эмгектенип келе жатат.

## ТУРДАКУНОВА ГҮЛЖАН

**1980-1990-жылдары эки жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган.**

1957-жылы Ат-Башы районундагы Туюк-Богошту айлында жарык дүйнөгө келген. 1976-жылдан тартып Нарын шаардык калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатында тор кийимдерди токуучу цехте иштеген. Эмгектеги жараткан ийгиликтери үчүн цехтин бригадирлигине көтөрүлгөн. План тапшырмаларын ашыгы менен аткарып, башкаларга эмгектенүүнүн мыкты өрнөгүн көрсөткөн.

## ТУРДУБАЕВ ЖОЛДУБАЙ



**Ат-Башы өрөөнүндөгү алгачкы агартуучулардын бири.**

1901-жылы атактуу Долон ашуусунда карапайым жолчунун үйүндө жарык дүйнөгө келген. Туулуп-өскөн жери Ат-Башы районундагы Жон-Там (Кара-Булуң) айылы.

Ал алгач таятасы Алике молдодон арапча сабаты ачылып, кийин Ташкент шаарында САКУдан билим алган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында арабча, орусча жакшы билгендиктен, ар кандай советтик-партиялык кызматтарда иштеген. Ошол кездеги уездде кызматкер болгон. Кийин уезд жоюлуп, Нарын кантону болуп административдик жактан кайра уюшулганда эң алгачкы кантондун аткаруу комитетинин төрагасы болуп бекитилген. Кийин аны каралаган реакциячыл күчтөр «Туран» партиясынын алгачкы уюштуруучуларынын бири деп кармалып, Караколдун абагына камалган. Ак жеринен атылып кетээрин сезип ал айласын таап абактан качып чыгып, Кеген ашуусунан ашып казак жергесине жашыруун өтүп кетип аман калат.

Акталгандан кийин Нарын шаарына келип, Алматы шаарынан окуган юридикалык билиминин аркасында өмүрүнүн акырына чейин бир нече жооптуу кызматтарда, көпчүлүгүн адвокат болуп иштеген.

1962-жылы Нарын шаарында дүйнөдөн кайткан.

## ТУРСУНБАЕВ НАСИРДИН



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу.**

1970-жылдан Нарын шаардык балдар-уландар спорт мектебинде спорттун волейбол түрү боюнча машыктыруучу болуп иштеген. Тарбиялануучулары узак жылдар бою республикалык спартакиадаларда 1-2-орундарды камсыз кылып, жеңиштерге жетишип турган. Ондогон жаш спортчуларды тарбиялап өстүргөн. Тарбиялануучусу Камчыбек Жолдошбаев Кыргыз ССР курама командасына мүчө болуп, Кыргыз ССР спортунун чебери болгон.

«Кыргыз Республикасынын дене тарбиясынын отличниги», «Эл агартуунун отличниги» төш белгилери менен сыйланган.

## УНГЕФУХТ ВЛАДИМИР



**Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими**

1932-жылы 23-мартта Ташкент шаарында туулган. 1933-жылы Кыр-

гызстанга келген. 1942-жылы Аламүдүн районундагы Ленин айылында мектепке кирип, 1951-жылы аяктаган. Ушул эле жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин орус тили жана адабияты, тарых факультетине тапшырган. 1956-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктап, Нарын районундагы Эчки-Башы айылында иштөө менен алгачкы эмгек жолун баштаган. 1959-жылы Нарын шаарындагы В.П.Чкалов атындагы мектептин директору болуп дайындалат.

Унгефухт Владимир В.П.Чкалов атындагы мектептин өнүгүп-өсүшү үчүн зор салым кошкон.

## ШАЛТАЕВ СУРАН



**1960-жылдан баштап Тянь-Шань областтык сактык кассанын начальниги болуп иштеп туруп, Нарын шаарында биринчилерден болуп Москва шаарындагы Бүткүл Союздук финансы-экономикалык институтту сырттан окуп бүтүргөн.**

1961-жылы Нарын шаарындагы Борбордук сактык кассанын башчысы болуп дайындалып, өмүрүнүн акырына чейин ушул кызматта иштеген. Сактык кассалар системасында, финансылык тармакта үзүрлүү, ак ниет эмгеги үчүн Советтер Союзунун Өкмөттүк жогорку сыйлыктарына татыктуу болуп, «Ардак белгиси» ордени, «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы күжүрмөн эмгеги үчүн» медалы менен сыйланган.

Көп жылдар бою Нарын шаардык элдик контролдоо комитетинин штаттан тышкаркы уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 1976-жылы Кыргыз Республикасынын Элдик контролдоо комитетинин Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин баалар боюнча Мамлекеттик комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланган. «1973-жылдагы социалистик мелдештин жеңүчүүсү», «1975-жылдагы социалистик мелдештин жеңүчүүсү» төш белгилерине ээ болгон.

1963-жылы Кыргызстан Компартиясынын Тянь-Шань райкомунун биринчи, экинчи партконференциясына делегат, 1966-1978-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Нарын шааркомунун партконференцияларына делегат болуп шайланган.

Өмүрлүк жубайы Өмүрканова Айша менен он эки баланы тарбиялап өстүрүшкөн.

1979-жылдын ноябрь айында дүйнөдөн кайткан.

## ШЕРАЛИЕВ ЖУМАМҮДҮН



**Тоо койнундагы театрдын өнүп-өсүшүнө өзгөчө салымын кошкон Кыргыз ССРинин эл артисти, композитор.**

Ж.Шералиевдин өмүрүн жана чыгармачылык жолун театр менен ажыратып кароого болбойт. Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Ж.Шералиевдин обондору заман менен кошо жаралып, кыргыз улуттук музыкасынын казынасын байытуу менен Нарын облустук музыкалуу-драма театрдын музыкалык багытын аныктаган. Улуу Ата мекендик согуштагы жеңишке арналган «Жеңген эл», «Тынчтык ыры», «Жаштар маршы», «Партияга даңк» сыяктуу патриоттук ырларды чыгарып, эмгек жөнүндө «Баатыр Эне», «Жаштар ай», «Укчу эркем», «Забойдогу келинге», тез ырдалган «Селкиге», «Көз алдымда элесиң», «Эсен бол» ырлары кыргыз элдик ырларынын советтик доордогу жаңы багытта өсүшүнө салым кошкон. Ж. Шералиевдин шакирттери белгилүү обончулар: С. Түркмөнов, С. Мамбетбаев, М. Алмакунов, К. Досмамбетова, К. Тагаев, Э. Мааданбеков, К. Тургуналиев, А. Кыязов, К. Жусупов, К. Абылов, Ш. Мытыев, Т. Актановдун да ысымдары кыргыз журтчулугуна кеңири таанымал. 600гө жакын обондорду жараткан композитордун ырлары Нарын театрынын сахнасында жаңырган.

## ШЕРИМБАЕВ КУКЕН
## (1933-1998)



**«Эмгек Кызыл Туу» ордени, «Эмгектеги кужурмөндүгү үчүн» медалы менен сыйланган.**

Ак-Талаа райондук борборлоштурулган ооруканасында хирургия бөлүмүнүн башчысы болуп эмгек жолун баштаган. 1972-жылдан тарта хирург болуп иштеп келген, андан тышкары бир нече жыл ооруканада партия уюмунун секретары, элдик контролдоо комитетинин жетекчиси кызматтарын аркалаган.

Ал 1993-жылга чейин талыкпастан кызмат кылып, республикалык маанидеги персоналдык ардактуу эс алууга чыгып, 1998-жылы дүйнөдөн кайткан.

## ШУЛЛЕР АЛЬБЕРТ
## (1914-1979)

**Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген дарыгери.**

1938-жылы Одесса мамлекеттик медицина институтун артыкчылык менен бүтүргөн. Ошол эле жылы Нарын облусунун Куланак айылына келип, пункт башчысы, андан кийин Ак-Талаа райондук ооруканасынын башкы дарыгери болуп иштеген.

Өмүрүнүн 41 жылы тынымсыз эмгектенип, эл үчүн кызмат кылган. Анын эмгектери эске алынып, партиянын Нарын шаардык комитетинин мүчөсү, шаардык советтин бир нече чакырылышынын депутаты болгон. СССРдин «Саламаттык сактоосунун отличниги» төш белгиси, Кыргыз ССРинин «Эмгек сиңирген дарыгери» наамы берилген. «Эмгек Кызыл Туу» ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы, Кыргыз ССРинин Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

1979-жылы дүйнөдөн кайткан. Нарын шаарынын ардактуу атуулу Шуллердин ысымы шаардын бир көчөсүнө жана облустук ооруканага берилип, эски ооруканага жазуусу бар такта илинген.

## ХАКИМОВ МАРС



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.**

1931-жылы Татарстан Республикасында туулган. 1950-жылы Фрунзе медициналык окуу жайын бүтүргөн. 1956-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун ийгиликтүү аяктап, алгачкы эмгек жолун 1957-жылы Нарын медициналык окуу жайында окутуучулуктан баштаган. Андан соң Нарын облустук ооруканасында терапевт, башкы врачтын орун басары, бөлүм башчы кызматтарын аркалаган.

«Саламаттыкты сактоонун отличниги» төш белгиси, «Эмгек Кызыл Туу» жана башка орден, медалдар менен сыйланган.

## ЭРАЛИЕВ ТЕМИРБЕК (1919-1984)



**Теңир-Тоодон чыккан алгачкы журналист, редактор жана советтик партиялык ишмерлердин бири, «Тянь-Шань правдасы» газетасынын баш редактору (1943-49. 1955-60)**

1940-жылы 21 жашында комсомолдун Нарын райондук комитетинин биринчи катчысы болуп шайланган. 1960-жылы «Билим» коомунун областтык бөлүмүндө жоопту катчы, 1964-жылдан тарта коммунисттик партиянын Нарын шаардык комитетинде инструктор, калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинатынын директору, шаардык пландоо комиссиясынын төрагасы, Нарын шаардык парткомиссиянын жетекчиси, Нарын областтык архивинде директор болуп иштеген. СССР Журналисттер союзунун мүчөсү. Кыргызстан коммунисттик партиясынын VIII, X, XI съезддеринин делегаты, бир нече жолу областтык, шаардык жана райондук кеңештерге депутат болгон. «Ардак белгиси» ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «1941-45-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы кайраттуу эмгеги үчүн», «Эмгек ветераны» медалдары менен сыйланган. «Социалисттик айыл чарбанын отличниги». Нарын шаарындагы бир көчөгө аты берилген.

## ЭСЕНБАЕВ БЕРДИБЕК



**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи.**

1976-82-жылдары Нарын облусунун Тогуз-Торо райондук эл сотунун төрагасы, 1982-88-жылдары Талас облусунун Киров райондук эл сотунда төрага, 1988-91-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунда судья, 1991-2002-жылдары Ысык-Көл, Нарын облустук сотунун төрагасынын орун басары. 2002-2015-жылдары Нарын шаардык, райондук, облусттук сотунун төрагасы болуп иштеген.



# ЫРААЗЫЛЫК

Китепти даярдоого көмөгүн көрсөткөн **А. Абдыкеримовго, А. Байгабатовага, А. Заркуновго, А. Сабитовага, А. Тайсаловго, Б. Богачиевге, Б. Жумагуловага, Б. Аттокуровго, Б. Дыйканбаевага, К. Мамбетовго, К. Рахмановго, М. Атбаевге, М. Жусаевге, Р. Шалтаевге, С. Нурмамбетовго, Т. Исабековага, Ш. Алтыбаевге, Т. Усубалиевага, Н. Кайыповго, Э. Асангазы кызына, Н. Мүсүралиевага, Ж. Асанкожоевге** жана Нарын шаарындагы мекеме-ишканалардын жетекчилерине терең ыраазылык билдиребиз.


Китепке маалыматтар жана сүрөттөр **К.Кыдыровдун, С.Эркиндин жеке архивинен, Кыргызстандын республикалык архивинен, Нарын облустук архив башкармалыгынан, Нарын облустук «Теңир Тоо» гезитинен, Нарын шаарындагы мекеме-ишканалардан, интернет булактарынан** алынды.



# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Абрамзон С.М. Киргизы. - Фр.: 1990.
2. Алагушов Б. Кыргыз музыкасы. Энциклопедия. - Бишкек - 2007.
3. Байтур А. Кыргыз тарыхынын лекциялары. - 1986.
4. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1997. 456 б.
5. Бектемирова А.К. Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушу (1991-2005 жж.) Автореферат. Б.: 2009.
6. Бектуров Орозбек Акмат уулу, Жумагулова Б, Жанузаков Ж. Нарын - 125. Нарын 1993. - 56 б.:
7. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. 1-2 том.: Б.: 1997-98.
8. Биздин Кыргызстан. Популярдуу тарыхый энциклопедия. (байыркы мезгилден XIX кылымдын аягына чейин) Бишкек. 2004.
9. Джамгерчинов Б. Очерк политической истории Киргизии XIX века (1-я половина).- Фр.: 1966.
10. Жекин кызы Суусар, Нарын шаарынын ичме сууларын изилдөө.
11. Иманалиев С.С. Нарын облусунун тарыхы. Б. 2010. 70-б.
12. Историко-культурный атлас Кыргызстана. -Бишкек -2001.
13. Караев О. История караханидского каганата (X - начало XIII вв.)- Фр.: 1983.
14. Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. -М.: 1964.
15. Койчиев А. Осмоналы Сыдык уулу жана анын «Тарыхтары». -Б. 1992.
16. Кыргыз жергеси энциклопедия. -Фр.:1990
17. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. 1-6. том. -Ф.:1976-80.
18. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы. Энциклопедия. / Башкы ред. Б.Ө.Орузбаева./ -Ф.:1983.
19. Кыргыз ССР тарыхы. I -II том. «Кыргызстан» басмасы.-Ф.:1973.
20. Кыргыз тарыхы энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек - 2003.
21. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. (Жоoптуу редактор А.А. Асанканов.) Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору -Б.:2003. -464 б.




22. Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. / Түзгөн Кеңеш Жусупов. 1- 4 - китеп-Б.: 1993.
23. Кыргызская наука в лицах (У.А.Асанов, А.З.Джуманазаров, Т.К.Чоротегиндин редакциясында). Бишкек, 2002.
24. Кыргызстан энциклопедия. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек - 2001.
25. Кыргызы и Кыргызстан: опыт нового исторического осмысления. -Б.:1994.
26. Мырзабеков К., Эралиев Т., Тоо койнундагы шаар, Кыргызстан, Ф. - 1969.
27. Нарын облусу. Энциклопедия. (Жооптуу редактор Ү.Асанов.) КЭ-нин Башкы редакциясы. Бишкек.,1998. -420 б.:
28. Нарын санжырасы, түз. Р.Асылбаев, Б., Мурас, 1997.
29. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама. Б. - 2003.
30. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстандын тарыхы. (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). - Б.: 2001. - 519 б.
31. Өмүрбеков Т.Н. Улуу нисандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу- XX кылымдын башы) Б. -2003.
32. Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. - Ф.: 1990.
33. Хасанов А.Х. Взаимоотношение киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50-70 годах XIX века. Фр.: 1961.
34. Хасанов А.Х. Народное движение в Киргизии в период Кокандского ханства. - М.: 1977.
35. Чормонов Б. Ш., Гулжин Г. С., Город Нарын. (Краткий краеведческий очерк), «Кыргызстан», Фрунзе – 1973.
36. Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейин аль-Кашгари жана анын «Түркий тилдер сөз жыйнагы» - Фр.: 1990.
37. Ысык-Көл. Нарын. Энциклопедия. - Бишкек - 1991.
38. Экологиялык баалоо, магистрдик диссертация, Бишкек, Кыргызстан, 2016.
39. Эшмамбетов Ж.Ж., К.К.Керимов. Нарын – Теңир-Тоонун чордону, - Б. - 2014.

# МАЗМУНУ


РАСМИЙ КУТТУКТООЛОР ........................................ 5

ТАРЫХЫЙ ТҮПТӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕР ........................................ 19

НАРЫНЫМ – АЛТЫН БЕШИГИМ,
АЙ МЕНЕН КҮНДӨН КУТ ТАМГАН ........................................ 23

НАРЫН ШААРЫ ЖАЙГАШКАН АЙМАКТЫН
ЖАРАТЫЛЫШЫ ........................................ 30

НАРЫН ШААРЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮНҮН
ТАРЫХЫЙ ӨБӨЛГӨЛӨРҮ (1868-1917-ЖЫЛДАР) ............ 38

СОВЕТ ДООРУ: ЖАҢЫ ОБЛУС БОРБОРУ ........................................ 46

ЭГЕМЕН МЕЗГИЛДЕГИ СОЦИАЛДЫК-
ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮЛӨРҮ ........................................ 71

КАЛК КАМЫНДА ЖАНА КЫЗМАТЫНДА ........................................ 98

БИЛИМ – КӨӨНӨРБӨС КЕНЧ ........................................ 135

УЛУТТУК РУХАНИЙ-МАДАНИЙ ДӨӨЛӨТТӨР
КАЗЫНАСЫ ........................................ 184

ДЕНИ САК УЛУТ – ДЕНИ САК МАМЛЕКЕТ ........................................ 200

СПОРТ – УЛУТТУН КҮЧҮ ЖАНА СЫЙМЫГЫ ........................................ 210

КАЛК КЫЗМАТЫНДАГЫ МЕКЕМЕЛЕР ЖАНА
ИШКАНАЛАР ........................................ 218

ЭЛ – БИЙЛИКТИН БУЛАГЫ
ЭЛ – БААРЫНА ТАРАЗА ........................................ 234

ЭЛ СЫЙМЫГЫ ЖАНА ДӨӨЛӨТҮ:
АТАКТУУ АТУУЛДАР ........................................ 248

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР ........................................ 280






УДК 908
ББК 26.891
Т 33

*Китеп Нарын шаардык мэриясынын тапшырмасы боюнча даярдалып, жарыкка чыкты. Нарын шаарынын 150 жылдык маарекесине арналат.*

**Т33** **Теңир-Тоо койнундагы шаар:** кечээ, бүгүн жана эртең. – Б.: 2018. – 286 б.

**ISBN 978-9967-9093-7-3**

Бул Нарын шаарынын негизделиши жана тарыхый өнүгүү этаптары, географиялык абалы жазылган биринчи көлөмдүү эмгек. Нарын шаарынын 150 жылдык маарекесине карата жарык көргөн бул китепте тоо койнундагы шаардын падышалык Россия убагындагы, совет доорундагы жана эгемендик учурундагы социалдык-экономикалык өнүгүүсү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, билим берүү, маданият жана спорт тармагындагы жетишкендиктери, шаардын атактуу атуулдары жөнүндө негизги маалыматтар жазылды.

**Т 1805080000-18**

**УДК 908**
**ББК 26.891**

**ISBN 978-9967-9093-7-3** © Нарын шаардык мэриясы, 2018